скырп.
Б-17

КУТТУМИДИН БАЗАРКУЛОВ

# Кыбыла

## Тагдырлуу Роман

Куттумидин Базаркулов

# Кыбыла

• Роман •

# Сүйүү жана ый

• Драма •

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 51137

Бишкек - 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Б 17

**Редактор: К.Базаркулов, жазуучу, драматург, тележурналист.**

Б 17 **Базаркулов Куттумидин.**
**Кыбыла (роман), Сүйүү жана ый (драма). - Б.; 2017. - 353 б.**

ISBN 978-9967-472-80-8

Китепте каармандардын өз турмушуна карата турмуш куруп жүргөндөрү менен адамзаттын качып кете албас тагдырлары берилген. Автордун ой жүгүртүүсүндө "Кыбыла" сөзү адамзаттын сөздүк термини иретинде иликтенип философиялуу илимди камтыган. Окуп чыккандан кийин ар бир окурмандын ойунда, андагы тагдырлар талкууну жаратат. Тагдырлар өзүнөн - өзү келип чыкпайт. Аны адамдар жаратаарын, жаратылыш күчү себепчи болоору белгиленген.

Б 4702300100-17

ISBN 978-9967-472-80-8

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
© Базаркулов К., 2017

# Арбактар

## I

*Күндөгүң күндө болбой, күндө күрөш, жалган менен чын алпурушуп өмүр менен өлүм күндө кармашып келет. Бүгүн көргөнүң эртең жок, эртең эмне болот? Өңүндө көр кыз, түшүндө көрөт, Пенде жаралып пендечилик кылат. Жолуң кенен болгону менен жолдуу болсоң, жолдуусуң, төрт тарабың кыбыла деп айтканы менен кыбыла бир тарапта...*

Эмнегедир ушул жума күнкү түнкү маал төрт-бештерге арбактардын аралыгы суубай, көзүнөн суурулуп чыгып, өздөрү дагы тынчыбай, тирүүлөрдүн да жанын койбой- ,аларга кабыл болчуудай болуп, түштүн аягына мүшкүл жаратчуудай болушат. Жаратканым да! Булардын жанын жай койгондой. Деги жума жумура тынч болсо экен. Анткени менен арбактар аянычтуу окуяга аян берип бирөөлөрдү көргө күтүп жаткандай жүрөктү тынч койбогон эмне болду экен. Арбак ургур десе... Чын дүйнөдөгүлөр дүрбөсө, жалган дүйнөдөгүлөр тынч болбойт окшойт. Арбактардын наарazылыгы эмнеде...

Махмуд менен Өкүмдүн баш кошконуна беш жыл болду. Махмуд бизнесмен болуп көп акча табат. Каржынын кирреше булагы суунун башы булактай болуп, арыктан агып жаткандай. Береке төгүлүп тагылат. Жаш жубайлардын ойунда акчанын чеги жоктой. Жадаганда алар өмүр боюу карыбай жаш бойдон болчудай.Жаратылыштын сырын билип, аны да башкарып алышкандай. Акча болсо баары баш ийет.

Өкүм жаңы алган эки кабаттуу үйүн курдашы Даткага көрсөтүп кирди.

– Мына, Датка биз ушундай үйдү алдык, мен бала

кезимден бери тилеген тилегиме жеттим. Жаңы үйгө кирип жыргап калдым. Махмуд келесоо үйгө мышык алып келип босогодон өткөз десе шайтандар чыксын деп кара мышык алып келиптир, ал экинчи этаждагы балкондон секирип качып кетти.-Ооба Өкүм, үйгө киргенде ырымы ошондой, үйүңөр майлуу-сүттүү, ушул үйдөн агарып-көгөрүп көп балалуу болгула, сенин эгиз балдарың бар. Дагы эгизден төрөсөң бат эле бапырап каласыңар. Өкүм мыйыгынан күлүп: – азыр эгиздерим жетишет, Махмуд дагы акчалуу болсо, анан төрөйм. А бул болсо биздин жаткан спальныйыбыз. Атайын Турция-нын "Адана"шаарынан алынып келинген. Спальныйдын аты "Элита" деп аталат. – Оо, ий, Өкүм Махмуд экөөңөргө жарашкандай экен, эмнеге сары түстө, ак түсүн алсаңар жакшы болот беле. – Сары эмес, алтын түстүү "Золотис-тый". – Аа, ал жагы дагы бар беле. Өкүм Датканын айтып жатканына суктанганы менен бир четинен ич күйдүлүк пайда болсо, экинчисинен ушундай баалуу нерсеге мен дагы жетсем деген өңүттө, көргөн чет элдик эмеректерди Даткага угузбагыдай кылып, ичинен күбүрөп – шыбырап кармалап коюуп жатты.

Аялдардын көргөнүнөн да көз арткандары бат. Өкүм үйлөрүн көрсөтүп өзү ыраазы болуп рахат алганы менен кабак – кашы ачылбай кабагы бүркө, мурдун чүйрүп алган. Көзүнө көрүнгөндөрдү эсепке албай, көйгөйлөрдүн көрөңгөсү көп окшойт. – Махмуд келсе айтпасам, мага үй кызматкер таап бер, эки кабатту үйдү жыйнаш кыйын экен. Эки эгиз бала колу – бутуңду байлайт экен. Ушундай курдаш, ушинтип түйшүк тартып жатам.

Өкүм мындай сөздү эмне себептен айтты. Ал сүйүнгөнүнөн айттыбы же чын түйшүк тартып жатабы... Кандай түйшүк болгон күндө да жакшылыктын түйшүгү.

Датканын күйөөсү Ырыскелди жума намазга

баргандыктан кечки жаздык баштантып жатаарда кыбыланы каратып жаздантпай оң жазда деп жаздыкты оңдоп жатышаар эле. Ырыскелди Махмудка караганда аң-дөңдү байкаган баамчыл жигит. Ырыскелдиден идея көп чыккандыктан Махмуддагы бизнестеги идеяны ошого айтып, жол дагы көрсөтүп коёр эле.

1991-жылдагы Эгемен жылында коммерция, соодага жакшы түшүнө элек кезинде Махмудка караганда Ырыскелди жакшы түшүнөөр эле. Бирок Ырыскелди акчага, дүнүйөгө анча кызыга бербегендиктен акча өндүрүшүнө, бирди эки кылганга өткөн жок. Анын чоң атасы Койчу айтып коёр эле небересине, "бул замандын баласы эмес деп". Чоң атасы Койчу айткандай болгонуна тообо кылган ток пейил адам.

Махмуддун энеси өзбек кызы болгондуктан алар тагаларына барып соодага жакын болгон окшобойбу. Тагалары Жалал-Абад дубанын Сузак районунун "Бегабад" айылынан болот. Макмуддун мүнөзүндө улуу-кичүүнү сиз дей берип, кишинин ичи койнуна бат кирип,тил табышып кетээр эле. Бул кыял соодагерге мүнөздүү.

Ырыскелди өзүнүн оюн коё бербеген, анча-мынча адам менен көп сүйлөшө бербеген бир сырдуу. Бирок сүйлөшө келген адамга, сөзгө чечен, боорукер, жоомарт, колунан келген жардамын аябаган, өзүн аябаган бирөөгө жардам бергенди жакшы көрөт. Ал көпчүлүктүн адамы. Анын достору чиновник, депутат деп коюушат... Кайдагы депутат азыркы заманда депутаттар акчалуу бизнесмендер болуп жатпайбы.

Акыл калчаганда Ырыскелди депутат, акча салмак ташын көтөргөндө анын ташы ылдый.

1993-жыл Май айында өлкөнүн өзүнүн акчасы сом чыккан кезде, элдер эмне кылаарын билбей рублди

колдонулбаган акча катары ыргыта баштаган. Ошол учурда коңшу Казакстанда рубль акчасы күчүндө эле, ага товар жүгүртүлүп турган. Өлкөдө инфляция күчөп турган учурда Махмудга СССРдин рублин элден чогултуп Казакстандын Жамбыл шаарынан товар алып келген соода идеясын, түшүнүгүү кенен Ырыскелди Макмудга айтып жүрбөйбү. Мына ошондон улам Кыргызстан – Казакстанга каттаган Макмуд арак ташып – байып жүрбөйбү. Казакстандын теңгеси чыккычакты бир топ эле байып алды окшойт. Эбин тапса байый берсин. Махмуд ач көздүгүнөн иштин көзүнө Ырыскелдини жолоткон жок. Ырыскелди колуна алганын бурап кармабаса да, аны байып кетет деп Махмуд чочуур эле. Ырыскелдинин кылып жаткан иши менен дайыма тааныш. Ырыскелди да Махмуддан жашыра турган деле эч нерсеси жок. Мамлекеттик кызмат. Аны Махмуд эмес, өлкө карап тургандай: эл менен иштегенди жакшы көргөндүктөн Ырыскелди мамлекеттик кызматты аркалап келет.

Махмуддун ой-тилеги акчага акча кошуу. Кудайдын куттуу күнү акчаны көргөн Өкүм да дүнүйөгө ченебей берилди. Биротоло акырына чейин мактанайын дедиби, Өкүм жаткан жаздык, жапкычтарын, шейшептерин бир комплектте экенин көрсөтүп, төөнүн жүнүнөн токулган одеялын силкип койду. Датка көрсөткөндөрүн колу менен кармалап: – Өкүм силер эмне кыбыланы тээп жатасыңар? Кыбыланы караткан болбойт го. – Ай, биздин кыбыла менен ишибиз жок, балдарыбыз деле биз кандай бутту сунуп жаткан болсок, алар деле ошол жакты карап жатышат. – деп Өкүм адатынча колун силкип койду. – Үй буюрсун силерге. Эгиз балдарың каякка кетишкен алар көрүнбөйт го. Өкүм эки колун бөйрөккө таянып күзгүнүн жанына келип каранып, кара карандашы менен кашын оңдоп, кызыл помадасы менен кызарган оозун

боёп, көзүнө кирпигин кадап, чачын тарап, кыңылдап обон салгансыды. Кыңылдаганына караганда ырынын текстин жакшы билбегендей. Эмне жөнүндө ырдап жатканын Датка түшүнгөн жок. Чолок-чолок үн чыкса, ал эмнени түшүндүрөт эле.

– Датка балдарымды сурап жатасыңбы. – Ооба эгиздериң каякта?

– Эгиздерим кайненемдикине кеткен. Мен жаңы үй алдык, кичине жыйнап алайын деп жөнөткөм. Билесиң да балдар колу бутту байлайт.

Өкүм үйүнүн комнаталарын көрсөткөн соң кийинген кийимдерине өттү. Спальныйынын гардеробунда илинип турган норка шубасын көрсөттү. – Бул шубаны Москвадан Махмуд Италиянын магазинине кирип алып келиптир. Көрдүңбү, мындай шубаны мен эч кимден көрө элекмин. Сөз берем, эгер бирөөдөн көрсөм, окшош козу карындай кылбай сатып башка алып бересиң дедим Махмудка. Ал мени карап талабың, талабың күчтүү деп күлүп коёт. Ии, чын эле Датка баягы күнү бир министрдин аялын мага көрсөтүшөт. Эми кийген кийимин көрсөң жарашпайт. Норка шубасын көрсөң, илгерки союз убагындагыдай шуба экен. Жеңи дагы узун. Билбейм айланайын, сүйрөп алгандай эле көрүндү.

– Сен кызыксың, Министрлер шубалардын жаңы чыккан модасын көңүлдөштөрүнө алып берет да. Өкүм менен Датка бири-бирине кол берип каткырып күлүшөт.

***

Жалал-Абад областынын Ноокен району Махмуддун ата-энеси ушул райондо турушат. Машина менен кетип бараткан адамга нечендеген гектарлаган жерлерге ак роза гүлү ачылып тургандай көрүнөт. Көзгө аппакай болуп агарып көрүнгөнү менен ал биз ойлогон гүл

эмес, ак пахта. Мындай мүмкүнчүлүктү жанына келген адам гана билет. Ак пахталуу ак алтынга бай жер. Байлыгы да ак алтын болгондуктан союз учурунда он төрт социалисттик эмгектин баатыры чыккан. Өлкөдө түшүмчүлүктү биринчи берген жер. Бишкек – Ош жолундагы кызыл бышкан аргыл – торгул дарбызды ушул жерден келип жесең болот. Ах, дарбуздун таттуулугу, татымы таңдайдан кетпейт.

Махмуддун атасы дыйкан. Ак пахта аянттан эмгек кылат. Пахтанын терими бүткөн кезде Махмуд келип өткөрүп, акчасын алып кеткен. Махмуддун атасы баласы багып жатканына эле сүйүнүп, жеринин кирешe-чыгашасы менен деле иши жок. Пахта, Бишкек – Ош жолунун боюнда эгилген. Чоң атасы Шайдан пахтаны тергенге келгенде Сапар, Капар эгиз неберелери кошо ээрчип алышат. Чоң атасы менен кошо пахта теребиз деп божурашкан алты жаштагы неберелери колдорун тыттырып, канап калса ооздору менен сооруп, ыйлап чоң атасына жетип келишет. Аларды көргөн Шайдан чоң ата колдорунан өөп чөнтөгүндөгү платочкасын айрып колдорун таңып коёт. Бирөөсүнүн колун тилип кетсе, экинчи ойногонду токтотуп дароо чуркап жардам бергенге ашыгат. Балдар менен урушуп кетишсе, экөөлөп кеткен учурлар да болот. Айылдын эли, балдарыбызды уруп күн көрсөтпөй коюшту. Качан Шайдандын шайтан неберелери качан кетет деп да калышчу болду. Ай ушул, эгиздердин бейбаштыгы айылдагы балдардын ээсин оодаргандай.

Эгиздердин кыткылыктап биринен – бири калбай күлгөндөрү айылды жаңыртат. Шайдан бир жылы келгенде неберелерине алтын көкүл деп маңдайдагы чачтарын албай көкүл коюп койсо, бул жылы келгенде баштарына чоң кесе чыныны кийгизип, эки жагын ус-

тара менен кырып коёт. Күзгүгө каранып көргөн Сапар, Капар бири-биринин баштарын сылап кармалашып, адатынча кыткылыктап каткырышып айылды дагы бир ирет көңүл бурдурушат. Аны уккан кошуналар "эгиздердин каткырыгы" – деп калышат. Шайдан абышка неберелерин жыттап, – Эй балдарым өтө шоксуңар, деги аман болгулачы.

Айыл жыты. Айлана тегеректе машинанын чаңы сапаралып асманга көтөрүлгөнү менен көктөмдөн таза аба уруп турат. Көк асман, көк мейкин көзгө чагылып көрүнүп турат. Баардыгы жаратылыштын жышааны менен. Элет элинин көкүрөгүн көтөрүп, демин көөдөнүнө топтогон короздор туш-тараптан кыйкырык салышып тынч уйкуда жаткандарды ойготушат. Жалкоолор калың төшөгүнө баштарын катып, чүмкөнүп өзүнүн жыттарына өздөрү маашыркап кош – коңурукту тартып андан аркы уйкуга киришет. Кош коңуруктан чыккан үндөр да, кирген үндөр да угулбайт. Анан кантип күн чыкканын сезбей, чүмкөнуп чөмүлгөндөн ар кандай түштөр кирбесин. Аба кысылып, дем кысылгандан деле желмогуз-шайтан кош-тогон түштөр кирбей койсун.

Жаратканым, эртең менен эрте туруп күндүн чыккан чачыраган нурун тосуп алсаң, туш-тараптагы тараган нурлар чогулуп сага энергия алып келет тура. Эрте турганданырыс-кешик кетпейт. Жети атасынан бери кыргыздын ырым-жырымын кармаган Шайдан ата жетиге чыгып жетиле баштагандан баштап таң зардан турганды өнөкөткө айланткан. Ал ата – энесинен калгандай. Алты жаштагы неберелер Сапар, Капарлар чоң атасы Шайдан атам айтчу эле деп атасынын кебин кеп кылып калса, кыткылыктап күлүп калышат. Чоң атада, ата болгондой. Балдар үчүн кызык көрүнөт окшобойбу. Алар үчүн мындай жагдай турмушта болчу эместей. Чоң эне Алима дагы неберелерин кубаттап, аларды колдогонсуп, күлкүлөрүн

колдоп койчу.

– Абышка, атабыздын сөзүн айтпай, өзүң дагы чоң атасың, аталык сөзүңдү балдарга айтпайсыңбы. Ата болуптуруп атам десең булардын кулагына кызыктай угулуп жатпайбы. Алима апа балдарга кошулуп күлгөнү менен абышкасынын көңүл калтырбагандай, тамашалап жатам кыяз кылып, ийинге чаап койчу. Шайдан чоң ата дагы неберелерин карап "атаң оозу урайын" ушуларды, ушулар дагы кишиби деп – эшикке чыгып кетти. Алима чоң эне неберелеринин көкүрөгүнөн жыттап, "чоң атаңар чычалап эшикке чыга качты" – деп койсо, неберелери огош бетер кыткылыктап күлүп калышты. Бири күлсө, экинчиси да токтобой күлгөн неберелер.

Сапар, Капар энесинин ичинде бир тонунда жаткан эгиздер. Аларды

чоң атасы Шайдан айырмалай албай экөөнү тең эле Сапар дей берчү. Абышкасынын анысын байкаган Алима кемпири Сапардын колуна кызыл жип, Капардын колуна ак жип байлап коёр эле. Мына абышка – кемпирдин күндөгүдөй окуялары. Ага деле болбой, алыстан жипке абышка – кемпирдин көздөрү жетмек беле, баягынын баягысы болуп, Сапар деп экөө тең чакыра беришчү. Жумшаганга келгенде Капарды Сапар десе, мен Сапар эмесмин деп басып кетчү болду. Анын аты көп аталбаса таарынат окшобойбу, же кичинекей болсо дагы амалкөйгө салып атымдан айтсын дейт го.

"Балекетиңди алайын, айланайын десе, Капарым турбайбы, мен аны байкабай эле, экөөңөр коёндой окшош болсоңор мен карыган баш алыстан тааный албай жатпаймынбы деп" – Алиман Капарды жанына отургузуп алып чөнтөгүнөн катып жүргөн "загадка" тышы жылтырак фонтик менен капталган шоколадды берет. – Муну эч кимге билгизбей өзүң же макулбу. Капар

унчукпастан экөөнү тең жебестен чөнтөгүнө салып коёт.

Шайдан чоң ата, кичине денеси ысыгандан Капарды калтырып, Сапарды пахта аянтчасынаалып кеткен. Ак роза гүлүндөй жайылган пахта аянтчасы Бишкек – Ош кан жолунун боюнда орун алгандыктан пахта теримин эртелеткиле дегенсип түрлүү машиналар шуулдап тыным жок кыйма – чийме өтөт. Санап болбойт. Күнүгө канча автоуна өтөт, санакдагы жетишпечүдөй. Түркүн машинада түркүн жүргүнчүлөр. Ак алтындуу жерден, мүмкүн өтүп бара жаткандардын көпчүлүгү түшүнбөстүр. Бул ыйык жерде канчалаган эмгек, түйшүк жатканын...

Шайдан чоң ата, небереси Сапарды пахта теримине эмес калжырап бирдемелерди сүйлөп, таттуу тили менен балдырап эрмек болгонго алып келген. Сапардын жалкоосу кармады окшойт, чоң атасын үйгө кетеличи дей баштады. – Өх, чоң ата, чарчап кеттим. – Эй уулум, келгенден да кеткенибиз бат го, коё тур кичине терейин. Мен кетип калсам, мага жардамга келгендер да кетип калбайбы. Анан атаң экөөбүздү урушат. – Чоң ата, атам сизди урушпайт, сиз атасы болосуз да. Небересинин айтканына күлүп. – Ой балдыраган, ага дагы сөз таба калат. Аман бол балам. Сөз тапканыңа караганда бир нерсеге жарайсың. Алдагы сүйлөп жаткан тилиң көп нерсеге жарап берет. Шайдан аксакал, нары жактагы теримчидеги мурутчан жигитти чакырып, аянтты тапшырды. Махмуд жылда өзү пахтанын башында болсо да жалдамчы жумушчулардын акчасын ата – энесине берип кетет. Абышка – кемпир эмне кылмак эле баласынын айтканын кылса, аларга эрмек дагы болот. Айдап көнүп калган дыйкандар талаасына чөпкө байлатып ээн коё алышпайт. Пахтаны тикенек курчаганы менен анын түшүмү жумшак ак алтын. Көргөндүн көзүн уялтат. Аны кармасаң колуң жумшарып кеткендей сезесиң. Жагымдуу

жылуулук пахта аянтчасынан эле көрүнүп туюлуп турат. Күндүн ысыгында башына ооронуп – чулганган эркек, аялдар жүрөт.

Түштүккө күн төбөдөн тийет.Сапардын үйгө эрте кетем деп калганы, жанында дайыма кошо жүрүп ойногон түгөйү Капардын жогу болду окшойт. Экөө эки саат бири – бирин көрбөй калышса эки күн көрүшпөгөндөй болушуп, жандарынан чыкпай калган адаттары бар. Эгиздерди бөлүп жиберчүүдөй болушуп. А түгүл карманып – тургандары да окшош. Чачтарын силкип тарагандарынан бери. Кыткылыктап күлгөндөрү бирдей чыгып, бир учурда токтойт. Божураган бойтоңбайлар аман болсунчу... Бул курагы жетимиштен ашып калган чоң ата, чоң энесинин кудайдан тилеген тилектери. Экөө бир тондо, бир түйүлдүктө жаралып эгиз болгону менен эненин жатынынан бир учурда чыкпайт тура. Жатканына жараша убакыт сааты менен жатындан жарыкка чыгат. Сапар биринчи жарыкка чыгып ыңаалап, ошол үнү менен он беш мүнөттөн кийин Капар Сапардын ыйын угуп жарык дүйнөгө келишкен. Мына эгиздердин пенде болуп келиши...

Шайдан чоң ата, менен Сапар жолдон келатса, жол карап Капар турган экен. Аны көргөн Сапар Капарды көздөй чуркады эле, Капар Сапарды көздөй бет алды. Шайдан чоң атанын көзүнөн жаш келип, төгүлүп кетти. Мүмкүн бул жаш бойдоңдоп чуркаган неберелерин көрүп сүйүнгөнүнөн, же... эмне себеп..., өзү түшүнгөн жок. Аңгычакты бири – бирине кыйкырып жатканын уккан Алима чоң эне эмне болуп кетти деп чочугансып алдагы эшикке чыгып эгиздерди карап калды. Аларды көрүп Алима чоң энеси абышкасына сүйлөп калды. – Айланайын абышка, калтырсаң экөөнү тең калтырып, ээрчитсең экөөнү тең ээрчитип жүрчү. Карачы, айланайын канча күн

көрүшпөгөндөн бетер, бул эгиздер жаман бири – бирине сак болушат экен. Өзгөчө бир эненин тонунан түшкөндөр. Эмне болуп кетти деп жүрөгүм оозума тыгылып кетти. Көргөн кошуналар эмне деп ойлоп калышты билбейм. Буларды ата – энесинен алып калышып күн көрсөтпөй уруп – токмоктойт деп калышты окшойт. – Эй кемпир менин ыйлап жибергеним: сенин жүрөгүңдүн дүкүлдөгөнү сүйүнүчкө эле болсунчу... Чындыгында Сапар менен Капардын жолуккандары алыс жакка кетип келгендей болду. Кучакташкандарычы. Капар чөнтөгүнөн чоң энеси өзүң же деген “Загадка” шоколаддын алып чыгып бирин өзү жеп бирин Сапарга
берди. Сапар болсо жолдон келатып Ташбака таап алыптыр аны Капарга карматты. Эки табармандар. Алима чоң эне аларды көрүп кубанычы койнуна батпай, эгиздердин ынактыгына сүйүндү. Көз тийбесин...

***

Адамдардын бир убакта, бир учурда, бир мезгилде жашап турмушун өткөргөнү менен ар кимдин өз жашоосу. Кээ бирине жетишкен заман, жетишкендик. Кээбирине көр оокаттын азабында көр казып башыңды көтөрбөй иштесең да баягы эле жетишпегендик. Кээбиринде бардыгы болуп турса дагы жетиктик эмес. Дагы..., дагы... Жан эргиткен жыргал жашоонун үстүндө дагы “жыргализм” болсо. Мындай мүчө улаган сөз менен коммунизмге дагы жетебиз деген жерибиз да бар болчу. Ушундай тагдырдын татымын, турмуштун урунду – берүүсүн, кагылыш – соккусун, эл аралап журналисттик кесипти аркалаган жолду узартып басканды жакшы көргөн Өмүр тереӊ түшүнөт. Тоо абасынан дем алып, чоку бийиктигинде өрлөгөндүктөн өзү кеп кылгандай бийик жердин баласы да. Өмүр элди аралап, түрлүү адамдарды

кыдырып көргөндү жакшы көрөт. Керек болсо түркүн – түстүү адамдарды көрүп, алардын тагдыры менен таанышкысы келет. Колунан келсе жардам бергенге да ашыккан жагы бар. Өмүр атына жараша өмүрлөр менен күрөшкүсү келген ойунун түпкүрүндө бар. Ушундан уламбы Өмүрдүн душмандары да, жан тарткан санаалаштарынын саны арбын. Өлүм, өмүр ортосунда көз ирмем аралыгында күрөш жүрөт.

Кечки күүгүм. Күндүн көзү өчүп батып бараткан кез. Батыш тараптан күн көрүнбөй кирип бараткан. Өмүр салт болуп калган, жумуш убактысынан кийин бак аралап кетчү жайы бар. Акыркы күндөрү Өмүрдүн баамында паркта деле басып – турган адамдар суюлуп бараткандай. Өзгөчө ишемби, жекшемби күндөрү эс алган көпчүлүктү жолуктура албайсың. Адамдар жума ичинде ушунчалык чарчашабы деп Өмүргө ой кетет. Ой, санаанын заманы болду го. Илгери санаага санааркагандарды акыр замандын кишилери деп коюушаар эле...

Ойлуу бараткан Өмүргө телефон чалуу болуп калды. Азыр эмне, технологиянын турмушу, кайда жүрсөң дагы он сантиметр чарчы келген соткадан таап алат эмессиңби. Ойлуу Өмүр шыңгыраган телефонунун үнүнөн өзү чочуп, кулагына такапжооп берип калды. – Алоо, угуп жатам, сиз кимсиз? – Өмүр бул менмин, үнүмдөн тааныган жоксуңбу? Өкүм деген чоң кызды унутуп калдыңбы. Артыман сен дегенде өлөм – күйөм деп чуркап жүрчү эмес белең. Же сенин мага арналган сүйүүң түбөлүктүү эмеспи, чектелүүбү? Деги айтчы сенде лимит барбы. Телефондон музыка, каткырыктар чыгат. Өмүр, Өкүмдүн сүйлөгөнүнөн эле, ал ичип алганын сезгендей болду. Телефондо сүйлөгөн сөзүн угуп жатып, барар – барбасын ойлоп кетти. Бир заматта бир нече ой кетти. Жанагинтип Өкүмдун өкүм сүйлөгөнү анын кыжырына тийсе, анын сезимин

басынткандай болду. Жаш кезде эмнелер гана болбойт. Курч кезинде, бойдок болгондо эч нерсеге карабай, көзгө илбей көздөгөнүңдү эңсеп эмнелер гана тилдин учуна келип кеп айтылбайт. Анын бири Өкүм эле. Дагы жакшы бактылуу кыз экен, багы ачылды. Эми дагы эмнени көздөп турат. Өмүр ачуусу менен алка жакадан алып Өкүмдү жаакка чапкысы келди. Жок, аны чапканга болбойт, ал эркектикке жатпайт. Ал күйөөлүү аял. Мүмкүн, ичсе ичип алып сүйлөп жаткандыр. Жанында күйөөсү жок экени ээн – эркин сүйлөгөнүнөн билинди. Эгер Макмуд ошол жерде отурганда жаагын Жалал – Абадды, оозун Ошту каратып, ошол жерден жыга чапмак. Бүгүн бир, Өкүм ичип чоң ийгилик болгонго, ачылып, чачылып, чачырап калганына караганда. Үйүмө чейин барып абиримди кетирип жүрбөсүн, чакырган жерине барып, байкап келейин деген үмүттө Өмүр Өкүмдөн кооптонуп жөнөдү.

Бий, бий, бий... Чет өлкөлүктөрдүн "Кытай өрдөгү" Ресторaны. Ар түрдүү, түстүү, аппагын, сарысын, көмүр кара адамдарды ушул жерден табасың. Ресторандын ичин тамекинин түтүнү басып кеткен. Ал түтүн бозоруп, боз туманга куюлушуп түстүү музыка жарыгына төп келип калган. Төрдө түсү ак оозго салчу жери сары фильтр чылымын түтөтүп тартып Өкүм менен Датка отурат. Кыязы алган үйүн Өкүм Даткага майлап берип жатат. Өкүм экини төрөгөн эне экенине карабай кыска мини юбканы кийип, чапташкан санына сан болгон колготкини чыпыйтып алган. Чындыгында эле Өкүмдүн дене боюу келишкен келбеттүү аял. Анан кантип Өмүр ага жаш балакай кезинде жанагындай сөздөрдү айтпасын. Айтса айткандыр да, эркек го. Эх чиркин, адам өңүнө келбетине жараша өзгөрбөйт турбайбы. Жаратканым сулуу кылып койгону менен тагдыр деген ага жараша болбойт. Тагдырды өзүбүз тилеп алат окшойбуз. Эрк берсе эркин

болгубуз келет. Бүгүн Өкүм, бүт ааламды өзүнө каратып алгандай Өкүм... Өкүм... Өкүм.

Өмүр, аларды көрүп кайра артка чегингиси келди. Аны кайсы шайтан айдап келди. Жигит кезиндеги шайтан азгырдыбы. Ошол учурдагы шайтандын дагы эле болсо укуругу узун экен да. Аңгычакты "Бишкек коньягын" оозуна алып жаткан Өкүм тумандын арасынан Өмүрдү чакырып калды. Өмүр, адатынча чоочуп, кыйкырганынан бат басайын дедиби, ылдам шашкалактап отурган столго жетип барды. Өкүм, дароо стаканга коньяк куюп Өмүргө сунду. – Өмүр! чындап мени сүйсөң колуңдагыны жерге койбой аласың. Датка мен муну эмес, бул Өмүр мени сүйгөн. Датка таанышып ал, белгилүү журналист Өмүр деген ушул болот. Келечеги кең, калемиң курч анча – мынчасын жөн эле тебелеп түшөт. Көрдүңбү сүрдүү көрүнөт. Бирок түшүнүктүү. Мен ичип алып ушинтип сүйлөп жатпаймынбы. Соо кезимде минтип сүйлөй албайм. Өмүр, көзүмдүн тирүүсүндө айтып коёюн эртең мени кечиресиң. Датка сен күбө болосуң. Экөө кол чапкылап күлүшөт. Өмүр ичпейм деп айта албай, эки жагын карап туруп калат. Бир соо кишини көрбөгөндөй. Эгер ичпей стаканын тарс этип коё койсо, ошол жерден Өкүм чыр чыгарып жиберчүүдөй. Абирим жүз грамм коньяк үчүн төгүлгүчөктү ичип, кутулуунун амалын ойлоду. – Өкүм ырахмат, мен жөнүндө жакшы сөз айттың, эмнеге ичип жатабыз ошону билейин, менде дагы жакшы  сөздөр бар, отурушка жараша кеп – сөз кылалы. Өкүм, Өмүрдү жактырбагандай карап, чегип бүтө элек тамекисин өчүрүп жаңы тамеки күйгүзө баштады. – Өмүр мен сени дайыма жакшылыкка чакырам, анан Макмуд жок жерге чакырам. Каткырып күлөт. Ага Датка кошулуп үнүн жаңыртып күлүп, колу менен Өкүмдү туура, таамай сүйлөдүң дегенсип алаканын чабат. Өмүр, эки курдаштын каткырык жарып

күлгөнүнөн уялгансып эки жагын карайт. Аңгычакты кошуна отургандар Өмүрдү тиктеп, жаман көздөрү менен карагандай. Өмүр аларды тааныбаса да Өмүрдү алар таанығандай. Өмүр ичинен эми мен өлдүм... Датка курдашы Өкүмгө колдоо көрсөткөндөй сезилгени менен Өкүмдүн алып берген тамагын жеп жатса дагы ушул жерден Өмүр менен Өкүмдүн абирлери ачылса экен деген кыязда отурду. Өмүрдүн ички туюуму сезилип кеттиби эки жагын карап:

– Келгиле телефондорду бир жерге жыйнап өчүрүп коёлу. Өкүм каткырып күлүп:

– Өмүр туура кеп кылды. Жарым саатка өчүрө туралы. Кулак – мурдуң тынч болсун. Өмүр мен сенин акылыңа баа берем, бирок эмне мындай сунуш киргиздиң. Мага эртең айтып бересиң. – Ай Өкүм түшүнгөн жоксуңбу, бул досуң аябай эки жагын каранган этият жигит окшобойбу, кимдир бирөө мастыктан пайдаланып аялыма телефон чалып жибербесин деди го. Коркок... Өкүм, Датка адатынча алакандарын чапкылашып каткырышат. Алардын каткырык жаңырыгынан огош бетер Өмүр уялат. Өмүр өзү үчүн чочуган жок, Өкүм аркайсынын башын айтып чалчырап калганы менен Датка анча кызып калбагандай бардыгын сезип тургандай. Махмудка Датка телефон чалып койбосун деп чочуганы ошондон болду. Телефондорун өчүргөн соң Өмүр өзүнүн жанына алып алды.

Мына заман, азыр эч кимге ишенбеген күмөн санаган санаа тарттырган санаркоо. Тамагыңды ичип алып жамандаган, уруштурган адамдар чекеден чыгып чекеге тийет. Андайды Өмүр түшүнгөндөй.

Өкүмдүн көзүнө эч ким көрүнбөйт. Бозомук тарткан көз караштa боз келген Өмүр көрүнөт. Ал эми Датканын калп каткырыгы, мыйыгынан мурдун чүйрүгөнү, курсагы тойсо дагы улам – улам жаңы тамакка заказ бергени, бир

күндө, бир саатта Өкүмдүн байлыгын чачып жибергиси келди. Өмүр, эртерээк аларды үйлөрүнө аман – эсен жеткирүү. Өкүм, Өмүргө анын жетишкендигин даңазалагысы келди. Мактанып көрсөткүсү келгенсиди. Бир четинен сен кимсиң, мен ким болдум дегиси келди. Өкүмдүн ойунда Өмүр аны теңине албай кетип калгандай. Өкүм акчалуу болуп барпырагандыы. Каалаганын кылып жатат. Өкүм акчага бай. Өмүр өзүнө ишенген рухка бай. Кимдики туура, кимдин жолу узак, кимдин жолу кыска аны турмуш көрсөтөт. Ошентип, тост деле айтылбай уламдан – улам Өкүм менен Датка коньяк ала берди. Тамактар жээлген, ичилген да жок. Өкүмдү мас кылып жыгам деген Датканын төшүндөгү топчусу чечилип калган экен аны Өмүр топчулап,кош эмчегин кымтып койду. Оозунан шилекейи куюлуп, эки бутун эки жакка жайып отуруп калган Өкүмдүн дене боюун жыйнап машинасына салып үйлөрүнө жеткирип койду. Аларга кошулуп Өмүрдүн ичпегени жакшы болгон экен. Муну Өмүр дагы мойнуна алды. Күйөөлөрүн көзгө илбеген катындарды да колдоочулары бар экен... Мастын колдогону болот...

***

Айлуу түн. Түндүн бир оокуму. Чамасы түнкү үч – төрт. Баардык тирүү жандар таттуу уйкуга кирген. Айлана тегерек тынч. Пахтаны ак розалуу гүлдөрү гана караңгылыкты жарык кылып жол көрсөткөндөй. Жолуң болсо жолдуусуң. Ар күн – түндүн жолу, турмушу, тагдыры бар. Ал күнү кандай жазмыш болсо, ошондой жазылып кетет. Төрөлгөндө эле маңдайдагы жазуу, бешенеде кагаз барактарындай беттер ачылат. Ал барак кандай барак, качан сары барак болуп саргайганда гана билинет. Өлүм менен Өмүрдүн ортосунда күрөш тургандай, жалган

дүйнө менен чын дүйнө аралыгында кармашуу болгондой. Эмнегедир бүгүн тирүүлөр тынч жатса өлүктөр тынч болбогондой.

Арбактар кан жолду аралап жүрөт. Көзгө сайгыз көрүнбөгөн караңгы түндө аппак кепини менен кан жолдо өлүктөр аркы – терки басып жүрүшөт. Алар кимди күтүп турушат. Көбүнчө аял арбактары. Алардын чыры – чуусу көп болуп көпчүлүктү түзгөнүндө. Оо, түбүң түшкүр дүйнө тынч болсунчу. Эмнеге аял кепиндери көп эсе.Эки дүйнө тең кудай таалам! Калыстыгыңды кыла көр. Жалганга жалгап кетсең, чынга чыркырата көрбө. Өзүң кечир!.. Өзүң кечир!.. Бүгүн Бишкек – Кочкор – Ата кан жолу тынч эмес. Айдоочулар да сездиби, машиналарын пипилдетип өтүп жатты. Сак болгур...

Тирүү жанга караңгы түндүн агарар таңы бар. Түн сүрсө күн чыгат. Караңгы жарык менен алмашат. Күндүн чыгышы, батышы да болот. Бардык турмуш күн болсо түн болуп карама – каршылык менен адам баласынын, жан – жаныбарлардын турмушу өтөт. Өлүү болгон кезде жаралуу да болот. Кандай жаралсаң, ошондой өлөсүң. Ыңаалап төрөлүп, баарын көңүлүңө бурсаң, ыйлап өлүп баарын кабардар кыласың. Жылыңач келип жылаңач кетесиң. Бала болуп төрөлүп, бала асылы менен кетесиң. Алакан жайып тосуп алса, ошол жайылган алаканда кетесиң. Канча жаш сүрөсүң ал сүрөөдө...

Таң атты. Шайдан чоң ата, кечээ кечке белин бүкчүйтүп пахта тергендиктен анын башы көтөрүлбөй ооруп калыптыр. Таң заар алты да турган эме, түнү боюу сыркоосу уйку бербегендиктен, уктап кеткен окшобойбу. Көз сайгыз караңгы киргичекти теримде болгон. Чоңатасы менен чогуу туруп көнүп калган эгиз Сапар, Капарлар уйкулары канып алтыда эле көздөрүн ачып, кобурашып сүйлөшүп жатышты. Чоң атасынын уйкуларын бузгусу

келбеген эгиздер казан – аякты калдыратып, чакадагы турган жармадан жутуп алышты. Ноокендин жармасы токчулукту кармоо менен таңдайга жабышып даамдуу да келет. Кыргызстандын коноктору Ноокендиктердин жармасына жалмашып тамшанып кетишет. Үйлөрүнө алып барып мактангандары канча... Тогуз – Торолуктар бозосуна кандай мактанса, Ноокендиктер жармасына мактанат. Мактангандай эле бар. Кочкор – Ата шаарынын мэри Кубаныч Эгембердиев эли менен кошо жармасына да жар салып келет. Шаар башчысынын салмагы жүз элүү килограммдан ашса ашат, кемибейт. Салмагына жараша пейили кенен жигит. Эрте туруп элди кыдырган калаа башчы эгиздердин колу көтөрүлүп керилгендерин көрүп калды. – Эй, жигиттер керилбегиле эрте турган жакшы жигиттер турбайсыңарбы. Буттун салмак менен жерге таштап баскан шаар башчы балдарды эркелетип өтүп кетти.

Бойтоңдоп, окшош кийимдерди кийген, чачтарынын алынышы да, өскөнү да бирдей, жадагалса жарма ичкен оозлоруна да талкандын катканы бирдей катып калган. Эгиздер ичсе – турса да окшош. Бир жанды эле эки бөлүп койгондой. Бири – биринин сөздөрүн кубаттап, каткырып калышат. Бери жактан эгиздерге көз салуу өзүнчө эле кызык, адам баласынын жашоосундагы табышмак. Башка балдардай болуп урушпайт, талашып – тартышуу жок. Кучакташып баскандары көздүн жоосун алат. Көз тийбесин...

Эгиздер, ит, мышыктын балдары күчүк, мыйга көп жолошпойт. Бирок, жаныбардын балдарынан торпокту жакшы көрүшөт. Шайдан чоң атанын күрөң токол уйу тууганда неберелерине токол уйдун торпогу да токол болот, силерге мүйүздүү Кашка уй тууганда ошонун торпогун берем деп койгон жайы бар. Эгиздер Кашка уй

качан тууйт деп күтүп жүрүшкөн. Күнүгө эртең менен кашка уйду кароо алардын милдети. Күткөндөрү Кашка уй. Чоң атасынын Кашка уйдун желиндегенин карап жакында тууйт дегени бар эмеспи. Кашка уйдун сүтүнө эмес торпогуна кызыккан эгиздер. Бала да... Ичтеринде кир жок, ак пейил наристелер. Сапар ботинкасын кийип бутун сунду эле, Капар анын боосун байлап, өзүн бутун Сапарга сунду экөө буттарын байлашып түз эле божурашып, колдорун ийиндерине арта салышып, кучакташып адаттарынча Кашка уйду караганга киришти. Сапар биринчи Кашка уй жаңы тууган кара торпокту көрө койду. – Капар, сүйүнчү кашка уй тууптур, карачы. Капар чуркап келип торпокту көрүп сүйүнүп кетти. Экөө жер тепкилеп секирип да жиберишти. – Ураа, Ураа, Кашка уй тууду. Бул биздин бир тууганыбыз болот. Каткырып күлүшөт. Таң зарда балдардын күлкүсү айылга жаңырды. Күлкүлөрүнөн айланайындар... Кучакташып бири – бирин өөп да жиберишти. Капар, Кашка уйдун арт жагын карап, сүйүнгөнүнө чыдабай каткырып күлүп көзүнөн жаш дагы чыгып кетти. Сапар! – карачы! Кашка уй дагы бир кара торпок тууду. Сапар карай коюп, ал дагы сүйүнүп! – Ура, Ураа! – Экөөбүзгө экини эгиз тууп берди. Кашка уй молодец! Сен эгиз туудуң, Капар экинчи тууган сеники, анткениаиы сен көрдүң. Муну мен көрдүм. Экөөбүзгө эки торпок. Эгиздердин кылган – кылыктары да окшош болгондуктан көздөрүнөн бирдей тоголок жаштар тоголонуп жерге түштү. Сапар менен Капардын сүйүнгөндөрү бүт айылды ойготту. Үндөрү көк асманга көтөрүлүп көктү жарды. Байкуштардын божурап сүйүнгөндөрү... Экөө жаңы туулган торпоктордун канына карабай кучактап киришти. – Сапар карачы менин торпогум мурдун чүйрүп, мурдун көтөрө берет экен. – Меники да мурдун чүйрүй берет экен. Экөө аябай окшош экен. – Бизди деле чоң атам, чон

энемдер окшош дей беришет го. Булар дагы эгиздер да. – Ооба, буларды жалгыз Кашка уй туубадыбы. Кучакташып, каткырып күлүшүп, жер тепкилеп алакандарын чапкылашат. Капар, сен барып чоң атам, чоң энеме айтып кел. Торпоктор качып кетпесин, мен караптурам. Капар кийиминин кан экенине карабай чоң атасы Шайданды ойготконго чуркап кетти. Башын жерге салып, колун артка жансап сүйүнүп чуркаган Капар...

Түш. Шайдан чоң ата түш көрүп, мүшкүл ишти көрүп жаткан кербези. Кейибеген Шайдан неберелери Сапар менен Капарды издеп Пахта аянтына барат. Алыстан ак розалуу пахта көзгө көрүнбөйт. Ажайып ачкан ак түс жок. Түптөрү чирип кеткен. Пахтанын гүлдөрү күүлүп түшүп калган. Адамдын канын чыгарып колго сайгыз коколой тикенектер калган. Шайдан тикенектерине колун тыттырып канатып алат. Өзүнүн колун өзү сооруп канды токтото албайт. Неберелерин кыйкырып чакырса, келишпейт. Чоң атасын угушпайт жанына жолобойт. Кармайын десе, жыттатып жүргөн неберелери колго илинбейт. Колу канаган чоң атасын карап, аны аяганы мененжанына келишпейт. Пахта байлабаган коко тикенектүү талаада канжылап жатышы Шайдан үчүн кыйкырык – өкүрүктү салды.

Шайдан чоң ата чоочуп түшүнөн ойгонуп кетсе көзгө илинбеген небересинин бирөө Капар чоң атасын түрткүлөп жатыптыр. Түшүнөн чочуган Шайдан чоң ата, Капарды бекем кучактап, чоочуп да кетти. –Ой, Сапар кайда, сенин кийимиң эмне кан! Силерге эмне болду. Я, кемпир Алима балдарды карачы. Шайдан чоң ата Капарды сүйлөтпөй, кийиминдеги канды көрүп колунан алып жөнөдү. – Чоң ата, бул кан торпоктуку. – Кайсы торпок, Сапар кайда. Аңгычакты Алима чоң эне чуркап келди. – Эмне болду абышка. Алима чоң эне, Капарды көрүп, ал

дагы чочуп көзүнө жашы толуп ыйлап кирди. – Катыгүн, эмне болду... эмне болдуу... Абышка – кемпирдин. Муундары калчылдап, ордуларынан жылбай эле кыйкырык – өкүрүктү салышты. Капарды кучактап ыйлап алышкан. Бүгүн айылдын тынчын кетиришти. Абышка – кемпирге, анча – мынча жардам бере калып жүргөн Каныбек, Шайдан абышканын досу молдо Касмаалы жетип келишти. – Эмне болду силерге. Каныбек, Капарды колуна алып, эмне болду сен айтчы. Чоң атасы менен чоң энесинин кыйкырып ыйлаганына чочуп калган Капар да ыйлап жиберди.

– Кашка уй тууптур. Ошонун торпогун кармадым.

– Сапар кайда.

– Ал сарайда, уйдун жанында.

– Баяле ошентпейсиңби, чоң атаң менен чоң энеңди ыйлатпай.

– Булар сөздү укпай жатышпайбы. Капар жулкунуп сарайга чуркап кирип кетти. Каныбек башын чайкап,

– Эй молдоке, досуңузга айтып коюңузчу жөнү жок эле ыйлай беришеби. Касмаалы молдо Шайданды карап, ийинге чаап аны токтоткондой болот.

– Эй жамандыкты жоруган десе, кашка уйуң tууп ошонун торпогу менен ойноп жатышкан турбайбы. Андан көрү, үйгө алып кирип жуундур. Кишинин да жүрөгү түшүп калды. Эмне болуп кетти дейм. Чочуп калган Шайдан көзү башын аарчып: – Ии, ошондой болсунчу. Шайданды чоочуткан анын түшү болгон. Кемпири Алима, небереси Капар, кошуналар аны кайдан билсин. Түбүң түшкүр түш! – ичтеги сыр боюнча эле калсын. Кудай таала жакшылыгын берсин. Жаман түш эч кимге айтылбай, түш түш боюнча кетсин. Мал аман, жан аман болсун.Балдардын күткөн Кашка уйу тууп ырас болгон тура... Шайдан кошуналары Каныбек, Касымаалы молдону чогуу сарайга

чакырып чуу салган торпокту көрсөткүсү келди. Кошуналар торпокторду көрсө эмне дейт... Көз ирмемдеги...

Шайдан чоң ата, Алима чоң эне, кошуналары Каныбек, Касмаалы молдо болуп Кашка уй тууган сарайга кирип барса кара башыл келген эки торпокту Сапар, Капар эгиздер үстүнө минип алып отурушуптур, экини удаа тууган Кара Кашка уй жатып алыптыр. Мурдун пыш – пыш этип оор дем алып, оозун кепшеп алган.

Алима кантсе да ургаачы жан эмеспи эки кара башыл торпокту эки небереси минип отургандарын көрүп, жүрөгүн муздак шамал каптап, кара жел урду. Аз жерден бакыра бере жаздап, оозун басып токтоно албай үнүн чыгарып, улуңшуп ыйлап кирди. – Каралдым, кара жандарым, неберелерим, урпактарым, балдарым, секеттерим, кара башыңар аман болсунчу, алдагы кара башыл торпоктордон түшүп мага келгилечи. Шайдан чоң ата, ата – бабалардын ырым – жырымдарына ыргала, астасуроллакелме келтирип, келмени тилине катып, орсойгон маңдайдагы тишине тилин тиштеп, эмне сөз айтаарын билбей нес болуп калды. Касмаалы молдо молдокелигине салып сакалын сылап эч нерседен эч теке жок, жөнү жок, жоктоп, жоромолдого жол бербегенге кулак салдырды.

– Шайдан, Алима, эстүү жансыңар. Жакшы адам жаман түштү да жакшылыкка жоруйт. Аянды аят кылтырбай ырымын түздөп, бирөөсүн башка адамга, калың журтка көрсөтпөй муздап салгыла. Каныбек, шымаланып кынындагы бычагын суруп чыгып, шымына сүртүп, билек түрүп кирише баштады.

Тээтиги, илгертен бери келаткан кыргыз элинин көчмөн көрөңгөсүндө кеп бар болгон. Ал када – салт күтүлүп, ырым – жырымга айланып, атүгүл уламыштар да уланып, санжырада сандан – санга саналып, урпактардан узарып, бүгүнкү күнгө жеткенине караганда мал-

дын бодосу эгиз тууп түбүң түшкүрдүкү түндүк кулайт. Эгиздин түгөйүн эч кимге көрсөтпөй муздап салуу эп болот. Учурда Шайдан атанын сарайында бодо малдын кашкайтып эгиз кара башыл торпокторду тууганын бир эмес беш – алты адам көрүп жатпайбы. Кара кашка уйу тууганда эки көзү кашайып ошол күнү Шайдан абышканын уктап калганын да карабайсынбы. Кашайгырдыкы..

Жылтылдап келаткан бычактын мизин көргөн Сапар менен Капар эки торпокту кучактап ыйлап киришти. Биз соойдурбайбыз. Чоң ата, кана сөзүңө турганың, Кашка уй тууса бизге беребиз дебедиң беле. Сени атама айтабыз. Эгиздердин ичиндеги булуккандары сыртка чыгып бук болгондой ыйлашат. Ата – энесин сагынып да калышкан окшойт. Эгиздер, эгиз торпокторду сойдургудай эмес. Бычакты колуна алган Каныбек, Шайдан абышканы, Касмаалы молдону карайт. Алима, неберелери ыйлап киргенде эле, ыйлаган үнүн баса албай, мууну токтобой, бүткөн боюу калчылдап үйгө кирип кеткен. Шайдан абышка, Каныбектин колун кармап: – Каныбек, мүмкүн Касмаалы молдоке айткандай жакшылыкка болуп жүрбөсүн. Балдарымды ыйлатпай жөн коёлучу. Шайдан сүйлөп жатып неберелерин ала коёрдо башын түркүккө сүзүп алат. Каныбек, Касмаалы молдокени бир жалт карайт да жалтыраган бычагын кынына салат. Аны сезгендей кара башыл торпоктор да аман калдык дегенсип тамтаңдап төрт аяктап басып,энесинин желинине келип сүт издей башташат. Сапар, Капардын сүйүнгөндөрүн айтпа... Көптү көрүп калган Касмаалы молдо ыраазы болбогондой кабак – кашын бүркөп, оозунан сөз чыгарбай, башын бир булгап чыгып кетет. Адамдардын кара башына эмне иш түштү болду экен... Эмнеси болсо дагы тобокел... Бирок, ким айта алат ата – бабанын ырым – жырымы жолунан тайып тайгаланып кетет деп. Тайгалак, турмушта жаман жолдон

азгырып жакшылык нурунан чачыраса кана... Чачыла жакшылыкка чачылып Махмуд менен Өкүмдүн тойунда эмне деген кептер айтылып, сөздөр козголуп, ак сөздөн бата айтылбады беле. Анда үйлүү, балалуу, байлыктуу, ден – соолукта болгула деген. Жакшылыктар орундалдыбы? орундалды. Эгиз балдар Сапар, Капар төрөлдү. Ак баталар тийип агарган – көгөргөндөрү болду го... Болгондон кийин эмне болот...

***

Өлкөдө демократия десе, демогогдор дүрбөдү. Эркиндик десе ээн ооз сүйлөгөндөр көбөйдү. Айтор, оозуна алы жетпегендерди ооздуктаган эч ким жоктой. Мүмкүн балык башынан сасып башыбызда турган ойду – келди – кетти келжиреп жаткандыр. Келжирегендин кеби арбыды. Бирөөгө сын тагуу деле болбой калды. "Бака майрыгын билбей, жыланды ийри дейт". Деги сынды ким кабыл алат. Сындан тыянак чыгарар жан бар бекен. Жан кейиткен жалгандын жалаасы. Атасынын койгон атын баласы танган заман. Атамдын аты узун деп кыскарткан кыз – келиндер, жалгыз өзүнүн ысымы менен таанылгысы келген маданият кызматкерлери чекесинен чыгат. Эмнеге атасынын атын жазгысы келбей, аны фамилия катары да туткусу келбегендерге таң каласың. Өзгөчө мындай ысымдар өзгөчөлүктөрүн ырчыларда, режиссёрлордо, акыркы учурларда интелегенттербиз дегендерда ээрине баштапшыптыр. Аны тууураган обу жоктор да чыкты. Аларга эмне жок дейм да.

Датка төрөлгөндө анын атасы Калдарбек Бозоркан деп ысым койгон экен. Кийин Ырыскелдиге турмушка чыкканда Бозоркан атын өзгөртүп, паспортуна Датка деп атын жазып, Калдарбекова деген фамилиясын кыскартып Датка Калдар кылып алган. Эмне десе көккө учуп

жүргөн "жылдыздар" деле атасы койгон аттарын өзгөртүп, фамилиясын чет өлкөлүктөрдү туурап фамилияларын кыскартып жүргөн имиш. Атасы Калдарбек тирүү кезиндеги Бозоркан Калдарбекова эми башка адам Датка Калдар. Ырыскелди менен Датканын ортосунда бир кыз бар анын аты Назгүл Ырыскелди кызы. Бала төрөлгөндө ага дагы ысым берерде жакшы тилек менен коюш керек өңдөнөт. Турмушта атына жараша заты болуп тагдырга туш келгендей.

Илгери 1950-1960 жылдарда Жылтыр Акимбаев деген башкарма болгон экен. Анда эмне,башкармалардын колунда короо – короо миңдеген койлор, бодо мал жылкы, уйлар болоор эле. Бир нече бөлүмдөргө бөлүнгөн колхоздогу кызматкерлер, фермалар баш ийер эле. Алыстан Башкармалардын Плюс-Уаз машиналарын көргөндө кирерге жер таппай калышаар эле. Мына ошол Башкарма Жылтыр Акимбаев өзүнүн улуу баласына көчөдө тынчы жок жүргөн Сатар аттуу адамдын атын коюп коюптур. Кийин ошол Башкарманын Сатар баласы да көчөдө тынчы жок болгон экен. Андыктан ысымды да ыйгараарда көңүл бөлүш керек окшойт. Ал кезде Союздун тарбиясы...

Бир кездеги Калдарбек карыя кызынын атын Бозор койгонун өзү менен ала жатты. Бозордон Датка деп өзгөрүлдү, бирок Датка, датка болуп кеткен жок. Эмнеси болсо даатасы койгон ысымды жерип, өз ойундагысын кылды. Азыр өлгөн атасы эмес тирүү атасынын сөзүн уккандар болсо...

"Кытай Өрдөгү" Ресторанынан келген Датка кечке башын кармап суулап жатты. Кечинде кеч келгенин сезген Ырыскелди үнүн чыгарбастан, уктап жаткан киши болуп, оң капталдап кырынан нары карап жатып алган. Датка, Ырыскелдиге билдирбестин амалын кылып, бутун чечкенге аракет кылды эле, денесин башкара албай

башы дубалга бир тийди. Жамбаштап отуруп калып, эптеп туруп буту башын муздак суу менен жууду. Кийимин чечип жатканга чамасы келбейт. Чала – була топчуларын чечип, сыдырмаларын сыдырып төшөккө карады. Балык жеп, балык сазыган Датканын даремети эч нерсеге келбей, күн кечирип, кийинки коңурукту кош тартып уктады. Ырыскелди эмне кылмак... Кызы Назгүл экөө чай кайнатып ичишип, кажы – кужу болуп кобурашып үй ичинде. Айласы кеткенде Ырыскелди жумуштан келген соң телевизор карап, гезит окуйт. Эркектин кылар иши ошол да, шаарда жашагандыкы. Үйдүн куту аялда.

Коргошундан куюлган Кубалды менен башка чаап, жыга койгондой суй жыгылган Датка бир оокумда онтолоп башын эки колу менен мыкчып баш көтөрдү. – Өх, өх, өлүп кайра тирилдим окшойт. Башымды көтөрсөм, ток тарткандай болуп, зыңылдап сынып кетчүүдөй болууда. Аман калсам экен. Беттерин быруштырып, чачтарын саксайтып, жаздыктан башын көтөрөт. Ырыскелди ага көрүнбөгөнгө, аны көргүсү да келбейт. Датка, эмне кыларын билбей жансоого кызы Назгүлдү чакырат.

– Назгүл, Назгүл дейм! – мага муздак суу алып келип берчи чаңкап жатам. Назгүл чуркап барып чоң керден чыныга суу алып келип берет. Датка сууну бирөө колунан жула калчуудай болуп, куркулдатып ичет. Деги бүгүн дабышы жок, эч нерсе болбогондой. Дабыш, добуш менен Датканын иши жок. Иши кылып жаны аман болсун... – Кызым чай коюп, Ырыскелдини чакырчы. Назгүл апасынын акыбалын көрүп, боору ооругандай, аны аягандай. Ырыскелди оор басырыктуу, көтөрүмдүү жигит. Ал апасынан алты жашында ажырап калгандыктан аял адамын аябай сыйлайт. Кичинекей кезинде классташтарынын апаларын көрүп, бир четинен таң калса, бир четинен эне менен баланын мамилесин көрүп суктанаар эле. Өзгөчө

энелер, апалар балдарын өпкөнүн көрүп калса, элес – булас билген апасын эстеп, көзүнөн аккан жашы тыйылбай кетээр эле. "Эмне үчүн менин апамды эрте алып кетти" – деп таң аткыча ыйлаган күндөрү да болгон. Апасын күнүгө эстеп, күнүгө куран окуганга аракет кылат. Ишинде ийгилик болуп калса, апамдын жөлөп – таяганы, апамдын арбагы мени колдору кыязында апасынын мүрзөсүнө барып куран түшүрүп келет. Мына Ырыскелдинин аялзатына болгон мамилеси, аял ал үчүн жакшынакай эне. Ал үчүн аял сулуу, назик, кымбат, ыйык. Мындай мамилени Датка түшүнөбү...

– Ырыскелди мен кыйналып ооруп жатсам, жаныма басып келбей, арамзаланып ары – бери басып жүрөсүң да. Акыбалымды сурап койбойсуңбу.

– Датка башыңды азыр көтөрдүң го, эмне болду сага, кайсы жериң ооруп жатат. Эмне кылалы.

– Мага ысык шорпо жасап берчи, кичине тердейинчи. Назгүлдү "Тан" чалабына жиберчи. "Жамандын аты Бөрүбасар"

Доодой болгон күнөөсүн Датка доого жыкты. Ал Ырыскелдинин каттуу айталбасын билет. Өзгөчө аял кишиге. Ургаачы жан Ырыскелди үчүн
адамзатка жан киргизген адам. Аял затынын денеси аркылуу адам баласы кыймылдап жандуу нерсе чыгып жатпайбы. Ушундай улуу нерсеге Ырыскелди кантип катуу айтып, денесине, мүчөсүнө бүлүк сала алат. Датка аны терең түшүнөт. Датка үчүн Ырыскелдинин жароокер, жөнөкөй, алсыз жагы. Ал үчүн аялды төрөгөнгө жараткан. Ырыскелдинин ойу менен жашагысы келбейт. Анын түшүнүгүндө эркек көп акча таап, кымбат баалуу машиналарды минип, чоң хансарайда жашаш керек. Экөө турмушта эки башка адам. Бирок башы бир жерде болуп жашап жатышат. Тагдыр кошкон жуп жубайлар.

Столдун үстүндө Датканын айткан шорпосу даяр. Ырыскелди, кичинекейинде тамак жасап чоңоюп калгандыктан тамакты даамдуу кылып жасайт. Кызы Назгүл, Датка, Ырыскелди үчөө стол үстүнө отуруп тамак иче башташат. Чекесинен тер чыга баштаган Датканын жаны жай алып өзүнө келе калды окшойт. Оозуна сөз келип, тибертке чыккыр тили сайрай баштады.

– Ай, Махмуд менен Өкүм эки кабаттуу үй, жертөлөсү менен үч окшойт, Хансарай алышыптыр. Ошону көрүп ошол жакта болуп калбадымбы. Өкүм үйүн өкүртө жасап салыптыр. Кичине майлап – сүттөгөндөн ичи тарлык кылгандай көрүнбөйүн деп, кичинеден алып жатып өзүбүздү билбей калыппыз. Үйгө ким алып келгенин да билбейм. Ичинде кири жок Ырыскелди:

– Ким алып келмек эле Макмуд алып келип таштап койсо керек да.

Датка, Махмуд менен Өкүмдүн үй алганына ичи тарып, өчөшкөндөй, өч алчуудай болуп, алардын дүйнөсүн түгөтүп жиберчүүдөй ичкен эле. Азыр дагы ачуусун кимден чыгараарын билбей, заарын чачып Ырыскелдиге асылып кирди.

– Таштап жибербей эле үйгө киргизип кетсе керек. Сен качан ошондой Хансарай аласың. Сенин акылың – элдин баары уурдачу болду. Акылыңды алдырып эле жүрөсүң. Махмудка айткыча өзүң кылсаң болот эле да. Идея деп эле жүрөсүң, идеяң ошолбу эки комнаталуу квартирада тыгылып жашайсың. Ырыскелди! – кызың күйөөгө тийет акылыңа кел, акылыңды чачпай. Мен деле Роскошный үйдө жашагым келет.

Тамак үстүндө талаш – тартыш уруш башталды. Ырыскелди, Датканын сүйлөп жатканын угуп жатты. Аял киши сүйлөйт, ыйлайт, урушат. Анын ичип келгени, түн оокумда жүргөнү, кечке күн сүрүп уктаганы, көмүскөдө,

көзгө көрүнбөй эле калды. Шорпо ичип башынын ооруганы басылган Датка жайбаракат жай сөзгө кирип, эки колун эки жакка жаңсап кенен – кесир кепке кирди. Максаты, Ырыскелди Хансарай алуу. Акча болсо адамсың. Акчаң жок болсо, жоксуң. Түбүң түшкүр дүйнө качан адам дүйнөгө тоёт. Тоюп жашайт. Махмуд кантип байып жатат. Датка түшүнгүсү келбейт. Өкүм кийгенди кийип, ичкенди ичиш керек. Казды туурайм деп өрдөктүн буту сынбаса болду...

***

Чоң ата, чоң энесинин колунда жүргөн Сапар, Капар ата – энеси Махмуд, Өкүмдөрдүн Хансарай алгандарын деле билишпейт, уккан деле эмес. Эгиздерге андай чоң үй эмес аларды баккан адамдар болсо болду. Балдарга эмне, оюн, оюнчук керек. Ырыскелдинин үйүндө акыркы учурларда Махмуд жетишкен ийгили үчүн да уруш – талаш болчу болду. Датканын далайга жетем деген ой – тилеги оңунан чыкпай атат, сыягы.

Күн ачык. Күндүн нуру терезеден түз тийгендиктен Өкүмдү уктатпады. Ары – бери оонап, күн жүзүнө тийгендиктен Өкүм туруууга аргасыз болду. Адатынча кыңылдап кайсы бир ырдын обонуна салып, халатын далысын карай арта салып, эки колду оңдү – солду керип, керилип, оозун өрөөндөй ачып алаканы менен таптап, жаткан төшөгүнөн турду. Хансарайда эч ким жок, өзү жалгыз. Жымжырт. Ушунча көп кабаттуу үйдө Махмуд экөө эле жашайт. Эгиз балдар болсо, азырынча Ноокенде, чоң ата, чоң энелердин колунан келе элек. Кызык, Хансарайды алары менен балдарды алып келип, комнаталарын көрсөтүп, өздөрү рахат алгандай, аларга да оюнчуктарды алып берип, рахат тартууласа эмне болмок. Өкүмдүн ойу боюнча, ага тынчтык керек. Азырынча ага эч ким беймаза кылбай ач кулактан тынч болуп турганы артык. Эки ба-

Областтык китепканасынын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 5/138

ланын чурулдаганынан тажап кеткендей. Аралыгы алты жыл болду, төрө десе, ден – соолугун чыңдаш керек. Анын саламаты эмнеден жабыркап жатканы белгисиз. Акчанын аркасынан сая түшкөн Макмуд бир айтат болду, жылдап ошол бойдон калат. Өкүмдүн күлкүсү күндөгүдөй окшош. Бир нуктагы күндөн тажап кеткен Өкүм башкачараак кылгысы келгени, кечинде отура турган Ресторанннын өзгөрттү. Шатырга – шатман жерлерге барып шаан – шөкөт кылганды жакшы көрөт. Төрдө отуруп алып, көңүлүн өзүнө бурдуруп мактанганды да эп көргөндөй. Көрбөгөндүн көргөнү курусун... Махмуд, Өкүм чогуу жашаганы менен кызыккан кызыкчылыктары бирдей эместир... Экөө өнүгүп, Европа нугуна бурулгандай. Ачканын ач көздүгү ушуга алып келдиби?

Датка дагы бош. Кыларга иши жок. Кызы Назгүл менен Ырыскелдини бирин окуусуна жиберсе, экинчисин жумушка жиберип ал дагы кыңылдап обон салып жүрөт. Өкүм жетишкен аял, бирок дагы эле аз. Датка жетишпеген кем керчилиги көп, көптүү самаган аял. Экөөнүн мындай карасаң турмуштары окшош сымал, анткени Ресторандап жүргөндү жакшы көрүшөт. Датканын ойунда бир нерсе келгендей токтой калып, халатынын чөнтөгүнөнтелефонун алып, кандайдыр жумуш бардан бетер Өмүргө телефон чалат. – Өмүр кандайсың, мени тааныдыңбы. – Жок, ким болду экен.

– Омүр бул менмин Даткамын, мен ойлогом телефонумду жазып алды экен деп.

– Аа, Датка кандай, жакшыбы.

Өмүр Датканын телефон чалганына таң калса, зарыл иштери чыгып калганбы деп ой да жүгүртүп жиберди. Аялдар менен алышып, өзгөчө мас болгондо аларды үйүнө жеткирүү Өмүр үчүн өткөндө кыйынга эле турган. Өкүм үйүнө жеткиче кулактын кужурун алып мактанып барса, Датка арманын айтып, эч нерсеге жетишпей

жаатканын козгоп ыйлап барган эле. Өмүр бул ургаачы жандан бир күндө эле көңүлү калып калгандай... Аял кишинин мас болуп, ооздорунан ичимдиктин буркурап турганы жакшы көрүнүш эмес. Ушундай шатыра – шатман тээп, шаан – шөкөттө шарап ичүү да жетишкендиктин шартындай... Акыл – эстен тайыган аялдар... Өмүр журналист болгондуктан турмушта ар кандай адамдарды жолуктуруу, алар менен сүйлөшүү, камыр – жумур болуу турмушту, тагдырды терең билүү, изилдөө болуп эсептелет. Жадаганда, көчөдө жүрүп, көрүнгөн мусордо тамак таап жеген бомждун турмушу да ал үчүн кызык. Кызыктай, кызыктуу, таң калыштуу таанышуулар...

Датка өзүнүн тулку боюна, чырайлуулугуна, жаштык – мастыгына ишенди – Өмүр кечинде бир жерге барып чогуу отурбайлыбы, сени менен аңгемелешүү кызык экен. Өмүр мындайды күткөн эмес. Жоосунсуздун жоругу жолдо калгыр. Өткөндө эки ургаачынын сөздөрүн укканы менен алар менен кеңешип сүйлөшүп келген деле эмес. Датканын кол сунгандай сунушу Өмүрдү аң – таңга салгандай. Аял киши өзү айтып жаткандан кийин Өмүрдү ыңгайсыз жолго алып келип, такап койгондой. Бир жолу жеткизем деген Өмүр жарга такалды... Эмне Өмүр канткенде да дараметтүү эркек. Эркек кишинин качканы эркектике жатпайт го. Аял кишини кабыл алуу, сулууга да ашык болуу, мунун баары ден – соолукка байланыштуу. Эгер кокустан ден соолугуң болбосо, көчөдө жымыңдап өтүп бараткан жамбашын чайпаган сулууларга кайдан көз саласың. Бардыгын ден – соолук чечет. Биринчи дымак, даремет, байлык, капитал ден – соолук. Бүткөн боюу чымырай түшкөн Өмүр Даткага макул болот. Сүйүү болбой эле сүрүшкөн боло береби. Заманың менен куркур десе, Бөрү болсо, бөрү болгур.

Аңгычакты Өмүр кадам таштап басары менен дагы бир бекерчи Өкүмдүн телефон чалуусу болот. Өмүр Өкүмдүн

телефон чалып жатканын көрүп, аларды сүйлөшүп алышкандай туюлат.

– Аллоо, Өмүр кандайсың, жакшыбы, иштериң кандай. Үйдө бекер отурган айымдар ушинтип сенин убактыңды алып чала берет. Бүгүн кечкиге убактың кандай. Эс алып отурбайлыбы. Азыр баягы Датка курбума да чалам. Ал дагы келет. Ал бекерпоз, каякка качмак эле. Өмүр аз жерден Датка мага телефон чалган деп айтып жибере салмак, кайра оозун басып токтоп калды. Мына кызык, тамаша. Турмуш ушундай тамашаларга бай болчу болду. Эки жан доспуз деген курбу – курдаштардын бир учурда телефон чалгандары тамаша эмей эмне... Эки аялдын аралыгында Өмүр калбаса эле болгону... Өкүм болсо Өмүрдүн эски таанышы Даткага эмне жок дейм да. Ушул жерден да эки курдаш бири – бирине атаандаштыгын көрсөтүп жатышабы. Жандуу нерсеге да буюмдай көрүнүп, жандарын, сөздөрүн тартуулагандары тамашакөйлүүлүк эмеспи, турмушуң тамаша болгурдуку десе. Өмүрдү ой басып кеткендиктен Өкүмдүн телефондон сүйлөп жатканын сезбей да калыптыр. Бир маалда чоочуп кетип, кепке кучак салгандай.

– Өмүр, угуп жатасыңбы, коркпой эле кой Ресторандардын акчасын мен көтөрөм. Бирок бүгүн Бишкектин чыгыш жагында жаңы Ресторан ачылыптыр. Ресторан "Тянь-Шань", ошол жакка барабыз, макулбу Өмүрчик. Дагы бир жолу аял киши айтып жатса макул болбо эркектик эмес да. Өмүр бүгүн эки аялдын ортосунда кадыр – баркы көтөрүлүп популярдуу. Көтөрүлүп жатып "көтөрүм" болуп кетпесе эле болду. Машинасына отуруп, ключун сайып отурар менен Датка кайра телефон чалып калды. – Өмүр сага Өкүм телефон чалдыбы. – Ооба чалды. – Анда Өмүр сага айткан турбайбы. Мен азыр Өкүмгө бара жатам. Менин сага телефон чалганымды Өкүм билбесин, сенден

сураныч. Калганын жолукканда айтам. – Макул. Өмүр телефонун өчүрүп, ичинен: "Эй кыйышпас курдаштар бирдин ичинен чыкпасаңар болду. Мени да кудай сактаса экен. Атаандаштык эрөөлгө чыккандай. Адамдын аласы ичинде. Жылмайуу тартуулашып татынакай көрүнгөнү менен жылма осурактын жыты жаман. Мындай жыт жымыр адам ичинде. Кийген көйнөктөрү менен конкуренция болгон эки курбу – курдаш сүйлөшө келсе кеңешчи, шараптан ичсе стакандаш, чогуу отурса табакташ, карыш кадам таштаса атаандаш. Жадаганда жандарына чакырып алган Өмүрдү да тең бөлүп кеткилери келет. Көрө албастын көрөнкөсү көмүскөдө, ичи тарлыктын тардыгы ичтен сызып турганы шумдуктуу турмуштун тутамы. Туталанып кайсы жолго алып барар экен. Жыргализмдин да жайыты болсо керек. Күлүмүш болуп көчүктөн жайлаган жай турмушка айланганы, айланкөчөк болуп өзүнүн көчүгүнө кептелбейби. Каткырыкты салган карышылаштар, карлыгачтар. Алардын эрлери Макмуд менен Ырыскелдинин бири – биринин иштери менен иши жок. Аялдарына эмне жок дейм да. Өтө жакын өтө митаамдар. Душалары жакын душмандар. Эки душмандардын ортосунда журналист Өмүр жүрөт.

Датканын да боюу узун, чачы коюу кара тармал. Тараса чачынын коюулугунан тарак сынып кетчүүдөй. Оозу оймоктой болуп ойуп койгондой. Эриндери калың болгону менен өзүнө жарашыктуу. Андай оймоктой оозду Европа кыздары атайын врачтарга кайрылып көптүртүп алат экен. Бели узун, төшү чыккан. Бели кирип турса төшү өргөчтөй болуп турат. Мүчө башы жарашыктуу. Өкүм менен Датка чогуу басканда экөө бири – бирине төп келип турушат. Өң деги бар. Жаштыктын жагымдуу келбети. Келишимдүү келиндер. Кудай таалам бергени менен тагдыр деген болот турбайбы. Тагдырыбызды таарынычка

өзүбүз өз колубуз менен түзүп алат окшойбуз. Өмүр эки жолку жолугушууда эле адамдардын жүрүшүн билип койгондой... Бирөөлөрдүн тагдыры, журналисттин тагдыры үчүн сабак. Ал алардын жакындан таанып, таалим алып жүрөт.

Болжошкон болду. Өмүр машинасы менен эки курбу – курдаштар айткан жери жаңы ачылган "Тянь-Шань" Ресторанына алып келди. Жаңы жайда элдер көп. Келген кишилер келбеттүү элита чөйрөлөр көп келгендей. Жогорку Кеңештин депутаттарын да ушул жерден жолуктурасың. Өмүрдүн тааныбаган кишиси жок, өткөн кеткендер учурашып жатышты. Кичине караңгы киргенде келебиз деп келишкендиктен ресторан ичи ызычуу, ичип алган кызуулары андан көп. Ортодо жамбаштарын чайпашып, белдерин аркы – терки буруп, колдорун асманга көтөрүп, кыйкырык – өкүрүк менен бийлеп жатышса, музыканын үнү ааламды дүркүрөтөт.Дүңкүлдөгөн дүрбөлөң. Ушундай ызы-чууда кандай эс алуу болот десең... Мас болуп баса албаганы деле ортого түшүп тамтуң бийлеп жатышат. Улуусу кичүүсүн карабайт, кичүүсү улуусун карабайт. Бул жерде баары тең, баары тең. Ресторан ичи жаш – карыны ылгабайт. Ээн эркин. Абириңе жараша отур. Датка бир маалда токтоп, колу менен жаңсап Өкүмдү басып бараткан жеринен токтотуп калды. Көрсө, ортодо отура – тура калып Макмуд кызыл кийим кийинген жаш кыз менен бийлеп жатыптыр. Анын деле Өкүмдөй мээси бар да жаңы жайдан жай тапкандай... Кызыл кийимчен жаш кызды айланчыктап, тороп бийлеген Махмуддун көзүнө эч нерсе көрүнчүүдөй эмес. Бир гана жалгыз кыз, көзүнө чагылып көрүнөт. Айлана – тегеректе жан киши жоктой. Экөө гана чамкарыктап ресторандын чаңын чыгарып бийлеп жаткандай. Көңүлдөрү башкаларга көңүл кош, экөөнүкү көккө көтөрүлүп асмандап алышкан. Булут арасында бийлеп жүрүшөт, булутта... Жерге

түшөөр ойлору жок... Чиркин, бир сааттык өмүр, түбөлүккө созулуп, жыргалдын жыргалы, кучактын кучагы... өмүр эмес бекен. Түбөлүк жубайы Өкүм карап туурабы, же беш жүз киши баткан ресторандагылар карап турабы, эч кимди көзүнө илбейт. Алдыда кызарган кызыл көйнөк алдыга... артка жок. Бүгүнкүнүн күнү, эртеңкиге күн жок. Болду башкасын Махмуд билбейт, билгиси да жок. Каратып туруп кара көз кыз менен кучакташып, колун созуктуруп колтукташып бийлеп жаткан күйөөсү Махмудду көрүп Өкүм кирерге жер таппай калды. Көкүрөк кагып, көөдөнүн көтөргөн Өкүм жок. Бир паста кара тору келген Өкүм купкуу келип бозоруп чыкты. Эки бети тоголоктошуп кызарып чыкты. Өкүм күйөөсүнүн бийлеп жатканын көрүп оозу ачылып калгандай. Өмүрүндө андай бийлегенин көрбөптүр. Кызыл көйнөкчөндү алаканына салып гана бийледи го... чиркиндики десе. Чарчабаганын айт, өгүздүкүндөй эле дымагы бар экен. Өмүр эмне кылаарын билбей туруп калды. Ал эми курдашы Датка билмексен болуп дагы көрсө деп, ичинен кудайдан тилеп турду. Жумалап ичип – жегени Өкүмдүкү чыкчу жерден чыгып кетти го... Өзүң эле жыргайсыңбы? Өзүңдүн күйөөң деле жыргайт турбайбы. Уурдаганды сен гана өздөштүрөт бекенсиң, өздүк чыгармачылык чекеден чыгат. Бардар турмушта;кор болгон коломто. Экөөнө берген кор эгиз бала. Сезбеген сезимден көрө, коркуп жашаган коломто берсе гана. Акчанын айынан коркуу да жоголгон. Булар эч кимден коркпой калган. Өкүм ресторандын ичине кире албай, буту калчылдап бирөө аркасынан кубалап кармап алчудай эшикке чуркап чыкканга шашты. Өмүр менен Датка артынан чыгышты. Датка таштай качкан пальтосун Өкүмдүн ийинине жаап: – Өкүм өзүңдү карма, эмне кыласың теңелип, көрсөң дагы көрмөксөнгө салып кой. Өкүм, Датканын ал сөзүн укканда огош бетер ачуусу келип, мурдунун учу кызыл калемпирден бетер кызарып

чыкты. Өкүмдүн ач көздүгүнөн акча апакы болсо, өзүмчүлдүгүнөн, сүйүнгөндүгүнөн эмес Махмуд аныкы болсо, эркектер аны карап көздөрүн албаса... Үзөңгүлөш Датканын сөзү сөз эмес.

– Өмүр, Датка силер кете бергилечи, мени жалгыз койгула эмне кылышты өзүм гана билем.

Өкүм, Даткадан уялгандыктан Өмүрдү алып кала алган жок. Же болбосо эртеңки сөзүнөн чочуду. Уурулукту уурданып кылгысы келди.

Анын бул кылганы күйөөсү Махмудга эр эңишкени. Өкүм Даткага бир дагы сөз сүйлөбөй үйүнөн алысыраак токтотуп түшүрүп койду. Датка дагы үн каткан жок. Бүгүнкү окуяга Махмуд менен Өкүмдүн кылган кылыктары жетиштүү болгондой. Өмүр менен Датка машинага түшүп кетээр менен Өкүм чөнтөгүнөн дароо телефонун алып бирөө менен сүйлөшүп калгандай болду. Ыйлап ага айтып берип жаткандай өңдөндү. Ал жароокер жакыны өңдөнөт. Ырас, Өкүм ушундай берилүү менен сүйлөп жаткандан кийин.

Түтүн булатып Махмуд менен Өкүм он жыл чогуу жашашты. Жашоо жышаанында жакшылык жылоолоп эгиз балалуу болушту. Махмуд айтып калчу: "Жолдо жүрүп сапар тартып эгиз балалуу болдум" – деп, балдарынын атын Сапар, Капар койгон. Бир учурда эки эркек балалуу болду. Мындайды ар кимге бере бербес. Бул дагы кудайдын кулагы сүйүнсүн, сүйүнчү эмеспи... Акча акырына сая түшкөндөн баштап, үйдөгү түндүк кыйшайгандай. Анткени, акча кургур байлыктуу болгону менен сезимди сезгентип коёт окшобойбу...Аттиң бир кем дүйнө... Уйлөрүнөн чай ичкиси келбей калган Махмуд менен Өкүм үйдүн дасторконунан ажарап кутун кетиришти. Бир сындырым нан жесең да өзүңдүн тасмалыңдын татымы, тамак ичкениңдин даамы. Ресторанга барып бирөөнүн ырыскысына

берилип, чөнтөгүнө акча салып жүргөндөрү, өз ырыскыларын өздөрү кыйгандыгы. Үйдө жылуулук жанып турса, жалын татанып коломтоо күйөт да. Ким каякта жүргөнү менен иштери жок болсо, жоктун иши жок да... Байкуш эгиздерди чоң ата, чоң энелеринин колуна берип коюшат. Акчанын айынан баланы жыттоо, эркелетүү деле болбой калгандай. Бала сүйүү, сезим, жыт, муун, урпак.Акча анан бирөөсүн да аткара албайт. Акча күн көргөндөй күнүмдүк байлык. Бүгүн бай, эртең кедейсиң. Бирде төө минбей, жөө жүрмөй ушундан калса керек.

Түнү боюу каякта болду белгисиз, Өкүм эртең мененки саат алтыда үйүнө келди. Ырас таң маал келген соң бир жерде болду да. Эшикке жаткандай түрү жок. Пальтосунун төш жактагы топчусу үзүлгөн. Шарфы кайсы жерде калганын бир гана Өкүм билет, билбесе кудай билет. Чарчоо сезим, ал күчтөн тайыган. Келип эле үйдө Махмудду карады, ал дагы келген эмес. Эки кабаттуу үйдө эч ким жок болгондуктан үйдүн дагы кабагы бүркөөдөй. Үй ичи муздак, сууз. Кел, киргиле деген эч ким жок. Мунун баарын ким кылыш керек эле... Өкүмдө андай ой жок. Махмуддан кантип өч алыш керек. Баягынын баягысы, өзүмчүлдүкө салып ага көргүлүктү көрсөтүү... Шамалдын аркасынан жамандык издөөдө жеңиш барбы. Кепти да сиңген жерге айтыш керек. Кайран, Кудай таалам берген адамдык өң – түс, сулуулук, келбет. Берген береке, бапыраган байлык, сүйүнчү төрөлгөн балдар, багып өстүргөн, ак бата тилеген ата-эне. Пенденин пендечилиги... Маңгырбаш Макмуд, өкүмсүрөгөн Өкүм кийин өкүнбөсө болду. "Оомат келсе, омурткасы сынган турмуш".

***

Чоң ата, чоң эненин колунда болуу балдар үчүн кандай рахат. Анткени Шайдан чоң ата, Алима чоң эне, неберелеринин ойу менен болушат. Алардын ойу менен болушуп Кашка уй тууган эки торпокту да сойбой коюшту. Ырым – жырымды бойтоңдогон, алаң көз Сапар, Капар урупда койгон жок. Булардын бала чагы ата-энеси менен да байланышта. "Арканды алыска ташта" – дегендей жиптин чечилбес күрмөп байлоосу ошол жакта эмеспи. "Жамандыкы жакшыга тийет" Кантем...Кантем... Башты бергенден кийин, аны жөнү жок желкеге көтөрүп жүрө бербей иштет. Байлыкка жеткенден кийин да башты баштай алып жүрүш керек. Турмуш өлгүчөктү турмуш. Өлгөндөн кийин ал Кудай тааланын амири...

Шайдан чоң ата, Алима чоң энелердин эрмеги, кубанычы эки небереси Сапар, Капар.

– Кемпир бул балдарды ата-энеси алып кетип калса эмне кылабыз. Буларга көнө түштүк. Шайдан аксакал сакалын сылап, үшкүрүнүп койду. Алима байбиче да ичинен сызгандай абышкасын жоошуткансып: – Абышка, балдар азыр келбейт, алардын иштеп акча таап бутуна турган убагы. Ал-күчү барда иштесин, карыганда бизчилеп мобу эки жамандын балдарын багып үйдө отурушат. Өмүрлүү болсун байкуштарым. Кечээ күнү биринин тиши түшүп калса, экинчисиники шалкылдап турат. Экөөңөрдүкү бирдей болсун деп аныкын да тартып алып койдум. Бала да, каткырып күлүп коюшат.

– Кемпир эгиз деген жакшы экен да. Жетелеп чогуу жүрүшкөндөрүн. Талашып – тартышып баладай болуп урушкандарын көргөн жокмун. Байкуштарым өмүрлүү болсун. Түшүмдө колума кармаган Керкимди жоготуп жибердим.

– Эй, Абышка түшүңдү айтпачы, карыганда калжыраган түштөр кире берет да.

– Аның туура Кемпир карыганда алжып калат турбайсыңбы. Түштүн жаманы мага көрүнсүн. Абышка – Кемпир күнгө какталып, экөө көпкө сүйлөшүп Сапар, Капарлардын торпоктор менен ойногонун көрүп, өмүр тилеп отурушту.

Адам баласы көпчүлүк учурда тынч тургандан чоочуйт. Көзгө кыймыл көрүнбөй кыймылсыз турса, эмнеге кыймыл сезилбейт... Тып, тынч айланада жан жоктой. Же, мүмкүн Абышка – Кемпирге ошондой сезилип жатабы. Асманды бозомук өңүттө булут каптаган. Алардагы жибек жиптин түрмөгүндөй түрмөктөшүп, буралып кайсы бир тарапка бет алгандай. Булуттар эмнеден качып жылып баратат. Аларды кубалаган эч нерсе деле көрүнбөгөндөй. Үнүн курулдатып чыгарган, күн деле күркүрөгөн жок. Шашкалактаган шамал, бороон – чапкындын деле жели урганы жок. Дегинкиси булуттар, мен бул жерде жокмун дегенсип жылып жатышат. Колуңдан келсе көккө көтөрүлүп барып булуттарды буттан кармап калсаң. Булуттар дайранын, суунун жээгине түшүптүр деп Алима чоң эне үч литирлик графинге булут сактап, ага чайдан куюп, булут ичкиле деп таң заардан неберелерине кружкага куюп берип коёр эле. Бүгүн ал булуттар ылдыйлабастан, көзгө көрүнгүс болуп, бир нерсени өйдөдөн ылдый карагандан коркуп, суу боюна эмес “Караганда” талынын түбүнө жашынгылары келип жатат. Бул жерде эмне жашыруун сыр бар. Тиригиңди көрөйүн... Эмнеден аян берип жатат. Бүгүн булуттар жашырылып, сен көрдүң, мен көрдүм болуп качкыдай эмне деген күн. Эмне болгону жатат... Бул окуя Ноокенде гана болгону жатабы? Ооба Ноокенде эле болгону жатат. Бирок асманда булуттардын бозомдык тартып боз уландан бетер качканы: Ал эсте кала турган элес күн, эстелик күн, жомок күн болуп калаары ааламга, жумурай – журтка, калайык – калктын караанына караңгы

түн болоору булутка; асманга белгилүү. Анткени көк асман төбөдөн ылдый, көрүп турат, сезип келет.Төбөң түшкүр дүйнө... Ушул бир райондогу окуя, бүт ааламды дүркүрөтөбү? Бул эмне? Булуттарды качырып кууган-дай. Бул эмне! – Асманды алакты кылып көргүсү келбе-ген.Чын эле: – Чын дүйнөдөгү арбактар да түндүн коюу, көзгө көрүнбөгөн караңгылыкта ак кепиндери менен чыгып аркы – терки жандары жай албай жүрүптүр. Бу-луттар бүгүн ордуларынан качып, арбактардын тынч-сызданганы жумалаган имиш. Тирүүнүн көргөндөрү жок, сезгендери болгон экен. Чын, жалганды аралаштырган бул эмне. Эмнеден жаздык, жандык! – билген жан барбы. Эгер билген, түшүнгөн жан болсо айтаар эле да. Сезгени-биз менен билбей жатпайбызбы, көргөнүбүз менен көр болуп жатпайбызбы, туйганыбыз менен туңгуюк болуп жатпайбызбы, өлгөнүбүз менен той берип жатпайбызбы, ыйлаганыбыз менен унутуп жатпайбызбы, мүрзөнү көр-сөк да мүлккө умтулуп жатпайбызбы. Бүгүн эмне болот ? Баары – бир ал күн келди... Качкан булутту кармай алган эч ким жок. Мүмкүн кармап калган жан болсо, болбой ка-лат беле. Күндүн нурун да кара булут каптап тосуп алды. Күн дагы алеги – саатта нурун чачпай туруп алды. Мын-дай кара мүртөз күндү башкарган жан барбы. Болсо дагы бүгүн кеч. Кеч... кеч... кеч...

Боз булуттардын качканын, бир паста ала булутту кара булут каптап күндүн нурун чачыратпай тосуп алга-нын көпчүлүк көргөнү менен бирөө гана сезди. Анын ая-нын пенделер сезген жок, жалгыз адам сезди... Көпчүлүк-төн жалгыз бирөө бар. Жалгыздык башыңда турган иш. Ал жалгыздык айтылбай да калышы мүмкүн. Ооз, мурун-ду тумчуктурган заман ушул эмеспи, заманың кургур...

Шайдан чоң ата, өзүн жаман сезип, эч жакка чыккы-сы келбей, бир комнатага эч кимди киргизгиси келбей,

кулпулап – култанып, кара кулпуну илип жаткысы келди. Жаман сезип жатам десе, эч жери оорубайт, жан дүйнөсү ооруп жатты. Жадаганда кырк жыл чогуу жашаган кемпирин да көргүсү келбейт. Бүгүн ал жалгыз. Аны түшүнгөн адам жок. Түшүнсө да ал айтып бере албайт, түшүдүрө да албайт. Жан дүйнөң кыйналса, кармалай турган, кокуйлай турган жериң да жок. Жан дүйнө менен күрөшүү жанды ачытат. Өзүң менен өзүң кармашасың, бирок кантип... Кармай, тута турган жериң жок болсо. Неберелери жөнүндө көрмөк турсун уккусу да жок. Эмнеге...

Шайдан чоң ата алты жаштагы неберелеринин ойноп жатканын көрүп, өзүнүн алты жаштагы кезинде атасы баласынын колуна күрөң, кетмен карматып кайыңды багын отургузганын эсине түшө калды.

Алты жашында Шайдан чоң ата кайың багын отургузган. Тиккен бак өсүп, кулач жайып тамырлап түз тигилген кайың бир нече талдуу болгон. Айланынанын айлана – тегерегине кийинки балдар да отургузуп Кайың, Арча, Мажүрүм талдар аралашкан элдик паркка айланды. Кичине жел жүрүп бак – дарактар кыймылдаса адам баласынын бийлегендерине окшошуп, ыргылат да, ыргалат. Бактын арасынан чыккан шуулдаган үндөр обон салат. Шамалга жараша обондуу, созгулдуктуу добушту созулат да созулат. Бат музыкасы да жай музыкасы да бар. Кыргыздын күүлөрүнүн баары жаратылыштын күүсүнөн алынган дейм. Суунун шар акканы, шамалдын шуму, күндүн күркүрөгөнү, чагылгандын чардылдаганы, таштын кулаганы... Күүнү күүлөгөндөй Шайдан чоң ата парктагы бактардын арасынан атасы экөө тиккен кайың бакты карап коёт. Ошол учурда элдин баары эс алчу жай кылабыз деп бак тигишкен эле. Чунак, Шайдан атасы башкалары балдарын ишембиликке ээрчитип келбесе, ал алты жаштагы Шайдан ээрчитип бак тикпедиби. Кантсе да кыраакы

киши экен. Эми минтип Шайдан жетимиштен ашып калса да Кайың бакка күнү түшкөндөй, аны карап кароосун жазып, кийинки жазды күтүп жүрбөйбү. Ырас, Кайың бактын жанында адамдар отурган скамейкалар болоор эле, аны ары жактагы "Мажүрүм " талдын жанына жылдырып коюшуптур. Жыл өткөн сайын мындан делекөлөкө качып калган окшобойбу. Бул Кайың деле картайып, элге түшүргөн көлөкөсү деле анча тийбей калган өңдөнөт. Айтор, эл кызматында болбой өзү менен өзү болуп калгандай. Шайдандын бала кезинде Кайыңды "Ак кайың" – деп элдер, бак аралагандар жакшы көрүүшөр эле. Жанагы жанындагы скамейка келери кечке бош болчу эмес. Аны көргөндө Шайдан ичинен сызып,кызганып да жиберчи. Жалбырактары да жазылып, аябай калың болуп, ошол бойдон кыштата жалбырактары да калып калаар эле. Эми анын жалбырактары жылдан жылга азайып саналуу гана калгандай. Жалбырактарын санап койсо да болот. Картайган Шайдан Кайыңдын жанына барганда "үшкүрүнүп" келип жерге отурат. Ал жерден да көк шибер качып кара жерге айланган. Ойлонгон сайын оймоктуу элес, эскерме эскерүүлөр кетет. Кайың экөө жаш кездерин, аларды канчалаган адамдар каптап турганын, курчап келип эмне деген сырларын айтышканынэстешет. Эми эмне, Кайың менен Картаң чал менен эч кимдин деле иши жок. Аларга сырын айтмак турсун, акыбалдарын сураган киши деле жок. Кайыңды кыйыш керек десе, карыган чалда эмне жок деген кеп-сөздөр. Кайың экөө гана сүйлөшүп бирибирин жакшы түшүнгөндөй. Шайдан тиктирген атасына ыраазы. Шайданды жолуктурган Кайың деле ыраазы. Эгер Шайдан болбосо, көлөкөсү жок Кайыңды небак эле кыйып салгыдай. Анын тагдарын отко күйгүзүп күл кылып асманга сапырыпжибергидей... Бир кездеги сулуу Кайың отунга гана жарачудай. Көлөкө түшүргөн Кайың

көмүскөдө калып, эл көзүнө көрүнбөгөндөй.

Сапар менен Капар экөө топ тээп ойноп жатышты. Неберелерин ойногонун Шайдан карыя шайдана карап отурду. Сапар топ тээп гол киргизем деп кыяз кылды эле Капардын ичине барып бир тийди, ичин басып жатып калды. Кыязы өсөрүп калды. Шайдан тура калып Капарды караса көзү алаңдап кетип баратат. Жүрөгү түшүп калган Сапар суу алып келе койду эле Шайдан карыя бетине чачып жиберди. Көзү аңтарылып кетип бараткан Капар өзүнө келе коюп Сапар деп кыйкырып жиберди. Сапар чуркап барып Капарды кучактады. Капар, Сапарды кучактап үнүн чыгарып ыйлап жиберсе, Сапар дагы чочуп калган окшойт. Эгиздерди көргөн карыянын көзүнөн жаш токтобой суу сепкендей агып кетти. Үчөөнү көргөн Алима акырын жай басып келип: – Эмне болду силерге, ойногонуңар да бат, ыйлаганыңарда бат. Буларга кошулуп чоң атасы да бала баштанып ыйлап алган тура.

– Кемпир ким менен жүрсөң ошолсуң да, бала менен жүрсөң баласың да. Сапар топту колуна алып:

– Капар көрдүңбү, мен азыр топту жарам, экинчи бул топ менен ойнобойбуз. Бул резина жаман топ турайбы. Өкүм апам келгенде бизге кайыш футбол тобун алып берет ошол менен ойнойбуз. Капар чоң атасы менен чоң энесинин жанына келип, ичиндеги бугун чыгарып ыйлап жиберди. – Чоң ата, чоң эне, апам качан келет, биз сагынып кеттик. Түгөйүн сагынып, сагынычтан, кусалыктан ыйлап жатканын көрүп, Сапар дагы ага кошулуп ыйлап жиберет. Экөөнү сооротткон Алима чоң эне, чөнтөгүнөн эки көк алма алып чыгып, аларды алаксыткандай болот. – Эй балдарым, силер чоң балдарсыңар да, силерди чоңойду деп алар камырабай жүрбөйбү, Эгер мурункудай кичинекей болсоңор, бат-баттан келмек. Күзүндө окууга барасыңар, ошондо ата – энеңер жаныңарда болот. Эгиздер чоң

энесинин айткан сөзүнөн кайра чоң энесин ойлой коюшат. Сапар, чоң энесине боор ооруп кетти окшойт. – Чоң эне анда биз кайра чоң атам экөөңөрдү сагынып ыйлайт турбайбызбы. Капар,чоң атасынын жанына барып отуруп алды. Сапар чоң энесинин алдына отуруп алды. Абышка –Кемпир неберелелеринин башынан сылап, жыттарын жыттаптултуйган беттеринен өөп коюшту. Баланын кекиртегинен жыттасаң кандай жыттуу. Баладан да небере жыпар жыттуу. Жытыңдан айланайындар.

Эмнегедир ушул күнү жаратылыш дагы, көк асман дагы, неберелери дагы өзүнчө бир сузуп алынган чөмүчтөгү суудай бир жерге топтолгондой Шайдан карыяга сезилди. Баары топтолуп, толуп, кайра акканы баттай. Күн дагы тез өттү. Бардыгын бир күндө жайкаргандай. Жай турмушту бирөө артыңдан кубалап шаштыргандай. Балдар дагы ушул күндү пайдаланып апасын сагынгандарын айтып калгандарын карачы. Шайдан дагы атасын сагынып калгансып, тиккен Кайыңдыны эстеп эскерип калганын. Жетимиштен ашкан карыя жетимиштеги атасын эстегенин .

Күндүн чыкканына да батканы бат болду. Бишкектен эртең менен чыккан машина күн батаарда ушул Кочкор – Атанын жолунан чаңдатып өтүп калышат. Ошол мезгилде үйүнө жетем деген машиналар күч алып адырандатып каттуу айдап өтүп калышат. Бири – бири менен жарышкандарычы. Бул чет өлкөнүн машиналары көбөйдү.Булар союздун машиналарына караганда ылдам дагы жүрөт. Шайдан өзүнчө ойлоп коёт, шашкалактаганына караганда анча шуулдап чуркабаган союздун машиналары эле оңдой көрүнөт. Ар бир замандын өзүнүн машинасы оңдой.

Шайдан колуна таягын алып: – Жүргүлө балдарым күн кечкирип, уясына батып баратат, аркандалып турган

торпокторду алып келели.Күн жарыкта чоң энеңер уйду саап алсын. Бужураңдашып кужу – кужу өздөрүнчө сүйлөшкөн Сапар, Капар чоң атасын ээрчип жөнөштү. Аркандалып турган баягы Кара Кашка уйдун бир күндө тууган эгиз торпоктору. Ырым – жырымына карабай, неберелеринин көз жашын тыя албай торпоктун бирөөсүн Шайдан карыя кошуна Каныбекке сойдурбай койбоду беле. Ал сөз айылдын баарына жайылып, кеткен. Ошол күндөн ушул күнгө чейин досу Касмаалы молдо катышпай, Шайдан менен Алиманы жаман көрүп жүргөн кези. Үйлөрүнө да эгиз торпоктун айынан киришпей калган. Бирок неберелерин өөп, тамакка чакырыпкурсактарын тойгузуп жиберип коюшат. Балдарда эмне күнөө. Атүгүл Алима Кашка уйдун уузунан ооз тийгиле десе, ооз тийбей кайра берип жиберишиптир. Ансайын Шайдан менен Алиманын ачууларына тийишип. Карыганда эки дос ажырашып, эски достугунан кечип кетишкен. Кыргыздын ырым – жырымы укмуш окшойт. Када – Салт, ырым – жырым кыргыз элине жазылбаган мыйзам, төлгө окшобойбу. Касмаалы молдо кошуналары жандык мал сойсо дагы жиликтеп чүкөнү алып өлчөп ырым кылаар эле...

Молдокенин айылдаштары билбеген ич күптүү сыры бар. Ал сырды өзү менен кошо көрүнө алып кеткидей. Касмаалынын түгөйү Курманаалы болгон. Ал дагы эгиз. Кошоктоштуруп экинитууган бодо малды кудайургандай жек көрөт. Бала кезинен калган жүрөгүнөн орун алган кара так, ушул күнгө чейин уйгу – туйгуга салып, жанын жөн койбос. Досу Шайдандын Кара Кашка уйу эгиз тууганда да эң – таң болуп өзүн араң кармап, муштумун бекем түйүп турбадыбы. Анын ойунда койсо, Кашка уйду торпоктору менен балталап жанчып койчудай болду. Түгөйү Курманаалыны эстеди. Курманаалы курман болгон күндү эскерди. Түгөйүм болгон деп эч кимге да кеп

салбайт. Айтканда эмне, болоор иш болуп, Курманаалынын күмбөзү жерде калганы да белгисиз болуп калбадыбы. Союздун убагы Коммунизм учуру деп аксакалын жайкалткан карыялар кеп кылгандай, ал учурда баары жетиштүү. Бир айда иштептапкан айлыгың айдан айга жетчү. Адамдар менен адамдардын уруш – талашы азыркыдай эмес аз болоор эле. Темирдей тартип, талапка жараша жумуш. Союз мезгилинде адамдар миңден эмес он чактылап мал – жандыкты кармашчу.

Бир күнү каргышка калчу каргашалуу окуя Касмаалы менен Курманаалынын азыркы үйүндө болду. Каргыш тийгир, сарайына кирсе жалыны Кара Бээ Шайдандын Кара уйунан бетер эгиз тууп салыптыр. Жылкы малынын мындай кошоктошуп тууганы жамандык деп айылдагылар ызылдап чыгышып бирөөсүн балта менен чабышып дароо өлтүрүшкөн. Жалыны Кара бээ ары – бери басып, оргуштап сарайдан чыгып чуркап баратканда алдынан Курманаалы чыга калса, аны арткы туягы менен тээп кетет. Курманаалы бир “апа” – деп бакырган боюнча үнү чыкпай суй жыгылат. Аркасынан чуркаган адамдар Кара жал бээни таппай калышат. Кимдир бирөө кармап бекитип алгандай жоголот. Курманаалыны үйгө алып кирет. Ак жүздү Курманаалы көгөрүп көк – мөк көк муздай болуп чыгат. Касмаалы түгөйүнүн жанына көзү башын көгөртүп келсе, ыйлап жаткан түгөйүн аягансып көк муздай көгөргөн муздак колун сунат. Түгөйүнүн жылуу колун кармаган Курманаалы жерди согончогу менен тепкилеп кете берди. Апасы тирүү калган баласын ойлоп, Касмаалы колун Курманаалынын колунан чыгарып койду. Өлүктөн коркпогон Касмаалы мурункусундай эле Курманаалыны басып жыгылды. Апасынан да, Касмаалынын жоктоп ыйлаганы айылдын баарын ыйлатты. Түгөйүн жоготкон Касмаалы да айлап ооруп төшөктө жатып, оозу кыйшайып,

бир жылда гана, Курманаалынын жылдыгынан кийин оозу түзөлгөн. Кайгы жаман... Кайгы жаман... Кара жалын бээнин көздөн кайың болуп кеткени Касмаалынын аман калып калганына себеп болду окшойт. Айылдагылар ушундай жоромолдоп калышаар эле. Колун сууруп сунальп кеткен, кеткен эгизи Курманаалынын жер менен жер болуп кеткенине жетимиш жылга айланды. Айла жок жашап жүрөт. Өлөйүн десе жан таттуу, кирейин десе жер каттуу...

Кочкор-Ата шаарынын мэри Кубаныч Эгембердиев айдоо аянттарын карап келатса Касмаалы молдоке Бишкек – Кочкор-Ата кан жолунун боюна келип, кичине эле дөңсөө көрсө ошол жерге токтоп, тиктеп калат. Дөңсөөлөрдүн караанына зарыккандай... Зарылып жүргөн нерсесин таппагандай. Издеп жүрөт... Издеп жүрөт... Караанын караса ыйлап да алган, улам чөтөгүнөн платочкасын алып көзүнүн жашын сүртүп коёт. Шаар башчысы жоон санын улам жерге таштап молдокенин жанына келип акыбалын сурайт. – Молдоке кандайсыз, жакшысызбы? – Жакшымын балам, сен шаар башчысы Кубанычсыңбы? – Ооба менмин, бул жерден эмне бир нерсе жоготтуңузбу. Менин жардамым керек эмеспи. Кубаныч канчалык албеттүү көрүнгөнү менен кичипейил, жардамын аябаган жигит. Бапыраңдап бар колун сунуп, колунда нерсесин элге бергиси келет. Ичим тап ичинен сызган Касмаалы менен көрүшкөн Кубаныч машинасына түшүп кетет. Ал жерде Касмаалынын издегени Курманаалынын мүрзөсү. Ошол жерге коюлганын элес – булас билет. Ал кезде жаш балага күмбөз салбай, белги гана коюп коёр эле. Эми минтип тирүү эмес, топуракта көмүлгөн топурагын издеп жүрөт. Мүмкүн Курманаалынын сөөгү топурак менен топурак болуп, үстүнө Масы – Кочкор – Ата жолу түшүп калгандыр. Бул окуяны эч кимге айтпаган оозунан чыккан

эмес, жок дегенде курман болгон Курманаалынын күмбөзү болбосо эмне дейт элем – деген ой да кетет окшойт. Кара жал бээ кандай көздөн кайың болсо, Курманаалы да жерге кирген боюнча көздөн кайып болду. Сөөгүнө зар... Сөөгүнө зар... Зар какшаткан дүйнө... Түгөй кайда...

Шайдан карыя эки небереси менен кетип баратып Кудай таалага жалынып койду: Ыракмат, кудеретиңден айланайын кудай! Ушул эки неберемди бир күндө бергениңде. Шайдан эгиздерди караганда купкуу болуп күндөн жаралып жаңы түшкөндөй болуп сезилип кетти. Күндүн нурунун айланасында калгандай. Кара чачтары жылтырап, жүздөрүнөн жылдыздары чачырап, жылмайып күлгөндөрү адамзатты өзүнө тартып ааламдын көңүлүн бургандай. Мына бүгүнкү эгиздердин келбеттүү, келишимдүү келбеттери. Кандай татынакайлык, кандай сулуулук. Неберелерине өзүн көзү тийип кетпесин кыяз кылып, аларды карабаганга аракет кылгандай.

Торпокторго келген эгиздер чоң атасын Шайдан артка таштап алдыга чуркап кетишет. Катуу шамал адамды учурчудай болуп жел согот да кайра тып токтойт. Шайдан баш кийими топусу бир нече кадамга чейин учуп барат. Жин тийдиби, эмне болуп кетти. Сүйлөнүп барып, бир заматта топурак астында калган топусун алып кийет. Жолдун аркы бетине Сапар, Капар казыкка кагылган торпокторду бошотушуп экөө келатышты. Сапардын торпогу ага ээ бербей, жип арканы менен кошо сүйрөп жөнөдү. Капар, Сапарды көрүп эки көзү чанагынан чыгып кетчүүдөй болуп, кармаган торпогун таштай коюп аркасынан чуркады. Шайдан балдарынын чымын – куюн болуп келатканын көрүп: – Токтогула! – Сапар жипти коё бер. Торпок эмне болсо ошол болсун. Аңгычакты көздү ачып жумгучакты машина жолго бет алган торпок менен Сапарды чет өлкөнүн "Мерседес" машинасы экөөнү бирдей сүздү. Беш

метр учуп барып Сапардын жаны жай алса, торпок машинанын алдында калды. Сапар жерге бүк түшүп, башын көтөрө калып: Капар! Капар! Машина жолго чыкпа! – деп бир бакырып алды. Өзүн машина сүзгөнү менен иши жок. Капардын көзүнө эч нерсе көрүнбөй, Сапырылган топурактуу чаңдын арасына чуркап: – Сапар! Сапар! Сага эмне болду. Үнүңдү чыгар! Үнүңдү дагы чыгар. Ал жерден тур! Машина тебелейт! Кыйкырып келе жаткан Капарды бет маңдай келаткан "Пассат" машинасы сүзүп кетти. Капар дагы бир нече жерге учуп барып түштү. Көзү сүзүлүп, үзүлүп бараткан Сапарга кайрадан жан кирип: Капар келбе дебедим беле, эмне жаныма келдиң. Бир жериң оорудубу? Капар, Сапардын үнүн угуп сүйүнүп кетти окшойт: – Сапар тирүүсүңбү?

Тирүүсүңбү? Сапардын акыркы сөзү Капар болгондой... Сүзгөн көзү сүзүлүп, үзүлүп аңтарылып, сүйлөгөнгө алы келбей, буту – колу шалактап, канга боёлуп, колун мен тирүүмүн дегенсип Капар жакка сунуп, манжалары менен таш жолдун таштарын чыгарып тырмалап, тырмактары үзүлгүчөктү тырмалап, үзүлүп кетти. Капар да күч жок, Сапарга жакындайын деп боору менен жылып Сапардын канжалаган колун кан колу менен кармады. Сапардын таштай катып калган жансыз денесин тиктеп анын да жашагысы келбегендей. Эптеп, араң жан Капар оозун бекем бууп демин кысып туруп алды. Кызылган деми огош бетер кысылып, жанталашып, жер тепкилеп оозун ача койсо дагы деми жетпеди... Сапар! Сапар! деп кыйкырып алды. Сапардын өлгөн денесине Капар кыйкырганда кыймылдап жиберди. Каттуу шамал дагы бир жолу күч менен келип эки баласынын денелерин кыймылга келтиргенсиди. Асман жерге түшүп кеткендей болуп, адам баласы астын – үстүн болду. Капар бир топ сөздөрдү айткысы келип оозун бат – баттан кыбыратып

жатты... Анын сөзүн эч ким уккан да жок. Анткени, анда үн жок.

Шайдан карыя чуркап келип Сапардын башын көтөрүп үнүн болушунча кыйкырып ыйлап кирди. – Атаны катыгүн ай! Силерди мен какбаш айрылттымбы? Силерди алып кеткиче мени алып кетсечи. Оо, кудай эмнеге мени көрбөй, ушул чиедей балдарымды көрдүң, көргөнүң ушулар болдубу. Шайдан башын көтөрүп ыйлап жатса, Капардын жаны чыкпай кыймылдап жатты, башын оңго – солго чайкап, оозун кыймылдатып, тилин чыгарып кайра киргизип, колунун чыпалагы гана кыймылдап жатты. Башка бармак, сөөмөй, аты жок, ортон манжалары кыймылга келбей ордук кылды окшойт. Байкуш Капар чоң атасы Шайдандынүнүн угуп эгизи Сапардын үзүлгөнүн сезди окшойт, көзүнүн карегине жаш толуп, же нары кетпей, же агылып түшүп калбай, көз жаш агып түшүп калбай ал дагы Капарды кыйнады. Шайдан үзүлгөн баласын таштай албай ыйлап жатты эле, Капардын буту көтөрүлүп барып жерге таштаганда Шайдан Капардын жаны чыга элегин көрүп ага жылып барды.

– Аа, байкуш Капарым! мен тирүүмүн деп жатасыңбы: тирүү бол балам, тирүү бол! Карыганда кара башым жегир чоң атаңарды таштабагыла. Кана экөөңөр, эки жакка суулап жатпай, күндөгүдөй туруп топ ойноп келсеңер кана. Сапарым! Капарым! Силерди мен жуттум! Мага гана көрүнсө кана. Кудай, мени алып кет. Мени...! Капар чоң атасын ыйлаганын, сыздап жатканын угуп, жаны үзүлүп кете албай жатты. Үзүлүп барып кайра диртилдеп чочуп ойгонгонсуп, кеткенсийт. Сапар, небак эки бутун эки жакка жайып колун бекем түйүп, башын жерге уруп жаны үзүлүп жансыз...

Жансыз дене жай алды...

Жолдун боюу адамга машинага толду. Ак халатчандар,

милициялар, жолдо жаткан балдарды, абышка ыйын уккан аялдар эмес эркектер да ыйлап жүрдү. Бир эмес, экөөнү өчү бардай эки түрлүү машина сүзбөдүбү. Кара кашка уйдун торпоктору азгырып жибин үзө качпаганда Сапар тирүү калмак беле, Сапар тирүү калса Капар дагы кырсыкка учурамак эмес. Экөөнүн жаны бирге тону бирге... Чыркыраган чырпыктар... Чынар сынды, тал сынды, балапандар барса кайра келбес жакка кетти... кетти... кетти... келгин чымчыктар... сынды чырпыктар... канаттар кагылды...

Машиналар, адамдар толуп кеткендиктен баса тургандга жол жоктой. Ошол күнү таңкы саат бештерде жолго аттанган Махмуд менен Өкүм Масы – Кочкор – Ата жолуна келип, токтоп калышты. Элдин түрү жаман. Баардыгынын кабак – кашы бүркөө, өкүрүп ыйлап да алышкан. Толук келген аялдын жүрөгү кармап, ага суу чачып жатышат. Махмуд машинасынан чыгып, алыс барбай көзүн сүртүп жаткан айдоочудан сурап калды. – Эмне пробка, эмнеге машина көп. – Эй жалган дүйнө деген ушул да баланы машина сүзүп кетиптир. Махмуд эч нерсени ойлобой Өкүмгө келет. – Махмуд эмне болуптур бир баланы машина сүзүп кетиптир дейт. Аңгычакты бүт ааламды, көк асманды, жер жүзүн, тирүү менен өлүктү, адамзат менен жан – жаныбарды кулак салдырып Апаа! Апа – аа! Деген үн чыгат. Бүткөн боюу дүркүрөп, муундары калчылдап, үнү кирилдеп Өкүм! Махмудду жаакка бир чабат. – Акмак! Сенин оюңдун баары акча болуп калган. Мобу апалаган менин балам Капардын үнү. Айланайындар! – апалаган менин балам, балама коё бергиле, мени чакырып жатат. Капар сага эмне болду? Сапар жолумдан тосуп чуркап келчи. Капарымдын жаны кыйылып жатат... Кыйналып жатат... Эч кимди көзүнө илбеген Өкүм өкүрүп ыйлаган боюнча чуркап барып, эмнегедир Капарды таап

жыгылат. – Балам эмне кан!.. Эмнеге канжылап жатасың, үнүңдү уктум балам. Сүт берген эмчегиме кан толуп кетти балам! Апаңды коркутпачы айланып кетейин... Капар сагынган энесин көрүп, бооруна кысылган боюнча көзүнө жаш толсо дагы, жылмаюу менен жан берди... Сапар, Капардын жылуу колун кармаганда анын көзүнө да жаш толуп, жылмайган боюнча кете берген алыс сапарлыкка... Көз ирмемде эки адам, эгиз көз жумду. Сапар биринчи төрөлүп, жарык дүйнөгө ыңаалаганы менен салам берген. Он беш – жыйырма мүнөттөн жарыкка дүйнөгө келишсе Сапардын алыска сапарга кайыл болгондон кийин жыйырма минуттан кийин Капар дагы кетти. Сапар биринчи төрөлгөнү менен кийинки төрөлгөн Капар энесинин кучагына биринчи кысылып, эне сүтүн ал баштады эле. Бири – биринин аяган, катып койгон шоколадды эки бөлүп жеген экөө бирдей ооруган эгиздер бир күндө, бир окуядан каза болушту. Канчалаган адамдар көз жашын төгүп аман алып калабыз дешти. Жок, жок, алар кетебиз дештиби, эл – журт менен коштошуп кете беришти. Эгиздердин сөөгү Масы – Кочкор-Ата жолуна коюлуп уламышка айланды. Сапар... Капар... Кайыр кош...

Күндүзү тирүүлөр ыйлап сыктаса, коюлган көзгө көрүнгүс караңгыда кепининде аркы – терки тынчы жок арбактарда тынчтык болгон жок. Алар дагы эгиздерди кабыл алгандан да кыйналды окшойт. Ажал ушунчалык катуу бороон – чапкын шамал менен аян болуп келип алты жаштагы балдарды алып кетпедиби. Буга ким күнөөлүү. Баарын күнөөлүдөй көрөбүз. Жадаганда, Жараткандын ! – жаратканынан да алганы тез болду деп аны да күнөөсүн көтөрөбүз. Мүмкүн пенделер күнөөсү жок периштелерди күнөөгө жыгып пендечилик кылды. Артында бир күндө, бир саатта, бир мезгилде эки баланы берсе, аларды периште катары, көргөн жокпуз. Периштеси ошол адам

болуп асман да. Жамандыкы жакшыга тийдиби. Жамандын жакшысын алып, аладын көз жашын көлдөй төктүрүп, экөөнү каалабасаң жалгыз баш бол дедиби. Сенин мага керегиң жок, бергенин булгабай алам деп, – Кудай таалама жакшысын кайра алып алдыбы. Жалгандан, чынга өткөнү ушул болуп жүрбөсүн. Өкүм эгиздерди ичине көтөрүп, катылган катмар кол тийбес тонунда томуктай жашынып жаткан балдар бар эмес беле. Ачыла элек сандыкта бычыла элек кундуз бар. Тон жарылып, кундуз бычылып, такым ачылып ыйык эгиздер жарык дүйнөгө чыкпады беле... Өкүм, Махмуд кандай бактылуу эле. Балдарды көргөндө бүт ааламга Эгиздер! – деп кыйкырбады беле. Махмуд эгиз төрөткөнү үчүн баатыр сезбеди беле. Өкүм ошол күнү апа болду беле. Анда алардын Хансарайы эмес жашаган жеринде көрпө, көчүккө коёр төшөгү да жок болчу. Үй – бүлөнүн, чоң ата, чоң эненин жакшылыгы эгиздерде эмес беле... Мындайда жер үстүндөгү пенделер эмес, жер астындагы арбактар дагы тилешет. Бүгүн эгиздер жок, эки кабаттуу Хансарай бакты алып келеби... Бүгүн балдар жок, бапыраган байлык бакты алып келеби... Балдардын күлкүсү жок, арак – шараптан чыккан каткырык келечек болуп береби... Короодо ойногон эгиздер жок, ойноштордун оюну көңүлдү ачабы? Эми эмне болду... Пендечиликтин көрү...

## ...Көр...
## II

"Алты саның аман болсун" – бул элден чыккан кеп. Кеп келгенде айтпасаң, анын атасы өлөт. Кеп кылгандардын түпкү теги тагдыр. Тагдыр тастыктаган соң, ушинтип бир сөз менен айтылып, урпак учугун улап, муундан – муунга тарап, атадан – балага өтөт. Сөз жөн жерден айтылбас,

сабак болсун. Сабакты да баамдаган, кыраакы киши алат. Бир кеп кылынган сабак бардыгына эле жете бербес. Ошондуктан, омураӊ калган дүйнөдө омурткалары сынып, белдик үзүлүп жатпайбы. Кеп – сөз көӊүл бурар жан бар бекен деп, кейип да кетесиӊ. Илгери көзүӊ тиет, балдарды көп караба деп кемпирлери абышкаларын урушуп калчу. Балдарын көп карабай, атүгүл мактап балдарына жакшы сөз да айтышчу эмес экен. Өз балдарын мактап, жакшы көрүп өөп да койчу эмес. Өзгөчө мындай көрүнүш эркек адамдар да көп байкалаар эле. Аял киши да эркек адамга жаман сөз айтмак турсун, өйдө карап сүйлөчү да эмес экен. Ургаачы жан эркекке жаман айтып акарааттык кылса, ал турмушка чыга элек болсо бактысыз, эрге тийсе эринен ажырап жесирлик башына келчү дешет. Ошондой эле кыз баланы эркек тепсе туяксыз, аял кишиге кордук көрсөтсө кыз баласыз өтөт деген кептер көп айтылып калаар эле. Азыр антип кулактын – кужурун алган абышка – кемпирлердин көздөрү өтүп кетти. Кырк үйдөн тыйчу карылар жок. Аялдары эркектерин "Эшек" дегенде, өз аялдардын эркектери "Жалап" дегенге өтүштү. Бардыгы бат: уруш – талаш да, карым – катнаш да, бактылуу болуу да, ажырашуу да, жетишүү да, ашынып кетүү да бат. Ылдамдык кетип бараткандыктан эмне кыларын билбей калгандыктан эл башкарган падышалардан да ыйман кетти. Бири аялын башкара албай калса, экинчиси адамда эки бөйрөк бар экенин билбей калса, үчүнчүсү мас болгондон баш айланабы же оорудан баш айланаарын ажырата албай калды. Көр дүйнө.

Мектепти он жыл окуган окуучулар акыркы экзаменин берип, орто окуу жайды аяктап жаткан учуру. Акыркы коӊгуроо кагылды. Акыркы экзамен күнү да бүтүп, мектептин да күнү бүттү. Алтын уядан учкан чабандестер, турмуш жолунда кандай чабалактайт, аны турмуш

өзү көрсөтөт. Мектептеги билимиң бул билимдин гана фундаменти эмес, тагдырдын да фундаменти. Эрте туруп сабакка, эрте келип бала чагыңдан, жумушка да эрте туруу эмне экенин түшүнөсүң. Алгачкы коомго аралашканың мектеп эмеспи. Турмуш мектеби да каныканыңа жараша болот. Мектептен эки деген баа алсаң эч нерсе эмес, турмуштан эки деген баа алсаң турмушуң тагдырга айланат. Мектеп улагасынан алган таалимиң, турмуш уландысы ошол пайдубалга жараша...

Акниет баарынан эрте чыгып, экзаменде берилген суроолорго жооп берип үйүнө баса берген эле. Экзамен Тарых жана Коом таануу сабактан болгон. Акниет жакшы окугандыктан Тарых сабагынан өзүнүн окуган классташтарына да сабак берип коёр жагы да болоор эле. Ага тарыхтан берген агайы да уруксат берип койчу. Жакшы окуган кыз, сүйлөгөн сөзүндө мөрү бар эле, сөздөрү ордунда, чогу окуган балдар – кыздары да ал сабакты айтып жатканда кунт коюп угушаар эле. Акниет сабак берет деген сөздү укканда Акниет үчүн сабак берген агайын да мактап жиберчү. Эки көзү бакырайган, кирпиктери узун артка атайын буруп койгондой ийилген. Маңдайы жарык. Өзү дагы маңдайын ачып, чачын тысырайтып артка тарап, узун экенин билсин дегенсип белине жеткирип өрүп койчу. Мурду жайык болгону менен өзүнө жарашып ак жумал жүзүн ачып турчу. Жаңы өсүп келеаткан алмадай болуп тоголок жүзүнүн ортосунда кызылы кызарып турчу. Боюу орто, кандай кийимди кийсе келбетине чыгып, келишимдүү көрүнөт. Айылда жашаса да, тазалыгынан шаардык кыздай көрүнчү. Тарых сабагын баягы эле жаны тынбаган, журналист Өмүр берчү. Өмүр журналисттик кесипти аркалаганы менен айылда журналисттик жумуш орду жок болгондуктан тарых сабактан берип жүргөн кездеринин бири. Окуучу кыздар Өмүрдү жакшы

көрүшөт. Жаш агайга кат жазган күндөрда болду. Өмүр билимдүү, жылдыздуу болгондуктан деле, жакшы көрүнчү окшойт. Өмүр окуучусу Акниетке ишенет. Акниет дагы агайы Өмүрдөй болуп боорукер, чечкиндүү болгону үчүн өзүнүн окуучусуна сабак өткөнгө уруксат берип, жол ачты да. Ушундай кылган кылыгы үчүн Өмүрдү мектептин директору, завучтар урушпай коймок беле, урушуп педсоветке салган күндөрү да болду. Өмүр келечекте Акниеттин мугалимдин чыйыр жолуна эмитен сабак өткөзүп даңгыр жол ачып бергиси келген. Өсүүчү кадр сабак өтүп жатып сабак алат. Өмүр аны терең түшүнөт. Муну туура түшүнбөгөндөр да болбой койгон жок. Жадаганда, Акниет менен кошо окуган курдаштары да түшүнбөй агайына жабыштырып, агай Акниетти жакшы көрөт деп да жүрүшпөдүбү. Адамдарда ар кандай түшүнүк бар. Кээ бирөөлөр бала кезинен ичи тарлыкка, көрө албаска тарбияланса, бирөөлөр жанагинтип өз турмушун бала кезинен түзөт.

Айылда колунда барлар бул башкармалар, Райком, Райисполкомдун балдары. Ошолордун балдары тың, көтөрмөлөнүп турар эле. Акниет жөнөкөй үй-бүлөдөн. Апасы мектепте пол жууйт. Атасы банк кайтарган кароолчу. Өмүрдүн эки жылдык мугалим болуп жүргөн окуялары. Тарыхтан сабак берип жүрүп баскан изин таптоодо. Окуучу балдар – кыздар келип, Акниеттин үйүн такылдатышат. Класста жыйырма төртокуучу. Анын жетөөсү бала, калгандары шагыраган кыздар, онунчу -А класс. Ал учурда сегизинчи классты бүткөндөн кийин көбүнчөсүн кесиптик лицейге ПТУга айдап коёр эле. Жакшы окубасаң слесарь, маляр, шопур бол дегендей. Мына класстагы жыйырма төрт окуучу тең, Акниет өзүнүн билими менен алган бааны сүйүнчүлөп келип алышкан. Өзүнө ишенген Акниет алдын – ала эле билген Ошондой эле честный

Өмүр агайына да ишенет. Агайында калыстык бар. Акниет чурулдаган классташтарын көрүп сыртка чыгат. – Ой, бой, силерге эмне болду.

– Акниет сен тарых менен коом таануу сабактарынан "беш" алдың. Молодец, сен кийин окумуштуу болосуң. Ошону сүйүнчүлөйлү деп келдик. Көпчүлүк классташтарынын арасында жашырынып турган Марат сурулуп чыгып Акниетке роза гүлүн сунду. Гүлдү көрүп Акниет чоочуп кетсе, кызыл гүл көзүнө жакшы көрүндү окшойт, сүйүнгөнү сыртына чыгып, жылмаюусунан шурудай тизилген, аппапакай тегиз отуз алты тиши көрүндү. Тишинин бир жеринде да "курту" жок бардыгы таза. Чиркин "Акниеттин тазалыгы, тунуктугу".

– Ой, Марат сен мени ыңгайсыз жолго салдың го. Классташтарынын баары каткырып күлүп жиберишсе. Мараттын эки бети кызарып, колу – буттары калчылдап кирди. Уялганынан Марат качып кетпесин деп, колунан кыса кармап: – Марат сага, чоң ырахмат, кыздар: – биздин балдар кыздарды сыйлап жигит болуп калышыптыр. Келгиле бир жерге барып отурабыз. Марат Акниеттин айтканына сүйүнүп, эмне кылаарын билбей турганда Акниеттин айткан сөзү ага дем – күч бергендей.

– Классташтар, бүгүн биз, бири – бирибизди акыркы экзаменден кийин акыркы күнүбүз. Келгиле биздин үйгө отурабыз.

– Марат, сен кызыксың, мен айтып койсом эле макул боло бересиңби, ата – энеңден биринчи сурабайсыңбы.

– Алар уже макул болушкан. Кечки саат жетиде биздин үйдөн жолугабыз.

– Опей, кайдан айта калдым эле. Кыздар силердин ата – энеңер кантет. Бардыгы чурулдап : – Бүгүн биздин акыркы жолу классташтар жолугуп жатканыбызда баарыбыз Мураттын үйүнө барабыз. Классташтардын

арасынан Кумар көрүнбөгөндүктөн, ал далдаңдап чуркап келип калды. – Эмне мага айтпай кетип калдыңар. Нары жактан чачы тармал Айым Кумарды карап: – Өзүң каякта жүрөсүң, бизден бөлүнүп, бүгүн кечинде Мараттыкына барабыз, аны укпай калдым дебе. Баарынын көзүнчө айтып коёюн. Акниет, Кумарды балбылдаган эки көзү менен тиктеп: – Кумар уктуң да Мараттыкына барабыз.

– Ооба барам, эй Марат дос, чын эле сеникинеби?

– Ооба деп жатам. Акниеттин айтканы, дегени класс-таштары үчүн закондой. Классындагы Кумар, Дадаш, Акылтек, бейбаш балдар дагы классном Акниетке баш ийип калышат. Бардыгы Акниетти жакшы окугандыктан жакшы көрүшөт. Марат менен Кумар жакшы көрүшкөндүктөн агайы Өмүрдөн  да кызганышат. Акниетке Өмүр адам, мугалим катары жактырмайы бар. Өмүрдөн сабак алып, турмуштук тажрыйба да алгысы келет. Акниет агайынын кабагы бүркөлүп калса, ден – соолугун сурап коймой жагы да бар. Кумар менен Марат Акниет үчүн бири – бирине атаандаш, мушташка даяр. Марат айткан сөзүнөн уялгансып, айтор аткарганга аракет кылат. Кумар баардык нерсеге тез жеткиси келет. Куу бала. Өз максатына өзүмчүлдүк, жамандык  болсо да жетсе болду. Адамды пайдаланганды жакшы көрөт.

Мараттын үйү. Марат айткан сөзүнө туруп класстардарын үйүнө чакырды. Акниет Мараттын үйүнө барып жаткандыктан классташтарына айтып, Маратка механикалык сары түстөгү саат алып алышкан. Саат жебеси да, будильниги да бурама. Артынан бурап жем берип койсо жумалап иштей берет. Батареянын деле кереги жок.

Шуулдаган чамкарактап келген классташтар жерге көрпө – көрдөлөң салынган дасторкон үстүнө отурушту. Байкуш ата – энелер Марат баласынын окууну бүтүп жатканына сүйүнүшөт. Каалоо – тилектерин айтышып,

кубаныч күн. Ары мектептен кутулдук дегендери менен аларды турмуштун катаал жолдор күтүп турушкандарын кайдан билишсин. Марат менен Кумардынаңдыгандары эле Акниет. Ичинде кири жок Акниет Мараттын убара болуп,ата – энелерин кыйнаганга капалуудай. Акниеттин мүнөзүндө акыйкаттык менен турмуш жүрсө... Бирөө бирөөнүн эмгегин жебесе. Анан Акниеттин өжөрлүк кыялы бар. Кылам дегенин кылат. Колунда жокторго жардам бергиси келген эрки күчтүү. Түндө уктабай кароолчу атасын, колун муздак сууга салып пол жууган апасын аяганы аяган. Акниеттин ата – энеси Кечинде отуруп алышып пенсияга чыгаарыбызга аз калды деп эсептешкендерин көрүп алып, жетинчи класс кезинде ыйлаган жайы бар. Тилегинде чоңойсом ушуларды колума алып, багам деген кыялы бар, эңсеген. Бирок, классташтары үчүн ал лидер, колунан баары келген кыз. Классташтарын акырын айтып башкарып да коёт. Ошондуктан ага ашык болгондор арбын. Өмүр дагы ата – энеси өтө жөнөкөй экенин билбейт. Кызыгып сурагандан деле эмес. Билсе класс жетекчиси билгендир.

Кумар Акниетти бийге чакырат. Акниет макул болуп жай музыка вальс бийлешет. Кумар, Акниет менен бийлеп жатканына сүйүнүп, кубанычка баткандай. Эркек колун кармаган Акниет дагы классташтарынын көзүнчө ыңгайсыз абалда. Аларды көргөн Марат, үйүмө чакырган мен болсом, Акниет эмне үчүн Кумар менен бийлейт деп, ал таарынгандай. Марат улам бирдемени сурамыш болуп кирип чыга берет. Же чыккан эшигине көпкө турбайт. Киргенде да эки көзү шак эткичекти Кумар менен Акниетке атылган. Атылган көз Акниеттин белиндеги Кумардын колу. Үйдүн ээси Марат жактырбай жатканын байкап калган Акниет музыка бүтөөр менен Маратка кайсы бир шылтоо менен жанына басып келет. – Марат,

настроение кандай, байкуш классташтардын көңүлүн көтөрүп койдуң, кийин ушул күндү айтып жүрөбүз. Мунун баарын угабыз, көрөбүз кудай буюрса. Марат ачуусу менен Акниетке кыйкыргысы келди. Мараттын ойу боюнча "бардыгы Акниет үчүн" болуп жатканын түшүнбөйт. Жакшылыкты билбей жатат. Акниет келет деп кандай тилек кылды эле. Тилегин таш каап, Кумар менен бийлеп жатат. Акниеттин кылган кылыгы ушулбу... Акниет Мараттын көңүлүн карап: – Бак – даракты жакшы тигип, бакча кылып алыптырсыңар. Эшигиңердин алды жакты. Марат үчүн бүгүн көргөн күнүң эртең жок болуп, эртең кеч болуп калчуудай. Акниет айткандай, ал чоңойуп, бүгүндөн баштап мектепти аяктап, турмуш жолуна түшөөр алдында жигит болбодубу. Жигит сөзүнө бекем, чечкиндүү кадамга барыш керек.

– Акниет, караңгыда алма көзгө көрүнөт. Азыр быша элек, бирок жаштыгы, жаңыдан түйүлгөнү көзду кызыктырат. Алма сонун. Жүрү алма бакка басып келбейлиби.

– Мейли, мактаган алмаңды көрөйүнчү.

– Мактанбай эле, жөн эле бакча аралап басалычы. Марат чечкиндүү сүйлөп жибергенине, өзү таң калып, кандайдыр – бир күч жардам бергендей. Мүмкүн, Акниеттин руху жардам бергендир, же экөөнү тагдыр байлап тургандыр. Класском болуп Маратка сүйлөп калган Акниет мейли деп айтып алып, кайра өзү уялып кетти. Мурун классташы Марат болсо, мында андан айбыккан эркек өңдөндү. Чоочуп эркек менен жаңыдан сүйлөшүп жааткансып, тартынгансыды. Өзгөчө жазыккан караңгы алма бакка киргенде Мараттан коркуп, сүрдөп кирди. Оозу башы дирилдеп мукактана баштады. Ичинен бул алма бак эмес эле бирөөнүн багын аралап, уруулук кылгандай, кармап калчудай болгон жайбы? Ушундай өөнсүз суроо Акниетти алеки – мүнөттө кыйнап жибергенсиди. Марат дагы

бакты аралап баскан сайын окуучу экенин унутуп, а түгүл үйдөгү конокторун да жокко чыгарып, бир гана Акниет жанында жүргөнүн сезгендей болду. Сезим серпилди. Жүрөк алоолонуп жанып, ичтен өрт чыкты окшойт. Ал сырттан сөз чыгып сүйлөп бараткнына эмес, ичиндеги жалын менен күрөшкөндөй. Акниет өзүнө өзү таң калып, аз жерден буту тушалып баспай калчуудай. Коркконго кош көрүнүп, экөөнү классташтары көздөрүн албай карап тургандай. Караңгы. Акниет үчүн бак арасында баскан жолу көрүнүп жарыкчылыкты көргөнсүдү. Эмнегедир Марат экөөнүн жолу ачылып, кимдир бирөө жетелеп багыт бергендей.Караңгыдагы бак арасындагы жарык жолго, тээтиги асмандагы миңдеген жылдыздардын жарык берген жарыгы тийгендей. Бүгүн класском Акниет жок, жанындагы аны башкарып бараткан жол көрсөткүчү. Ал баш ийип Маратка моюн сунгансыды. Эртеле берилип, бекем кармаган Акниет бекемдигинен тайыгансыды. Акниетти бирөө артынан келип түртүп жибергенсип, түркүккө чалынып Маратты кучактап калды. Араң бараткан Марат, атайын Акниет кучактагансып Марат өөпкүлөп кинодогу көргөндөрүн карматып оозунан өөп кирди. Акниет от менен жалын болуп, кучактаган колун тартканга күчү келбей, алсырап алсыз, өмүрүндө эмне деген шумдук болуп кеткенин өзү билбей, өзүнө – өзү ээ болбой, жабышкан денеси жылбай, табигаттын таттуу туюму күчүнө кирип адамзаттын эркек – ургаачы ааламы алпурушуп калды... Күрөш... Сүйүү күрөшү...

Бир кездерде сөз сүйлөмөк турсун жанына бара албаган Марат, бүгүн ал күчтүү. Алдуу, алсыз Акниеттин сезимин козгоду. Шуулдаган, сыдырым, соккон шамал жүрөгүндө да орун алды. Караңгыда Акниеттин сулуу, жарык өңүн көрбөсө да сезими менен баарын туюп турду. Аларга бири – биринин өңүн, көзүн, оозун, чачын көрүү

эмес, сезимин сезгентип сездирүү болду. Көзүн сүзүп, жүрөгү токтоп бараткан Акниет, Маратты түртүп жиберди. Тердегени башына чыгып, ысып чыккан Марат ордуна жылбай туруп калды. Үн – сөзү өзүнүн уяты чыдабай, уялган Акниет чуркап үйгө кирип кетти. Муздак сууга бети башын жууп, суудан куркулдатып кружка менен ичип Марат конокторуна кирди. Коноктор экөөнү издеп калышыптыр. Кумар эшиктен кирип сенин кылаарың ушул беле дегенсип Акниетти жаман көзү менен карайт. Мындайда албетте, көзгө биринчи кыз бала көрүнө.. Чынында эле бүгүн Акниетке эмне жин тийди. Жакшы окуучунун сезими окууну бүтөөрү менен козголдубу. Ким шаштырып жатат. Маңдайдагы жазуусу, бешенеси ушундай башталат беле...

***

Өмүрдүн өткөн – кеткенди эстеген күнү. Келечек бул үмүт, умтулуу болсо, өткөн күндөр бактылуу күндөр. Артка карап калчайсың эмне деген бактылуулук өткөн. Сенин ыңаалап жарык дүйнөгө келгениң. Кас – кас туруп, тамтуң – тамтуң этип алгачкы кадам таштаганың. А, тамгасын үйрөнүп мектепке барып, коомчулукка кошулганың, ааламга бет алып билим алганың. Ошол билимиң менен турмуштун кенчине кирип, жогорку билим адистиктигине жетишкениң. Айтор, кыйынчылыкты, жакшылыкты да көргөнүң, аны жеңгениң да бактылуулуктун даамынын татымы. Жеңилүү болмоюнча жеңиш болбойт. Сөзсүз түрдө жеңиштин алдында жеңилүү турат. Жамандыкты жакшылык жеңет. Ыйдын артында кубаныч турат. Ураалап, кубанычың койнуңа батпай турса да кыйынчылык келээрин унутпай ага даяр турушуң керек. Мына ушуга окшогон баскан іздерди эскерсең бирде күлөсүң, бирде ыйлайсың, бирде өкүнүү, бирде ырас эле кылыптырмын десең, бирде кудай чоң сактаптыр деп кудай бар экенине

ишенесиң. Анткени өмүрдө өң Z– дөңдү карабаган көз жеткис турмуш, да турат эмеспи. Адам төрөлгөндө эле тагдырлуу болуп төрөлөт. Өз камчысын өзү чабат. Байкуш көчөдө калган көчө адамдары, бомждар да таң азан беште туруп ачык таштандыдан тамак таап жешет. Ал убакыттан кечигип калса, тамагын бирөөгө тарттырып жиберчүүдөй. Эх чиркин, тамактын таттуулугу. Ойлоп, ойго терең батасың, ошол бомждар үчүн, кудай бар экени ошол экен да, көчөдө калган адамдарга ден – соолук берип койгонун. Дегиле ден – соолуктары бекем болсунчу. Алар дагы адам да...

Адам – бул адал жан. Адалдыгынан жазбаса. Бири – бирин адал, арам деп бөлбөсө. Адам – акылдуу. Акылдуулугунан кайтпаса. Колунда бар, колунда жок дешип бөлүнүп калышпаса. Коомчулукта кайырчылар көбөйбөсө. Кайырчылар акча сурабай деле калышыптыр, көбү таштандыдан тамак жеп калышыптыр. Жазганып, күткөн жерлери ошол таштанды. Өмүр, таңкы жети жарымда жумушуна кетип баратса, жол бурчундагы таштандыдан славян улутундагы кемпир кесмени оозуна алып жеп жатат. Тегеректеп турган иттер аны талап жиберчүүдөй болуп үрүп алышат. Ит менен адам тамак талашып таштандыдан сүрлөрүн көрсөтүп жатат. Иттер да ачка, аял киши да ачка . Карап, боору ачыган Өмүрдү көрүп өтүп бараткан кесиптеши:

– Өмүр аларды эмне карап жатасың, эмне ит менен талашып жеген орус кемпирди эми көрүп жатасыңбы. Аны балдары таштап Россияга кетип калган. Өзү тентип калды.

– Мен курсагын эптеп тойгузсун, анан чөнтөгүмдө болгону элүү сом бар экен ошону берип коёюн деп жатам.

– Ой Өмүр, сен кызык эле адам экенсиң, эмне кыласың ага берип, ал эмне арак ичип алат.

– Эмне кылса, ошол кылсын мен аны менен ишим эмне берсем болду.

– Капырай, капырга да акча берет бекен, андай капырлар биздин коомдон тазаланышы керек.

– Биз коомубузду ушинтип карабай, жардам бербей, кичине болсо да
өмүрүн узартпай тазалашыбыз керекпи.

– Сен Өмүр түшүнүгүң тайкы, артта калыптырсың. Сени менен айтышкыча жумушка эртерээк барайын. Өзүңдүн айлыгың өп – жап болуп эптеп жетет анан жардам берем дейт. Эртең сен деле ушунун кейпин кийип калышың мүмкүн. Азыр заман ушундай. Кимдер бай? Билесиңби, шайлоого катышкан Президент анан Депутаттар бай. Андан көрө бир талапкерге ишенимдүү адам болуп ал. Мен кеттим. Сен карап отура бер.

Айтчу сөзүн айтып кеткен Өмүрдүн кесиптеши туура кеп козгогондой. Чынында эле элде айтылып калган кеп бар. " Шайлоо болсо кыштан аман – эсен чыгып эл акча кылып алат" – деген. Бул кадимкидей чоң аталарынан калган кептей уланып келеатат. Эгемендүүлүк алгандан бери ушул кеп замандын макал – лакабы болуп калгандай. Баягы илгери Союздун " Мени Өкмөтүм багып алат" – деген кептин ордуна ушул басты окшобойбу. Ар бир замандын кеп – сөзү болот тура. Өмүр ага да кошулганы менен өзүнүкүн бербейт. Анткени, анын өзүнүн көз карашы, паралап жиберсе эле позициясын өзгөртө жиберчү Өмүр эмес. Коом бузулду деп, баары оз карашы жок көр атыгып жетелеме болуп калыш керекпи. Бул орус кемпир дагы ачык турмушун көрсөтүп жугундуну жулкунуп ичип жатпайбы. Ал эми жанагинтип шайлоону күтүп, алардын тамагына алданып, көз караштарын жоготуп, позиция эмне экенин түшүнбөй, ким тамак берсе, акча берсе ошонуку чын боло берсе... Акчалуу талапкердин тамагын аңдап

ичкендер кыргызча айтканда " Жугундукорлор" ошолор эмеспи. Илгери төкмө акындар бай – манаптардын тамагын аңдап жегендерди " тамагын аңдыган дөбөттөр" – деп ыр ыргагына салып төгүп жиберчү экен. Кайран, ыр сабындагы сөздөр, төкмөдөгү жамактар кандай курч айтылган. Оозуңдагы кебиңди бирөөнүн тамагына салып бербе. Эмгек кылсаң ээринге салчу тамак табылат. Эмгек кылгандан эринип, жеңил – желпи жегенге умтулсаң, ал шайтандын иши, ага бат көнүп көнүмүшкө айланып калса, андан чыга албай, ойлогон ойуңду ойрон кылып, көз карашың көздөй болбой көр оокатка киргениң ошол. Сөзүң, ойуң, баамчыл болсоң, коомчулуктан өз ордуңду табасың. Ал үчүн үзүлбөгөн үмүт, акыл күрөштүн чыңалуусу, чыйралуу оңдой сезилет...

Өмүр төгүлгөн жугунду тамакты жеп жаткан орус кемпирди тиктеп карап турганы менен көзү көргөн жок. Ойго баткан. Батканы эмне, бир бабушканы карап туруп, коомдуу, мамлекетти, чөйрөнү, адамдардын пейлин, сөздөрдүн заманга жараша алмашканын, көз караштардын өзгөргөндөрдөн бери көз ирмемде ойлонуп кетпедиби. Ушунча ойду, ойдун күлүгүнө салып, көз чаптырып жиберсе, чамкарактап ала качкан ой, көз тиктеменин нугун жоготуп койду. Бабушка жугундусун жеп, ашказанына тамактын жугунун калтыргансыды. Курсагы тойгондон эми эсине келгенсип, мени көрбөгөн кыяз кылып айлана – тегеректи тиктеп койду. Түштөн кийин уялгансыды. Тикирейип көзүн албай тиктеп турган Өмүрдөн уялгансып, таштанды ящиктин артына башын ийип, көрүнбөй кетип калганга аракет кылды. Бөкчөйгөн бабушка огош бетер бөкчөйүп, жашырынып он метрдей жылып, таягын тике кармап анан өз басымына келди. Ойго батып көзү көрбөй калган Өмүрдөй кейиптенип, Бабушка дагы ачкалыктан көзүнө эч кимди илбей келет. Качан карыны тойгондо уят

– сыйытка келет. Кайсы убакыт болсо да Союз учурунда жакшы кызматка иштеген өңдөнөт. Ачкачылык өкүмүн көрсөтпөсө абири бар бабушкадан мүмкүн, өзү да өз учурунда, ушинтип жугунду жеп калам деген ой, миң уктап турса да түшүнө кирбесе керек. Эми эмне кылат турмуш ушуга алып келди да. "Өкмөтүм багып алат" – деп жашаган кемпирдин чырагында үмүтү үзүлүп Өкмөттү бакмак турсун өз көмөгүнө тартып, мындай "бабушка" үмүткөрлөрдүн нечениң көчүккө тээп койбодубу. Жугунду жеген бабушкалар арбыды, денесин саткан кыздарыбыз көбөйдү. Анан кантип көрүп турган көзүң, ойго батып көрбөй калбасын. Ойдон да турмуш күлүк...

Чаң сапырылган шамал келип, Өмүрдүн бетине бир чапты. Тикирейген тиктемдеги Өмүр чочуп, бети – башын кыймылдатып, жаман түштөн бирөө ойготконсуп чоочуп, өзүнө келди. Өмүр дагы минтип туруп калганын бирөөлөр байкагансып, аларга аянгандай түр көрсөттү. Эки бетин өзү чапкылады. Баягы карыган бабушка жок. Таштандыны караса, каранын жоготуп бараткан бабушканын басымы бат. Бирөөдөн качып, же артынан кубалап бараткандай. Ооба, чындыгында байкуш бабушка көзүн албай караган Өмүрдөн уялып калгандай. Уялды. Уяты чыдамын кетирди. Басымы, арышы жай болгону менен бат – бат тыкылдаган таягынан билсе болот, бат басып бараткандын. Анын баскан басымы эмес, тыкылдаган таягы тык – тык, тык – тык этип бат – бат болсо, демек кемпирдин бат басып бараткан сезими. Тыкылдаган таяк добуш, үн, жүрүш, ал күч, жөлөк – өбөк, таяныч дымак, өмүр берет. Таягы жол көрсөтөт. Жыгачтан жасалган таягы болбосо, ошол күнү ага жан берчүдөй. Ал таякты да бирөө жасап берген эмес, жолдон таап алган табылгасы. Ошол табылга таяныч болуп жетелеп жүрбөйбү. Таяк таянган байкуш бабушка. Артында келеаткан Өмүрдү көрүп бабушка

чочуп кетти. Таягынын добушу Өмүргө угулбай калчудай туюп, таягынын тыкылдаганын басаңдатат. Байкуш бабушка кайдан билсин Өмүр, ага тыйын берерин. Алчу элүү сом деле бабушканын эч нерсесине жетпейт. Өмүр деле кызык, элүү сом бабушка үчүн чоң байлыктан бетер артынан түшүп алганын. Ошол атаганын берип, Бабушканын колуна карматса, бүгүн чоң иш кылгандай, ансыз анда уйку жоктой. Эмнеси болсо да чөнтөгүндө болгон элүү сом акчасын бабушкага берип калуу. Элүү сомго көп болсо эки нан келет. Аны бабушка сарамжалдап канча күн жейт... Ким билет...Аттиң, Өмүрдө күнүгө берген элүү сом болсо кана...же, Өмүрдөй боорукер адамдар көп болсо... Эл камын ойлогон бийликтегилер болсо... Экономиканын өнүгүшүн машиналардын көбөйгөнүнөн эмес, бомждардын, денесин саткан кыздардын, жумушсуздардын көбөйүшүнөн салмак ташынан байкаса... Бул бабушканын трагедиясы эмес, өлкө трагедиясы...

Союз мезгилиндеги эркек жумушчулардын фуфайкасын кийген, шөлбүрөгөн Бабушканын аркасынан Өмүр жүрүп отурду. Өмүрдү байкап калган Бабушка – орус кемпир ансайын ылдам баскансыды. Өзүнө ылдам өңдөнгөнү менен бул жактагы адамга ылдамдыгы кайсы каада дейсиң карыган кемпирдики. Курсагы тойгон Бабушкага уят эми келдиби... Жалт – жалт караган боюнча эски кенедей болгон үйгө кирип кетти, жанында заңгыраган үй турат. Байкуш Бабушканыкы бир бурчка тыгылган кенедей болгон кепе. Кыязы,территориясын заңгыраганүй баштап, кемпир жашаган кепе кошулуп ушул орус кемпир Бабушканыкы өңдөнөт. Кийин бул колунда бар көпөстөр, орус кемпир Бабушканы "багабыз, карайбыз" – деп алса керек. Алгандан кийин Бабушканы карабай койсо керек. Кайдан көрдүм сары кемпирди кылып. Анын менчик территориясына кирип алып, аны тоок кепеге чыгарып

койгону, бул эмне деген адамгерчиликсиздик. Байкуш Бабушка бүкчүйүп чийки кыштан салынган кепеге кирип кетти. Бабушка үчүн алына жараша үй. Эмне кылат карыганда "Өкмөтүм багып алат" – деген Өкмөтү болбосо. Балдары заман шартына жараша чоң өлкөнү көздөп Россияга кеткен боюнча кайып болуп кетсе... Айла жок адам оозуна ушул сөз келет. Анан кантесиң, бар жогу билинбесе. Эй, заманың куркур, энеси эмес жатынынанжабышып, жылмышып түшкөн балдарыңды таштап коюп Россияга, Казакстанга кетип жатышпайбы. Азыр ким – кимге сын тагат. Энеңдесе, балаңды деген көр оокаттын заманы. Ошонун бир көз басар каарманы бабушка болуп жатпайбы. Бабушканын көргөн күнү курусун...

Өмүр, Бабушка жашаган кепенин ичине кирди. Эшигинин үнү да ачуу экен. Ачылганда чыйк – чыйк эткен добуш менен ачылды. Үйүнө эч ким кирбеген Бабушканын эки көзү алаңдап Өмүрдү тиктеп калды. Кызыгы, орус кемпир деген Бабушка кыргыздын түшүн жооругансып кыргызча так сүйлөйт экен. – Эй чунак бала, сен эмне келдиң. Сен кимсиң? Өмүр, бабушканын кыргызча сүйлөгөнүнө таң калып, бирок анын билимдүү адам экени байкалып турду. Эки тилди суудай сүйлөгөнүнөн эле билсе болот. Өмүр артынан кууп келгенине өкүнгөн жок. Анткени, ушул элүү сомду атаганына бербесе, жолу буулуп калчудай сезип алган. Же бабушка ушул элүү сому үчүн эртеңки күнү бүтүп калчуудай, кайра өзүн күнөөлү болуп каламбы деп эртеңки күнүнөн корккон.

– Бабушка, мен сизге элүү сом берейин дегем. Керегиңизге жаратыңыз. Бабушка Өмүрдү жаман көзү менен карап жактырбайт. Акчаңды албайм дегенсип колун жаңсап болбойт. – Зачем, мага акча бересиң, мен албайм, көрдүңбү Заңгыраган үйдү ошолор мени карайт. Ушул үйдүн короосундамын. Орус кемпирге эмне анда таштандыдан

тамак жеп жүрөсүңдеп айткан адам жок. Өмүр, бабушка албайм деп колун шилтегени менен эки көзү элүү сомго күйүп турганын сезгендей. Эски намысына кетип сунган колду суутуп жатканы. Советтин тарбиясы, советтин таалими.

– Чунак бала, акчаңды албайм, менин тамак жегенимди кечирип кой, экинчи жебейм. Сизге сөз берем. Ал сөзүм менин акыркы сөзүм болот. – Бабушка, мен аныңызды көргөн жокмун, Буга нан алып жеңиз. Колу – башын титиретип Бабушка: – Кантип, мен көрбөдүмбү, карап турбадыңызбы.

– Бабушка, караганым менен, мен көргөн жокмун. Өмүр, бабушканын уялып калганын байкап, байкуш орус кемпирди көп сүйлөтө бербейин кыяз кылып, элүү сомду жыгачтан жасалган күйүк столунун үстүнө коюп чыгып кетти. Бабушка акчаны колуна алган жок, бирок элүү сом стол үстүндө калды. Эх, Өмүрдөгү элүү сом... элүү сом...

***

Ак жолукчан жал – жалым. Ак жолугун булгап, айылдын ак топурактуу жолунда Акниет жаңыдан орто мектепти "эң жакшы" – деген баа менен бүткөндүктөн ага айылдаштары ак жолтилеп отурган учурлары. Жолуң ачылсын Акниет. Айылдын жолу чаң болгондуктан Акниет башына жолук салынып алат. Болгондо да жолуктун ак түсүн жакшы көрөт. Апасы Гүкүн "жолукту кыз бала салынбайт, келиндей болуп салынып аласың" – десе ага моюн бербей салынып алар эле. Аны менен орто мектепти бүткөн классташтары койкоңдоп, коюу чачтарын жөн коюушпай ары – бери жакка бурмалап, чачтарын жасалгалап, көбүртүп – жабыртып, басылганын бийик көтөрүп тармалдатып алышат. Тыкылдатып бийик такалуу туфли да кийип алышат. Акниет болсо узун мойнун ак

куудай созуп, тармал чачын көрсөтпөй жолук салынып алат. Бирок, канткен менен баш кийим жакшы жарашат. Өзгөчө ак жолугу жалбарып жароокер жан экенин көркөмдөп койгондой. Кандай кийим кийсе ага жараша берет. Ошондуктанбы, же өзүн жакшы билгенденби кийим тандабайт. Жазанып, сулууланып келген курдаштары да "сага кийимдер жакшы жарашат" – деп мактап калышат. Кудай талаам берген кереметтүү келбет... Кошуналары апасы Гүкүнгө " бул сенин кызың эмес, сага окшошпойт, муну таап алгансың" – деп тамашага салып коюушат. Гүкүн, үшкүрүнүп: – Иши кылса, кызым аман болсун, көпчүлүктүн көзү тийбесин, чоң энеси Маруса ушундай сулуу болгон деп айтып калышат. Ал тилди билген тилмеч, сөзү өтүмдүү, көпчүлүктүн ээсинде калган жан экен. Ошентип, Гүкүн дагы элдин сөзүнө кошулуп кайненесин да бир мактап алчу. Гүкүндүн үмүтү кызы Акниетте. Эмне кылат, сууга салып идиш – аяк жуубай, кызым билимдүү болсо дейт да... Акниеттин атасы Мамыт кароолчу болуп иштегени менен молдонун баласы. Айылдагы балдарды карап койсо көз тиймей жагы бар. Ушундайынан кичинекей баланы көп карай бербейт. Баланы көп да эркелете бербейт. Акниеттин кичинекей кезинде көп эркелете берчү эмес. Жалгыз кызын өөп жыттап, жаны калбай эркелетсе ага жарашмак. Кызынын окууну бешке бүткөн ийгилигине да кайыр кош. Бир гана амандыгын тилейт. Мунусун жубайы Гүкүн жакшы билет. Үйүнө келген кичинекей балдар чырылдап калса, күйөөсү Мамытты эшикке чыгарып жиберер эле. Бул сыр Мамыт менен Гүкүн экөөнүн ортосундагы сандык кутуча. Элге айткан менен ишенмек беле. Ушундай жупуну карапайым үй – бүлөдө касиет бар экенине ким ишенеэр эле. Мамыт эл көрүп акча тапса болот, бирок Мамыт андайды жаман көрөт. Гүкүн дагы жол бербейт. Маани, маңызга айылдагылар да

бере бербейт. Акниетти кудай талаам, periште кылып бергенине ыраазы. Кызынын сулуулугуна, акылдуулугуна эмес аман – эсен болушун тилейт.

Эшикти күнөстөп отурган Мамыт көзү жетпеген караанда бир сулуунун ак жолугун булгалап келеатканын көрүп, суктануу менен сулууга ашыга көз салып кечке карап калат. Гүкүн да эшикке чыгып Мамыттын жанына отурат. Мамыт сулууну тиктеп: – Тээтиги келеаткан сулуу кыз, айылга жаңы келген го кимдикине келген. Гүкүн өзүнүн кызынын караанын таанybай калганын сезип чочуп кетет. Гүкүн койнуна жаткан күйөөсүнүн даремет дубасын жакшы билет.

– Эй, Мамыт кудай ургур десе, эмнени баштап жибердиң, ата – бабалардын арбагы ургур, өз кызыңды таанybай, көзүң жетпей, көзүң түшүп калдыбы. Мамыт эки колун менен эки көзүн баса калып: – Менин көзүм кашайсын Акниет! Карааныңдан айланайын.! Гүкүн, мени кудай урду, өз кызыма өзүмдүн көзүм тийди окшойт. Кызымды мага көрсөтпөй башка жакка алып кетип турчу. Көзүм кашайды! кашайды! Гүкүн, Мамытты үйдүн ичине алып кирип, жолдо келеаткан Акниетти жолунан тосуп алып, айыл четиндеги булакка алып жөнөдү. Апасынын алып жөнөгөнүнө, күлүп – жайнаган Акниет түшүнгөн да жок. – Апа, сизге эмне болду, кайсы тарапка баратабыз. – Кызым, бети башыңды, кийимдериңди карачы, айылдын чаңынын баары сенде окшойт. Жүрү бети башыңды жууп, булактын жанына барып отуруп келеличи. Гүкүн, кызын ээрчитип бараткан булактын аты “Марш апа”. “Марш апа” булагы бул дагы көп балалуу энени атынан коюулган экен. Кичинекей кыз, беш – алты жашында эле көп балалуу болуп, балдары окуу жайды бүтүп интеллигент адам болсо деп тилечү. Жаштын тилегин берип, көп балалуу болуп, балдары окуу жайды бүткөндөн кийин жылчып

ийне көзүндөй аккан суунун көзүн ачып булак кылган экен. Мына ошол кичинекей кыз "Марш апа" турбайбы. Айылдыктар тилектерин айтып Марш апанын арбагы колдосун деп калышат. Булакты кечирбей жаман нерселерди таштатпай караган адамдар да бар. Бул да болсо тазалыктын белгиси, ичкен сууга түкүрбөө, таза кармоо, элдин ырым – жырымына айлангандай. Марш апанын булагына келген Акниет ак жумал жүзүн жууп өзүнүн жүзүн көрүп, суктанып алды. – Апа, караңызчы, мен кандай сулуумун. Гүкүндүн бүткөн боюу дүркүрөп, денесине муздак суу менен башынан ылдый куйгандай. Селт этип кыймылдап кетет. Мүмкүн атасындагы касиет кызында да болуп, өзүнө өзүнүн көзү тийип жүрбөсүн. Гүкүндүн ойуна эмнегедир жаман ой келе түштү. Акниетке билгизбей жаман ойун  жакшы жоругусу келди. – Акниет өзүңдүн өңүңдү көрбөй жүрдүң беле. Бүгүн биринчи көргөнсүйсүң да. Анан жаман эле мактанчаак кызсың. Жүрү кеттик, атаң бизди күтүп калды окшойт. Акниет тунук булактан жүзүн албай: Карачы апа, булак кандай тунук, күзгүдөн да жүзүңдү мындай тунук  көрсөтөт. Мындан кийин сууга келгенде ушул булактан өзүмдү көрүп турбасам. – Кызым, анчалык эмнеге булакка көзүң түшүп калдың, эмне булакты эми көрдүң беле. Акниет апасы айткандай, булакка көзү түшүп калгандай, ага суктанып, экинчи булактын көзүн көрбөй калчудай, тунук суу башынан кеткиси келбегени байкалып турду. Күндүн нуру да булакка чагылышып, булактан чачырап нур берип тургандай. Көк мелжиген алыстагы асманды да мөлтүр булак кол сунганда алаканга салгандай жакындаткансыйт. Адамдын өңүн тазалап, жүзүн агартып ого бетер сулуу кылып көрсөтүп койгондой. Бирок тунук, мөлтүр, бардыгын бирдей көрсөткөн таза суу. Айылдагы нечендеген адамдардын өмүрү ушул булакка байланды. Канчалаган сагынычты

пайда кылды. Айылын сагынгандар ушул "Марш апа" булагына келишет. Бир кездерде Акниет да ушул күнүн эстеп кимдир бирөө менен булакка келип сырын айтаар. Сырдашкан, сырды ачкан, жолуккан жолугушууну эңсеген, сүйгөн, сүйүүнү эңсеген булак. Бул "Марш апа" булагы айылдын тарыхы, келечеги, үмүтү, тилеги, эңсегени. Алаканыңды жууган чаң жугузбас суу башы... Бир калыпта тазалыгынан жазбаган жаратылыштын жакшылык жышааны. Булактан өмүрдү, жакшылыкты күтөсүң. Суу өмүрү узун болсун, анткени бул булак канчалаган адамдардын өмүрүнө күбө.

***

Сөздүн баркы адамдардын кылган кылыктарына жараша кетти. Кылгылыкты кылган адам да, кантип сөзгө бекем болуу болсун. Ал биринчи кылат, анан жооп издейт. Ойлонбогон иш. Кыйынчылыктан намыстуулук кетти десең, акчалуулардан намыс кетип жатканы өкүнүчтүү. Ошолордо кептин маңызы кетип жатпайбы. Байкуш Бабушка, элүү сомду алгысы келген жок. Ал акча алганды "пара" берүү деп ойлойт. Анткени өзү иштебей бирөөнүн акчасына жашоо ушундай аталган. Жугунду жесе да бирөөнүн эмгегин жебей, таягы менен басып эмгек кылып жеп жатпайбы. Эч кимге көз каранды болгусу келбейт, акча бер деп сурагысы келбейт, өлсө дагы мени көм дегиси келбейт. "Жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт" – болуп, Бабушка байкуш болсо да өлүгүн эч киге көрсөткүсү келбей, арыкка кулап жатып чиригиси келет. Бирок, адам болуп адамдардын арасында жашагандан кийин көрүнгөн көз алдыда. Жалгыздыктан тажады, Кепесинен тажады, аны караган адамдардан тажады, жугундудан тажады. Керек болсо, жардам берген Өмүргө окшогон адамдардан да тажады. Анткени, карыган бабушканын коомго эмне

кереги бар. Өкмөтүм бар деп ишенген кожосу таштап койсо, тууган эки баласы карабай кетсе, кимге ишенет. Ишеним жок, жашоо жок... Жугунду ичкен бабушка үчүн стол үстүндөгү элүү сомду алуу кыйындыкка турду. Бала кезинен бирөөнүн эмгегин жебеген Бабушка өзүн адам катары көрбөй, башын жерге салып, басынып турду. Караңгылыкта кайдан Өмүр көрүп калган...

Орус кемпири Бабушка Галина Васильевна. Минтип таштандыдан тамагын таап жеген бабушка Союз мезгилинде интелегенция чөйрөсүнө кирип, аны менен сүйлөшүү баарлашуу өзүнчө эле жарандарга кадыр – барк алып келген. "Мен бүгүн Галина Васильевнага кир ип, маселемди айттым, мени кабыл алды" – деген адамдар көп учурар эле. Канчалаган кызматкерлерди, жумушчулар кабинетине кирүү үчүн кезек – кезекке турар эле. Айтылган меселелери оңунан чыгып калса, сүйүнгөндөрү – кубангандары канча болду дейсиң. Тыкырайып кийи нгени, тасырайтып чачты төбөгө түйүп, журум – туруму тың – тырс эле. Ошого үмүт кылгандар канчалаган дейсиң. Райондун татыктуу кызматкери болгондуктан ушундай эл оозуна алынып кадыр – баркка жетти да. Коммунисттик Партиянын мүчөсү. СССРдин Министрлер Советинин указы менен бир нече сыйлыктар менен сыйланган. " Ленин" орденин ээси болгон. Салтанаттуу кечелерде, 7 – н оябрь улуу октябрь революция, 1 – май эмгекчилердин тилектеш күнүндө Галина Васильевна төшүнө кыдырекей тизилген ордень, медалдарын тагынганда, өзгөчөлөнүп "Ленин" ордени күйүп турганда, кандай баатыр келеатканы калк арасында айырмаланып турар эле. Рай ондогу Райисполкомдун кабылдамасындагы секретарынан баштап Райондун Райисполком кызматына чейин жетти. Райисполком Галина Васильевна эми минтип Союз тараганда жашаган үйүн акчага көпкөн көпөстөргө алдырып,

бурчтагы Кепеге барып тыгылды. Карыганда балдары өз көмөгүнө тартып ири шаар Москвага көчүп кетишти. Галина Васильевна патриотболуп төрөлгөн, ошолрухтаөлөт.Туулган жери Кыргызстанболгондуктан, ошол жерде өлөт. Партия туруктуу болбойт, анын мүчөлөрүнүн көбүнчөсү каза болгон. Улантуучулары ар кайсы партияга мүчө болуп кеткендер. Бир кездеги Райсполком Галина Васильевна карыган орус кемпир жугунду ичкен бабушка. Жеримди алып алды деп кимге айтат. Айткан менен аны колдогон партиясы, кызматы жок. Өзү жалгыз бир кепесинен башка эмнеси бар. Сүйөнүп баскан таягы жок болсо, кепеде жатып кепинденип кала турган. Кийген кийимдери  эски, союздан калган фуфайка, кийиз чокой, чулки сапожка, индиянын махор шарфы, ордень тагынган костьюму. Ал костьюмунда бир "Ленин" ордени гана тагылып турат. Калгандарын кайсы жерге койгонун унутуп, карыгандыктан жоготкон. Орус кемпир, Бабушка Райисполком статусун жоготкусу келбей, көчөдө жүрүп азыркы кейпин эч кимге көрсөткүсү келбейт. Ушундай мүнөзүнөн улам "Кепедеги жашыруун кемпир" атка да конгон. Кээбирлери "жалгыз желмогуз жезкемпир" – деп да жүрүштү. Чындыгында таланттуу жетекчи Галина Васильевна орус кемпир бабушка жезкемпирге айландыбы. Жалгыздык желмогуздукка, элден чыгуу жапайлыкка, жашырууну коркууга, караңгылык шайтан – шабырга алып келет тура. Союздун күпөлдөгөн кызматкери учурда көпөстөргө жем болду. Үй – бүлөсүнө карабай ак иштеген Галина Васильевна жалгыз калып,жугунду ичип калды. Эмне кылуунун амалы качып, бир курсактын күнү туулду. Ушулардын баарын өзүнчө ойлонуп, бугун чыгарып бакырайын десе эч ким укпайт, үнү да чыкпайт. Көз жаш алып ыйлайын десе жаш да чыкпайт, кургап калган. Өзүн – өзү өлтүрүп алайын десе көмө турган да кишиси жок.

Талаага кетип таланды болуп өлгөндү эп көрөт. Жугунду ичкен Бабушка келгин – кускундарга жем болгусу келет. Жок дегенде ошолорго пайдасы тийип, курсактары тойсун... Өлүмдү ойлосо да эмнегедир жеңилденип, уртунан жылмайып, жаны жай алгандай. Өзүн өлүмгө сунаар алдында турмуштун жыргалын бир эскерип өткөнгө умтулду. Өткөндөн үмүт алгысы келди. Көзү өтсө да аны эстеп жүрчү адамдарын көз жаздымынан өткөрдү. Иштеп жүргөндөрүн эстеп, эске туткусу келди. Эстеген эс – тутуму менен кошо кеткенди оң көрдү. Турмушка кантип чыгып, алгачкы махабатка батканын, балдарын төрөп, күйөөсүнүн кулач толо гүл алып келгенин, ымыркайларын жыттаганын, мектептеги окуучу балдар кол чаап тосуп алгандарын эстеп, каны уюп катып калган жүрөгүн жибитти. Галина Васильевна деген атак – даңкты даңазалады. Орус кемпир Бабушка жугунду ичкени күнүмдүк, түбөлүктүүсү күйөөсүнүн махабаты, балдарынын жашоо улаганы, катар – катар тизилген окуучуларынын жетилгени, артында эл – журт калганы, алардын амандыгы, тынчтыгы...

1941 – 1945 – жылдардагы Улуу Ата – Мекендик Согуш аяктап элдин турмушу оор акыбалда эле. Согушту жеңип келген Кызыл Армиянын солдаты Владимир көп жыл боюу солдаттык формасын чечпей жүрдү. Өзгөчө ала тору келген үстүнкү кийимин, этек жагы ичке, өйдө жагы жайылган шымын, кара май менен майланган өтүгүн кудайдын кутту күнү кийип жүрөт. Бышыктыгын да айтпа. Жарашыктуу да. Ушундай армиялык кычыраган кийими менен көк көз, сары жылтырак чачтуу, алтын өңдүү Галинаны, Владимир өзүнө тартып алган. Владимирдин согушка катышып жеңип келгени Галина үчүн сыймыктуу баатыр, эр жүрөк жигитти тапкандай. Владимирдин ийинине башын жаздап жатканы Галинага кандай дем – күч, кыйынчылыктагы турмушка моюн бербеген кайрат

берер эле. Согуш жоокери менен жашоо куруу тайманбас, жалтанбаска жол ачаар эле. Ушундай рух – дөөлөт, мекенчилдик сезим менен Владимир, Галина баш кошушту. Бири Кызыл Армиянын жоокери, Согуштун ветераны, экинчиси интеллигент Советтик кызматкер. Владимир балдарынын атын Пушкиндин атына ылайыкташтырып Александр, Сергей коюшкан. Экөө тең эркек балалууну эңсеген. Ойлонгондору ишке ашты. Турмушта Владимир, Галина буйрук берип жашагандай эле болушту. Балдарынын тилектери косманавт, учкуч болуу. Владимир да бала кезинде учкуч болууну максат кылган. Өзү жетпегенге балдарым жетсин деп тилек кылган. Ушул күндөрдүн тез өтүп кеткенин ойлоп, орус кемпир кармай албай калганына өкүнөт. Кармап алганга ким ага уруксат берет эле. Жакшы күндөр да эске түшөт, өкүнүп калган күндөр да эске түшөт... Райисполком Галина Васильевна кабинетинде олтурса, колхоз – совхоздорду текшерген текшерүүчү Кеңеш кирип келип кагаз бетине толтура жазылган Актыны сунат. Жумушу көп, кечки маал, кол койгон кагаздардан тажаган Галина Васильевна окуп аягына чыкпастан, миң актынын бир актысы кылып кол коюп жөнөтүп жиберет. Кудуңдаган Кеңеш кагазды алган бойдон чыгып кетет.. Ошол кол коюлган акты бир башкарма жаш келиндин жыйырма жылдык жаштык өмүрүн алды. Жаш башкарма Жаңылбү Мисиралиева болот. Күнөөгө күбөлөнгөн Жаңылбү Мисиралиева колхоздун койлорунун арасынан “токту” койлорунун тууганын эсепке албай койгону билинип, эсептен чыгып калган. Жаш башкармага көз салган текшерүүчү Кеңеш шап эткиче кармап актыга кол койдуруп ички иштерине, элдик контролго жөнөтүп жиберет.

Райисполком Галина Васильевна шашкан шайтандын иши болуп, көп кагаздын арасынан эмнеге деле кол койгонун билбейт. Кабинетине кирип облисполком менен

телефон менен сүйлөшүп бүтөөр менен эшиктен секретаршасы кирип: – Галина Васильевна сизди башкарма Жаңылбү Мисиралиева күтүп турат. Ар бир адам кирген сайын Галина Васильевна чачы башын, кийген кийимин түзөп турар эле. Адатынча адатын карматып, чачын тарак менен тарап: – Кирсин. Башкарма Жаңылбү Мисиралиева эч нерсе болбогондой тыкырайып кирип, Галина Васильевна кабинетиндеги столго отурду. Жаңылбү менен кошо эки милиция чогуу жүргөн. Колдоруна жаш келин Башкарма качып кете тургансып колго тутуп коючу темир кишенин да алып алышкан. Алар кабылдаманын сыртында башкарманы күтүп калышты. Галина Васильевна күндөгүдөй жумуш сапарындай көрүп, Жаңылбү башкарманы жылуу кабыл алып: – Келиңиз Жаңылбү Мисиралиева маселелер болсо айта бериңиз туут кандай жүрүп жатат, сакмалчылар кеттиби. Эми козуларды отко коё бериш керек го. Ушунча жүктү ичине араң кармап келген башкарма Жаңылбү Галина Васильевнага үнүн жогору көтөрүп кирди. Анткени, "токтунун " козуларын жашырып койгону үчүн он беш жыл темир тор аркасы күтүп турган. Кабинеттен чыгар менен эки милиция күтүп турат. – Галина Васильевна, сиз кыргыз тилин жакшы сүйлөгөнүңүздөн биздин элибиздин када – салтын билип, кыргыз келинине боорукерлик кылып, бир мени чакырып акылдашат деп ойлодум эле, сиз түз эле элдик контролго жиберип менин он беш жылдык өмүрүмдү алдыңыз.Башкарма Жаңылбү жазылган актыны Галина Васильевнанын алдына таштайт. Жаш келин Жаңылбүнүн бир пастакөз жашы көлдөй төгүлөт. Кагазды караса, чынында баш жагында биринчи Райисполком Галина Васильевнанын колу турат. Ошондо Васильевна эмне кылаарын билбей же "жок" деп "ооба" деп айталбай Жаңылбүнү карайт. Башкарманын кыйкырганы эшикке чейин угулат: – Галина Васильевна!

Жакшылык көрбөй калыңыз! Төрөй элек жаш келинди түрмөгө кестирдиңиз. Балдарыңыздын жакшылыгын көрбөй, кор; шүмшүк болуп өтүңүз. "Жек" көрүнчү,карыганда карарга киши жок болуп, талаада калыңыз! Орус орустугун кылат тура, капыр десе! Ачуу үн, каргышты укканда, эшиктен милициялар кирип келип, Башкарма Жаңылбүнүн колуна катуу темирден жасалган кишенди кийгизди. Өкүрүп, бакырган боюнча Жаңылбү кетти. Ушулардын баарын орус кемпир бабушка эстеп, үшкүрүнүп отурду. Кандай иштесе ошонун жыйынтыгын алгандай жакшы иштесе жакшылыгын көргөндөй, калпыстык кетирсе анын калыстыгын деле алгандай. Ишине жараша сөз болгондой. Башкарма Жаңылбүнүн каргышы тийип, жалгыздыкты өткөзүп жаткандай. Уулдарынан убай кетип, каякта жүргөндөрүбелгисиз. Ага эмнеге, заңгыраган үйдүн кереги бар эле. Бапыраган балдары, чуркап чыккан неберелери болбогондон кийин. Өмүр өттү. Өкүнүчтүүсү, чыркыраган башкарма Жаңылбүгө жардам бере албай калганы. Анда мыйзам күчтүү эле. Бирок, ошого карабай Жаңылбүгө жардам берип койсом болмок деп, кемшейген орус кемпирдин кейигени болду. Абийир жөн койбойт. Кыйкырганың таш жарып турса дагы абийриңе кайрылып келчү күн келбей койбойт. Орус кемпирдин отчёту... Күнөөсүн тартып жатабы? Өзүнө эч нерсе билинбейт. Кандай болсо да мойнундагы жүктү көтөрүп келген...

***

Мөлтүр кашка Марш апанын булагы. Көк мелжиген асманды карап, жер астынан боркулдап чыккан кайран булак. Тээтиги ала булутту алыстагы асман булак түбүндө да турат. Асманды карасаң да асман, булакты карасаң да асман. Каалаганыңды карап ал. Бул да болсо булактын аткарган иши сыяктуу. "Ким биринчи келип уртунан ууртап

суумду ичип өмүр улайт" – дегенсип "Марш апа" булагы күнүгө түбүндө күндүн нурун өйдөдөн ылдый чагылдырып элди күтүп алат. Марш апа булагы, адамзаттын өмүрүнө өмүр кошуп келет. Суу өмүр булагы.

Эмнегедир Өмүр, Марш апа булагына келсе, күчүнө – күч, дымагына – дымак кубат алып калгандай. Эртең менен булактан бетин жууганда көзү жабышып уйкусу келген Өмүрдө ошол күн тынчсыздандырып, кыймылдаткыч күч болуп күндүн күнүнүн көргөнгө үндөгөнсүйт. Бүгүнкүң эртеңкиңен баалуу. Эгер сен күн сайын күнүңдү көрбөсөң, эртеңкиң кайдан болсун. Бүгүн Марш апа булагына суу ичсең, эртең да суу ичээр күнүң бар. Дем, күч берген Марш апа булагы. Өмүр бала кезинен чыгармачыл болуп төрөлгөнүн Марш апа булагына келип билгендей. Анткени булак үн сөзү жок эле көп нерсени ачык эле айтыпбергендей. Өмүрдүн аты эмне үчүн өмүр болгонун, сулуулук, тунуктук эмне экенин, өзүнүн өңүн өзүнө көрсөтүп койгону, тазалыктын таза бойдон турганын. Канчалык тунук нерсени кирдетсең да тунуп кетээрин, ушулардын баарын Марш апа булагы сездирип койгондой. Марш апа булагы сезгич, мээримдүү, жароокер, күнүгө жакшылыкты тилеп жамандыгын жууп тосуп турат.

Кечээ күнү  Марш апа булагынын айланасында Кунан, Тайларын ары – бери чабышып айылдын балдары ойношту. Чапкан чабандестер ооздуктарына ээ боло албай булакты да тебелеп кетишет. Чапкалактап,  булакка аттардын буттары да кирип кетет. Чабандестердин аттары деле, өздөрү деле атаандашып бир эле жерден суу ичип жатышат. Ал жерге суу ичсин деп идиш коймок эле. Аты деле, мингени деле мурдун салып булактан суу ичкендер. Марш апа  булагынын таттуулугу, тазалыгы. Жаратылышыңдан айланайын айылым, тазалыгыңдан суу башы булагым! Адамдар, жан – жаныбары деле ушул Марш апа

булагынан суу ичишет. Ооруп, сыркоологон айылда адам жок. А түгүл шаардыктар келип Марш апа булагынан канистрлеп ичкенге суу алып кетишет. Шаар ичиндеги сууларды сатып алгандан көрө Марш апа булагынын суусу таза, дарылык касиети бар экен. Өзгөчө "кантдиабети" менен ооругандарга дары болот имиш. Ушул айылдын чыккан атактуу дарыгер лобараториядан өткөзүп аныктаган да жайы бар экен. Ал дарыгер "кант" диабети менен ооруган шаардыктарды Марш апа булагына жиберип турат. Суудан чыккан "Эм" өмүрдү жакшылыкка эмдеп тургандай. Марш апа булагына Акниет да ниетин түзөп турат. Булак Акниеттин сырдашкан досу. Акылы жетик Акниет булакка келип кобурап кетмей жагы бар. Булактын көзү өмүрдүн көзү. Өмүр мугалим болуп иштеп жүргөндө эле элдин көйгөйүн сыртка алып чыгып, карапайымдыктын үнүн бийликтегилерге уктургусу келген. Жыл өткөн сайын калк арасында ажырымдуулук күчөп бараткандай. Акчалуу адамдар, анан акчасы жок адамдар болуп. Акчалуулардын байлыктары көбөйгөн сайын көпөс атка конуп руханий деген нерседен жоголуп бараткандай. Акчасы жоктор эмне кылаарын билишпей үзүлбөгөн үмүт менен жашап, рухун – духун көтөргөндөр. Адамгерчиликтүү адамдардын баары эле байлыктуу боло бербейт.

Өмүр жаратылышты сүйөт. Тоо аралап тоо жытына суктанат. Ошондой эле Марш апа булагына келип, жүзүн сүртүп жууп, маашырланып, маашырканып, бизде ушундай булак бар дегенсип мактанып да коёт. Булак ага көп нерседен белги бергенсип, идеясын да ойготот. Суу боюна келсе чарчаганы кетип эс алып калгандай. Марш апа булагынын мөлтүрлүгү жылт – жулт этип жылып, түбүнөн оргуштап жерден чыгып турганы кубат берет. Өмүр ойго батып турганда эки чакасын көтөрүп анын окуучусу, бүтүрүүчү аталып кесип жолуна аттанып жаткан Акниет

келип калды. Ал агайын көрүп бир четинен уялып кетсе, экинчисинен агайын көргөнгө сүйүнүп да кетти. Кыз бала эмеспи, сүйүнгөнүн билгизбей, жылмаюусун жүзүнө катып колундагы чакасы менен суу суузуп калды. Өмүр, Акниеттин колунан алып, сууну суузгусу келди эле, бирок ага жигити өңдөнбөйүн кыяз кылып, кур намыска салып окуучум эле дегенсиди. Акниет акыркы экзамени бүткөн соң, агайы Өмүрдү экинчи көрөм деп ойлогон эмес. Бирок агайын көргөнгө ашыгаар эле. Агайы менен отуруп көпкө сүйлөшкүсү да келген. Агайы ал үчүн турмуштагы тиреги, кыйынчылыктагы кеңешчиси, жол көрсөткөн адамы сезилчү. Акниеттин сезиминин козголушу агайы түрткү бергендей. Анткени адамды ойготкон, жаңы кадамга көз жүгүрткөн үмүткөр кылган агайы Өмүр эле. Акниеттин эсинде, Жетинчи класс кезинде "Урал" мотоциклинин айдоочусу сүзүп кеткен кезинде агайы Өмүр чуркап барып, жолдо суулап жаткан Акниетти көтөрө калып машинага салып ооруканага өзү жеткиргени. Өмүр классына келип Акниеттин ит жакалуу жашыл пальтосун алып барып үстүнө жаап, ата – энеси келгиче, башы ак бинт менен байланган Акниеттин жанында болгон. Акниеттин ата – энеси келгенде уялганынан кетип калган. Өмүр менен Акниетти ажыратып турган көп тоскоолдук бар эле. Өмүр анын агайы, ал окуучусу. Турмуш, ушинтип бөлүп турду. Сырткы тагдыр салттуу болгону менен ички сезим, адамдык ойлонуу экөөнү кошуп жиберчүүдөй. Сырткы күч менен ички сезим күөшүп, кармашып да кетет. Канткенде да көктүк көктүгүнө салып жеңип кетчүүдөй. Көпчүлүк сырткы күчтө, ал экөөнү карап турган эл көзү. Буга караганда ички күчтө: Экөөнүн сезими, ал экөөнө гана тиешелүү. Сырткы күчтөн айбыгып экөө бири – бирине сезимдерин да тартуу кыла алышпайт. Өмүр да, Акниетти да курнамыс каптап алган. Эл эмне дейт деп, сезимдерин

чыгарышпайт. Мындай сапат адамгерчиликтен келип чыккан. Эки жакшыга тоскоолдук көп болот окшойт. Акниет чакасына суу сузуп баратып агайына сүйлөп калды. – Агай кандайсыз, жакшы жүрөсүзбү, чурулдагандардан кутулдук деп сүйүнүп калдыңызбы. Өмүр күлүп: – Жок Акниет, биз көнүп калганбыз. Силер кетсеңер, кулактын – кужурун алган дагы чурулдак орун басарыңар да келет.

Акниет бул жерде эмне отурасыз деп айтайын деп барып, кайра оозуна сөзүн тартып алды. Эгерде антип жиберсе, экинчи агайы булак көзүнө келбей калбасынан чоочулады. Акниет үчүн агайынын булакка келип туруусу "жолугушуу" жолу болмок. Акниет агайына көп нерсени айтып, суроолорду берейин дейт, бирок агайына келгенде баардык нерсе ойунан чыгып кеткендей. Агайын көргөндө ошол эле жетиштүү болгондой. Өмүр Акниеттин агайы ошондуктан андан өзүн бийик кармаш керек. Акниеттин көзүнчө майдаланбаш керек. Анын үстүнө, Акниетке да майдачылык мүнөз жакпайт.

Акниет биринчисине суу алып, экинчи чакасын агайын карап суу сузганда буту тайгаланып булакка бирөө түртүп жибергендей булакка кулап түштү. Өмүр, жанталашып баягы жетинчи класс кезиндей Акниетти көтөрүп булак суусунан көтөрүп алды. Акниет да чоочуп кетип агайынын мойнуна колун салды. Акниет жаштыктын күчүнө салып, агайын бекем кучактады. Өмүр аны тынчсыздандыргансып кучагындагы Акниетти жерге буту менен коё койду. Акниеттин көйнөгү суу болуп, денесине жабышып, жабышкан көйнөгү Акниеттин бүт мүчөсүн Өмүргө санап берди. Ушундай керемет сулуулук, жаратылыш берген Акниеттин жаны... Булак тамчысы чачынын учунан тамып Өмүрдүн жүзүн каптады. Эки кызыл алманы төшүнө койгондой көйнөгүнүн гүлдөрү ачылып турду. Келечектеги касиеттүү эненин денеси. Марш апаны да

сулуу аял болгон деп калышаар эле. Булак көзүнөн ошол ападай аялзатын суурup алгандай сезилди. Тишти какшаткан булактын жылуу демин Өмүр, Акниетти булактан көтөрүп чыкканда сезди. Сезим козголду. Албуут күч алды. Айла канча адам акылы жол бербейт да... Качан буту жерге тийгенде Акниет агайын бекем кучактап алганын сезип, уялтып албайын дегенсип, эч нерсе болбогондой колун алды. – Агай эмне болуп кетти, өзүм билбей калдым. Акниет үнүнүн болушунча каткырып күлдү. Ага кошулуп Өмүр да күлдү. – Агай, мени кечирип коюңуз. Экинчи булакка кулабайм. Сизге көтөртпөйм. Ушу менен сизге эки жолу көтөрттүм. Билесизби, биринчи жолу жетинчи класста "Урал" мотоцикли сүзүп кеткенде атамдай болуп көтөрүп барганыңызда. Өмүр, Акниеттин атамдай деген сөзүнө эмнегедир өңү бузулуп териге түштү. Агайынын көзүн карап сүйлөп жаткан Акниет дароо байкай койду.

– Ошол кезди, мени агайым көтөргөн деп ушул кезге чейин унутпай, классташтарыма айта берем. Бүгүнкү көтөргөнүңүздү да унутпайм агай. Сиз мени булак көзүнөн көтөрдүңүз да. Өмүр окуучусу Акниеттин "унутпайм" – деген сөзүн жактырып күлүп ойлуу карап койду. Акниет,"-менин агайымдын ички дүйнөсү менен сырткы келбети келишкен сулуу агай" – деп суктануу менен көз ирмемде тайманбастан тиктеп алды.

– Акниет биртке күтө туралы, булак көзү тунсун.

– Агай сиздин убактыңыз кандай. Өмүр чечилип Акниет менен турмуш жолундагы жолдош, экөө бир адам катары сүйлөшкүсү келди. Жок дегенде булак көзүндө...

– Күтө турам, дагы булакка кулап кетсеңчи.

– Жок агай, кудай сактасын, сизге эркелеп кеттим окшойт. Акниет ушул сөз оозунан кантип чыкканын өзү билбей, оозунан чыгып кетти. Эмнегедир эркин сезди. Агайынын жанына бүрүшүп отуруп алганын да сезген

жок. Агайы менен жеңил сүйлөшүп жатты. Кыраакы Өмүр анын баарын байкаганы менен дагы – дагы Акниетти сүйлөткүсү келип жатты. Көйнөгү кургай элек Акниет ичиндеги сырын ачып агайын жакын ымалашкан дос катары да сезип кирди.

– Агай, мен сизге ишенем. Сиз боорукер, акыркы тыйыныңызды да бирөөгө берип коёсуз. Сизди бирөө сатып кетеби? Жүрөгүн оорутуп койбойбу. Инфарк болуп калбайбы деп чочуйм. Өзүңүздү да аяп койсоңуз, Өмүр Акниеттин сөзүн угуп үн каткан жок. Буга эмне жооп айтат эле. Өмүрдүн болгон мүнөзү ошол да. Запкы жесе запкы жеп жүргөндүр да. Агайын эмне үчүн Акниет түшүндү. Акниет да ошондой, жароокер адам да. Ошон үчүн агайын аяп кетет. Ушундай адамдар көп болсо... Акниет бүгүн баарын агайына төгүп чачкысы келди.

– Агай биз, Марат экөөбүз сүйлөшүп жүрөбүз. Сиздин ойуңузча мен туура кылдымбы.

– Акниет, сенин тандооң, сенин турмушуң, өзүң акылдуу кызсың, сен туура жолду өзүң билесиң. Байкаганды да баалаганды да өзүңдөн. Алданып калба. Турмушуң жакшы болсун. Бактылуу бол. Жамандык көрбө. Мен кеттим Акниет жакшы кал. Өмүр агайлык кадырына салып, Акниеттин чекесинен өөп Марш апа булагынан кетет. Сырткы калың көпчүлүк менен кармашкысы келген жок. Акниеттин ички сезимин муздак шамал басып кетти.Жүрөгү муздай түштү. Жакшы адам жанынан жылып кетти. Соккон муздак шамалдын жели сыдырым сызыгы каякка алып барат?

***

Баарынан кызыгы адам өзүнүн керт башын бир барак кагазга байлап койгону кызык. Ак барак басылып жатып сары кагазга айланганда гана такталып “тарых

тастыктайт" барагына өткөнү. Эки дүйнөнү ошол бир барак кагаз бийлегендей. Төрөлсөң дагы кагаз бети, өлсөң дагы кагаз бети. Адам сүйлөгөнүнө эч ким ишенбейт, бир барак кагазың болсо ишенет. "Баскан из баракта, калган кадам кагазда" – демекчи Орус кемпир Бабушканын Райисполком болуп иштегени бир гана архив бетиндеги сары барактар да гана калды. Ал өзү жалгыз кепеде жашаса ага ким ишенет. Өзүн көргөндө жугунду ичкен орус кемпир болуп жатпайбы. Документ кагаздарынын баары жоголгондой. "Ленин" ордени өзү болгону менен аныктаган күбөлүк кагазы да жок. Жерине заңгыраган үй салгандар бурмалап тийиштүү кагаздарды жоготушкан окшойт. Бирөөнүн эмгеги бирөөгө эмне кереги бар. Райисполком эмне кызмат болгонун түшүнүшпөйт. Түшүнгүлөрү да келбейт. Эми минтип кычыраган Райисполком карыганда бели бүкүрөйүп кимден жардам сураарын билбей турган учуру. Сурайын десе да дити барбайт. Өмүр берген элүү сомду эки жагын кылчактап, калтыраган колу менен алып фуфайкасынын чөнтөгүнө салып жөнөйт. Тимеле бир, бир айлык акча алгансып. Байкуш, орус кемпир Бабушка өмүрүнүн акыркы күнүндө ысык нан алып жегиси келдиби. Тандыр нан жапкан жакка жөнөдү. Анан кантет, канча жылдардан бери ысык тамак эмес, ысык нан жебесе. Колунун ал күчү тайыгандан баштап таштандыдагы жугундуну жеп келсе керек. Адам иттерден талашып тамак жеп келгени... Өкмөтү бакпай эле, жол бошотуп иттер багып калган. Ошол жолбун иттер түшүнгөндөй. Качан бабушка кеткенден кийин чурулдушуп, каңылдашып иттер келет. Орус кемпир Бабушка кыштан коркот. Кышта тоңуп өлгүсү келбейт. Денеси жылып өлсө, өлүктүн да мааниси бардай. Өлүп баратканын сезгиси келет. Ал дагы адам да, бул дүйнө менен коштошуп кетсем дейт. Мааниси, маңызы болсо... Айланасында эч ким жок болсо да,

асманга жаны учарда да жок дегенде өзү менен өзү болсо, ажал эмне экенин сезип кетсе, жан чыгаарда ай ааламды бир карап, бүт өмүрүнө көз жүгүртүп көз жумса. Өлөрдө адам келип калса, андан бетер жакшы. Алар да жан чыгарда жан көрүп калса. Адам өлүп жатат деп карап калса, караан менен кетет эле да... Адам өлүп жатканын адам көрсө. Мына орус кемпир Бабушка, бир кездеги Райисполкомдун тилеги. Жугунду жесе эч ким, бир дагы жан адам катары көргөн жок. Адам болгон үчүн кара курсактын азабынан жугунду жеди да. Дагы Жан керек болгон үчүн жанын ошентип бакты да. Дагы адам экен жугунду жесе дагы эч кимден акча сурабаган. Жемкорлукка тарбияланбаган жугунду жеп, өлүмдүн алдында турат. Ал Райисполком болуп эмгек кылды, андан ары эмгек кимдики эле... Өлгүчөктү Өкмөтүм карайт деп ишенбеди беле. Жадаганда, көргөнгө караан жок болуп жалгыз калды го. Карыганда да иштеш керек беле. Кайран өмүр, каралбай калган өмүр... Өмүр сүргөндө өчкөн өмүр.

Суу өтүктү кесип кепич кылып алган резина бут кийимин сүйрөп орус кемпир Бабушка тандыр нандын жанына келсе, баардыгы ысык нанга кезекке турат. Жашы – карысы да бар. Бирөөсү  байкуш Бабушканы алдыга коё берейин деген ойлору жок. Бул эмне келди дегенсип, түрткүлөп жөлөп жиберишет. Элден алыстап, коркуп калган эме, кысылып, шүмшүйүп, кетенчиктейт. Тандыр нанды сатып жаткан соодагер: Эй Бабушка, бери кел эмне керек сага, нанбы мээ мобу нанды ал. Ысык эмес туруп калган муздак нанды сунат. Байкуш Бабушканын жанына күч келип кеттиби, же  акыркы күнү сүйлөп калайын дедиби: – Балам акчам бүгүн бар, ысык нандан эле бер. – Эй бомж, акчаңдын кереги жок, мобу нанды ала бербейсиңби. Ысык нан  деп калат экен. Байкушту түртүп колуна кара күйүк, муздап калган  нанды берет. Нары жактан

очки тагынган жашы жетимиштеги галстукчан киши кыйкырат: – Эй бала, акчасына алам деп жатпайбы: бер! Эл катары ысык нандан! Бул деген илгери Райисполком Галина Васильевна, төшүндөгү "Ленин" ордени. Бер! Байкушка! Очки тагынган адам жанына басып келип, элүү сомуна дагы элүү сом кошуп ысык нанды колуна карматат.

– Галина Васильевна сизди мен тааныдым, сиз тирүү турбайсызбы. Эмне көрүнбөйсүз. Мен узатып басайынбы. Байкуш Бабушка мени тааныгандар бар турбайбы деп сүйүнүп, кайра уялып, кепесин көрсөткүсү келген жок. – Жок, мен өзүм эле кетем.

– Сиздин дарегиңизди мен билип алышым керек. Сизди эч жакка чакырбай коюшкан тура... Галина Васильевна! азыр жанталашкан, жулкунган заман. Мен сизди табам, ушул айланада эле жашайт турбайсызбы. Очки тагынган киши байкуш Бабушкага боору ооруп, акыбалын түшүндү. Сүйлөшүп жан тартса эле, байкуш Бабушка байкуш болбой Галина Васильевна боло калды.

Төрт ысык нанды муздап калбасын деп, фуфайкасына катып жөнөйт. Басканы бат болуп калды. Тиги очки тагынган киши кайрат берип койгондой. Бүгүнкү күн орус кемпир Бабушка үчүн ийгиликтин, жетишкендиктин күнү болду. Жүрөгүндө жылуулук тартуулаган кан жүгүрүмү болду. Денеси муздап калган кемпирге маңдайы ачылып, жарык маанай ыроолоду. Кандай болгон күндө да сенин баркыңды баалап, кадырыңды кадырлаган, эмгекти эреркитип даңазалап, даңазаңды көтөргөн адамдар чыгат экен да. Элден айланса болот. Кезекке туруп, эл аралап койду эле арасынан бирөө сурулуп, суроо берип акыбалын сураган адам пайда боло калды. Пайдам эч кимге керегим жок деген орус кемпир Бабушка " мени тааныган, билген адамдар жашайт турбайбы" – деп жашоосуна ырайым кылып ыраазы болгондой.

Ысык нан көкүрөгүн ысытып жибергендей. Нанды бургалактатып нан жеп, ысык киргенде ашказаны да жылып калды. Адам болуп туруп, адамдай ысык нан, бышкан нанды жебегенине канча убакыт болду дейсиң. Жараткан, өмүрүңдү албай, кыбыратып койсо, бир керт башың жугунду жеп деле өтө берет турбайбы. Жанталашып, иттер менен талашкан тамактарын эстеп, бир күн ысык нан жесе уялгансып да койду. Анан кантет карыганда ал күчүң, дараметиң ошого гана жетет. Жалгыздык жалкоолукка алып келип, эч нерсе кылдырбай шал оорусуна да алып келгидей. Жалгыздык жанга баткыдай. Балдары, балдарынын неберелери жанында болгондо да үмүт шооласы жанып, өчүп бараткан өмүрдүн шамы күйүп турар эле. Ичтеги күйүт күлгө айланып өрттөп бараткандай. Бүгүнкү ысык нан орус кемпир Бабушкага кайрат берип, коркуп, жүрөгү түшүп жүргөн өлүмгө да тайманбастыкты берди өңдөнөт. Өзгөчө, жанагы тааныган, очки тагынган кишини көргөндөн кийин, кийин таштандыда жугундуну ичкиси келбей калды. Ал тамак жүрөккө да батпайт. Кокус, ал адам көрүп калса эмне болот... Ошондо, миңдин бири тааныган кишиге да уят болбойбу... Акылга эми келди окшойт. Орус кемпир Бабушка, бардыгын ойлоп жатып, өмүрүндө ысык нан жеп жүрбөгөндөй. Жеп эле жүрбөдү беле... Бүгүн эмне болуп толгонуп жатат. Ысык нан жемек турсун, Райисполком кезинде жылкынын учасын, бодо малдын казы – карталарын чара – чара кылып үй –бүлөсү менен жечү эмес беле. Чучуктарды кышкыга катып коюп жегендеричи. Үйлөрүнөн коноктордун үзүлбөй келгендеричи. Эх, чиркин, эл аралап жүргөн кызмат, кызмат кетти, карылык да аркаңдан кубалап жетип келгендей. Карылык кетсе жылкы баласындай үйүрүң үй – бүлөң дакетип, тайларың да туш тарапка тарайт. Бир гана сен кийип жүргөн кийимиң, тагылган ордениң калды.

Бирок алар өзүңдөн башка кимге кереги бар. Өзүңдүн эч кимге керегиң жок болгондон кийин, чүпөрөк менен темирдин кимге кереги бар дейсиң... Күнүң келгенде, күнүң да бүтөт. Жашоо жыргалында бир кезде жүргөнүң менен жылаңач калганыңды акыры көрөт экенсиң да. Көргө, өлгөн жайыңа жылаңач денеден башка эмне керек. Орус кемпир ичер суусу калбай, акыркы ысык нанды жеп денесине жылымык тартуулагысы келди. Өлгөндө жөн өлбөй, тобокелге салып, миңдин бири келип көмүп коёр деген өлүмдөгү үмүт менен иттер талашып жеген жугунду таштандыга келди. Жашаган кепесин жыйнап койгон. Көзү кыйбаган буюмдарын бурчка коюп койгон. "Мен окуган китептеримди ыргытып, же өрттөп коё албай койдум. Мында эмне деген: "Пушкин, Толстой, Лермонтов жана башка улуу жазуучулардын чыгармалары, ушулардын баарын окуп чыгыптырмын. Ушулардын жазгандары менен абышкам экөөбүз жашаптырбыз".

"Тирүү кезимде өзүмө ээ боло албагандан кийин, өлгөндөгү сөөгүмөкайдан ээ болуш. Бирок, Жаратканыма ишенем! – Миңдин бири чыгып сөөгүмдү жашырып коюушаар. Акыркы күнү менде ишеним буга пайда болду. Ишеним менен өлөм деп кетип баратам"! Бул бырышкан чоң тетрадь кагазына байкуш орус кемпир Бабушка жазып, көнүп калган таштандыга жөнөйт. Түнкү саат беш. Таштандыда тамак талашкан арылдаган жолбун иттер.Бири – бирин талап алы жеткендер тамак жеп жатса, алы жетпегендер каңшылап көздөрүн жалдыраткан иттер. Орус кемпир Бабушка аларга жол көрсөткүсү келип, калыстыкты кабыргасынан коюп, алышкан – кабышкан иттердин арасына кирет. Иттер ачкалыгынан ач карышкырга айлангандай. Ортосуна кирген кемпирди тиштегилеп салышат. Өзгөчө эки көзү кызарган Кара Дөбөт кемпирди өйдө жакадан алып басып жыгылат. Колунан таягы ыргыган-

да эле орус кемпир Бабушка,жесеңер жегиле деп иттерге жатып берген. Орус кемпир Бабушка аны өлтүрүп жатканын сезгени менен " А, иттер мен силерди түшүнөм, бүгүн мен сагынган ысык нанымды жедим, силер дагы менин ысык канымды жеп, ичип тойгулачы. Жок дегенде, карыганда кардыңарды ач кылбай тойгузуп силерге пайдам тийсин". Орус кемпир Бабушка ойундагысын оттоп, тарап бараткан асмандагы жылдыздарды карап, бир кездеги жанган Галина Васильевнанын жылдызы өчүп, Кара Дөбөттүн кара тамагына тамак болуп кетти... Ит тойгон сайын кемпирдин көзү сүзүлүп, акыркы жылдызы жанган күнү асмандагы жылдыздардын жайылып түн күнгө өткөнү болду... Кемшейген кемпир кетти. Адам итке жем болду.

***

Үч күндөн бери жаан жаап кара жаанга айланды. Айлана тегеректин баары кара топурак ылай. Айылда биртке жаан жааса бутуңа ылай кат – кат жабышып, бастырбай бутуңду тушап коёт.

Марш апа булагы гана адаттагысындай тунук, мөлтүрөп ошол гана көңүлдү көтөргөндөй. Бирок, жаан албууттугуна салып нөшөрлөп турса, Булактын да жанына тура албай, анын жанынан да качып жөнөйсүң. Акниетке, Марат келем деп ушул күндү болжоп айтып коюптур. Бул күн эки жашка жолтоо болгондой. Өткүн болуп өтүп кетсе да экөө сүйлөшүп тураар эле. Кара жаанда кантип сүйлөшөт, чакалап баштан ылдый төгүп турса. Марат күндүн азап – тозогуна карабайт. Эң башкысы Акниеттин жылмайган жүзүн көрүп, коңур сүйлөгөн сөзүн угуу. Акниет, жакшы адамды жанына алып жүрө албасын сезип, агайы Өмүрдү узаткандай. Жакшы адам, жакшы бойдон калып, өз жолу бардай. Жолду бурганча Акниет алсыз кылды.

Анткени ал, болгону окуучусу гана болгон. Жол көрсөтүү, чечкиндүү кадам агайында эле.. Агайы аны каалаган жокпу, Акниет ага баш ийгиси келди. Тең теңи менен болуп, аны сыйлаган, көңүлүн көтөргөн классташы Марат менен сүйлөшүп көрүүнү туура тапкан. Кыз кишинин чечкиндүү кадамга баруусу канчалаган күндүр – түндүр ой – толгоону салат. Акниеттин ичинде корижок. Мүмкүн бул азырынча айылдан чыкпай, көпчүлүккө аралашпаганы. Эмне, жаңы орто мектепти бүттү, аруу балалык сезим, классташтары да балалык сезимде. Баштаса эми баштайт. Мараттын үйүндө эркектин жыты эмне экенин сезип калгандай. Марат дагы асылзаттын асылдыгын туюп калгандай. Акниет үчүн, жанын берип жиберчүүдөй. Азырынча бардыгынан кымбат Акниет. Акниет андай сезимди байкай элек, ал байкап билгиси келет. Анан кантет, карапайым үй – бүлөнүн кызы болсо... Жакшы окугандай кубаттуу деле эмес, ишенгени бир гана өзүнө, акылына ишенет. Келечекке кең карап, кыйынчылыкты көтөрүп кетерине ишенет. Ошондуктан Акниетте турмушта корккуу сезими жок. Мараттан башка өзүнөн эки – үч жаш чоң балдар дагы сөз айтты, ага Акниет болгон жок. Арасында сот, байлар, базаркомдун балдары дегендей. Буларга жол бербегени эч кимге көз каранды болбой өзү жетүү. Маратка ишенгени, классында айткан сөзүн жерге таштабаган бала. Акниеттин бала менен сүйлөшүп жүрүү деле ойунда жок эле. Агайы Өмүргө болгон жылуулук сезим, ушундай аруулукка түткү болуп кетти окшойт. Агайына болгон сезим, Акниетти тез ойготуп, ойго салып койгондой. Жанында жакшы адам жүрсө дагы көйгөйбү. Ал турмушту көрсөтпөсө да, үйрөткөнгө түрткү береби?... Үмүт отун күйгүзгөн адам – үмүт берип, жалындатып салабы. Өмүр, өмүрдүн оту эмне экенин Акниетке козгоп койгондой. Турмуштун тутамын жангызып койгондой. Агайы

билимдин көзгө көрүнгөн, көрүнбөгөнүнө да берип салгандай. Жакшы адамдын жан эриткени да көйгөйбү. Өмүр агайын көзү көрбөсө, кечинен берет беле...Сезимди сезгентип сездирген Өмүр агайы болуп жатпайбы. Агайынын айынан Марат менен Акниет сүйлөшүп калды. Жүрөгүндөгү жароокерлик эмнени баштайт болду экен... Өмүр, окуучусунун сезимин козгоп койгонун сезген жок. Сезсе да, ишенгиси келбейт. Турмушка болгон көз карашы менен Акниетти эмитен эле турмушка тарбиялап, аны баштоого жол берип койду. Көз караштан, ирмемден турмуш тутуму башталды. Ушундай акыбалда окуучусун таштап кетти... Ал таштоодо, ташыркабай турмуш жолун кандай баштайт, Акниеттин акылына жараша.

Колуна кол чатырын алып Марат Акниетти күтүп турат. Колуна кол чатырын ала келгенине караганда камдуу келген окшойт. Катуу жаандан, Акниетти калкалаганга да даяр. Башына суу тийгизбегени менен бутунан сыз өткүдөй балчылдаган ылай. Ылайдан жылмышып тайгаланып да кулап кетчүдөйсүң. Марат көпкө күтүп калды. Күткөндө дагы бир ордунан жылган жок. Айылда бак – дарактар жыш өспөсө да бирин – сирин бар. Марш апа, булагынын жанында картайган кара жыгач багы бар, ошонун жанында далдалап Марат турат. Ордунан жылып кетсе эле Акниет издеп таппай калчудай күтүп турду. Колу – буту муздаганы менен ичтеги сезими кайнап ысып тургандай. Жүрөгүнүн соккону канды бат айландырып жылуу сезимди кармагандай. Аны үстүндө Марш апа булагы муздак болгону менен эки жаш үчүн жылуу маанай тартуулагандай. Эки жаштын жолугушуусу булактын жаны. Анын жанында картайган көптү көргөн бак. Көп жылдык тажрыйбалары бар, нечендерди көргөн, көп жылдар бою жолугушууларды өткөзгөн, суусун ичип, көлөкөлөгөн булак менен бак канчалаган адамдарга өмүр тартуулап

калкалап келген. Түрмуштун оош – кыйышында да кайрылып келгендери канча. Мына алардын бирине таттуу сезимдери менен жаңы гүлү ачылып келетаткан Акниет, мурутту ар кайсы жерине бириндеп өсүп жаткан Марат кошулат. Көргөнгө куштар болгон жылдыздар...

Мараттын кол чатырчасынан ылдый карай тосулган жаандын суусу башынан ылдый карай куюлуп турду. Ар бир тамчы Акниетти качан келип Мараттын колун кармайт дегенсип бирде жай, бирде ыкчам төгүлдү. Жаан суусунун кыймылы Мараттын мүнөзүнө жараша болуп жаткандай. Акниет үйүнөн чыгып, адатынча эки жагын каранып келеатат. Анткени, анын колунда күнүгө алып кетчү суугa көтөргөн эки чакасы жок. Бизди бирөөлөр көрүп калбаса экен деп, уурулук кылып жаткандай кысылат. Уяң тарткан Акниет. Жаандан качкан Акниет чуркап келип бактын жанына жабышып, Мараттын колчатырына жашынат. Эки жаш бир чатырча да дем алган демдеринен төшүнөн көтөрүлүп эриндеринен буу болуп чыгып бири – бирин каптады. Башын көтөрүп Акниет сүйлөгөн сайын Марат анын эки көзүнөн айнектей жылтыраган тунуктугунан, бирин – сирин муруттары менен кошо кебетесин көрүп турду. Акниеттин көзүнөн өзүн жакшы көргөндүктөн чачы – башын да түзөп алды. Акниет жогору караган Маратты "сен менин түбөлүктүү эркегим болосуңбу, келечектеги менин баламдын атасы, жанымды тартуулаган жаным бирге, оорумду колдон, жеңилимди жерден алган күйөөрүм күйөөм, чиренээр тоом, кармашаар эркегим, эр азаматым болосуңбу" – деп ылдам – ылдам деми бирде кысылса, бирде кенен жайылып суроо үстүндө сурамжылап турду. Мараттын чачынан тамган жаандын тамчысы Акниеттин жүзүнө тамса, назик былпылдаган борсойгон колдору менен бетин аарчып жүзүн жууп тургандай. Өйдө карап аны, Маратты өзүнөн өйдө көрдү. Маратка

чиренээр адамы катары баш ийип, баш ийгиси келди. Эркек экенине таазим этип, баш кошкусу келди. Эркеги экендигине сыймыктанып, бала төрөп бергиси келди. Айлананы карап, айланага да чыккан жок, бир гана эркекти көрдү, ал классташы Марат болду. Маңдайына жазган жазууда: биринчи мектеп босогосун аттаганда эле эркеги Марат менен класска кирген турбайбы. Анын эркеги дайыма жанында жүргөнүн эми сезди. Марат дагы бала кезинен эч кимди көргөн жок, көргүсү – да келген эмес. Анын бир гана ургаачы жаны, ал Акниет болгон. Канча жолу жагалданып жардам берип, жагуу амалын ойлоп сумкасын көтөрүп алган күндөрүн эстеди. Ошол бала кезиндеги кыял, эмгектери өтөөрүнө өтүп, бийиксулуулукту эңсеген эңсөөлөрүнүн төрүнөн чыкты. Балалык сүйүү өркүндөп өргө чыкты. Акниетти түшүмдө көрсөм деген балалык тилеги өңүнө чыкты. Түш менен өңүндө көргөнү айкалышып, дал келип, тутамдар тушалып, жан эриткен жандалбастар адамды ишендирбей көздү тумандатты. Бирок,ишенбегениң менен ал турмушта болуп жатпайбы. Болобу, болбойбу деген жомок, жомок үстүнө айланып, жаман ойлорду жакшылык жеңип кетти. Дагы бала кезде уккан жомоктордой турмуш жолунда ач карышкырлар, куу түлкүлөр, албеттүү жолборстор, коркок коёндор, көзүн жалтыратып бутка чалынып чычкандар жолугат. Мына ушул жаныбарлардан. Марат, Акниет менен кол кармашып чыгат. Адам баласынын турмушу жомоктой... Акниет бүгүндөн баштап тагдырдын татаал жолун тандап алды. Ал ишенээр эркегин тааныды, баш ийди. Ургаачылык милдетине урунду. Эмнегедир окуйм, чокуйм деген Акниет турмушка эрте берилди. Эртелиги эмнеде, ал келечек сымал бүдөмүк. Кара чечекей көзү менен Маратты тиктейт: “Эми Марат сен менин классташым эмессиң, эмне жоопкерчиликти алганыңды билесиңби? мобу

колумдун астында шуудурган калың кара чачыңды суюлтуп агартам, сен ушулардан коркпойсуңбу?" – деп Маратка суроо берди. Бирок эмнегедир ушул жакшынакай, алоолонгон биринчи күнү эле түйшүккө салчу, коркутуу, үркүтүү суроо оозунан чыгып кеткенине өзү да түшүнбөй калды. Марат, Акниеттин жүзүнөн өөп, аны колдору менен сылап, Акниеттин бакырайган көздөрүнөн өзүн тиктеп: – Акниет мен сага айтаар элем, мен карыйын бирок, сен карыба сен аялсың дайыма жаш болушуң керек. Ушул турпатыңдан жазба. Жаңылба, күнүгө бүгүнкүдөй сулуу бол. Сен билесиңби, экөөбүз бир класста бир айылда жүргөнүбүз менен, жанымда жүрсөң дагы сени ааламдан издедим. Сен менден алыс жүрдүң, башка бирөөнүкүндөй чочуттук. Ойлоп алып ойлогон ойлорумдан да коркуттуң. Тоскоол жолдордо жүрүп, бүгүн сага жетип турам.Сенден жашырынып канча бала менен мушташтым.

– Деги аларды өлтүрүп койгон жоксуңбу. Айтпайт белең ошодо эле, сен үчүн мушташып жатам деп, барып мушташканыңды көрөт элем.

– Анда болбой калмак. Акниет сага, кыйналганымды көрсөткүм келбейт. Сени аям, сен менин аярым болосуң. Акниет күлүп, Мараттын мурдунан кармап коёт. Марат, Акниетти денесине бекем кысып кучактайт.

– Марат карачы, жаан көз жаштай болуп төгүп турганын. Акниет айтканын айтып алып, өзүнө өзү ачууланып, айткан сөзүн кайра алгысы келет. – Адам сүйүнгөндө да ыйлайт, кайгырганда да ыйлайт деп коюшат го. – Туура айтасың Акниет, күлгөндө да көздөн жаш чыгат. Сен сөзгө аябай маани бересиң, сүйлөгөнү сүйлөп алып, кайра угуп жаткан адамды дароо карайсың, муну кыргызда кыраакылык деп коёт. Менин апам ушинтип коёр эле. Сенин дагы сүйлөгөнүң апама окшош. Апам көрсө, өзүнө окшош турат болсо керек. – Марат, бүгүн өзүмө келе албай жатам,

башкача сездим. Менде коркуу сезими пайда болду. Коркуп жатам. – Коркпо, эми биз жалгыз эмеспиз. Экөөбүз. Мен тилегениме жеттим. Тилегим сен болчусуң.

Акниет коркуу сезим менен Маратты көзүнөн албай жалдырап карайт. Марат адатынча денесине бекем кучактап “Марш апа” булагына алып келет. Экөө булакка беттерин жууйт. Акниет, булактын көзү менен Маратты кечке тиктегиси келет. Мөлтүр булакта мөлтүрөгөн Марат менен Акниет. Булак кандай тунук, таза болсо, булар да дагы балалык баё сезимдер...

***

Таштандынын жанына орус кемпирдин сөөгүн таштап кетиптир деген уу – дуу кептер жүрдү. Бир паста эзели жакын жологусу келбеген таштандынын айланасына элдер үйүлүп алган. Милициялар жиптерди тартып, өлүктүн бетин жаап койгон. Өлүктү террористер өлтүрүп кеткендей. Ал сөөк орус кемпир Бабушканын сөөгү. Милициялар иттер талап өлтүргөнүн билбейт кыязы. Билсе дагы иликтөө керектей. Эмнесин иликтейт. Денеси муздаган өлүк болсо дагы тезинен жерге берип жашырса жабылуу аяк жабылуу бойдон калса. Канткенде да орус кемпир Бабушка Райисполком Галина Васильевна эмеспи. Көпчүлүк сыяктуу эле баягы Галина Васильевнага эки ысык нан алып берген, галстугун мойнунан чечпеген очкичен адам үйүлүп турган эл катары таштандыга басып келет. Очкичен адам, жабылган жабылуудан Галина Васльевна орус кемпир кийипжүргөн суу өтүктүн кесинди кепичин көрүп калат. Жүрөгүн бир паста муздак шамал каптап, денеси муздай түшөт.Ал бут кийиминен байкуш орус кемпир Галина Васильевна экенин билет. Ичер суусу түгөнүп, бүтөр күнү бүткөн турбайбы бечаранын деп кейийт. Эми сөөгүн коёр адам бар бекен деп тынчсызданат.

Милициялардын жанына басып келип, башкарып жаткан капитандан сурайт. – Жолдош капитан, мен бул адамды тааныдым, бирок бир карап алсам болобу. –Сиз билесизби, орус кемпир экен, аябай тытылып, таланып өлүптүр. – Аа, байкушту иттер талаптыр да. – Ошондой окшойт, жүрүңүз ачып көрсөтөйүн.

Милициянын капитаны өлүктү ачып көрсөтсө, бут кийиминен тааныган Галина Васильевна.

– Атаңдын көрү дүнүйө, жакшы төрөлмөк бар, өлмөк жок тура, тааныдым, мен айткан орус кемпир Галина Васильевна.

– Кайсы жерде жашайт билбейсизби.

– Жок, билбейм, жолдош капитан мобу үйүлгөн элден эле сурай койсок айтып берет. Аңгычакты нары жактан өзү жаш эле көрүнгөнү менен сакалчан отуздан өтүп калган жаш жигит басып келди. – Жолдош капитан, мен бул кемпирди тааныйм, менин кошунам, кепеде жашачу, балдары карабай Россияга кетип калган. Жакындары бул жерде жок, кара башы эле калган. Балдары биз менен жүрү десе болбой төрөлгөн жеримде өлөм деп көгөрүп болбой койгон. – Сиз кандайча тааныйсыз, жакшы билесизби – деп капитан милициялыгына салып такып сурап кирди.

– Жолдош капитан, ачыгын айтсам балдары бул апасынын үйүн мага сатып, өлгүчө жашап турат деп кичинекей бир бөлмөсүнө алып кирип койгон. Мен ал жерде эки комната времянка салайын дедим эле. Сүйлөп жаткан кошунасына очкичен адамдын ачуусу келип, какшыктап сүйлөп жиберет: – Анан сен өлсүн деп күтүп жүрдүң. – Аксакал, ал эмне дегениңиз, мен карап, багып жүрдүм. Очкичен адам эми ачуусун токтото албай, сөөмөйүн мелеп кирди. – Көрдүм, сенин караганыңды! Нан бербей багыптырсың, мына сенин бакканың, караганың көрүнүп турат

таштандыга келип өлгөнүнөн, байкуштун бут кийимин карачы, резинадан жасалган кепич кийип жүрөт. Ушул суукта кайсы кудай урган суу өтүктүн кесиндисин кийгизет. Деги атың ким?

– Атым Кайнарбек. Очкичен адам атын укса да укмаксанга салып, ичиндеги бугун сыртка чыгаргысы келип: – Кайсарбек дейсиңби. – Жок аксакал, Кайнарбек деп жатам. Сиз кепти чала угуп алып, чала түшүнүк менен сүйлөйт экенсиз.

– Эй чоң жигит! Кайнар болосуңбу, Кайсар болосуңбу, мага баары – бир. Адам болгондон кийин адамды жакшы карап кой да. – Аксакал балдары карабай кеткенден кийин мага эмне. Же өзү акылга жараша иш кылып, балдары менен кетип калса болмок. Экөөнүн сөзү урушка айланганын көрүп капитан арача түшүп, сөздөрүн токтотуп калды.

– Эми сиз кошунасы болсоңуз, үйүн алсаңыз сөөктү комиссия түзүп жашыралы. Сиз жашырганга жардам бериңиз ал эми аксакал сиз, комиссиянын төрөагасы болуп бериңиз. Капитандын демилгеси менен орус кемпир Бабушка Галина васильевнанын сөөгүнө комиссия түзүлдү.

Орус кемпир Галина Васильевна балдарын ээрчип Россияга кеткиси келген эмес. Орус болсоңор эле, сөзсүз түрдө орустардын мекени деп Россияда жашаш керекпи деп жактырчу эмес. " Мен орус болгондон мурун адаммын, адам катары, кудай бир, ошол жаратканым: Ушул Кыргызстандан жаратып, төрөтүп койгон. Атам дагы орусмун, сен ушул жерде жашай бер деп апам экөөбүздү таштап Россияга кетип калган. Апам мени карап, ушул жерде мен төрөлгөн жерде калды. Мен ал жаткан мүрзөнүн жанында жатпасам дагы ал жаткан топурактын мекенинде жатам". Ачка калсам дагы бирөөгө кол сунбайм, өлсөм дагы төрөлгөн жердин топурагын кучактап жатам.

Мага "туулган жердин топурагы артык" – деп балдарына айтып, Кепеге кирип жашап алган. Күйөөсү Согуштун ветераны ушул жерден өлүп жашырган эле.

Очкичен адам Галина Васильевнанын өзү туулуп өскөн жерин, итке таланып өлөрүн билип туруп эле калып калганын өзү айтмакчы " Коммунист" катары потриоттугун сезди. Эми, жерин сүйгөн адам жашоосун: Анын жыргалын куштарлыкты айтпай, кайгы – капасына бөктүшүп калганына нааразы болбой, кантип өлөөрүнө көз жүгүртпөй калат тура. Орус кемпир Галина Васильевна карааны жок болуп өлөөрүн сезсе да, туулган жердин кара жери, боз топурагы болоорун билген. Ит өлтүрсө дагы адам көрөт. Эл болгондон кийин өлүктү көмөт да. Мына орус кемпир Галина Васильевнанын акыркы жолу, баягы ойлогондогу ойу, ысык нанды жеп жатканда ушундай ойлор келген окшобойбу. Акыркы жолу ичим жылысын деп Өмүр берген элүү сомго, Очкичен адам кошкон тыйынга ыссык нан алып жегени ушундан уламбы?... Өз билермандыгында акыркы күнү ичи жылыды, өлөм деди өлдү, ит өлтүрсө эч кимге залакасы тийберин, өзү туулуп өскөн жердин топурагы болорун билди... Бул акыркы орус кемпир бабушка Райисполком Галина Васильевнанын мерчемделген күндүн протоколу болуп калды... Анын өмүр жолунда эки доор пайда болду. Эң чоң держава Советтер Союзу, экинчиси жаш Эгемендүү Кыргызстан өлкөсү. Ошондой эле орус, кыргыз деген улутчулдук пайда болду. Туулуп өссөң дагы аны бөлүп жаргандар көз карашыңдан, каныңдан, денеңден чыккан балдар дагы чанып чыкты. Мындай мезгилинде эмне кылмак? Карысаң дагы, буту – колуң жылбай калсаң дагы, туулган жериңдин топурагы алтын болду. Кудай сактасын, эгер согуш болуп буту – колу жылбай ок тийип жарадар болсо, акыркы окту атып өлмөк экен. Орус кемпир Бабушка Галина Васильевнанын элин, жерин таштабаган кебин

– сөзүн эки адам гана түшүнүп барктады. Алар өмүрүнүн акырында көрүндү. Көргөн көзүнө ошондо ишеним пайда болду. Эки адам тоо болуп көрүндү.Эл болуп көрүндү. Жумурай – журт, жумурият болуп көрүндү. Соңку элесинде Өмүр анан Очкичен адам калды... Көр турмушта эмгек, баатырдык бааланбайт. Ачка болсоң адам эмессиң, көптү жесең көпчүлүктүн ээсисиң. Бул эмне деген көр заман. Көр заман... Көр заман... Орус кемпир Бабушка Райисполком Галина Васильевна.

## Түйүлдүк.
## III

Адам баласынын башына эмнелер гана келбейт. Адам, адам болуп туруп өзүнүн ойуна келбеген нерселер да келип, кетпейт. Миң уктасам түшүмө кирбейт дегени менен көргөн көзүнө да ишенбей кетет. Көргөндүн көзү ыйлаган заман. Айла жоктон заманга шылтоо кылабыз. Адам өзүн күнөөлү кылгысы келбейт. Кылганын кылдым дебестен көпчүлүккө төңкөрүп заманды күнөөгө жыгат. Илгери окуялар акыр заман болоордо адам өзүн тааныбай калат дечү эле. Адамдын адамга болгон мамилеси өзгөрүлүп сыйлоо урматтоо жоголот. Жоголо турган жоголуп кетсинчи деги киши болоор, кишинин киши менен иши бар. Ал – акыбалды сурап турганга эмне жетсин. Эмне болсоң да элдин ичинде болгон жакшыда. Эл эмне дейт деп эл менен эсептешкениң эстүүлүк эмеспи. Эс – акылы жок элден четтеп калат. Эртең менен турсаң учурашаар адамың болсо алкоолукиш. Эй, азыр ишиң болсо, барктуусуң, иштен кеттиң дегичекти салам айтуу, сүйлөшүү да азаят. Өмүрдүн кесиби гана журналист эмес, көкүрөгүндөгү жан дүйнөсү да журналист. Элди аралап кабар алганды да жакшы көрөт. Замандын сөзү менен айтканда маалыматтуу жан. Анын кесиби кыбыраган жандан да кабар алуу.

Жашаган жеринен кичине басып, жолдон жолуктуруп калган орус кемпир Бабушканын каза болгонун угуп алып кейиди. Кейигенде эмне, жанагинтип таштандыдан жугунду жеп жүргүчө өлүп деле калганы ырастай деп, ой – тоону ичинен ойлоп коёт. Ойлогон ойуңдун Оомураңды калсын. Ушул дагы ойбу, бул деген адамга жакпаган ой – деп өзүн – өзү урушуп да жиберет. Көрдүңбү заман, жашоо оорлогон сайын бирөө менен бирөө эмес, өзүң менен өзүң да урушасың, өзүнчө сүйлөнүп жинди да болосуң. Жиндисиң да, өзүң менен талашып тартышып жатсаң. Өмүрдүн өзү менен өзүнүн талашында: Орус кемпир Бабушка Эгемендүүлүктү алганда ушул атка конду, Союз учурунда Райисполком Галина Васильевна эле. Колунда күчү, энергиясы, билими барда Мамлекетке иштеп берди, а, мамлекет эмне кылды? Аны кароосуз көчөгө таштап таштандыдан тамак таап берип койду. Койчу, аны да өзү тапты го. Бирок орус кемпир Бабушка жатындан чыккан балдарын ээрчибей Мамлекети үчүн калды эле го. Эмнени көрдү? көргүлүктү көрдү го... Жо – ок, ал утту, өзү сүйгөн Өлкөсүнүн топурагына оонап жатты. Анын жаратылышынан жай жатты. Абасына чулганып жатты. Андан жааган жамгыр топурактан сиңип сөөгүн жууп турат. Орус кемпир Бабушка акыры Райисполком Галина Васильевна болуп өз өлкөсүндө өлдү: "Өкмөтүм багып алат" – деген ураан менен жашап өткөн орус кемпир Бабушка Райисполком Галина Васильевна эмес, ишенимди актабаган кароосуз калтырган Өкмөт уялыш керек. Ушундай бир адам эки ача болуп урушуп жаткан Өмүр болду. Заманың куркурдун заманы... Өмүрлөр Өмүрдүн көз керегинен өтүп жатты. Канчалык турмушту, тагдырларды жолуктурган сайын Өмүр адатына салып бирөө менен эмес өзү менен өзү талашып – тартышып урушуп калат.

Ырыскелди эртең менен эрте туруп чайнекке чайды коюп, ваннага кирип башы – колун жууп чыгат. Коюу кара

чачын артка тарап, жазанат. Жумушка даярдык көрүү учуру. Күндүн башталышы. Ары – бери басып, бир күзгүгө каранып, кыңылдап музыка менен кошо ырдап жүрөт. Койгон музыкасы "Ах какая женщина". Ушул музыканы бала кезинен жакшы көрөт. Акырын басып келип, окуусуна даярданып жүргөн кызы Назгүлдү маңдайынан сылап чачынан өөп коёт. Кызын эркелетип: ырас эле кызым чачыңды жууп алыптырсың.Атасынын сөзүнө көнүп калган кызы унчукпайт. Ырыскелди кызы чоңойгон сайын эркелеткен сөзүн өзгөртүп турат. Сегиз жашка чейин кызын: – колунан жыттап, колуң эмне жыттанып жатат кагаз айрылып кеткенби деп койсо, кийинки кездерде колун жыттап, кызым тырманган экенсиң деп коёр эле. Жубайы Датканы да чоң кыз, чоң кыз кайдасың деп, аны да эркелетип коёт. Эркелеткенди жакшы көрөт. Жубайы Датка уктап жатат. Датка жакка басып келип: чоң кыз тур, биз кызым экөөбүз кетип баратабыз, эшикти жаап ал, сени бирөөлөр уурдап кетпесин. Датка бир оодарылып, кете бергиле эшикти жаап алам дегенсип. Музыка менен кошо Ырыскелди ырдап чыгып кетет. Аңгыча Датканын уюлдук телефону шыңгырап калат. Датка телефонун алгысы келбей уйкусуроо менен телефон алат. – Алло Датка, кандайсың, жакшыбы. Мен бул жжең Самара.

– Ии, жакшыбы, кандай турасыңар, айылда эмне жаңылык.

– Айыл өзүң көргөндөй, баягыдай эле жашоо, күндөгүдөй эртең менен эрте туруп уй саамай, сүттү өткөрмөй, күндөн – күндүн айырмасы жок окшош. Датка колу – бутун чойуп керилип: – Эмне сөз айтайын дедиңиз эле жөн жай эле чалдыңыз беле – Датка! Апам эшике чыгып кире албай калды. Туалетке дагы өзү бара албайт. Анан сеникинде бир аз жүрүп келсе дегем. Өзүң үйдө эмессиңби, карап больницага көрсөтүп каратсаң. Датканын бир

тууганДарынан эркек бала жок. Үч кыз. Апасы Токтокан сексен жашка чыккан. Тың жүргөн апасы Токтокан быйыл эмнегедир карылыктын айынанбы же ооруп калганбы, эки буттун көтөрүп баса албай калган. Датка эжеси Самаранын сөзүнө бар дей албай же жок дей албай, акыры мейли келсин деген сөзүн гана айтып, телефонун өзү жаткан жаздыгынын үстүнө ыргытат. – Ырыскелди, Ырыскелди! Ырыскелди мурункудан добушу башкача угулган Датканын үнүнөн чочуп, чыккан жеринен үнүн угуп шашкалактап кирет. – Датка эмне болду, кыркылдаНып үнүң башкача чыкты да. – Эмне болмок эле, Самара эжем звонит этти, апам бутунан жылбай калыптыр, сен кичине карап бер деп жатат. Сен кеткиче айтып калайын, дагы кыңкылдап жүрбө. Ырыскелди, Датканын сөзүнө таң калып: – Датка, эмне кылкылдайт элек апабызды карабайбыз дейт белек, карайбыз. Караганда да, ещё как карайбыз. Үйдө карыган адам болгон жакшы да. Кап, менин апам тирүү болгодо экөө жүрө беришмек эле.

– Үйгө эртеңден алып келгиле дедим. Таксиден салып жиберишет.

– Датка сен кызыксың, ооруп жаткан карыган адамды кантип таксиден салып жиберсин өзүм эле алып келем. Мен андан көрө, жумуштан чыккандан кийин, Самара кайнэжемдикине жөнөп, эртең өзүм эле алып келем. Датка алып келсең, алып кел дегенсип башын ийкеп коёт. Алыс жолдо буту баспаган карыган киши келеатса жолдон эмне болот, ал жөнүндө ойлогусу да келген жок. Кокус заара кылам деп калсачы. Эркек киши, күйөө баласы Ырыскелди заара кылдырабы. Кыска ойлуулук кылып Датка ойлонгон жок. Кандай болгон учурда да апасы го. Кайдыгерлик,Ырыскелди үйгө конок келет деп сүйүнүп, кайнэнесин алып келгенге шашты. Ырыскелдинин ойунда карыган киши үйдө жашаса кут келип, баталуу үйгө

айланат. Апа деген кандай рахаттуу, кутту жан. Ырыскелди апасынан бала чагынан эле айрылып калгандыктан, апа жытын моокуму кангыча жыттап албагандай. Ал иштеп, эмгек акы алганда, бир айлыгына апасына ак жоолук салбай калганына кудай талаам буюрбаптыр деп кейип – кепчип калаар эле. Биреөлөр апасына зар какшап келсе, биреөлөр сен караа, мен караа болуп тепкинчик кылышат. Ырыскелди, кайнэнеси Токтоканды өз энесиндей көрүп, жакшы көрөт. Мүмкүн энесинин ак сүтүн, кайнэнесин карап, карыларга жардам берип актагысы келет. Бала кезинде, апасы кандай тамак жасабасын, башын кармап, чекесинен сылап койсо ооруган башы айыгып калаар эле. Апасынын колун, бышырган ысык тамагын эстеп, кызынын башы ооруп калса, башын ушулап коёт. Бул энесинен калган табыптык. Улуу эжелеринен апасынан калган көйнөктөр барбы деп сурап калат. Кайдан болсун жок да... Кичинекей баладай болуп, азыр дагы энесинин көйнөгүн жыттагысы келет окшойт. Туулган жерине барган сайын, атам – апама барып келем деп, сөзсүз күмбөздөрүнө барып куран окуп келет. Алардын сүрөттөрүнө, күмбөзүнө жалынып – жалбарып сүйлөшөт. Күмбөзгө барганда жецилдеп да калат.

Жолу болуп жолу ачылгандай сезилет. Бул жолу да кайнэнесине бараткaнда ата – энесинин күмбөзүнө барып куран окуп келет.

***

Тирүү жан болгондон кийин орус кемпир жашаган Кепеде тирүүлүк бар эле. Көз өттү, ал Кепени эч ким көргүсү келбейт. Чоң Экскватор келип,Кепени капталынан сүзүп, үстү жагынан топурагын сузуп алып жатты. Чоң асманга сапырылып, ичинен кагаздар чыгып жатты. Адам өмүрү кагаз экенин ошондон билсе болот. Өлсөң кагаз менен

гана тактамада тастыкталат. Мында андай болгон жок. Тактамалардын да эч кимге кереги жок. Бут топурак менен топурак болуп кетти. Ким топурактан бөлүп, шыгыраган сары барак кагазды алат. Анын кимге кереги бар. Бир орус кемпир өлсө өлгөндүр да... Сүзүп, бузуп жаткан адамга эмне, эртерээк бузуп, алчуусун алса боду да. Жыйнап алаар кишиң болбосо, ушул экен да. Байкуш орус кемпир акыркы жолу эки ысык нанга гана топук кылып кетпедиби... Мен бар экенмин деп, ошого ыраазы болду. Кепенин ичинен Мышыктын да өлүгү чыкты. Орус кемпирди күтүп, Кепеден качып кеткенге жараган эмес окшойт. Датпаспаган темир идиш – аяктар калдыраган акыркы үндү ошолор чыгарышты. Союз мезгилиндеги Кызыл диплом, громаталар, анча – мынча орден –медалдар чыкты. Аларды кызыгып караган бир дагы жан жок. Айтор, орус кемпир артына бир дагы жазуу калтырбай жайдак кетти.

Чаң сапыртып Кепени бузуп жаткан Кайнар. Ал орус кемпирдин үйүн сатып алып, анын ордуна бышкан кирпичтен заңгыраган үй салган. Үйүнүн айланасын кеңейтүү үчүн Кепени түртүрүп ордуна баня салууну эп көргөн. Кайнар менен Кален ушул жерге көчүп келгенден бери агарып – көгөрүп эки кыздуу болушту. Кыздарынын аты улуусунун аты Кундуз сегиз жашта, экинчи класста окуйт. Кичүүсү Умсунай беш жашта, тили көп нерсеге келбейт "Р" тамгасын айта албай "Й" деп салат. Жаркылдап күлүп, маңдайынан нур чачыраган кичинекей жайдары кыздар. Энеси Кален, ошондой ачык айрым жан. Көп күлбөгөнгө аракет кылат. Бир күлсө, күлкүсү каткырганда оозунун тамагына чейин ачылып кичинекей тилине чейин көрүнөт. Кайнар, ушундайынан көпчүлүктүн көзүнчө күлбөй отур деп тыйып келгендигинде чындык бардай. Улуу – кичүүнү көзгө илбей каткырганы, кайра шылдыңдап каткыргандай ой калтыргандай Кайнар, кабак – башын

бүркөп, эч нерсеге көңүлү жок үйгө кирсе, жадырап – жайнап жанын койбой, кытыгылап анын көңүлүн көтөрүп да жиберет. Бирок, акыркы күндөрү Кайнарды ой – санаа баскандай. Эч нерсеге көңүлү жок. Кылган ишин баштаганы баштап алып, акырына жетүүгө кайыр кош. Бир кездерде чоң Заңгыраган үй – жайды салган Кайнар, кыздарына салам деген баняны создуктуруп, бурчка Кепеден калган топуракты үйүп салган. Үйүлгөн топуракты көргөн сайын Календин ачуусу келет. Бир четинен баня эртерээк бүтсө дейт.

Кайнардын кабагы бүркө, үйгө кирет. Ачык айрым жадыраган Кален көнүмүш адатына салып Кайнардын мойнуна асылат.

– Келдиңби, менин мырзам, таянар тоом, бүгүн кабагы бүркөлүп кыйналып келген тура. Кыздарыңды жыттап алсаң, көңүлүң көтөрүлө түшөт. Кундуз, Умсунай! – атаңар келди. Кыздары чуркап келип атасынын мойнуна асылышат. Кыздарын көргөн Кайнар кучактап, мойундарынан жыттап, беттеринен өөп, экөөнү эки колуна алып, көтөрөт.

– Менин кыздарымдын жыты французский духи, силер аман болгула, бактылуу болгула. Келечегиңер кең болсун.

– Кыздарыңды эркелетпей эле жалынып жибердиң го.

– Анан кантем, кыздарымдан башка кимим бар. Менин келечегим ушулар да. Кабинетиме да кыздарымдын сүрөтүн коюп койгом. Сен! кабинетке барганда көрсөтөм.

– Кой айланайын, сенин кабинетиңе барбайм. Иштешкендериң бир күн барганымды миң баргандай кеп кылат, аялы ушул жерден чыкпайт, кызганат деп алышат. Кыздарын эркелетип жаткан Кайнар: – Сен бара элек жатып эле көйгөй көтөрө баштадың го, биринчи бар, мүмкүн антип айтышпайт. – Бул жактан туруп эле билип турам,

азыр адамдар бетиңе келип бирди сүйлөйт, артыңдан шыбап турушат. Эки жүздүүлөр көбөйдү. Кайнар, Календи какшыктап: – Сен билермансың, билерман билгениңди кылчы, кел, тамагың барбы. – Кечекиден калган борщ бар, жылытып берейин, ичип ал. Кален тамагын жылытканга кирип кетет. Кайнардын телефону шыңгырайт. – Алло, бул ким. – Кайнар менмин, Даткамын уктуңбу. Кайнар үнүн чыгарбай акырын: – Датка угуп жатам. – Эмне үйдөсүңбү. Анда мен сүйлөйм сен уга бер. Бүгүн менин туулган күнүм. Экөөбүз бир жерден жолугалы. – Макул, мен кабарлайм. Кайнар телефонун өчүрөт. Нары жактан Календин үнү чыгат. – Кайнар, бирөө менен сүйлөштүңбү. Кайнар кухняга кирип келет. Кален, Кайнарды көрүп: иштеген жериңе акча түштүбү. Телефон чалуудан кийин бүркө кабагың бир жерге чогулбай, ордуларына келе түштү да. Кайнар, эч сыр бербегендин аракетин көрүп, Календин аркасынан кучактайт. – Сен чын эле билермансың, менин кабак – кашымдан бардык нерсемди байкап турасың. Жакшы жаңылыгымды айткычакты алдын – ала сезесиң. – Сен сөзүң менен алдасаң да, кабагың менен алдай албайсың. Кайнар, Календи мактап, жактап, кучактап койсо, дардаңбай Кален дардалаңдап жылытмасын жылытып, досторконун жайып тамагын берип калды. Кален, Кайнарды издеп жүрүп тапкамын деп калат. Кайнарды тапты, ошол күндөн бак конуп, бактылуу күндөрдү өткөзгөндөй. Көз тийбесе экен деп,алдын – ала көзү ачыктарга барып төлгө салдырып, Кайнардын жолун ачтырып келет. А түгүл, тумар жасатып, акырын билгизбей шымынын белчемчесине кымтып тигип да коёт. Маңуроо эркек, аны билбейт. Бул кызганычтан деле жасалган нерсе эмес, жөн эле ушул Кайнар менен болгон үй – бүлөлүк кымбат нерсени жоготкусу келбейт. Өзүнүн турмушуна кооптуу карап, чочулоо менен, жамандыктан сактагандын амалы.

Амалкөйлүк, шашкан шайтандын иши. Шайтан шабыр деген эме, жакшылыкты үмүт кылып, аны шаштырып, эртерээк эпкини жүрсүн дегени менен шайтандыкка алдырып жиберет тура. Жакшылык жайчылыктын жолу. Жамандыктын аркасында да жакшылык турат. Алда качан сыноо берилип сабак болуп, толгонуу толукшуп тотук нерсе келет. Адамдардын тагдыры бир өзүндө, анан жаратканда деп бекер кеп жүрбөстүр. Жакшы жолго түшсөк жакшы. Жаман жолго түшсөң жаман. Адам адашса адалдык кайдан келмек. Арамзалыктан арам келип чыгат. Акча табуунун амалы да күчөп, ар кандай жолдор ачылды. Касиеттүүбүз деген билерман бакшылар көчөгө чыгып, асфальт жолдун ортосунда отуруп алышып, өткөн – кеткендердин тагдырындагы жолун ачып берип жатышат. Көңүлүңдөн чыгарып бер дешип баштан – аяк ачык эле тумар жасап берүүгө өтүшүп, тумардын баасын бычып салышкан. Кален барып жүргөн төлгөчү Айымкан азыр көчөдө карта менен төлгө ачпай, үйүндө таң эртең менен эл карап, бакшылыкка көтөрүлүп кеткен. Төлгөчү Айымкан көчүгүнө көчөдө картон кагазын коюп карта менен төлгө ачып жүргөн кезинде, Каленге төлгө ачып, үйүңөрдө чоң жоготуу болот, ошондон кийин кут келүүсү кыйын болот. Жоготуудан кийин кел деп жолго салган эле. Календин бүткөн боюу дүркүрөп, жоготуусу эмне деп, ал күйөөсү Кайнардан чочулап, түнү боюу уктабай, кичине кечиксетелефон чалмай өнөкөт болуп калды.

Кайнарга көп эркелеп, моюун артуусу, жанынан чыгаргысы келбей, аны түшүнгөн адамы, жолдошу кыязы кылып, айткандарын кыңк этпей аткарганга өткөн. Туура эмес сүйлөгөнүнө кыжыры келсе дагы ичине кымтып коёт. Ансайын, анысын кайдан Кайнар түшүнсүн, Кален ошенткен сайын башына чыгып, чектен чыгып бараткандын өзү сезбей калды. Эркелеп, эркелеткен эри Кайнар

күндөн – күнгө жумушу бүтпөй, кеч калып, кеч келмей болду. Оокаттын оордугунан улам, жумуштун татаалдыгынан, акча табуунун кыйындыгынан күндөп – түндөп иштеп, сапардай – сапарга чыккан кездери көбөйдү. Сылап – сыйпап бир төшөктө жаткан Календен кумар качып бараткандай. Колун эмес, бутун мойнуна арта салыпэркелесе дагы Кайнар мурдагысындай күйүп – жанып, кайнап – бышып эрип кетчү жан эмес. Анын ойунун баары талаа түздө. Төлгө сөзүн төркүн кылып алган Кален, Кайнарды жоготуп аламбы деп корккону корккон. Жүрөгү түшүп калган.

Кайнар ичип жаткан борщун ичип бүткүчө шашат. – Эмне мынча ысытып салгансың, жылытманы жылытып эле берет. Тимеле тамакты азыр жасап жибергенсип, ысытып жиберипсиң да. Кайнар, Календи жактырбагандай, ысык тамактын азабынан жумушу күйүп бараткандай, кабак – кашын бүркөгөндө эки кашы кошула түшөт. Кабак – каш ортосундагы бырыш араб санындагы үчтү көрсөтүп жиберет. Кайнардын кебете – кешпирин көргөн Кален эмне кылаарын билбей, үстөл үстүн сүртүп калат. – Ысык жанга ысык ичсин дедим да, мурун мындай ысык тамактарды уртабай эле жутуп жиберчи элең го. – Жок, шашканда, өзгөчө түшкү тамакты жылымык эле кылсаң, мени деген эл, жумуш күтүп жатканда сен дагы кычап каласың да. – Болуптур таксыр мырза, мындан кийин кечки жатаардагы тамакты ысык кылып жасайм. Кайнар тамагын чала – була ичип: – Ичкен тамагымдын түбүн кыздарга ичирип кой. Атамдын ичкен тамагынын түбүн ичип чоңойгом. Кыздарым ичип койсун. Калган тамактарды орус кемпирге бербей таштандыга ыргытчу элең. Мына ал орус кемпирден да кутулдуң. Кален көзүн чоң ачып чакчайтып: – Койчу, ошол өлүп калган орус кемпирди кеп кылбачы, ырыскы табакташып жуушуп кетет

дейт, ал орус кемпириң таштандыга таштап койсом дагы таап жеп алчы. Кайнар, бут кийиминин бугучун байлап жатып Календин жаман сөзүнө сестене түшөт. – Кален, сеники тура, баары сен айткандай болсун. Кайнар чыгып кетет. Кален тамактын түбүн көнүп калган көнүмүшүнө салып, Кайнардын айтканын кылып, ата түбүн кыздарына бербестен жугунду чакасына ыргытат. Төлгөчүнүн төлгөсүнө ойлонуп кеткен Кален, ичкен табагы менен кошо жугундуга таштап салат. Төлгөчү, тууган адамдарынан да жакындашып Календин төркүнү болуп калгандай. Бош боло калса эле төлгөчү Айымканга телефон чалат. – Кандайсыз, иштериңиз жакшыбы, ооруп – сыркабай эле жүрөсүзбү. – Ооба, кечээ күнү адамдар көп келгендиктен көнүлдөрүн кыя албай кечке отуруп көрө бериптирмин. Бүгүн бүткөн боюум ооруп калыптыр. Кечке отурганда, ушинтип талыкшып ооруп калам. Буту – колум жөн эле талып – уюп калат. – Кой сиз оорубаңыз, сиз сыркоолосоңуз, бизди ким көрөт. Сизге күч – кубат берсин. Календин ишенгени, ишенген тоосу Кайнарды томкорулутпай кармап калчу жан төлгөчү Айымкан. – Баягы сиз айткандай, күйөөм Кайнардын шымына сиз берген тумарды тигип койдум, кийип жүрөт. Чечип башка шым кийем деп калган экен, болбой дагы бир жума кий деп койдум. – Кален, мен азыр көчөдөн төлгө салбай калгам. Бир үйдү ижарага алып ошондон элди карап жатам. Кален төлгөчү Айымкандын сөзүн угуп, көтөрүлүп – жогорулап кетипсиз дейин деп барып өзүн токтотуп калат. – Ии, жакшы болуптур, көчө бирде суук, бирде жылуу болот. Өзгөчө күз айы ушундай мезгил го. Элди бир карасаң көйнөкчөн, бир карасаң калың курткасын кийип калышат. Үйдүн ичи жакшы да. Мен сизге качан барайын, бир көрүнүп койсом дедим эле. – Эмне боюнча келесиң. – Баягы күйөөм Кайнар боюнча эле да. Акыркы күндөрү тез жини келип

ачуулу болуп баратат. Мүнөзү өзгөрүлүүдө. – Кален, сен мага арча, бир пачка чай, анан күйөөңдүн сүрөтүн ала келчи. Анан суу ала кел. – Мейли, ырас болбодубу,ала барам. Кален төлгөчүсү менен сүйлөшкөндөн кийин оор жүктү мойнунан алгандай жеңилдей түшөт. Тагдырын төлгөчү алып салгандай. Эшикке чыгып чай, суу алганга шашат. Тагдыр тайгаланып баратканда төлгөчүгө кайрылып калганы кызык. Төлгөчү ушундайлардын улам кадыр – баркы көтөрүлүп, эл көрүп, бардык оору – дартты, тагдырды айыктырган бакшыга көтөрүлөт. Көтөрүлөм деген "көтөрүм" заманы.

Айлана жым – жырт. Учкан чымындын да үнү угулбайт. Буларга эч ким тоскоолдук кылбайт. Гостиницанын экинчи кабаты 214 – 215 жатаканасы. Сүйлөшкөндөрүбүздү, дабышыбызды эч ким укпасын дегенсип Кайнар жанаша эки комнатага акчасын төлөп койгон. Эки комнатаны бирдей тейлеген Кайнар менен Датка камыр – жумур. Жаштыктары калгансып, үйүндөгү кыздарын, кумардан кур калгансып бири күйөөсүн, бири аялын унутуп коюушкан. Буларга эмне жетишпейт. Жетиштүү эле өңдөнгөн турмуш. Ырыскелди, Датканы сүйгөндүктөн көзүнүн карега менен айланат. Сүйгөнү энеси, кайнэнесин алып келем деп айылга кетсе жубайы Датканын кылганы бул. Аялы жаш баладай эркелеткен, өөп – жыттап турган, өзүнүн жанынан артык көргөн Календин башын аттап, көзүнө чөп салган Кайнардын бул эмне кылганы. Эч ким көрбөйт. Анткени экөөнөн башка жан жоктой. Кайнар, бүт денесин Датканын денесине тийгизип, мурдунун учу менен мурдунун учун каршылаштырып, көздөрү менен көзмө – көз тиктейт.

– Датка, мен үй – бүлөм менен ажырашам. Сага үйлөнөм. Сен мага тий. Датка колу менен Кайнардын мурдунун учун кыса кармайт. –Эркектер, өң – дөңдү карабай

эле чуркай бересиңер. Биринчи баскыла, басып – тургула анан байкагыла. Көргөнүңөргө эле көөпүрүнүп киресиңер. Азыркы экөөбүздүн кылганыбыз кумар эле. Сен Кайнар турмушка, тойго, той – торопого айлантасың да. Келесоом, менин Кайнарым. Датка күлүп, Кайнардын чачын сылайт.

Кимге кетсең кимге... Турмушта аялдан качсаң аялга барасың. Тагдырдын табити ушундай. Кайнар эмне үчүн Даткага баш ийди. Баардыгына макул болгонсуду. Сырты жакшы, ичинде кандай жылан жатканын кайдан билет. Вазир жакшы Хан жакшы, аял жакшы эр жакшы. Макоо эркекке караганда митаам аял бат жетчүүсүнө жетет окшобойбу. Эркек акылдуусынганы менен аял амалкөй келет. Анткени, аялзатына бүткүл дене керемет турат, эркекте мүчө болгону менен. Аялзаты жанын бергени менен жанды сууруп алат. Датка, Кайнарга баш бергени менен баш ийдирип алганы Кайнардын үйлөнөм деген сөзүнөн билинип турду. Датка жалаңгыч аял болгону менен жылаңач денеси аркылуу жыландай сойлоп Кайнардын жан дүйнөсүнө кирип, бүткүл дүнүйөсүн сууруп чыккандай. Кайнардын басып – турган ойун да толгоп салгандай. Толгонуу, толукшуу, толкуну ашып – ташып Датканын эпкиндүүлүгүндөгү эпкин Кайнарды жөн койбой калды өңдөнөт. Өңдүүдөн түзөлөсүң демекчи, турмушунда Датканы карап түзөөлүүнү көздөп калганы айкын болду. Көп сөздөрүн көбүртүп, Даткасы үчүн баары колунан келип, колунан келбеген эч нерсе калбагандай. Эмне үчүн Датка жалынып – жалбарып, аны жанына теңеп. "Жаным" – дегени эмнеден кабар берет. Ошондой эле Каленге өчөшүп жасагандай Кален эмне кылды? Же жаман аялбы, ал деле Кайнардын көзүн карап турат. Эшиктен киргенде эрин жакшы тосуп алат. Эмнесинен жазды...

Кайнар кучактап, кучагынан Датканы чыгаргысы келбей, качырып жиберчүүдөй болуп, улам – улам өөп жатты.

– Кайнар болду, мени коё берчи денем кысылып кетти, мен мындай ысык болуп кетебиз деп ойлогон эмес элем.

– Ойлонбой туруп бир нерсени баштаба, баштадыңбы эми таштаба, аягына чыгабыз. Датка, Кайнардын жүзүн тиктеп: – Өтө эле ысык болуп, болбогон нерселерди тилек кылып балдырап кеткен жокпусбу. Сенин үй – бүлөң бар, мен дагы андан кур эмесмин дегендей. Андан көрө аялың жөнүндө айтып берчи. Кайнар айткысы келбей, Датканын берген суроосун жактырбай колун шилтейт. – Аял киши аял киши жөнүндө сурабайт. Андан көрө, убакытты текке кетирбей, ушунчалык кыска минуттарды экөөбүзгө эле арнабайлыбы. Кайнар, Датканы денесине кысып бекем кучактап кирет. Датканын күлкүсү чыгып барып, бара – бара басылат.

***

Өмүр, өмүр жолунда өткөн – кеткендерди эстеп, телевизорун койду. Телевизор Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, саясатта биринчи деп аталган Өмүрбек Текебаев үй – бүлөсү жөнүндө берилген суроого "кубаныч күндөрүңүздү эстеп көрүңүзчү" – деген журналист Жылдыз Муслимованын суроосуна жооп берип жатат. "Менин атам Чиркеш айтып калчу эле үйгө балдарыңдын баары келип, үй толгондо кубаныч дечү эле, анысы кандай жакында чет өлкөдө окуган балам, кызым, үйүмдөгү балам, кызым болуп үй толгондо, атамдын сөзүн эстеп кубандым" – деп жооп берди.

Депутаттын бул жообу Өмүрдү да кубандырды. "Бул кишиге каранып түздөнүп турууң да керектей" – деп ичинен күбүрөп – шыбырап, өзүнчө кобурап койду. Турмушта ар кандай тармактуу болуп, бардык нерсе керектей. Кереги жок, эч нерсе жоктой. Өткөн күндөрдүн өзөгүндө бактылуу күндөрдүн тамырлары жайылгандай. Канчалаган көзү

өткөн адамдардын көзү тирүү кездери болгон. Ошолордун тирүү жүргөндөрү эле, эмне деген бакыт. Айылдагы аксакалдардын айткандары, кеп – сөзүндө мөөрлөрү бар эле. Ташка тамга баскандай, мээңе кут куюлгандай эстеп жүрөсүң. Азыр эмне, айылга барсаң аксакалдар калбай бараткандай сезесиң. Же улам өткөн күн баалуу болобу...

Журналисттердин күндөрү хроникага айланып сакталып калгандай. Өмүр, сабак берип мугалимдик кесипти да аркалады. Сабак берип жүрүп өзүнө да сабак алды. Көз караш, жылмаюу, кабак бүркө, ачык – айрым, каттуу кыйкырып сүйлөө, акырын айтып түшүндүрүү булардын баары турмушта сабак алууга жатат. Кыймылдап, чуркап жүргөн жан. Кагаз менен башталып кагаз менен бүтөт. Төрөлгөндө төрөлдү деп күбөлүк кагазы күбө болсо, өлгөндө өлдү деген, экинчи болбойт деп тактап тактама кагазын берет. Анын ортосунда өмүр баян жазылып турат. Мына ушундай адам баласынын өмүр жолу, таржымалы. Ушулардын баарын ойлоп туруп, Өмүрдүн отурумунда окуучусу Акниеттин тагдырын эстеп өттү.

Күн күркүрөп адам баласын чоочуткандай. Күндүзү ала булутту кубалап, кара булут каптап тарс – турс үндөр асмандан чыгып жатты. Азыр мен силерге көргүлүктү көрсөтөм, үйгө киргиле деген белги берип жатты окшойт асман ааламы. Күркүрөктүн күпүлдөгөнү ар кандай үндөрдү жаңылап жаңыртып турду. Бир паста жарыктык кара булуттун каптоосунан караңгы боло түшөт. Караңгылык боло түшкөндө, жарыкты жандыр дегенсип чагылган чартылдап жарыкты тамызат.Чагылгандын чартылдаганынан от күйүп кызыл – сары күрөң, айтор түс берчүдөй боло албаган өңдү берет. Кара булутту аралатып кызыл жанган чагылган чартылдап турду. Күн күркүрөгөнү менен кошулуп чагылгандын да үнү кошо жарышып турду. Экөө бүгүн бири – биринен кем калбаган

атаандаштай. Ааламга жар салган эргулдар. Кимди коркутуп жатат, түшүнүксүз. Күндүн күркүрөгөнүнө, чагылгандын чартылдаганына адамдар көнүп калгандай. Илгери аксакалдар, байбичелер ушундай убакта күнгө сыйынып, жүгүнүп келме келтирип койчу эле. Эми аларды ким кылат. Айткан да жан жок. Улуулар дебесе, кийинки жаштар билмек беле. Ырым – жырымдар айтылып турбаса, анын да ыркы кетип турат. Када – салт кеп кылынбаса анын да каадасы кетет. Эл ырым – жырым када – салтты улап жашап келбеди беле. Эми минтип күн күркүрөп коркутса да, чагылганы от менен жалын болуп күйүп, төбөдөн белги берсе датөбөнү, асманды караган киши жок. Келмени ким кеп кылмак эле. Асмандан түшүп кетсең да кебелбеген көр оокаттын көрү...

Кара булут каптаган күндүн күркүрөгөнү, нөшөрлөгөн жаандын төккөнү, чырылдаган чагылгандын чартылдаганы адамдын жанын алчудай жүрөктүн үшүн алат. Кандай болгон күндө да, Акниет өзүнө берилген үй оокатындагы жумушту так аткаруу. Антпесе, элден калып кала турган иш. Эртең менен эрте туруп уйду саап кезүүгө кошуу. Күндөгүдөй эле жонуна суу өтпөгөн плащын жамынып, чакасын көтөрүп уй сааганга киришти. Торпокту энесине салып, кичине эмизип, уйдун эмчегин ийитип-,эки колу менен уй эмчегин тартып саап кирди. Бүгүнкү кудай тааламдын күнү жан – жаныбаргада жаккан жок. Чагылган чартылдап үн чыгарган сайын уй баласы да Акниетти эртерээк бүтчү дегенсип бутун серпип, куйругун көтөрүп жиберди. Акниет, жоош деп жакшы көргөн уйун карап: " Түсөл, түсөл дейм, сага эмне болду, чагылгандын үнүн укпай жүрдүң беле, мактаганым сен ушинтип жатсаң" – деп саап жаткан уйуна ачуусу менен түшүндүрүп койду. Урушуп жатып уйду да саап бүтүп, шашып – бушуп уйду бошотуп жиберди. Байланып калган торпогу энесин

көрбөй калчудай, ээрчип, мен дагы кетем дегенсип мөөрөп кирди. Торпогун коё бермек беле, сүтүн какшытып ээмип салбайбы, энесинин желинине сүт калтырбай. Уйду айдап келүүгө кошуп, Акниет сааган сүттү чакасы менен көтөрүп келатат.Кара булуттун чагылганы чартылдап төбөдөн ылдый түшүп төбөгө ургандай болду. Мөөрөгөн торпоктун үнү тып басылып жым – жырт, кара булут асмандан түшүп жерди басып калгандай. Акниеттин көзү караңгылап, чакасы ыргып, сүттүн актыгы жерге төгүлүп калганы көрүнүп барып, көздөн кайып болду. Айласы кеткен Акниет: -"Апа" – деп бакырып алды. Чын эле кара булут асмандан түштү, Акниеттин бакырайган чак – чак көзү көрбөй, кара топурактуу жерге оонап калды. Карайлаган Акниет: – апа, мага эмне болду, асман жерге түштүбү, сүт каякта! Сүт! Көзүм, көзүм көрбөй жатат деп, ылай кара топурактуу колу менен карайлаган көзүн ушалап жиберди. Эгерде көзү көрсө ылай колу менен ушалабайт эле да. Карайлагандын кара жаны үчүн күрөшкөнү болду окшойт.

– Эмне караңгы, асман жерге түшүп мени басып калды. Айткылачы, эмне унчукпайсыңар, силер дагы эч нерсени көрбөй, караңгы болуп жатабы, айткылачы! – Акниет бакырып жер чапкылап ыйлап кирди. Бир маалда колуна бирөөнүн денеси урунуп, кучактап ыйлап кирди. Ал Акниеттин апасы Гүкүн эле. – Кызым, каралдым, колумдагы ишенгеним сен эмес белең, карайлап калдыңбы, карайлап, ооба кызым асман жерге түшүп, сени гана басып карайлатпадыбы. Кудай көзүнө сен гана көрүнүп, көр кылып салбадыбы кызым.

– Апаа, апа! Мен эмне көзүм көрбөй сокур болуп калдымбы. Эмнеге апа! Эмне, сүттүн төгүлгөн агын көрбөдүмбү, апа! – көзүмдү жакшылап этегиң менен сүртчү, мүмкүн карегим ылай болуп калгандыр: – Ооба кызым!

сүртөм жүрө гой кызым, жүрчү. Каралдым: Гүкүн кызын жетелеп кара булуттан алыстатып үйгө алып кирип кетет. Жерге түшкөн чагылган оту торпоктун казыгын аңтарыпэнесин ээрчиген торпоктун ичин жарып кеткен. Үйүнө киргизип Гүкүн кызынын ылай, жамгырга чыланган көйнөктөрүн чечип, башка кийим кийгизет. Көйнөгүн кийгизип жатканына намыстанып Акниет апасын булкуп ыйлап кирет. – Апа, сиз эмнеге көйнөгүмдү кийгизип жатасыз, чын эле, мен! көйнөгүмдү кийе албаган көр болдумбу. Өз көзүмө өзүм ээ боло албай бирөөнүн көзү менен жашап жетелеме болдумбу апа! Эми эмне болот апа! Көйнөктөрүмдү кантип кийем. Кудайга эмне күнөө кылдым. Оо, Кудай! калыстыгың каякта. Мен киммин: Мен көр сокурмунбу? Апа, көзүм ирмелбей жатат, ачылып – жумулбайт дагы. Эмне көзүм ачык боюнчабы? Гүкүн кызынын сөзүн укту. Анан эмне деп айтат. Эмне кылаарын билбей колдору титиреп кызына араң көйнөгүн кийгизет.

– Кызым, жаның аман калганына сүйүн. Чагылган түшүптүр. Чагылгандан эч ким тирүү калган эмес, дагы сен тирүү калыпсың. Жаның аман болсун. Кызын кучактап өбөт. – Кызым, мен тирүүмүн. Өзүм карап алам. Сен жалгыз эмессиң. Биз барбыз. Гүкүн кызын бекем кучактап,- кара булутту асманга эмне кылганың дегенсип ыйлайт. Апасын ыйлаганын уккан Акниет, ыйлаганын токтотуп, апасынын муң –зарын тыйгандай болот. Акниет, канчалаган ойду толтуруп ойлонуп жиберди. Анын ойлогон ойун, замандын кандай гана жаңы чыккан технологиясы да батыра албагандай. Бир паста көзү көр болгон Акниет тездик менен ойлонуп, чечмелеп да жиберди. Апасынын бети башын сыйпалап, колун жаңсап ыйынын жашын сүркөнсүдү. – Апа, улуңшуп ыйлабаңыз. Сиз мен үчүн кыйналып, көз жаш төкпөңүз. Көзүмдү алганы менен акылымдан адаштырбай, буту – колумду жайына койсунчу. Эми

эмне кылам апа, колум менен тырмалап сиздерди колум менен көрөм. Мүмкүн апа, доктурларга көрүнсөм, эки көзүм көрүп калат. Жок апа! Жаратылыштан болгон нерсеге кайра жан кирбейт. Бул кудайдын берген сабагы. Мен басокурмун, бирок денем сокур эмес. Апа ыйлабаңыз, башымдагы көр турмушка көнүүгө жардам бериңиз. – Ооба кызым, көзүм өткүчө жаныңда болом. Акниет эрге тийип өзү менен өзү болуп кетээрде минтип карайлап калды. Анын ойунда, чоңойгон кызды энеси кантип кийинтип ичирет. Жуунтуп – тарантып ич кийимдерин которот. Үч күндүк аялзаттык келгенде энеси эмес өзү жүдөп кетчү эле. Эми ошонусун да энесине жүктөйбү. Ата – энесинин бетин кармалап, тыткылап тааныйбы. Көрдүн турмушу көр болбодубу.Мунун баары Акниеттин ойу, көр турмушу...

Бир күнү Акниетке апасы Гүкүн кызым сага көз тийбесин мойнуңа ак мончок тагынып алчы дегенсип базар аралап жөнөйт. Гүкүн кетип баратса алдынан колун сунуп суранган кайырчылар чыгат. Аларга чөнтөгүндө болгон тыйындарын берип коёт. Аңгычакты алдынан көзү көрбөгөн, колун сунуп, он жаштагы балага жетелетип алган, жашы кырктардагы адам чыгат. Байкуш көр, кийимдеринин топчулары өйдө – ылдый топчуланып, шымынын ычкырыгы сыдырылбай, ачылып калган. Ал күнөөлү эмес, аны жетелеп жүргөн он жаштагы бала күнөөлүү. Сокур байкуш эмне кылат. Кыймылдаса кылынды кылынып кете берет да. Мүмкүн он жаштагы бала баласы болуп, атасынын ычкырын сыдыргандан уялгандыр. Көрдүн турмушу көрүнгүс да. Кырктардагы көр байкуш, айланасындагылардын көңүлүн буруш үчүн "Мөл – мөл" ырын ырдап, колун сунуп жүрөт. Өзү араң кетип бараткан "эмени" түрткүлөп өтүп кеткендер да болот. Мойнуна жаман сумкасын илип алган. Боору ачыгандар ошол

сумкасына тыйын салып коюушат. Тыйын салгандарга тиленип – жалбарып, аларга кудай талаадан өмүр, жакшылык сурайт. Көзү көр болгону менен көкүрөгү көңдөй эмес. Ырдаган ырына караганда үнүн добушуна караганда таланттуу адам окшойт. Өтүп кетип кайра кайрылгандар болсо, жамбашына чапкылап жетелеп жүргөн баланы токтотот. Куржунунда канча тыйын бар экенин кайдан билсин, аны жанындагы он жаштагы бала санап жүрүп отурат. Бир жерге отуруп ысык тамак деле ичишпейт. Колдоруна самса алып жеп баратышып, агып жаткан трубадагы шлангиден муздак суу ичип коюушат. Экөөнүн жанынан Келемиш чуркап өтүп кетти. Байкуш самсы жыты жыттанып жатса Келемиш дагы келсе керек. Бутунун үстүнөн өткөнүнө караганда, ошол дагы көр экенин билсе керек, шумдугуң куркур. Байкушту баары жандап өткөн жаны барлар. Булардын баарын байкаган Акниет боору ооруп тыйынды куржунуна салып коё**** десе тыйыны калбай, акчасы бар экен. Майда жок турбайбы деп бербей, Акниеттин тыйынынан байкуштун куржуну бош калгандай. Бүгүн мына өзүнүн башына келгенде байкушту ойлоп, ошондо пендечилик кылганына кейиди. Башын муштагылады. Башыңа келмейинче эмнени түшүнөсүң. Байкушту байкуш түшүнөт турбайбы... Өзү байкуштун сөзү да байкуш. Сокур болгондо сокурдун турмушу ойуна келди. Ычкырынын сыдырылбай калганы, колу жакшы жуулбай кат – кат болуп кир болгону, жетелеген жетелеме жүргөнү, бирөөлөргө күн карамалыгы башына келип, келечегинен чоочуп, коркуп ыйлап да жиберди. Акниеттин тилеги кандай эле, Марат экөө үйлөнүп, үй – бүлө күтүп, экөө чогуу окууга барып жогорку билимдүү болушмак. Эми кантет. Өз алдынча болгусу келген, бирөөгө көз карандылыкты сүйбөгөн Акниет, бирөөгө сүйөнүп жашай турган кылып койбодубу. Көр турмуш. Угуу, туюу, сезүү,

колу менен кармалап, тырмалап, көрүү менен жашоо өкүмүн сүрөт. Аны беймаза кылганы кантип билимдүү кылат, кантип китеп окуйт. Адам баласын алты санынан айрылтпасын. Бир мүчөсү кемтик калса кем адамсың. Кемчилик кылсаң оңдоп – түзөп кетесиң, кемтик кылган жаман турбайбы, аны ордуна коюу кыйындыкка учурайт экен. Эки уктап турса түшүнө кирбеген сокурлук Акниеттин турмушуна сокку уруп, тамтаңдаткан тагдырга туш болду. Акниетти мындай караңгылык тозоктун тузагынан бир гана анын эрки, эркиндик, сабырдуулугу, чыдамдуулугу гана чыгарып кете алат. Анын эрки алты саны аман адамдан да күчтүү болуш керек. Алар менен теңата гана болбостон ашып түшүш керек. Ошондо гана өзүн – өзү жеңе алат. Өзүнө – өзү ээ болгодо гана ал бирөөнү, коомду, билимди жеңе алат. Бирок кантип, жолун табуу зарылдык. Зар какшап, көзүн жашын какшытып төккөнү менен эч ким жардам бербейт, өзүнөн башка. Эне байкуш, эмне кылат. Чоңойуп калган кызынын денесин эч кимге көрсөтпөй, сактап, сактантып, кийимин гана кийгизгенге, жуунтуп койгонго гана жарайт. Жаңыдан көзү көрбөй калган Акниет, караңгы турмуш ага, чоң жаңылыкты, жарылууну алып келди. Көзү көрбөгөнгө көзү көнгүсү келбегени менен арга жок, көнүүгө көнүгүү жасоого туура келген тагдыр. Тагдыр тайкылыгына баш бербей андагы тайгалак жолдон тайгаланбай чыгып кетүү Акнитеттин мойнунда. Мунун баарын Акниет ойлонуп чыгып, таяк менен таянып ар бир үйүндөгү булуң буртун үнүн билгенге аракет жасап, сезимин ойготкусу келди. Энесинин басканына мурун көнүл бурбаса, эми дабышын билгенге аракет кылды. Апасы Гүкүн эртең менен үйгө кирип, кызын уктап жатат кыяз кылып, жууркан төшөгүн оңдоп жаап коёт. Аны сезген Акниет апасынын кыбыраган кыймылын сезет. – Апа, сиз кызыксыз, качан менин Короз

эшикте кыйкырып жатса, укпай уктап жата берчү элем. – Опей кызым, сени мен уктап жатат десе, ойго белең. – Апа эмне, мен ойго же уктап жатканым билинбейт бекен. Кызынын сөзүн уккан эненин, бутунан баштап жүрөгүнө чейин муздак шамал уруп, көзүнү жашын төгүп, ыйлап жиберди. Мурдуна чейин көз жашы төгүлгөндүктөн мурдун шур – шур этип тартып жиберди. Шур – шур мурдунун тарткан үнүн Акниет угуп: – Апа эмне мени сокур болуп калды деп, өзүңүздү кыйнап ыйлай бересизби, сиздерди да кыйнадым окшойт. Чыдаңыздар, бул турмушка көнүп жолун таап, эптештирем. Көрөсүз мен эптүүмүн го. Акниет апасын жоошутуп, колу менен тырмалап көз жашын аарчыйт. Өзүнүн турмушдагы тагдыры менен кошо ата – энесин да тагдырлаш кылып байлагысы келбейт. Айла канча... Кандай амал бар... Кандай акылдуу жол бар, азырынча бул жол чечиле электей. Акниет, Марат менен сүйлөшүп жүргөнүнүн мурун апасына четин чыгарып кеп кылса, эми чечилип айтып бергиси келди. Марат көр турмушта көр болуп калганын жактырабы, жактырбайбы, айтор, апасынын көз жашын арчыгандан кийин айткысы келди. – Апа, сизге так айтпасам да тактап кетейинчи. – Кызым, тактай турган эмнең бар эле, айта бер. Сени менен жаным бирге. Жакшылыктын алдында ушундай жамандык болот. Бул деген кудайдын сыноосу. Андан сен дагы, мен дагы кача алган жокпуз. – Апа, бул караңгылык турмуш да өтөт. Кейибеңиз. Мен, классташым Марат экөөбүз сүйлөшүп жүрөбүз. Марш апа булактан жолугуп турабыз. Эми кандай болот билбейм. Көзү көр кызды албайм дейт болуш керек. – Ии, кызым билбейм, азыр заманды көрүп жатпайбызбы. – Апа, мен түш көрдүм, өңүмдө көрбөсөм, түшүмдө көзүм көрдү. Сиз ак жоолук салынып алыптырсыз, баягы "жанар" кездемесинен тигилген көйнөгүңүздү кийип алыптырсыз. Атам, суусар тебетейин кийип

алыптыр. Мен, Маратка шарф алып берип, мойнуна тагып жатыптырмын. Марат сүйүнүп, мага эмес, силерге ырахатын айтып жатыптыр. Мен, мага эмне рахматын айтпайт деп таарынып жатыптырмын. Ойгонуп кетсем көргөн түшүм жок. Айлана баягыдай эле караңгы. Өңүмдөгү турмуш эмес, түшүмдөгү турмуш жакшы окшойт. Түшүн уккан Гүкүн кызынын сөзүнө туруштук бере албай, буту – бутуна тийбей, ээрини – ээринине тийбей ыйлаган адатына салды. – Апа, ыйлап жатасызбы. Мен жаман түш көрүпмүнбү. – Жок, кызым, түшүңдөн айланайын, түшүң жакшы экен. Мойнуңдагы шарф кут келет, кут болот, кудай ырыскыдан айрыбайт экен. Өмүрүң узун болсун. Акниет дагы бир нерсени айтайын дегичекти жүрөгү айланып, окшуп кирет. – Кызым эмне болду, кусасыңбы, жүр, жүрөгой. Гүкүн кызын тургузуп эшикке алып чыгып кетет.

Бүгүн күн ысык. Күндүн чайыттай тийгени, ачуу нур тартуулагандай. Бир жума мурунку жаандын жамгыры, чагылгандын чартылдаганы эмес чырт этмеси да жок. Бир жума боюу өзү менен өзү алпурушуп албуут күч менен күрөшкөн Акниет караңгылыктан эшик менен үйдүн ичин сырт менен ичтин, күн менен түндүн айырмасын билбей жатты. Эми гана сезимдери ойгонуп, буту колдорун жайып, жаткан менен турганды айырмалап эшикке чыкканы. Күн ачуу тийгенден Акниеттин далысынын ортосу ысып кетти окшойт. – Апа, сиз жанымдасызбы. – Ооба кызым жаныңдамын. Кантип сени таштап басып кетейин. Гүкүн кызынын жанына жылып, денесине денесин тийгизип колун кармап отурат. – Апа, далым жата берип уюп калган окшойт. Күндүн нуру тийгенге жыргап калдым. Башымда көтөрсөм көзүмдүн ичине күн тийип өтөт окшойт. Ичи жылып чыкты. Ушинтип кактап отурайынчы күн киргиче, жагып жатат. Акниет, эки далысын

кыймылдатып. Колун көтөрөт. Башын көтөрүп күндү карайт. Күндүн нурутийип, көзүнүн ичин жылытса, көзүнө жан кирип, көзү көрүп кетчүүдөй. Эшикке чыгып күндү сезген Акниетте эртеңкинин үмүт шооласы жангандай. Караңгылык менен күрөштү баштады.

– Апа билесизби, түшүмдө көрсөм Марат чачын кыска кылып кыскартып алыптыр. Тегеретесин тегиз, бирдей кылып алыптыр. Түшүмдө кадимкидей эле көзүм көрөт. Мен көп түш көрүшүм керек экен. – Ооба кызым, түш деген жакшы. Жакшы түштөрдү көрүп жүр. Гүкүн кызынын чекесинен сылап, маңдайынан өөп коёт. Мамыттын караанын көрүп: Жүрү кызым, үйгө кирели, мен идиш – аякты жаныңа коюп берем, жууй бере гой. – Апа эмне, атам келеатабы. – Ооба кызым, кайдан билдиң. – Жөтөлүп келеатпайбы, жөтөлгөнүнөн. Гүкүн күлүп, үйгө алып кирип кетет. Акниет, атасынын көп жөтөлүп көк жөтөлү бар экенин көзү көрбөй калганда билди. Мурун байкоо деле салбаптыр. Азыр музыка үнү чыкса эле кайсы ыр ырдала турганын билип, текстин айтып кирет. Өмүрүндө комуз кармабаган Акниет көргөзмөгө окшоп илинип турган комузду алып, радиодон укканына салып өзүнөн – өзү эле комузду чертип калды. Бир нерсе менен алектенгиси келди. Бирок эмнеге токтолоорун билбей беймаза... Эмне болсо дагы көр турмуштан чыгып кетүү. Үнүн болушунча бакырып ырдайын дейт, айланасында ким бар экенин көрбөйт. Көрбөгөндөн кийин тез кылып жиберүүдөн жазганат. Жазгануу, жабыр тартуу, жашырынуу, жабык кармоо көздүн айынан болуп жаткан мамиле. Адам, аалам, жан – жаныбар, кыймылды таануу кыйындыкка алып келди. Мамыт кызынын көр болушуна өзүн күнөөлөйт. Аны "Жараткан" күнөөгө сындыргандай. Өзү чочугандай, кызына өзүнүн көзү тийип кеткендей, эмнеге кызымдын жоолугуна кызыгып тиктедим деп кейигенин кейиген.

Өзүнүн кызы эмес башка бирөөлөрдүн балдарын да тиктеп карачу эмес. Көзүм жаман деп өзүн күнөөлөп калчу. Бул чоң аталарынан калган өнөкөт окшобойбу. Мамыттын чоң энеси да Акниетке түспөлдөш сулуу ургаачы болгон экен. Бирди гана төрөп, өмүрү кыска болуптур. Ошол сулуу кемпирден Мамыт. Кызынын сулуулугуна кейиген ата да болот турбайбы. Кызык турмуш, кызыган тагдырга айланды. Жараткандын кызуу кандуулугуна каныгып Акниетти көр кылып койдубу?

Марат аркы – терки басып, Акниетти сүйлөшкөн боюнча күтүп турат. Күткөн Акниетти жок. Эшигинин алдына басып келет, бир жан чыкпайт. Марш апа булагына барып, Акниет көрсөткөндөй булактын суусун чыканактан ылдый суусуп ичет. Өзүн жүзүн булактан көрүп, жасанып кыска чачын колу менен өйдө карай сылап сыйпап коёт. Эмне болгонун билгиси келип, үйүнө кирип баргысы келет, ага буту барбайт. Уялат. Үйдөн Гүкүн чыгып ары – бери баскан баланы көрөт. Улам үйдү карап койгонун, кыска чачтуу экенин Акниеттин түшүнүн түшөмөлүнөн түшүнүп Марат экенин билет. Үйгө кирип Акниетке айтат. Гүкүн ойунда сүйлөшкөн жигити Марат менен сүйлөшүп келсе, көңүлү ачылабы деген ой келет. Кызынын кечке зарыгып отура бербей, таза абага чыгып келсе... – Кызым, Акниет, эшикте бир бала сени күтүп турат. Чачы сен айткандай кыска экен. – Апа, ошондой бекен, демек чачын кыскартыптыр да. Анын чачы кулагын жаап, көк желкесине жетчү. Апа, мен түшүмдө көзүм көрөт экен. – Ооба кызым, эмне болду чыгасыңбы. Жүрү жетелеп, алып барып коюун. Марат, Акниеттин сокур болуп кырсыктап калганын уга элек. Анын ойунда Акниет баягындай эле эки көзүн бакырайтып, каректерин керип, артты көздөй ийилген кирпиктери менен жадырап – жайнаган кыз. Акниет, Маратка жабырлануучу, жабыр тарткан, турмушка

жөндөмсүз, көр кыз болуп көрүнгүсү келбейт. Жардам сурагандай болуп чыккысы келбейт. Анын алдында өзүн базардагы көр адамдай элестетип алды. Жетелеме болгусу келбеген Акниет сүйгөнүнө да чыккысы келген жок. Марат кандай алты санын аман көрсө, ошол көргөнү көргөндөй калсын деди. – Апа, мендей көзү көр кызды ким жактырмак эле, чем мени көрүп качып кеткиче, мен өзүм качып кеткеним оң го. Көр болсом дагы намыс деген керек да. Барып, Бишкекке кетти деп коюуңузчу. Туура ой кетти, мен башка жакка кетейинчи. Гүкүн ойлонуп: – Кызым, бүгүн ойлон, мүмкүн Марат жакшы баладыр. – Жок, апа ал өз бактысын тапсын, мен көр турмуш менен колу – бутун байлагым келбейт. Азыр чечпесем, кийин кеч болуп калат. Алыма жараша жашайын. Гүкүн унчукпастан кызынын чачын сылап эшикке чыгат. Марат Акниеттин апасынын келе жатканын көрүп артка чегинип басат. Гүкүн жете келет. – Маратсыңбы. – Ооба Маратмын. Сиз Акниеттин апасы болосузбу. Саламатсызбы . – Марат , Акниет Бишкекке кетти эле. – Качан келет. Гүкүн Мараттын эрте келүүсүн күтүп: – Эки – үч күндөн кийин. – Макул, жакшы калыңыз. Марат, Акниет эшиктен чакырып калчудай улам – улам артын карап кетип баратты. Эмнегедир, Акниеттин Бишкекке кеткендигине ишенгиси келген жок. Же, Гүкүндүн ишенимдүү айтпаганынан ушундай ой келдиби. Жүрөгү, Акниетке бир нерсе болгонун жүрөгү сезип, жүрөк байкуш бир болк этти. Ал эми Акниет ушундай үрөйүн учуруп кыйналган кезинде окуткан Өмүр агайын эстеп койду. Ушундай күн өтпөгөн татаал узун жолдон Өмүр агайы гана жол ачып берчүдөй. Бирок ал агайы кайда... Белгисиз.

***

Карылык табигаттын таттуу татымында өткөн күндү көздөн жүгүртүп турсаң, убакыт колго илинбей көз

ирмемде өтүп кеткендей. Жаш келсе ишке, кары келсе ашка. Жыл жылнаамасында балдарыңдын төрөлгөнү, алардын чоңойгону эсиңде калат. Артыңда калчу бала тура. Белиң бекчейип, көзүң чекчейип карыган кезде оору менен гана алек болуп каласың. Ырыскелди, машинасын зуулдатып кайнэнеси Токтоканды алып келеатат. Токтокан сексен жашка чыккандыктан ооруган жери калбагандай. Мүчөлөрүнүн баары сыздайт, эки – буту, колу чыканагына чейин какшайт. Тизесине чейин муздайт. Кармалап бутуна кан жүгүртүп туру шарт. Айтор, карылыктын ден –соолугу. Жашы өтүп калган кары кемпир жаңы төрөлгөн баладай байкап турбаса болчудай эмес. Ырыскелди өз кызы Даткага караганда Токтоканды жакшы түшүнөт. Токтокан, машинада кетип баратып айнегинен айлана – тегеректи карап суктанганы менен шамалдай зымырап учкан машинанын айынан көзү талыкшып, башы айланып кетти. Айласы кеткендиктен көзүн жумуп кетип баратты. Машинанын алдына отурганга да болбойт. Анда да көөнү айнып, жүрөгүнө күч келгидей. Анысын билип, артына отуруп алган. Музыка койгонго да болбойт, ызылдаган музыкадан башы да ооруп чыгат. Кыскасы, карыган Токтоканга машинанын зуулдаганы, Ырыскелдинин кыңкылдап ырдаганы гана болбосо, тынчтык керек. Токтокан курагындагы талап, Машинанын айнеги ийненин көзүндөй ачылып калса, өрөөндөй шамал уруп жаткандай. Бул Токтокандын сезимталдыгы же карылыктын денесиби... Токтокан, эки колун көтөрүп, бир колу менен экинчи колунун далысына сунуп жеткизе албай кыйналып кетти. Ырыскелди машинанын ички күзгүсүнөн кайнэнесинин узак жолдо колдору, буттары талып, уюп чыкканын көрө – сезе койду. – Апа, буту – колуңуз узак жолдо талып кетти окшойт. Азыр машинаны токтотуп ушалап берейинчи. Токтокан күйөө баласынан уялгандай. – Жок балам, айдай бер, андан көрө тез

жеткенибиз жакшы да. Токтокан тезирээк жетип, кызы Датка колу – бутун ушалатып, ысык суугa салгысы келди. Талыкшып талып ооругандын шыбасы ушундай. Күнүгө үч маал бутун ысык суугa салуу өнөкөткө айланган. Төрт – беш сааттык узак жолдо аткарылбай калган айла жоктук, болбой эле өзүнүкүн коё берчидей эмес. Ошого дене көнүп калса демигип калган тура. – Кой апа, жолдо дагы бир – эки саат жүрөбүз. Көрдүңүз го, жолдо бетме – бет келчү машина көп, катуу айдабай эле, шашпай жетип барабыз. Катуу айдайбы, жай айдайбы Токтокан үчүн тез жетип, буту – колун какшатпай керип, жазып алса жакшы болот эле. Этинин какшаганы сөөктүн чучугуна чейин жеткендей. Карыган сексендеги кемпирде каяктагы сөөк чучугу... Кыйналганда өңү дагы көгөрүп чыгып, өзгөчө көзүнүн алдынан көгөргөнү сыртына чыга түшөт. Ырыскелди болбой эле машинасын токтотуп, кайнэнесинин далысын ушалап кирет. – Ай, ий апа, далыңыз жабышып калган тура. Азыр апа, кичине чыдап туруңуз далыңызга колумду салып чыгарып коём. Ырыскелди эптеп шыпаа болуп кетсин деп далысын ушалап, сүйлөп да жатты. Токтокан элпек күйөө баласына ыраазы болуп, ушундай эркек балам болсо кана деп ичинен кейип да жиберди. Бир заматта эки кыздын бирөөсү эркек болсо деп үшүрүнүп да жиберди. Үшкүрүүнүн жөрөлгөсү эмне экенин Ырыскелди кайдан билсин. – Апа, үшкүрбөңүз, азыр мына далыңыз ысып чыкты эми жакшы болуп калат. Денеңизге кан чуркады. Апа, башыңызга кичинекей жаздыкчаны коюп, буту – колуңузду кенен эле сунуп уктай бериңиз. Ырыскелди жаздыкчаны жаздап койду. – Апа, бутуңуз да муздап жатабы, аны да ушалап, берейинби. Токтокандын көгөрүп чыккан бетине кызыл жүгүрүп күйөө баласынан уялып, бутун тартып алды. – Жок балам, машинаңды айдай берчи. Бутум муздаган жок. Ырыскелди кайнэнесинин уялганын

билип, өзү да эмне сүйлөгөнүнүн билмексен болуп, уялып кеткенин билдиргиси келбегендей түр көрсөтүп койду. Ырыскелдинин ойунда кайнэенесин көндүрүү. Анткени, карыган адамга көнүгүү, ушалоо керек экендигин түшүнөт. Токтокан уялып жүрө берсе, ооруну жашырганды өлүм ашкерелейт. Чын эле, күйөө баласы далысын ушалап бергенден кийин Токтокандын талыкшып ооруганы жазылып, денеге кан жүгүргөндөй. Токтокан күйөө баласынын айтканын кичине баладай угуп, башын жаздыкчага коюп, уйкуга кириШти. Карыганда каяктагы уйку. Уйку дагы качып кетет тура. Аракет кылып көзүн жумуп кетип баратат. Ырыскелди кайнэнесин уктаткысы келдиби, айтор, "арча бешик" ырын ырдап кыңылдап кетип баратты. Жаны кыйналбай Токтокан жетсин. Кызы Датканын колуна берип, көзүнө көрсөтүп, аман – эсен жеткирүү. Андай адамдык аманат болгону менен боорукер Ырыскелди кайнэнеси Токтокандын кыйналбай үйүнө жеткирүү. Кызы Датка деп өзүн билип, өтүгүн төргө илип атын өзгөртүп алганы менен атасынын азан чакырып койгон ысымы Бозоркан, Атасы көзү өткөндөн кийин, көрбөгөндүн көргөнү курусун, паспортко Датка деп жаздырып алып жатпайбы. Аны уккан апасы Токтокан урушуп бир топко чейин сүйлөшпөй да жүргөн. Анткени менен, качанкыга чейин кызы менен таарынышып жүрөт эле. Ысмын өзгөртүп алса эле, адам өзгөрүп кетсе гана. Бозоркан ошол бойдон калды да. Минтип Ырыскелди көзү өтүп кеткен апасынын ордуна апа көрүп кайнэнесин жетине албай үйүнө алап барып жатса , кызы Бозоркан каякта жүргөнү белгисиз, махабатка малынып, от менен жалын болуп күйүп жанып жүргөн жан чиркин. Жеңил – желпилик кайсы убакка дейри желпинтер экен. Кантсе да кыска ойлуу катындын кадамы. Токтокан үйүнө жетер менен Датканын Датка аты өчүп Бозоркан аттуу өз ысмы келер.

Токтокан энчилеп берген атынан чакырат да. Каза болгон күйөөсүнүн арбагын сыйлап болсо да.

Сексен жаштагы карыган кемпирди кичинекей баладай уктатып жаткансып, Ырыскелди машинадагы жаздыкчага башын жаздап жаткан кайнэнесине "арча бешик" ырын ырдап алыс жолду кыскарткысы келди. Күйөө баласынын ырдап баратканына чын эле Токтокан маашыркана, ырга моокуму кангансып, кылгырып көзү жумулуп ойго менен уйкунун ортосунда уйкусурап жатты. "Ичим тап, ичинен сызып ушундай эркек уул төрөп алсам эмине, кудай таалам кыз бергени менен абышкам экөөбүзгө уул бербептир" – деп өлгөн абышкасы менен кобурап, күбүр – шыбыр сүйлөшүп да коёт. Кайра көз тийбесин дегенсип Ырыскелдиге өмүр тилеп, өз уулундай мамиле кылып кубанып кемпир алаканын жайып бата берип койду. Токтокандын ичи жылыды. Ушундай күйөө баланы бергенине да кудайга шүгүр.

Токтокандын аты Токтокан коюулуп калышы. Ал жалгыз кыз. Уулдан да кыздан да жок. Ата – энесине токтогон жалгыз ушул Токтокан болгон. Өзүн да ойлоп, эки кызды бергенине да тобо кылат. Өзүндөй кара баш жалгыз болуп калса эмне болот эле. Сексен жыл мурунку окуя. Андан бери сексен жыл өтүп жалгыз болгону деле билинген жок. Күйөөсү жакшы чыккандыктан ошол күйөө, бир тууган, агасы да, эжеси да, төркүнү да болгон экен. Тукумунда кыз балдар күйөөлөрү жакшы чыгып бактылуу болушуптур. Ушундай турмушта жыйынтыктуу ой менен Токтокан машинада кетип бара жатты. Көзү илинип көз ирмемде уйкуга кирип кетсе, жанында күйөөсү басып жүргөндөй түшүнө да кирип калат. Карыган сайын күйөөсү түшүнө көп кирчү болду. Ал дагы жөлөп –таяп, каралашат окшобойбу. Көз кетип, ал – күчтөн тайып баратканда эки дүйнө бир келбейби... Кел, кел келип, кет, кет кетет.

Токтокан буту – колун жазып, башындагы жолугун түздөнүп салынып, башын өйдө көтөрүп кайсы жерге келдик кыязы, айнектектен айлана – тегеректи карайт. “Жалгыз Жийде” дарагы тартайып жылаңач турат. “Жалгыз жийде” дарагынын карыганын көрүп, Токтокан ичинен : – Аа Жийде дарагым, сен эмес, сенин жийдеңди нечен ирет оозума салып, тилимди кургатып жеген мен, ушунча карыдым, дагы сенин өмүрүң узун экен. Согушка кетип бараткан нечен эр – азаматтар токтоп сенин жийдеңден буркан – шаркан түшүп, оозуна толтуруп жеп кетишчү эле. Ушул айлана – тегеректеги  айылды баккан Жийде дарагы дешээр эле. Ошол кезде кыздардын аты Жийденин атынан коюулган. Чекелери кызарып, ичи жумшак сыйрылып, данеги чыгып, даамы таңдайды жарып, тилге жабышып,- сооруп жечү элек. Көп жеп ийсең, болду белгисин берип, оозду шилекейден ажыратып, кургатып да жиберет. Оозго салбай тишибиз менен сыйрып да жедик. Азыр ошондой чачыраган мөмөң болсо, жегенимден неберелериме да жедирет элем го. Тартайып, талдарыңды туш – тарапка жайып, жер түбүнөн чыккан сөөгүң, сөлөкөтүң калыптыр. Мөмө эмес, жалбырактарың да жалмашпай, жерге күүлүп токтобой калыптыр. Талдарың жерге ийип, жалбырактарың жерге  сиңип, жийделериңдин ата – жыты жок болуп жерге башыңды ийип калган чагың экен. Жалгыз Жийде дарагым эч нерсеге чамаң жетпей калыптырсың. Эл баккан “Жалгыз Жийде” айланаңда чуркап ойногон балдар жок, ооз тийип даам таттытгандарың жок, эми даана, бир даана болуп “Жалгыз Жийде” аталыптырсың. Кууураган куу баш, эми болуптурсуң. Дагы эл сенин эмгегиңди баалаптыр, кыйып отко жагып отун кылбай, кыязы отундан кыйналып кеткен элдин деле колу барган эмес окшойт. Бирок карысаң дагы жийде жытың кетпептир. Сен таза сакталдың, сени эл таза кармады. Барктады.

Бизди ата – энелерибиз Жалгыз Жийдеге барганда айланасына сийбегиле десе, улууларыбыз арак – шарап ичкенден заарланып турушаар эле. Деги сенин бирдемең бар. Аны азыр өлүм алдына туруп карысам да түшүнбөйм. Карачы "Жалгыз Жийде" дарагы, жалгыз болсоң дагы менин бала кезимди, ата – энемди эстеттиң. Мендейлердин канчоосуна эстеттиң дейсиң. А түгүл, үйлөнгөн жаштар да келип жийдеңден жеп, бата кылышып , сүрөткө түшүү да салтка айланып сени када күтүп калышкан. Канчалаган үйлөнүү үлпөткө күбө болдук. Мүмкүн кыйналып, ойго чөмүлгөндөр да сенин көлөкөңө көлөкө издеп келгендир. Аны бир, сен гана билесиң . Сен оңбогур "Жалгыз Жийде" көптү көрүп, көптү билесиң. Ырас эле сага, ооз, мурун, тил бербептир. Тил берсе тилдүү болуп, баарын айтып салмаксың. Тил оолдон калганың дагы бир жолу айтам, ырас эле болуптур. Анткени менен сен биздин бала кезибизсиң, турмушубуз, тагдырыбыз,сени көрүп көп нерсени эстейбиз, эскеребиз, элестейбиз. Сени көргөндө жашарабыз. Сен баксың. Сени ким жолдун боюна тиксе – жолду адам, көпчүлүктүн сообуна калган бактылуу адам тиккен экен. Ал адам бейиште. Көркүңдөй көрүп койсоң болот. Жалгыз Жийде! Элдин баскан – турганы, баскан изи, тагдыры, турмушу сенден башталып, тарыхка жазылат. Ок, оңбогур Жалгыз Жийде. Унчукпаганың менен укуругуң узун... Сен баксың... Баксың... Баксың... Айылдын эски "Шоро" аты өчүп Жалгыз Жийде аталып да калган. Кайсыл айылдан десе "Жалгыз Жийдеңден" деп ПАЗик Автобустан элдер түшүп кетер эле. Айылдагылардын аялдамасы да "Жалгыз Жийде". Кайран жаш кезиңде талдарың тал чыбыктай ийилип, көлөкөң ысыкты баштан өткөрбөй калкаласа, ак жаандан жамгырына суу тийгизбей калкалайт эле. Жаш кезиң ызы – чуу, күрү – күү, шатыра – шатман, күлкү – каткырык, кубануу – сүйүнүү, таңыркоо – тамашалуу

менен өттү го. Бирок, ушуга да көөп кетпей, бир калыпта болдуң "Жалгыз Жийде". Анын баарын көтөргөн жалгыз сен элең. Согушка кетип бараткан адамдардын көңүлүн көтөрүп акыры сага келем деп, нечендердин кеп – сөзүн, убадасын да жөн койбой алып калган жалгыз сен болдуң. Биз билбегендердин билгендери канча. Сен сүйлөбөсөң, үн жок болсо, сени менен кантип сүйлөшүп, үндөштү болду экен. Сен аңкоосуң! – жалгыз дегени менен жалгыз эмессиң. Көпчүлүк сени менен. Штамп, мөөрү, чогулушу жок, айылдын атын өзүңө ыйгарып алдың. Жалгыз Жийде айылы деп айыл өкмөттүн печаты басылды. Депутаттарды кантип көндүрдүң аңкоом! Карыганда өнөрүң чыгыптыр. Аны айылдагы абышка – кемпирлер балдарына айтып жатып коюшкан окшойт. Ансыз деле Жалгыз Жийде аталып калган нерсенин атынан атайлы дешсе керек. Ээси келсе эсиңе түшкүр... Жалгыз Жийде! – Сен баксың... Баксың... Баксың...

Мына турмуш куркурдун курулай кептеген чындыгы. Токтокан башын көтөрүп Жалгыз Жийдени тилдеп, кейип, ыраазы болуп жатса, Жалгыз Жийдеге окшош карыган кемпир таягын таянып машина тосуп жатат. Колун да көтөрбөйт, таягын көтөрүп машина тосот. Таягын көтөргөн кемпирди көргөн Ырыскелди күлүп жиберди. – Апа, мобу энебизди көрдүңүзбү, таягын көтөрүп сабайм деп жатабы же машина тосуп жатабы. – Оңбогон кемпир окшойт, машинаны тосуп жатат, колунда баштыгы бар экен. Тыңдыгын кара. – Апа, токтоп ала кетейин сизге да эрмек болот. Токтокан башын ийкеди. – Көп сүйлөп башты оорутпаса эле болду. – Көп сүйлөп башты оорутса кубалап түшөбүз. Таягы менен кошо. – Кой балам, антпе,

– Жөн эле айтып койдум апа. Ырыскелди машинасын талдары тартайган Жалгыз Жийденин жанына токтотот. Кемпир бир колу менен таяк таянса, экинчи колуна

суу баштык көтөрүп алган. Ал баштыкка айран куюлган сүзмө. Сүзмөнүн сарыккан сары суусу баштыктан агып жатат. Кемпирдин ойу боюнча суусу акса аксын сүзмөсүн жеткизчүү жерге жеткизсе болду окшойт. Бекчейип токтогон машинага басып келди. – Ой, айланайын, жакшынакай өңдүү – түстүү бала экенсиң, мени жакынкы "Ленин" айылына таштап койчу, алдыңа кетейин. Кемпир чөлмөктөтүп сүзмөсүн көтөрүп машинага жөнөдү. –Ой, эне, келе бериңиз, бул баштыгыңызды багажга салып коюун. – Жок балам, жакын эле жерге барам, мобу ойдуңдан түшсөң эле биздин айыл Ленин. Колума эле кармап алайынчы ал жериңден баштыгым жарылып кетип жүрбөсүн. Ырыскелди кемпирдин көңүлүн оорутуп албайын деп, сарыгып сары суусу агып жатканына да кайыл болуп, макул болгонсуду. Кемпир машинаны ачып : – Ии айланайын сен бар турбайсыңбы – деп жиберди мурун тааныштан бетер Токтоканга. Токтокан да учурашкансып башын ийкеп койду. Токтокан андан жаш бетер колунан баштыгын алып отургузуп койду. Ырыскелди машинаны тарс эткиче жапты. Машинанын эшигинин үнүн уккан кемпир, капкаяктагы сөздү айтып чочуп кетти. Аны уккан Токтокан күйөө баласынан уялып ушинтип да чоочуйсуңбу дегенсип кемпирди карап койду. Шыпылдап шашып бараткан кемпир бирөө кепке тартып сурап жаткансып баарына жооп берип, сурайт дегенсип алдын – ала эле отчёт берип сүйлөп кирди. – Тиги Ленин айылында кызым жашайт, ошого сүзмө алып барамтам. Балдарыңды жиберип алып ал десем моюун сунбайт. Даяр ашка да ээринет окшойт. Чыдабай өзүм алып баратам. Эртең менен турсам улуу келиним баштыкты илип койгон экен. Алып баса бердим. Ким алганын таппай калсын. Токтокан, Ырыскелди күлүп коюушту. Ал кемпирди көргөндө Токтокан сенден жашмын дегенсип жашсынып ооруган жери да басылгандай. Чыйрала түштү окшойт.

Ырыскелди артты карап: – Ой, эне жарыктык аны уурдабай эле сурап албайт белеңиз. – Уурдабасаң, мурду – башын чүйрүп, кабагын бүркөп жанагы улуу келин бербейт. Өз баламдыкын уурдабаганда бирөөнүкүн уурдады дейсиңби. Ууру ким экенин таппайт. Ырыскелди күлүп койду. Токтокан ичинен, кайдан сени издесе эле сүзмө келип чыкпайбы дегенсип жылмайып койду. – Атың ким, канчага чыктың. Кемпир Токтоканды карап: – Сен менден жаш окшойсуң. Менин атым Жийде быйыл сексен бешке чыктым. Он үчтү төрөдүм. Кудайдан сурап баланы төрөйт экенсиң. Бирок кармап албайт экенсиң. Азыр он балам тирүү, оокаттарын кылып жүрүшөт. Мен барып жаткан кызымдын жети баласы бар. Баатыр эне. Мени тартып чубултуп төрөгөн эме. Азыр экини төрөп эле болду деп коюушат экен го. Келиндерим эки – үчтөн эле төрөйт. Сен ким болосуң. Жылың эмне? Шыпылдаган жаны тынбаган кемпир сексенден ашканы менен сүйлөгөнү, кулагынын укканы, чекчейип караганына караганда күлүү – күчтүү тың өңдөнөт. Ага караганда Токтокандын бели бекчейип кулагы катуулап жакшы укпайт. Тиги кемпирдин кыйкырып – өкүрүп, кулакты жарып жиберчүүдөй сүйлөгөнүнөн гана уккандай, – Жылым чычкан, атым Токтокан. Мен дагы кызыма баратам. Жаны тынбаган кемпир улам сүзмө баштыгын кармалайт. Колунун манжаларын муундарын кармалап, жылды санап кирет. Мүчөлү жылды санады. – Анда сен, жылың чычкан болсоң сенделе жакшы эле жашка барып калыпсың. Менден кичүү экенсиң. Эмне жалгызсыңбы? – Ооба, жалгыз кызмын. Кудайга шүгүр эки кызым бар. Бала токтобогондон токтосун деп атымды Токтокан коюушуптур. Жалгызмын деп жүрүп мен деле карыпмын. Баштыгын улам өйдө көтөрүп суусун сарыктырган кемпир алыс жолду кыскартып сөз сүйлөп жакындатып койгонсуду. – Мен жамгыр көп жаап көк

чыккан кездеги көктөмдө төрөлүптүрмүн. Ошондо мобу Жалгыз Жийде багы бүрдөп турган мезгили экен. Ушул Жийденин атынан, өмүрү узун болсун деп Жийде койгон экен. Мен кеткенден кийин да жийде көп жашайт. Баштыгынын башындагы жибин сүйлөп жатып байлап койду. Ырыскелди мойнун буруп кылчайып карайт. – Эне, бул жакта Жийде аттуулар көп окшойт. Кемпир наармазы болгондой: – Жо – ок, азыр Жийде деп эч ким койбойт. Мурун көп болчу, көбүнүн көзү өтүп кетти. Азыр эки – үч кемпир барбыз. Аз калдык. Бул Жийденин деле Жийдеси калбай калды го. Токтокан үшкүрүнүп, күндүн бат – бат өтүп жатканына кейигенсиди. Кепке аралашты. – Бул Жийде, Жалгыз Жийде аталганы менен Район – Областка аты чыккан. Жийденин жийдесин биз дагы жеп калдык. Айылды аралап, айылчылап Жийде жеп кетчү элек. Ошондогу басып – келкен буту – колго баа берем.

Чындыганда, турмуштун чындыгы, аныктыгы, тактыгы ушул Жалгыз Жийде дарагында жаткандай. Адамдын тагдырындагы кабак – кашы, маанайы Жалгыз Жийдеге келгенде билинер эле. Анткени, айылдагы токтоп турчу, күтчү жер, айыл аялдамасы Жалгыз Жийде эле. Күндүз карым – катнаш, узатчу жай болсо, түнкүсүн эки жаштын сүйлөшүп отурар жери. Махабат моокуму да ушул жер болот. Канчалаган адамдарды үйлөнттү, жараштырды, достоштурду, кол кармаштырды, куда – сөөк кылды, бел байлатты. Башкарма чоңдордун баары Жалгыз Жийдеден узатылды. Жакшы сөздөр, тосттор да ушул Жалгыз Жийдеден айтылчу. Мунун тилеги жакшы эле. Эч кимдин,аркайып, учурда көрктү бузуп турса да Жалгыз Жийде дарагын кыйгысы келбейт. Ары – бери өткөн айылдаштары анын эмгегин баалагандай. Мүмкүн, Жийденин замандаштары жашап жаткандан болуп жүрбөсүн.Анын замандаштары кимдер: Алар Улуу Ата – Мекендик Согуштун

ветерандары, эмгек ардагерлери, он баладан ашык төрөгөн баатыр энелер, Эчки саап машак терген орукчулдар, Социалисттик Эмгектин баатырлары, Колхозчулар, Коммунизмде жашайбыз деген Социалисттер. Булар жашап турганда Жалгыз Жийде жалгыз болсо да кыйылбайт. Көздөрү өткөндө, көзү жокто эмне болот. Күмөн... Баарын кетирип өзү кыйылат окшобойбу. Бирок ага кимдин колу барат. Барса дагы...

Эки замандын кемпири жолдо кобурашып, зээриктирбей кеп – сөзгө келип сүйлөшүп, жол да кыскарып үйгө кантип жетип калганын да сезбей калгандай. Ырыскелди кызына шашып жаны тынбаган айылчы кемпир, Жийде кемпирди кызынын үйүнө таштаган соң, Токтокан катуу уйкуга бут серпей киргендей. Качан Ырыскелди келдик апа деп, машинанын эшигин ачканда ойгонду. Токтокандын небереси Назгүл чуркап чыгып таяэнесин кучактайт. Ырыскелди үйгө кирери менен Датканы сурайт. Датка үйдө жок. Ал качан Кайнардын кучагынан бошойт? Белгисиз. Алар үчүн убакыттын маал – сааты жоктой... Экөө гана...

***

Өмүр. Өткөн – бул бактылуу күндөр. Эгер сен ага анализдөө жүргүзсөң. Өзүң төрөлүп ата – энеңди көргөнүң. Энеңдин бооруна жабышып, алгачкы эне сүтүңдү эмгениң. Жарыкчылыкка жанып, көзүңдү күндүн нуруна ача албай турганың. Мурдуңду тырыштырып, колуңду жумуп көтөрүп, кыйратып жибергенсип бүт денеңди керип, эне сүтүнө тойгонуңду көргөзүп борс – борс этип жел чыгарганың. Төтөнүңдөн сары май чычканың. Төрөлгөндө эненин сүйүнгөнү. Сүйүнчү... Сүйүнчү... Суйүнчү... Ах чиркин, бактылуу эмей эмне... Бул күндөр балаңа да келет. Балаңа келген күн өтүп жаткан учурдун күнү. Турмуш, жашоо,

тагдыр. Эми бактылуу күндөр сенин колуңда. Бакыт сага келди, сен өздөштүр. Балаңа бакыт тартууланса... Балаң үчүн сен сүйүп, сен сүйүнчүлө... Үмүттүн күнү келечек күн. Пейилдин күнү. Пейилиңе жараша күн көрөсүң. Келечекке ишенич гана жеткирет. Адам баласынын турмушунда өткөн учур, келечек сыяктуу үч күн бар экен. Бактылуу, бакыт, үмүт күндөрү. Тилекке жараша тилек артат. Ошондуктан жакшылыкты тиле. Бала көргөндү тиле. Балалуу бол. Ач көздүк кылып акчага, ичиңди сылап мансапка манчыркаба. Бактылуу эмесмин деп кейибе. Колуңдагы нерсени карма, аны жерге түшүрбө, жердегини жерден ал, жердин жемишин көр. Бактылуу күнүң жарык дүйнөгө келип, ак сүтүн эмген касиеттүү, эмгекчил, түйшүкчүл, мээримдүү, боорукер, сага жанын берген Энеңди: Апаңды: – Көргөнүң. Ушундай жан тарткан адамды көргөнүң кандай бактылуулук. Демек, Кудай таалам! – Сени бекер жарыкчылыкка алып келип жарыкты көрсөтпөптүр да. Ай жарыгым, түн жылдызы, күн нуру, жер жемиши, аба деми бүт сага арналган. Жаныңды карч уруп баскан жан денең да өзүңө энчилүү. Энчиңди актоо сенин колуң да. Өмүр өргүсү сенден. Өөргүнү өрлөйм десең дагы, ылдыйга эңкейем десең дагы өзүң билесиң. Эркти бекем кармап эр болуш, эрксиз бош болуш да сенин колуңдан келет. Адамзаттын адамдык жолу эненин жүрөгүнөн байкалат. Эненин жүрөгү баласы үчүн гана соккондой. Эне байкуш: баласына жүрөгүн алып берип коёюун дейт, ага Жаратканым уруксат бербейт! Кудай жолунда ага жол жок. Мунусу ырас. Ырастаганда, баласы үчүн энелер жоголуп кетмек. Балдары үчүн асыл адамдарды жоготуп алмакпыз. Кайран, кыраан, баласы үчүн өмүрүнөн коркпогон энелерди кырып алмакпыз. Бул дүйнөдө бир адам бар ал адам апа... апа!... Ургаачыдан урпак...

Жети жаштагы тоголонгон томолой жетим Назар көргөн күнүнө, жашап жаткан өмүрүнө, даамын татып жаткан тагдырына, өкүрүп! Бакырып! улуңшуп ыйлаганына, тулку боюу уйкусу келбеген уйкусуна да, ачуусу менен жини келип кыйкырганына да, кейип – кепчип жан дүйнөсүнүн жай тапканы да ыраазы болуп үнүн жаңыртып, башын көккө көтөрүп, көктү карап ыйлайт. Ал ыйласа да бактылуу. Беш жашында апасынан ажыраган бала. Жети жаштагы жетиле элек жетим. Балакай...

Апа! – сенин жетим байкушуң! Жылаңайак басып сол бутунун бармагынын астына бөтөлкөнүн айнегин киргизип алып, бутунан кан чыкты. Бирөө ичимдик ичип таштап кеткен окшойт. Анын жамандыгы жетимге тийди өңдөнөт! Менин топурагым жеңил. Ыргыткан таш, жаткан айнек, сүйлөгөн сөз, караган кардуу кабак – каш, сүйөнгөн сүр, көтөргөн кол, кубулган куулук, жамынган жамандык мага тиет. Мен тийишпейм, мен сүйөнбөйм, бирөө менен ишим жок. Бирок алар мага тийишет, сүйөнөт, күчтөрү менен сынап жеңишке жетишет. Менде кайдагы күч, кайдагы албет, кайдагы сүр. Мунун баары кайдан болмок эле өзүм коорунуп, бирөөнүн көңүлүн карап жашасам. Адамдын өңүн карабайм, эки көзүм колунан өтөт, кол көтөрүп жибербесин дейм. Менде тил бар, сүйлөйм. Бирок адам болуп туруп адамдын эки көзүн карайм. Көзүнөн, көзүм өтөт. Адамдын ичи койнуна кире албайм – жалтаңмын. Көпчүлүккө отура албайм, коркокмун, корунам. Басып жүргөнүм менен басылам. Ушунун баарын башынан кечирсем да Апа! – мен бактылуумун! Бактылуумун! Бактылуумун ! Анткени бул дүйнөдө сендей кымбат, касиеттүү адамды көрдүм. Беш жыл боюу көргөн күнүм, өмүр боюу бактылуу турмушка жол ачат. Апа сени көргөнүм бакыт ачат. Адамда эң улуулук – сенде. Сени менен

бактылуумун. Ыраазымын. Менин топурагым жеңил. Апа! – сенин топурагың оор, байкуш апам! – үстүңөн топурак түшпөйт. Иним Кудайдуулатты төрөп, өзүң кете бердиң. Кудайдуулатка өмүр бердиң, өзүң өмүр менен коштоштуң. Аны төрөдүң, төрөттөн өлдүң. Ал уузуңду үч күн эмгенине сүйүнүп, ал дагы бактылуу. Биз бактылуубуз. Асыл адамды көрбөнүбүзгө кубанабыз. Ак сүтүңдөн, коюуланган уузуңдан айланайын Апа!Мен жети жаштагы бала эмесмин, чоң кишимин! Чоң киши болом. Адамдын адамын көрдүм! ал сенсиң Апа! Адамдын жытын жыттадым ал сенсиң апа!... Уузуңду эмип сары май чычтым... Майлуу – сүттүү болсун... Сен берген ак сүтүң менен ак жолго аттанам! Коюуланган уузуң менен узун жолго аттанам! Коюуланган уузуң менен узун жолго аттанам! Бактылуумун сени көрүп, жыттаган жытыңа. Өмүр боюу эстеп, өмүр улантып келем. Эх, чиркин адам адамды эстеп адам болсо... Апанын ак сүтүн эмгенден кийин, анын актыгын булгабаса... Апасын эстегенде баласы бактылуу. Бизди эне төрөгөндөн баштап бактылуубуз.

Назар апасынын топурагын жеп, сагынычы тарагандай иниси Кудайдуулатты караганга шымаланып кирди. Шымаланганына караганда, бактылуулукту эңсеген энесинин топурагы Назарга кайрат күч бергендей. Кандай гана күндү көрбөйлү, апабыздын ак сүтү менен бактылуубуз. Жети жаштагы Назар апасын ойлоп бактылуумун деп жаткандан кийин, ар бир адам да бактылуу күн бар экен да. Апабызды сагынуу дагы сагыныч – бактылуу күн. Бактылуу күндөр апабыздан башталат. Дем – күч, дымак, эне сүтүнөн башталат. Жети жаштагы жетим Назар эне көрүп, эне сүтүн эмгенине бактылуу болсо, иниси Кудайдуулат апасынын уузун ооз тийгенине ырахматын булдурап айтып калат. Баланын бактылуулугу апасынын көкүрөктөгү жытынан, эмчегининин сүтүнөн. Апа адамын:

көрүп калганы – бактылуулук.

Турмуштагы тагдырларга баа берген Өмүр жети жаштагы Назардын бактылуумун деп чечим чыгарганына ичинен күбүрөп – шыбырап ыраазы болгондой. Анын чечкиндүүлүгүнө, апасын кадырлаганына, арбагынын сыйлаганы, кичинекей жетимдин мындагы жоругу таң калтырарлык. Чоңдор үчүн таң калыштуу. Энеге зар бала, эненин баркын билет. Билгени ошол да... Бактылуулукту түшүнгөнү.. Эне көргөнүң бактылуулук. Эненин көкүрөгүнө тырмалап жатканың, жан дүйнөнүн ырахаты. Эненин ак сүтү дем – күчүң...

Өмүрдүн Бишкек – Ош жолунда сапар тартып келатып ойлоп, эске түшүргөнү жети жаштагы Назар болду. Жөн жүрбөй ойго батканы бүгүн Назар болду. Менин да бактылуу күнүм апам төрөгөн күнү деп ичинен ойлоп койду. Бир туруп бешиктен бели чыга элек Назардан таалим – тарбия алганына күлкүсү да келет. Кайра туруп, тарбия алганына өкүнбөйт. Кордукту көрбөй туруп, заарды сезбей туруп, тарбия алганың өзүңө пайдалуу. Назардыкындай тагдыр башыңа келбесин. Кудайым! Келтирбесин. Түшүнүк менен тарбия ал. Улуулардан да, кичүүдөн да, жадаганда баладан да тарбия ал. Тагдыр кары – жашка ылгабайт. Кимисинин бешенесине бет келсе ылай турмуш туш болот. Болгону, ошол үч күн ууз эмгенден кийин Назардын иниси Кудайдуулат энесиз калганы. Энесин көрдү, бирок таанybай калды, билбей калды, элестете албай да калды. Кандай болсо да Назар кейип – кепчигендей апа деген аты улук адам төрөгөнү үчүн бактылуу болуп жатпайбы... Эмнегедир жол жүрүп келеаткан Өмүр ушул ойдон чыга албай жатты. Назардын чоң кишидей кеп кылганы, Өмүрдүн мээсине кыттай куюлуп, уюп калган окшойт. Назар... Назар... Назар...

Жүргүнчү Өмүргө өмүрүндө жолуккан адамдарды санаса санак деле жетпейт. Алардын тагдырын ойлосо

калеминин сыясы жеткидей эмес. Маңдайга жазылган жазмыштарды жазса, жазып бүткүдөй эмес, адамдардын тагдырларынын чеги жоктой. Кызыгы, бир ай, бир күн жашаса да алардын турмуштарынын бири – бирине окшошпогону. Бардыгы адамдар. Аркандай түрлүү тагдыр, көз жаш көйгөйлөр.

Өмүр жалгыз жүргүнчү эмес. Төрт жүргүнчү. Бири айдоочу. Германиянын Гольф-3 машинасы кичинекей болгону менен зымылдап жүргөнү бат. Кантсе да иномарка – немецтердики да. Ушул кезде немецтердин машинасы укмуш. Дагы кайсы өлкөнүн машинасы укмуш болуп кетет, эч ким билбейт. Ага деле аз калды окшойт кимдики чыгарына. Бир нерсе анык жакын арада элүү – алтымыш жыл ичинде Кыргызстанда машина чыгып чет өлкөдө айдалып иномарка аталышы болбойт. Өмүр муну купуя сыр катары билет. Машинанын арткы жагында Өмүр отуруп баратат. Эки жагында жашы элүүлөргө барып калган эки киши сүйлөшүп жатышты. Ортосунда Өмүр. Ойго жанагинтип чөмүлгөн Өмүр, алардын сүйлөгөнүн укпаптыр деле. Качан ойун токтотуп эки жагын караганда гана бирин – сирин кептерин угуп калбаса маани деле берген жок, Сүйлөшүп кетсеңер экөөңөр чогу отургула десе, бирөөсү геморойум бар, ортосуна отура албайм деп койгон эле. Эки кулактын кужурун алганы менен кептин маани – маңызы жок. Ойчулга ой маанилүү. Ойдон түшүнүк чыгаруу Өмүрдүн кызматы сыяктанат. Мүмкүн, жаратканым берген даремет. Дымагынын баары ойго чыккан. Элдикин кайра эле кайтарып берүү. Анткен менен Өмүр ойлогон ой толгоосун элге салып конференцияларда, салтанаттарда, чогулуштарда сүйлөп салчу адаты бар. Назардын айтканын 8 – март аялдардын салтанаттуу маарекесинде, эл алдында, энелердин алдында көпчүлүктө бактылуу күн туурасында кеп кылаары анык иш. Бүгүнкү жүргүнчү

Өмүрдүн ой толгоосу көпчүлүккө даярдык. Машинада кетип баратып да даярдык көрүп жатат. Камылганын камы кайда болбосун жүрө берет тура...

Бир маалда оң капталдагы жүргүнчү башын сүзгүлөп уктап кеткен окшойт, башы менен Өмүрдү бир сүздү. Сүзүлгөн Өмүр ойлогон ойунан чочуп кетти. Айдоочуну караса машинасын пипилдетип Кочкор – Ата шаары менен Ноокен районунун Масы айылынын ортосунда кетип баратыптыр. Уюп калган белин түздөп, шалкылдаган оң капталындагы жүргүнчүнүн башын артка жөлөп, айдоочудан эмнеге пипилдеткенин сурап калды. – Сиздин алдыңызда эч ким жокко, эмнеге пипилдетип жатасыз. Чындыгында эле Өмүрдө "көрүнчү" көрүнүп чочуп жатабы деген ой дагы келбей койгон жок. Машинанын алдында отурган аял киши эле, ал дагы башын шылкылдатып бир айнекти сүзүп алып, кайра өзүнө келип, таттуу уйкуда болууда. Айдоочу Өмүрдү карап: – Сиз чочубай эле коюуңуз. Көп жылдык тажрыйбам бар. Он беш жыл машина айдап жолдо жүрөм. Он беш жыл машина айдасам, анын он жылын ушул жолдо жүрдүм. Беш жыл Россияда болдум. Кочкор – Ата, Масы жолунда эки эгиз баланы машина сүзүп кетип, ушул жолдон өлүшкөн. Өмүр айдоочунун өлүшкөн деген энөө сөзүнө капа болуп жактыра берген жок. Эми жөнөкөй карапайым айдоочу да. Ал Өмүрчилеп ар бир сөзүн тастыктагандын жолун таап, кепти сыпаттатып журналист болбосо кантсин. Айдоочу Өмүрдү жактырбаганы менен иши эмне. Сөзүн уланта берди. – Ошол эки эгиз бала түнкү саат үч – төрттөрдө кээ бир шофёрлордун көзүнө "көрүнчү" көрүнүп ойноп калышат экен. Анан пипилдетип, жолдон качкыла ырымын түзөп өтүп калабыз. Көрдүңүзбү, алды жакта куран окуп өтүп жатышат. Машинанын жарыгынан чоң далдайган кара плащынын жакасын көтөрүп алган, экинчиси боюу

жапалдаш тыкылдаган бат – бат баскан ак жумал эки киши көрүндү. – Сиз машинаңызды токтотуп койбойсузбу, экөөбүз да тиги эки кишиге кошулуп куран окуп коёлу – деп Өмүр айдоочуну токтотту. Тиги эки киши менен саламдашып, куран эки эгиз балага окулду. Эгиз балдардын аттары Шайдан абышканын неберелери Капар менен Сапар. Көздөрү өткөндөн бери ушул Масы, Кочкор – Ата жолдорунда балдардын онтологон үндөрү угулуп турар эле дешип, айдоочулар айтып калышар эле. Кийинки акыркы жылдары түндүн ай жарыгын алдында, чамасы түнкү үч – төрттөрдө жолго ойноп чыгышат деген кептер да чыкчу болду. Ошондуктан күүгүм кирип түн сүргөндөн баштап, айдоочулардын пипилдетип өткөнү бири – биринен өтүп өнөкөткө айлангандай. Эки эгиздин ажалын ушинтип сигнал берип эскеришип калышкан экен. Бишкек – Ош жолунда кимиси өтпөсүн пипилдеткендери пипилдеткен. Мейли, орустар болсо дагы сигнал басып өтүп калышкан.

Арбак баарына бирдей. Түндө эки эгиз балдар ойноп чыгат деп айтышкандары менен, мага көрүндү деп бир дагы айдоочу айта элек. Сөз уланып, кан жол канына байлангандай сигнал басуу салт болуп калганы чындык. Аны өз көзү менен Өмүр көрүп жатпайбы. Далдайган чоң киши Өмүргө салам берип калды. – Кайдан келе жатасыздар, кыйналган жоксуздарбы. Өмүр тиги чоң кишинин кичипейилдик менен салам берип, тааныган кишидей акыбалды сурап койгонуна ыраазы болду. Кантсе да түштүк эли кичипейил, ийкемдүү эмеспи. Өмүр, кол алышып учурашты. – Ооба, алыстан, Бишкектен келе жатабыз. Сиздер токтоп куран окуп калганыңыздардан чогуу окуйлуу деп түшүп калдык. Чоң киши өзүн тааныштырып, жанындагысын да тааныштырып Өмүрдү кепке тартты. – Анда, жолочунун жолдогусу жакшы, жолдон таанышсаң, жолдон адам тап-

саң жолуң болот деп калат биздин элде. Бул Кочкор – Ата шаары. Нефтинин шаары. Мен ушул шаардын мэри Кубаныч Эгембердиев болом. Жанымдагы досум илимпоз Мамасадыков Абдилбает Асанович. Азыр саясатта досум деп коюушуп эле бири – бирине суу куя беришет го. Биз андай эмеспиз. Дос – достугубуз бар. Өмүр, барпаңдаган ичи таза адамдар экенин байкады. Адамдын кеп – сөзүнөн эле көп нерсе байкалат. Кочкор – Атанын мэри Кубаныч чын пейилинен айттыбы, же оозунун учунан чыгардыбы, айтор түн коюусунда чайга чакырды. – Жүрүңүздөр, алыс жол жүрүп келе жатыпсыздар, чайга жүрүңүздөр, чай ичели. "Өмүр түштүктө чай ичели деп эле чакырып коюшчу эле деген кепти укчу элем" – деп тамашага салайын деп, бирок бир жолукканда эле тамашага тартсам кандай кабыл алат дегенсип, көпкө эмне сөзүн айтаарын билбей, кеп тандап туруп калды. Аңгыча, Өмүрдүн айдоочусу жооп берип жиберди. – Жок, ырахмат пейилиңиздерге, жолдо жүрүп чарчадык, эртерээк жетчү жерге жетели. Шаар мэри күлүп, – Мен сиздерге чын эле айтып жатам, бизде чай дароо эле даяр болот. Бирден шашлыктан жейбиз. Чынында, Өмүр дагы жетчү жерге жетип, эртең менен саат сегизде Жалал – Абад областынын губернаторунун кабылдамасына баруу вазийпасы турган. Жалал – Абад шаарынын "Мөл – мөл" мейманканасынан орундук даярдап койгон . Коштошоордо да кол кармашып, ар ким өз жолуна түшүп жөнөштү. Тирүүлүктүн тиричилиги бар. Шашкан турмуш, жетишпегендиктин эңсөөсү... Эртеңкиге калбай эрте жетсем деген үмүт.

***

Жан кейиген жан дүйнө... Өзүн – өзү алдаган жан дүйнө. Кысымга алынган жан дүйнө... Кысталыктын жан дүйнөсү... Жаныңды ойлоп, жаныңды жыргатып жибергениң

кумар эмеспи. Кумарың куш сымал учуп, кайра конот. Учуп конгон кантип жакшылыкты алып келсин. Учуп күйгөнүң бат жалынга батканың менен, кызыл тилдүү от күйүп түшкөн күлгө айландырып жибербесин. Уурдалаган махабат алгачы күндүн нурунан гүл жаралып, акыры аягында кызыл тилдүү кызарган от болуп күбүлүп күлгө айланып асман сапырылып жүрбөсүн. Мындай күлдү махабат эмес, "жүрөнчөк" – деп коёт. Шайтандын иши... Сүйүүдөн гүл жаралса, жыпар жытка бай. Сүйүүдөн күл сапырылса көргөн күнүңдү чаң басты. Сүйүүдөгү гүл ашыктык, ал эми күл басырык. Сүйүүдө да урулук, алдамчылык, ач көздүк болот.Турмуштун таянаар тоосу сүйүү, ошондуктан мында баары болот. Эмнеңди берсең ошол жериң ооруйт. Дартка айланат. Жүрөгүңдү берсең жүрөк ооруйт. Махабатты оорутпа айыгышы кыйын. Махабат күрөш. Өлүм менен өмүрдүн ортосу. Эриндердин эрөөлгө чыгышы, шилекейлердин бири – бирине жандалбастан өтүшү махабаттын шириндиги, татымы... Өзүңдү алып көрчү ушундайдан... Кантип. Мындай менен ойнобо? Же гүлгө айланат, же күлгө айланат. Бир нурлар чачымы жаралган гүл, экинчиси кызыл тилдүү күйгөн күл. Ойлон махабат ээси ойлон... Ойлон... Ойлон...

Музыка. Радиосунда жан дүйнөнү козгогон "Чак түш" программасынын куттуктоо ырлары жаңырып жатты. Алыскы тоолуу Ак – Талаа районунун Тоголок Молдо айылынан аял киши күйөөсүнүн туулган күнү менен куттуктап Асель Турдалиеванын аткаруусунда ыр десте суранып калды. Сурануу аткарылып Асель Турдалиеванын аткаруусунда "Ак чөлмөк" ыры радиодо жаңырды.

Ашканадагы стол үстүндөгү дасторкондо тамактар жайылып, чай менен ичкенге пирожный да даяр. Кайнар, кыргыз тамактарын жакшы көргөндүктөн кесме жазалып, бал, сары май дагы коюулган. Кален, дасторконун

жайганы менен көңүлү жайдары эмес. Баягы күлүп – жайнаган жайдары мүнөз жок. Жай турмуш эки жакка жайылып орду урунту болуп бараткандай. Календин ичи муздап, муздак нерсени сезгендей, көңүлү Кайнардан сууп бараткандай. Бара – бара бардыгы атырылып чыккандай. Календин ачуусу менен чыкса чыксынчы, кечеңдетпей эртерээк. Кыйналып бүттү. Кыжырдангандагы кыжалаттык эзип бүттү.

Акыркы күндөрү Кайнар качан келип, койнуна кирип кеткенин байкабай калчу деле болду. Күткөнү менен уйку деген уйку да, качан башың жаздыкка шылк кеткениңди туйбай да каласаң. Ушинтип туюмуң да кеткидей. Сезимиң да сезтенкидей. Жылуулук сууп муздап музга айлангандай. Кайнар, кимдин айланасында тегеренип, жалынып жалбарып жылуулугун арнап, энергиясын, күч – кубатын жумшап жүрөт. Ошол эле тапкан койнундагы катын Календен укмуш, өзгөчө бекен.Кален күйөөсү болгондон кийин, дене жабышып денеси бир болуп, кандары алмашып калгандан кийин, күйөөсү Кайнардын койнунда катын бар экенин кантип сезбей койсун. Жыттары бири – бирине сиңишип калгандан соң, Кайнардын жыты башка. Кален жыттаган жыт жок. Кучакты айтпай эле койсун, көптөн бери Календи кучактай элек. Шылтоосу жумуш көп, жумуштан чарчады, жумуштан чалыкты, кеч келсе сенуктап калган экенсиң, анан ойготкусу келбей уктап калган имиш. Дагы кызыгы, Календи аяп уктап калган имиш. Үйдө отурган Календин эмнесин аямак эле, уктап жатса да кучактап кучагына кысып койсо эмне болмок. Койнундагы аялы да. Кайнардын духи жыттанып келгени бир тең, өзүнүн одеколону да өзгөрдү. Мурун ич кийим бер деп Календе өкүрсө, өкүргөнү да өзгөрүп жаңы турса алып кийчү болду. Кален, ич кийими бар экенин да билбейт. Өзү жаңы алып кийет. Кысып жиберди

деп материалдан тигилген кенен трусаларды кийсе, современный болуп чыпташкан плавкаларды кийе баштаптыр. Кенен кесир жүргөн Кайнар жок, күзгүгө каранган, үч күндө бир мурут сакалын кырынган Кайнар күнүгө эртең менен эрте кырынып жумушка кетет. Календен корунуп, чыкса, ойготпой уйкусун бузбай уурданып өзү чыгып кетет.

Ким болду экен, муну мындай аялын кыйнабай, адам кылып, современный жашоо көргөзүп жаткан. "Ким болсо дагы көргөзөм ага" – деп Кален, күнүгө үшкүрүнүп демин чыгарчу болду. Турмушуна туталанган Кален, Кайнарды тумшукка отурган жеринен бир койгусу келди, кайнак чайды башынан ылдый куйгусу келди. Койгон менен, куйган менен майнап чыгабы? Албетте, чыкпайт. Кайра күчөп эки кызы менен таштап кетип калбайбы. Кален эмнесинен жазды, эмне Кайнарды койнунан чыгарып жатат. Бул Календи күнү – түнү кыйнаган суроо. Календин күнү да жок, түнү да жок. Күйөөсү Кайнар күн – түн дебей жыргап кумарга батып жүрсө, Кален кыйноонун күнү – түн азап чегүүсүндө. Кайнарды жолго салса болот, бирок сүйүү сезимине алданып калганын көргүсү да көтөргүсү да келбей жатканында болуп жатпайбы. Кептин баары ушунда. Кален, өзүнүн жан дүйнөсүнөн чыккан сүйүүсүнө ишенгиси келет. Анын ойунда сүйүүсү күчтүү болгондуктан ал жеңиш керек. Сүйүүсүн, махабатын бирөөгө, "келиптир сага" – деп жөн жерден салып бергиси келбейт. Кайнар үчүн канчалаган түштү көргөн өңүндө өңүт кылбай аруу – тилекти арнаган. Кайнар анын тилеги болчу. Сүйүүсү болчу. Жанынын теңи болчу. Денесиндеги жүрөгү болчу. Басса турса баскан изи, башындагы ойу болчу. Баардыгы болчу... Баардыгы болчу... Баардыгы болчу... Мүмкүн эркек төрөбөй удаасы менен эки кыз төрөп койгон күнөөсү барбы? Ошол эле болсо Кален төрөттөн

кала элек го ? Эмнесинен жазып кетти? Мындай суроолор Календин башын маң кылды. Баш оорума кылды. Кылгылыкты кылган Кайнар тирүүлөй жеп бүттү. Же Кален, бетине айта албайт. Айтса Кайнар, урдум силерди деп эшикти тарс жаап кетип калчудай. Кайнарды коё бергиси келбеген Кален... Ал аны күнгө эмес, түнгө эмес, түбөлүккө сүйгөн. Түбөлүктү сүйүүнү, күнүмдүк сүйүү жеңип баратканына Календин күйбөгөн жери күл болуп өрттөнүп жатпайбы. Жан дүйнөсүн бергендики эмес, жамбашын чайпагандыкы болуп жатканына жаны ачып жатпайбы. Бүткүл денесин бергендики эмес, демиктиргендики болуп жатпайбы. Төрөгөн аялдыкы эмес, төрдү талашкандыкы болуп жатпайбы. Коломтоосун коргогондуку эмес... колтугунда жаткандыкы болуп жатпайбы. Жеңүү сүйүүдө эмес, сүйөнгөндө болуп жатпайбы. Мындайда Кален эмне кылыш керек... Өрттөн Кален... Өрттөн... Өрттөн... Өрттөн... Ичи күйүп – бышып намыстуулукка түрткөндөй, аярдуулугун унутуп аялдыгына барчудай. Мындайда шайтан – шабырдын бат жабышып калуу өнөкөтү боло калат эмеспи. Жардамды кимден күтөт? Бирөөгө айтса, өзүнүн намысы тебелендиде калгыдай. Курбусуна кеп кылса, эртең ал душманы болуп чыкпасына ким кепилдик бере алат. Эч ким... Душмандар достамыр, курбу – курдаштардан чыккан учур. Көнүмүш да көндү. Баары көнчүдөй, бирок Кален ага көнбөйт.

Сырды жашырганга да катканга да болбойт. Ооруну ашкерелесең өлүм күтүп турат. Турмуштун оорусу, илдети күчөгөн күчүндө кезинде, аны айыктырыш керек. Ырбап ыр – чыр көбөйө элегинде. Кален ким менен жүргөнүн билбейт, бирок сезет. Эркек койнундагы аялын кучактамак турсун, көзүнө илбей калгандан кийин, көзүн сүзүп жүргөн бирөөсү бар экени далил болуп жатпайбы. Көзүн сүзүп, Кайнар менен Календин махабаттын турмуш

жолунан сүзүп, жолдон чыгаруучу ким болду экен? Кайсы сүзөнөк Кунажын болду экен? Кунажынбы же токол уйбу? – Табыш керек. Таап жазасын берүү Кален өз колуна алгандай. Өмүрүндө эркекти аңдыганды жаман көргөн Кален, эми аңчы атка конобу? Эмнени аңдыйт? Эмненин үстүнөн чыгат?

Кайнар эч нерседен эч теме болбогондой радионун музыкасын жаңыртып угуп, алдындагы тамагын шурулдатып ичип коюуп отурат. Кален аялдык намысына салып өзүнө – өзү суроо берип кайра жооп берип турган кербези. Буту – бутуна тийбей калчылдап титиреп жатат. Анысын Кален сезген да жок. Ички туюму менен алек. А, Кайнар болсо анысын кайдан билсин. Макоо эркек мени билбейт дегени менен, эринин мүнөзүн жадыбалдай эки жерде эки төрт деп жаттап койгондой, аялдык куулугуна салып, Кален биринчи эле күнү ала жипти аттаганын сезгендей. Махабатына балта чаап, Кайнардын жүрөгүн оорутпай көзүн сүзгөн Кунажынбы же токол уйбу иши кылса аман – эсен аңдан чыгарып, эки кызы менен бактылуу жашоо. Үйүндөгү коломтоону кайра жандандыруу. Кайнардын койнунда, колтугунда кысылып, кучакта эркелөө.

Кайнар жаштыгына, баралына салып эки порсудан тамак ичет. Нанды көп жейт. Акыркы күндөрү жеген тамагын да көбөйткөндөй. Кален, тамагын кызганбайт. Ага Кайнардын көп тамак жегени жакшы. Анын ойунда эркек болгондон кийин, эркектей тамакты чүнчүндөтпөй сугунуп көп – көп жегени дурус эмеспи. Ушундан улам Кален, Кайнардын экинчи порсуна табагын сунарын күтүп турду. Күткөндөй эле чоң кашыгын стол үстүнө коюуп табагын дыпыга берди. – Кален, тамагың даамдуу болуптур, кызыл борщту каяктан жасап үйрөнгөнсүң, бул тамак орустардын улуттук тамагы. Сен орустардан өтүп кеткенсиң го.

Кайнар Календин кабак кашын карап, бүркөө өңүн жактырбагансып көзүн чоң ачып карайт. – Сен эмнеге недоволенсиң, эмне кабагың ачпайсың. Ушул жерден Кален жарылгысы келип, тамагы бүткүчө кыйкырыкты салгысы келди. Буулуп турган буугун колу – бутун титиретип токтотуп калды. – Кечки жамгырда эшикке чыгып койдум эле, чыйрыгып ооруп жатам. Кайнар, түшүнгөн кишидей, оорусаң айыгасың дегендей радионун бурамасын бурап кыргыз музыкасына койду. Радиодо дагы Асель Турдалиеванын "Генерал" ыры ырдалып жатат. – Ушул Асель ырчынын канча жашка чыкканы билинбейт. Дагы эле жаш, так секирип. Мен мектепте окуган кезимде эле ырдап жүрчү. Азыр биз мунун жашына барып калдык. Ырчылар карыбайт турбайбы.

Кайнар, Асель Турдалиеванын ырдап жатканын угуп жатып, сүйлөнүп алды. Аны кимге айтты белгисиз. Кален, кызыл борщ тамагын куюп келгенге табак көтөрүп чыгып кеткен. Кызыл борщ тамакты жасаганы бекер эмес эле. Ал, аны төлгөчү Айымкандын айтуусу менен кызыл кызылчадан жасап отурбайбы. Кызыл кызылчанын кызыгы бул борщто...

Кален күйөөсү Кайнардын мүнөзү өзгөрүлүп, кыялы иттин кыялындай, болбогон жерден эле кынтык издеп, уруш – талашты каалап калганын. Кыздарына мурункудай мамиле кылбай, машинасы менен мектебине жеткирбей, өзүңөр жетип алгыла деп күрсүлдөп калганын төкпөй – чачпай ишенген төлгөчүсү Айымканга айтып берген эле. Төлгөчү да төрүнө картасын ыргытып, үстөккө – босток, өлгөнгө – көмгөн өкүмүн сүрүп Кайнардын бирөөсү бар экенин карта дамасы менен ачып берип, жайып таштаган. Карга Дамадан Кайнар чыга албай, анын айтканы менен болуп калган имиш. Көзүнүн тегерегинен чыга албай Кайнар Карга Даманын тузагына тушалып,

аны көрмөйүнчө тура албай калыптыр. Бул бир гана эмес, бир нече жолу Кайнардын жолунан Карга Дама чыккан. Шайтандын азгырыгы ушулбу дейм, Кален төлгөчүнүн төрүнөн кеткиси келбегендей. Түрү да түйшөмөлдөнүп өңү да өзгөрүлүп кеткен. Эки көзү кызырып, баягы кара көз Календин көз карашы да башка жакта. Каякта... Каякта... Каякта... Аны өзү гана билбесе, төркүнсүтүп төрүндө отурган төлгөчү да билбейт. Төлгөнүнүн төркүнү каякка алып барат, шайтан алгырдыкы ала салдырбаса болду. Бул шайтаның жаман турбайбы. Кайнар да аялга азгырылып жүрсө, Кален да азгырыкта жүрөт. Экөө тең аял азгырыгында.

Төлгөчү Айымкан кандай сөздү айтса, баарына баш ийкеп макул болгондон башка аргасы жок, амалы түгөнүп калгандай.Төлгөчү Календин мүнөзүнө, ичине кирип кеткендей. Анда өз ойу менен болууга чамасы келбей калды өңдөнөт. Ишенген төлгөчүнүн айтуусу менен Кайнарга чай кайнатып берет, суусун ичирет. Шымынын ычкырына тумар тигип коёт. Тумардын ичинде эмне бар. Ким билет. Төлгөчү ойундагысы менен мүмкүн Календи ойнотуп жатат. Оюн кимдики ал дагы туман. Ал дейбиз, бул дейбиз, төлгөчүнүн айтканы айткандай, дегени дегендей аткарыш керек. Бул буйрук болбосо да жан дүйнөнү козгогон Карга Дама... Картанын кумары төлгөгө түшүп, адамды адам алдап, адам турмушу эмне болмок болду?

Календин "төркүнү" төлгөчү Айымкан кызыл борщту жасатканга өттү. Чай ичсе болбой жатса, суу ичсе болбой жатса, анда ал Карга Дама да төлгөчүгө барып ал да чай ичирип, сууга суусатып жаткан имиш. Төлгөчүнүн төлгөсүндө Карга Дама биринчи баштап жибергендиктен Календики кечигип эч нерсеге жарабай калган турбайбы. Каленге, Карга Даманын анык жүзүн көрсөткөн сүрөтүн алып кел деген. Аны кайдан кармап алып келет эле.

Кайнардын Карга Дамасын колу менен кармап, өз көзү менен көрбөсө.

Кара Дамаң менен куруп калгыр десе... Кален "төлгөчү Айымканга менден аянба акчаңды жакшы эле төлөп берем, колуңдан келген жакшылыгыңды кыл. Сизди өзүмдүн бир тууган эжемдей көрүп, жалгыз колдочум, мени түшүнгөн сиз болуп жатасыз" – деп айткан жайы да бар. Кайнар көзүнө чөп салып жүргөнү менен тапкан акчанын көзүн карабай Каленге алып келген жагы бар болчу. Акчага байлап, өксү кылбасам, шекшинбеген түр көрсөткүсү келчиби? Анткени менен турмуш акчага айланчыктап калбайт экен да. Сүйүүнүн чындыгын көрсөтөм деп, акчага карабай, чырылдап Кален жүрбөйбү төлгөчүгө төлгө салдырып, бакшыдан багын ачтырып. Багын ачтырбай эмине, жол ачтырганы ошол да. Ошонусу жерге кирсин. Жерге киргир ...

Жергекиргирдики, төлгөчүдөн бакшыга көтөрүлгөн, "көтөрүм" болуп калгыр Айымкан аял, акчаны көргөндө көзү көр болуп калгыр бир адам баласы он уктап он турса да түшүнө кирбеген бакшылык аял төлгөнү баштады. Кайнарды өз ордуна коюуп, койнуна алып келгени үчүн, төшөгүнүн жылуулугуна төшөш үчүн, жолу ачылып турмуш жолуна түшүш үчүн, Кара дамасын көргүсү келбей Каленге келиш үчүн, Календин денесинен чыккан нерсе, ага таасир этип, жытын эңсеп калат имиш... Бактынын багын кайрып, кайтарып алып келгени бир барган адамга жийиркенич. Канткен менен улам барган Кален сыяктуулар айтканына ууланып кыл дегенин кыла бергидей. Акырындап көтөрүлүп көнүмүшкө салдырып, башын айландырып алат окшойт. Бул бакшылардын кылбаганы жоктой. Балким, төлгөчүдөн бакшыга көтөрүлгөн, көтөрүм болуп калгыр Айымкандын кылганын башка адистештери кылбастыр. Бул кылса да башкасы кылбасынчы...

Уккан кишинин үрөйүн учурган кылгылыкты... Кылымы кыйышпаган аял киши Айымкан аялдыгын асманга көтөрүп, ааламды жаңыртып жибергенсиди. Мындай жаңырык Кален үчүн эч нерсе болбогондой, эч нерсени укпагандай сезилип, алдыга умтулуп Кайнарды кармап калуу болду. Адашкан турмушту кош колдоп тутуп, колдон чыгарбоо болду. Ишенген жолу ушул болду. Ал Айымкандын айткан сөзү. Акыры амалы түгөнгөнүн кылып жатабы, Кален төлгөчү эмне кыл десе кыла турганга жетти. Ушуга Кайнар жеткиздиби? Же өзү жеттиби? Сүйүү сезими ушунчалык козуткуч болдубу? Ушул көрөкчө, Кара даманы мыкчып, тытып, өлтүрүп койсо болмок. Кудай сактасын. Эх аялдын алааматы. Эки аялдын башы кошулса күрөш, кармаш, ушак, бирөөнүкүн бирөөгө жөн койбо.

Айымкандын айтуусу өзүнүн, өзүнүкүнөн Кайнарга тартуу кылуу. Ал тартуу жанагы ичип жаткан кызарган кызыл борщуна үч күндүк этектен чыккан канынын кан тамчысынан кошуп коюу. Эми тамаксоо Кайнар тамаксоолугунан көрсүн. Тойбос Кайнар тойбостугунан көрсүн. Тамакка да тойбойт, аялга да тойбойт. Аял! Тамак! Эмне кылып жатат. Анын да даамын татысын. Даамдуу кызарган кызыл борщ өңүнө да чыга түштү. Жини келип, жинденген Кален, жинди немедей эч нерсе кылбагандай эле кызыл кызылчадан жасалган борщту кызартып өңүнө чыгарып койду. Эмне өзү ичмек беле, тамакты күткөн Кайнар ичет да. Анын эмнеси кетип жатыптыр. Башкысы башын айланткан Кара даманы көргүсү келбей, качып келип уясына кирсин. Уялаган уясы кайсы жер экени эсине келсин. Эстесин. Эскирме кирбей. Ээрин шалпактатып эзбей. Эрте – талтаң бирөө менен ээктешпей эпке келсин.

Өңүнө чыккан, кызылчадан жасалган кызыл борщ Кайнардын жанына барды. Чоң кашыгын алып, тойгончо өңүнө келген борщту ичип, туруп кетти. Эмнеси болсо да

даамдууу тамакты өзү айткандай ичип алды. Жаным деп жанынан артык көргөн Кален эмне кылды. Кайнар анын намысына тийип тебелегендей кылса, кылганга кылыктанып. Кален ага кан ичирди. Ичип алды. Кызылчага кошуп. Кошул – ташыл тамак ичкен Кайнар бир паста жумушуна кетүүгө даяр болду. Эшикке чыгып баратып бетин тоскон Календин эки бетинен аймалап өөп, өпкөнү кайсы, кайра жалтаңдап жалт карады. Башкача өпкөнүн өзү да сезе калды окшойт. – Кален көрдүңбү, сени сагынып калган окшойм. Кален сыр бербей, ичинен жайладым сени,эми кеч келип көрчү, күнүгө кызылчадан кызыл борщ ичирем деди. – Кайнар сагынсаң эрте келип жүрбөйсүңү. – Кален унутуп бараткан турбайынбы үч күнгө командировкага кетем. – Каякка барасың, жок дегенде кечинде телефон чалып тур. – Азыр жумушка барганда билем. Кайнар сүйлөгөнгө, жооп айтканга, жообу менен даярданып албаганы Каленге билинди. Сыр бербейт. Кайнар чыгып кетти. Чыгып, эшик жабылаар менен Кален бакырды – Акмак десе, көрсөтөм сага!

## …КАН…
## IV

Булут. Асманды ала булут каптап ар кайсы жерге булуттар бөлүнүп дүйнөдөгү алты материктин картасы орун алгандай. Кадимкидей үйүлгөн чоң – чоң булут үймөгү Евроазия материги. Африка материгин белгилеген булут ортосунда сызыкча пайда болуп Экватор бөлүгү тургандай. Асмандын бүгүнкү турпаты бүткүл ааламдын турпаты. Турганын кара, көк мелжиген асмандын. Мойнуңду чалкалата карап, бурул булутка суктанасың. Алар деле орунга турбай, орун которуп жаны бардай. Кээде – кээде жылып караандарын да көзгө көргөзбөй кетишет. Асмандан кабардар болгонуң жакшы жаңылык. Жер жемишин

бергени менен көктөн карап тургандыкы. Жамгыр жаап суу бербесе жер азыгы эмне менен азыктанып жерден көтөрүлөт. Жерден көккө көтөрүлүп көгөрүп чыкканы көк мелжиген асманга караштуудай. Көктөм көтөрүмү көк асмандан. Өйдө жакты карап иш кылбасаң, иш чатак. Бардыгы өйдөдөн. Жаратылыш мыйзамы, табигаттын табити ушундай, өйдө жакты каратып койгондон кийин иштин болоор иши ошол да. Илгери дыйкандар айтчы экен, шамал болуп эгинимди тазалап бер деп. Жаратылыштын да сырын карабайсыңбы. Эгин – жыйын терилген күз айларында шамалдын шуулдап турганы. Жерге, суу сиңсин деп жазында жамгырдын болуп турганы. Кышында калың кар жаап, жаздагы дыйкандарга өткөзүп бергени. Жайында күндүн нурунун тийгенинен башыңдан күн өтөт го. Асман дагы, жер дагы, күн дагы, ай дагы адамга жолдош – дос пайда нерсе. Бул төрт ааламдын кыялдары да пайдалуу. Бүркөлгөнү, чартылдаганы, бороон – чапкыны, жут, кыр көрсөтүп койгону. Пейилибизге жараша сүр көрсөтпөсө адамдар бири – бирибизден өйдө сынып көөп кетип жатпайбызбы. Кудайдын күнүнө ырахмат. Көргөн күнүбүзгө ыраазыбыз. Адам ааламды түшүнсө. Жан, жаны барлар тирүүлүктүн тиричилигинде. Ал үчүн алты сан аман болсо. Андайды алты сандан бир мүчөсү кемип калган адам гана, карайлаганда түшүнбөсө... Башына келмейинче түшүнгүдөй эмес. Андай башка түшпөсүн. Түбүң түшкүрдүкү карайлабасын. Карайлаганды кудай таалам деле мүнөзүнө жараша берет окшойт. Өзгөчө көтөрүп ketерине карап...

Акниеттин эки көзү көрбөй калып карайлабадыбы. Кийген көйнөгүнүн өңүн апасынан сурап билет. Жарашкан жарашыктуусунда апасы айтат. Колуна күзгү кармабаганына канча болду дейсиң, өзү деле унутуп калгандай., эмнеге кереги бардай. Колдорун эки жакка жайып басып

баратып буту менен күзгүнү тебелеп кетти. Күзгүнүн тырс эткен сынганы Акниеттин кулагына угулду. Эмне болсо апасын чакырган Акниет – Апа, эмне чыныны сындырып алдымбы? Сындырсам кечирип коюуңузчу. – Жок балам, сарсана болбой эле кой, бул күзгүгө канча болду дейсиң, ырас эле сынды. Акниет, апасынын көп болду деген сөзүнөн улам ал кичинекейинен каранып жүргөн күзгүсү экенин түшүндү. – Апа, менин күзгүм турбайбы. Эми мага кереги жокто басып сындырып койгонумду айт. Акниеттин, сөзүнө көзүң көрсө сындырбай каранат элең да деп айткан жан жок. Айтып эмне кылат өзү араң басып жүргөндө. Көзү көрбөсө да каранып – түздөнүп тың болгусу келет. Апамдын көзү өтүп кетсе эмне кылам деген ойго да чөмүлүп бурчка жашынып бушайман болот. Бирок, апасына, дегиле бир жанга билгизбейт. Түшүндө көргөнүн апасына айтып берет. Көзү көрбөгөндөн бери апасына жакын болуп кетти. Апа деген сөздү көп айтат. Ким билет көзү көрсө, өзү менен өзү болуп көп апалабайт беле. Ападан башка ким анчалык күйөт. Эми гана сокур көзүнө көнүп, кийимдерин өзү кийип калды. Бир күнү көйнөгүн кийем деп тетири кийип алыптыр. Апасы чечип кайра кий десе. Уялып коёт. Дароо түшүнүп кайра чечип, колу менен тигиштерин сыдырып, көйнөгүн кийип алган. Көр көрбөсө кол көнөт.

Акниет күндүзгүгө караганда түндү жакшыкөрөт. Күндүзү кыймыл көп. Кирип чыккандар андан көптөй сезилет. Үйүнө келген адамдар тууганы болобу, дос – тамыры болобу ар кимиси ар кандай кепти козгошот. Боору ачыгандарды угуп, байкуш болгусу келбейт. Мурун кызыңды күйөөгө бер дегендер көп болсо, азыр антип айткан эч ким деле жоктой. Сокурду ким алат деп калыштыбы. Акниетке сыртты гой, ички туугандарынын да сөзү өзгөрүлдү. Аны Акниет сезип, ичим тап ичинде өзүнчө дүйнө,

буркан – шаркан. Жакшы түшүнүп жанынан чыкпаганы апасы. Үйүнө киши кирери менен Акниеттин көйнөгүн түзөп, жакасын оңдоп калат. Келген кишилердин бетин сыйпалап жибербесин деп кумайланып, алдын ала Акниетке аттарын айтып жиберет. Антпесе, Акниет атын айтса да тааныш үчүн бетин сыйпалап жибербейи бар. Өзгөчө кичинекей балдардын мурдун кармап, мурдуңан деп эркелетип тааный калат.

Түн демекчи, күндүз көрбөгөнүн түндө түшүндө көрөт. Түндө түшүндө Өмүр агайынын ак калпак кийип алганын көрдү. Бети тоголок келген, кара каштуу, ак жумал агайына калпак жакшы жарашат экен. Толуп алыптыр. Толгонуна беттери чытырап, коюу чачы коюулантып өстүрүп да алыптыр. Башына калпактын жарашыктуу отурганына Акниет сүйүнүп Калпактын оюусун айтып жетине албай жаткан экен. Мындай жакшы түштү, карайлап үйдө отурган Акниет жөн коймок беле. Төшөктөн турары менен апасына айтып берди. – Апа, бүгүн агайым Өмүр келет. Көрөсүзго. Менин түшүм туура чыгат. Кийген көйнөктөрүмдү карап коюуңуз. Келсе жүдө көрүнүп калбайын. Акниет акыбалын унутуп калгандай. Анын көзү көрбөй калгандан берки жагын Өмүр көрө элек. Өмүрдүн тутамында Акниеттин көзү көргөн чечкиндүү дилгир улам алга демиккен кыз. Акниет көргөн түшүнө сүйүнүп алган. Ал сүйгөнү Маратка чыкпай койгондон бери агайы Өмүрдү күтөт. Эмнеге экенин өзү да түшүнбөйт. Агайын эмнеге, бир тууганынан бетер күтөт. Акниеттин жан дүйнөсүн түшүнгөн агайы окшобойбу. Окуткан мугалими түшүнүктүү адам деп сезет. Канткен менен педагог да. Агайынын сабак өткөнүнөн сабак алып калган Акниет окутучууга окуучу берилип калгандай. Жан дили, дилдүү турмуш ачыгын айткан, түшүндүрүүдөн түшүнүк жараткан педагогго.

Акниет өңүндө көрөгөн өңдүү түшүндө көрчү болду. Ал адам менен өңүндө жакшы учураша албаса, түшүндө көрүшүп жакшы учурашат. Бул түнү да ошондой болду. Түшүндө алты саны аман. Өмүрдү да көзү менен көрүп, кубанып кетпедиби. Ойгонуп кетсе түшү... Ойгонгонуна ачуусу келип, бир сыйра кабак – кашын кар жаадырып бүркөп алды. Мүчө кемтик ушул тура. Эми минтип күн – түндүн айырмасы жок, күндүзгү – түндөсү баары – бир. Көрүнбөйт. Анткен менен түшү жакшы. Жакшы түш көрөт. Жан дүйнөсү түшү болуп калгандай. Жан дүйнөсүн түшү козгойт. Түшү күндүн өтүшүнө жардам бергендей. Күтүүнү, сагынууну, үмүттөндүрөт, келечекке жол көрсөткөндөй. Аянычтуужа жаткан Акниетке ыроологондон аян берет. Өңүндө көрбөгөндү түшүндө көрөт... түшүндө көрөт... түшүндө көрөт...

Өмүр дагы Акниеттин түшүн аткаргандай болуп, эмнегедир Акниет эсине келип, ага баргысы келди. Анын үстүнө бош убактысын ошого коюп койгондой үч сааттай бош боло калды. Бош убакытты текке кетирбей Акниетти көрүп келгиси келди. Акниеттин окууга тапшырбай калганын угуп алып кейиген учуру да болду. Анын себебин да билгиси келди. Күйөөгө тийип бара албай калдыбы деген бүдөмүк ой да кетти. Же болбосо, Акниет жалкоолонуп окууга тапшырбай койгон окуучусу эмес эле. Кандай шартта тапшырган жок? Ушул өзүнө койгонсуроону да билгиси келди. Мугалим кызык эле адам болот экен. Кээде окуучуң уядан учса, кайсы жерге барып уялады деп киришип кеткен учуру да болбой койбойт. Мугалим үчүн мейли академик, өкмөт башчы болсун баары – бир анын окуучусу. Окуучунун ийгилиги үчүн сүйүнсө, сыймыктанса, кокус ийгиликсиз болуп калса кейибей койбостур.

Акниеттин эң башкы ойу Өмүр агайындай адамгерчиликтүү адам болуу. Билим деп билимге умтулганы

менен билим чокусу бул адамгерчилик тура. Эмне үчүн бардыгын чечип, күпүлдөтүп сүйлөтүп, кайсы жерге барба, болбо, сыйлуу урматтаткан акчадан руханий дүйнө бийик турат. Акниет көзү көрбөй калгандан бери китеп окубай калды. Кашайып көзү көрбөсө кайдан окуйт. Карайлабадыбы. Китеп окубаганы менен ичинен ойлонуп өзүн – өзү жей берип, күйүп бышуу менен алек. Адамды ойлойт. Адамдын мүчөсүн ойлойт. Ага берген алты санды ойлойт. Ойу, тилеги аны китепсиз эле окумуштуу кыла турган болду. Ойуна келген сөздөрү калтыратып баракты алып жазчу да болду. Жазганы менен жазганын өзү окуй албайт. Жазуусун апасына көрсөтүп кейиткиси келбейт. Эне жүрөгүн аят. Акыркы жазган жазуусу "руханий дүйнө бул адам" деп жазган экен. Акниеттин ичинен бышып жетилген корутундусунда акчадан да адам бийик турат. Ушул себептен руханий дүйнө бийик. Ушундай ойлорду агайы Өмүр менен сүйлөшкүсү келди, анын ойун уккусу келди. Ой бөлүшкүсү, сүйлөшкүсү келет. Көзү көрбөй жетелеме болсо дагы, эки – үч адам болсо дагы, адам менен кенен чөйрөдө сүйлөшкүсү келип турат. Сокурду сүйлөшүү да кыскандай. Сүйгөнү менен да, агайы Өмүрдөй сүйлөшө алгыдай эмес. Жазгандарынын баарын агайына көрсөткүсү келип, ашыгып турган чагы. Эшикти улам – улам байырлап агайын күтөт. Ал көргөн түшүнө ишенет. . Анткени ал түш көрдү. Түшүндө көрбөдүбү... Уккан да жок, Акниет үчүн көрдү. Ал өңүндөгү бетин тырмалап таанығандан да өз көзү менен көргөн түшүнө ишенип калды. Ал ачуусу келгенде күндүзгүдөн да түнкүсүн жакшы көрөм дейт. Жарыктыктан караңгыны жакшы көрөм дейт, анткени караңгы түндө эл арасына кошулгандай сезет. Караңгы, баарына караңгы... Караңгылыктан, сокурлуктан бир гана жан дүйнө чыгара алат. Жан дүйнөнү жандандырып албасаң, ал дагы көр болуп калышы мүмкүн.

Жан дүйнөң сокур болбосун. Сокурлук курусун!

Түшкө чейин күткөн агайы келген жок. Акниет, көңүлү чөгүп, көргөн түшүм да алдады дегенсип колун көзүнө алып барып өзүн – өзү токтотуп калды. Кандайдыр бир күч колун алып жерге таштагансыды. Акниет өзү чочуп кетти. – Менин агайым келет. Аны менен сүйлөшөм. Ага айтчу сөзүм айтам. Башка кимге айта алам. Мындай учурда агай гана түшүнөт. Анткени ал адам сабак берген, сабак болчу агайым да. Сокурду, сабак берген сабаттуу гана адам түшүнөт. Сокурдун тамтаңдаган, тай – тайлап баскан күнү курусун! Акниет ушинтип будуң чанга салынып бушайман болгон кезинде, эшиктен апасы Гүкүн жоготкон нерсесин тапкандай шашып кирди. – Акниет кызым, Өмүр агайың сен айткандай келеатат, эмне кылайын үйгө кирсинби? – Ооба, үйгө кирсин. Акниет сүйүнүп, эмне кылаарын билбей, столду өзү таап барып отурду. Бети – башын сылап түздөнүп алды. Өмүр Акниеттин сокур болгонун билбейт. Баягы күлүп – жайнаган жүзүн көргүсү келип, үйгө кирет. Кирери менен буту баспай артка тартты. Акниет кирген киши менен иши жок, карайлаган көзүн көрдү. Ордунан тура калып саламдашкан Акниет жок. Отурган столу жыгылып кетчүдөй бекем кармап алган "бек отур" Акниет. Жароокер Акниет байкуш болуп калган. Эркин элпектеп чуркаган Акниет бирөөнүн көзүн карап, көз каранды болуп калган. Бирок, бүгүн Акниет эрдик кылды. Эрки, агайы менен учурашканга жетти. Буга чейин көзүм көр деп, элден, журттан жашынган Акниет жок. Бел байланып чыкты. Бүгүндөн баштап элге чыккысы келди. Корунуп отура берсе жан дүйнөсү кор болчудай. Зарга кордуктун кереги жок. Зар какшасаң да кашайган көзүң көрбөйт. Көрдүкү көр... Көрдүкү көр... Көрдүкү көр...

Босогодон аттаган агайын сезе койгон Акниет: – Агай, босогодо турбай кириңиз, кечиресиз мен сиздин

жаныңызга барып учураша албайм, менин көзүм көр, колу бутум тушалуу агай! Мен! – ушинтип калбадымбы. Кудай таалам: – ушундай сыноо бербедиби.

Өмүр кандай жетип барып Акниеттин көз жашын аарчып өпкүлөп жибергенин билбей калды. Акниет да агайын кучактап улуңшуп, бакырып жибергенин да сезген жок. Апасы Гүкүн дагы агайына ыйлап, бугун чыгарып алсын дегенсип үйгө кирбей жөн койду. Акниеттин бүт тулку боюу зыркырап, сыздап ыйлап кирди го. Кудайга үнү жетти... Жаратканым да! – Жаза кетирген жазасына бир кейип алгандыр... Үй ичинде окуучусу менен окутуучунун сай сөөгү сыздаса, эшикте үйүнө кире албай жаткан апасы Гүкүндүн жүрөгү эзилди го... Көзүнүн жашы көлдөй төгүлүп жерди жамгырдын суусундай тешип жиберди. Ушундай эне байкуш ыйлап турса көр кызынын айынын көзү соолуп калгыдай. Дарт жанында жүрүп дартка чалдыккандай. Чарчаганын, чалыкканын деле билгизбейт. Баланын кичинекей кезинде кичинекей кароо болсо, чоңойгондо карайлаганы кара жаныңды алып салат. Сарсанага батып саргайтканычы. Акниет, энесинин түйшүгүн түшүнүп, түйшүк салдырганын билип, дартымдын салмагын салбайынчы деп, кабагын бүркөп кайгырганы, кулап кетип ооруксунуп калганын, көрбөй темтеңдегенин, баса албай жыгылып тай- тайлагандардын билгизбегенге болгон күчүн жумшайт. Акыркы күндөрү өзүн эмес ата-энесин аяп, жүрөктөрүн сыздаткысы келбейт. Көрбөгөндүкү көрбөгөн да. Алардын кабак – кашын, сыздап жатканын Акниет кайдан көрсүн.

Көзү көргөндө Өмүрдүң да эки көзү зыркырап, көзүнүн айланасындагы кирпи – каштарынын терлери тартып жиберди. Көзү тартып жиберди. Мурдунун учуна көзүнүн жашы жетип, мурдун шорулдатып тартып жибергенде гана ыйлап жатканын Өмүр өзүнүкүн сезди.

Кулагына "жаңырык" жаңырып Акниеттин "Агай, ушинтип эки көзүмдөн айрылып кашайып калбадымбы" – деп он сегизге эми толгон Акниет, сексен жаштагы көзү көрбөй, таяк таянган кемпирден бетер ыйлап жатканын укту. Ага чейин Акниеттин акыбалын көрүп, өзүнүн ал акыбалын сезбей калгандай. Буту – колу калчылдап токтобойт. Кой-айга денеси келчүдөй эмес. Көрүп жүргөн адамыңдын көрбөй калганы муунду бошотуп жибергендей. Алың кетип, күчтөн тайып, чыйралган тамырларыңдын чыңалуусу кетип бараткандай. "Эркекмин" – деп жүргөн жаның, ээр токумдан шыпырылгандай. Акниеттин алдына кайраты жок адам келди. Өмүр бекем кармап. Акниетке кайрат, күч, демге – дем бергендин ордуна, кайра өзү кошо бышыктап ыйлап киргени көңүлүн түшүрүп чөгөрүп жиберди.

Акниет агайы менен кучакташып ыйлап турганын сезе коюп уялып кетти. Кыз бала да. – Агай келиңиз, ырас келбедиңизби, кел отуруңуз. Мен өзүмдүн көйгөйүм менен, башыма түшкөн балээ менен сизди дагы будуң – чанга салдым окшойт. Кечиресиз, дартыма догурунуп доо кылып жибердимби. Эмне болуп кетти, билбей калдым. Акниет үнүн чыгарып бакырып ыйлап жибергенине, наалып – наапчыганына, кудайга шек келтирип кемпирлердин сөздөрүн сүйлөп жибергенине аярлап кетти окшойт. Ал агайы Өмүрдүн адабият сабагынан литературадан орус жазуучусу А.Тургеневдин "Ата жана Бала" чыгармасындагы тема ата – баладан мурун экөө эки замандын адамдары деп түшүндүрөр эле. Атанын кийинген кийимдери, жадаганда сөздөрү да балага жакпайт. Анткени, заманга жараша кийим, сөз, мода болгон, мына ушуну улуу жазуучу түшүндүргүсү келген деп түшүндүрүп сабак берээр эле. Ошол агайынын сабактагы сөздөрүн эстеп чоң энесинен бетер кокуйлап жибергеним агайга жакпай калды

окшойт деп чочуп чочуркагансыды. Экинчи келбей койбосо экен деп наалып да жиберди. Кандай акыбалда болгонун карап билейин десе көзү көрбөйт. Адамды көзүн карап, үн – сөзү жок билсе болот. Азыр кайдан.... Андайга чама жок. Көрдүн турмушу көр да...

Өмүр, Акниетке ыйлаганын билгизбегенге бет аарчысы менен аарчып үнүн чыгарбаганга аракет кылды. Мурдунун шурулдатып тартып жибергенинен Акниет билди. Акниетти отургузуп жанына отурду. – Акниет, суу алып келейинби, бет башыңды жууйсуңбу. Өмүр Акниетке айтканы менен анын өңүнөн уялганын бозоруп чыкканынан уялып кеткенин билди. Өңүн көрүп ыңгайсыз абалда. – Агай, ырахмат сизге, азыр апам кирет. Сиз экөөбүз "Марш апа" булагына барып келелиби? Көптөн бери бара элекмин. – Макул Акниет, барып келебиз.

Өмүр, Акниетке каралашайын дейт, Акниет карайласа да намыстуу кыз. Ага макул болбойт. Колун сунса дагы таягымды алып бер дечү кыз эмес. Кыйнагандардын баары убактылуу. Убактысынча көрдүн кызматын аткарып турса, ага дагы көнүп, көнүмүшкө түшө турган жолу бар экенине ишенет. Келечегине ишенген кыз. Ишенимдүү кадам таштайт. Карайлап туруп калбайт. Өмүр эшикке чыгып Акниетти күтүп турат. Ал Акниет менен "Марш апа" булагына баруу кайрымдуулук, жүрөгү таза, пейили ак адамдар менен жолугуу жашоого бел байлаганың, энергия алганың, эрктүү болгонуңа жолдомо.

Акниет апасынын жетелөөсү, жөлөп – таяоо, таягы менен чыкты. Агайынын басып турган дабышын укту. – Агай келиңиз сизди колтуктап алайын апамда, үйдө жумуш көп. Үйдө кала бериңиз. Мен агайым менен басып барып келейин. Мага литературадан сүйлөп берет. Агай бизге сүйлөп берип көнүп калган. Эмнегедир, Акниеттин жылмаюудан каткырык күлкүсү чыгып жайдары. Жашоосунун жолуна

макул болуп, башка түшкөн ишине макул болуп, анын жолун издегендей. Бүгүн сокур турмушту жеңип, анданчы-гуунун тай – тайлап баскан баланын алгачкы кадамы белем, кадам таштады. Колундагы таякка ачуусу келгенсип, таягын ыргытып жиберди. Жашоого бекеммин дегенсип, Өмүр агайын жыгылып кетчүдөн бетер колтугуна колун салып колтуктап алды. Агайы кандай жанталашып сабакты түшүндүрүп билим жолуна салса, караңгы жашоодон жол ачып берип жетелеп бараткандай. Жетелөөдөн жетиктикке умтулгандай. Өмүр менен басуу өмүр жолуна аттангандай. Көздөн айрылуу жашоодон айрылуу эмес экенин айырмалагандай. Кыймылы бар жанга кыймылды жандандыргандай. Агайынын жанында Акниет ниет кылып, жашоонун жолун тапкандай. Өмүр менен Акниет кетип баратты. Айыл жери кызык, киши көрбөгөнсүп экөөнү ооздорун ачып таңыркоо менен карап өткөндөр да болду. Сүйлөшүп, сөздөрүнө аралашкан экөө, кобурап баратышып аларды деле байкаган жок. Өмүр, байкаса да байкамаксанга салат. Акниет көрбөсө да айылдын турмушун, айылдаштарын жакшы билгендиктен, шырт этип жанынан адам өткөнүн билип – туюп деле жатты. – Агай сиз экөөбүздү таң калып карап өтүп жатышкандыр. Анын үстүнө көзүн көрбөй калгандан бери минтип көчөгө чыга элекмин да. Биринчи.... Опей биринчи эмей эмне, чыгып жатам да. Өмүр, Акниеттин көңүлү көтөрүнкүсүн чөктүрүп албоо үчүн: – Жок, антип деле өткөн адамдар жок. Айылда адам аз го. Бири – бириңерди тааныйсыңар дегендей. - Ооба, баланчанын баласы, түкүнчөнүн кызы окууга өтүп келиптир деген эле сөздөр. Кээбир сабакты начар окуучу ошонун баласы окууга өтүптүр деп жамандап да жиберишет. Акниет күлкүсүнө салып үнүн чыгарып күлөт. Ал бүгүн жонунан оор жүктү жерге таштап жибергендей жеңил. Адам жеңил болсо, жеңил дагы

сүйлөйт. Киши болоор адамдын киши менен иши бар. Бүгүн мугалим окуткан окуучусу болсо, эртең ошол окуучу мугалим болот. Ошондо мугалим качандыр бир кезде окуткан мугалимине сын көз менен карайт, билим алганын талкуулайт. Ошол талкуу, талкуу болот. Өмүр, өмүр өткөн соң өзү окуткан мугалимден уялбаш үчүн сабакты изденип, мээсине билим кемесин кыт куйгандай куйганга жан дилин берер эле. Бүгүн дагы Акниет агайын сүйлөтүп учурдагы акыбалынан чыгуунун жолун издеди. Караңгылыктан жарыктыкты издеп бакыт табууну кеңешкиси келди. Ырымды ыроологону "Марш апа" булагы кенен жолдогу кеңешчиси жолду ачаары агайы Өмүр болуп турганы. Көргөндөр, көрбөгөн кызды Өмүр агайына жабыштырсын, бирок бакыт кеңешчиси. Баарынын колунан келе бербейт. Сокур дешсин, сокурлукка сокку урчу кеңешчиси агайы болуп жатпайбы. Караңгылык жарыкчылыкка жар салыш керек... Караңгылык жарыкчылыкка жар салыш керек... Керек... Керек... Көр – сокурга керек кана керек...

Бүгүн Акниет энесинин жанына корголобой жанынан чыкканынына сүйүндү. Күбүрөп – кобурап өзү менен өзү сүйлөшкөнүнөн сурулуп чыкканына кубанды. Үйдүн бурчунан катылбай камырабай сыртка чыкканына куштар. Караңгылыктан чыгып, көлөкө түшкөн көзүнө күндүн нуру тийгенине таасирленди. Сокурлугунан корунбай сыртка чыгып айылчылады.Көчө басты, көчө кыдырдыкөчөлөдү. Адам болуп адамга кошулган сырды. Адамга кошулду. Көрдүн азабын тартып көр болгусу келбегенин көрсөттү, көздөрүнө чиренип акшыя карагандарга жооп кылгысы келди. Башка түшкөн караңгылыкка баш бергиси келбеди. Каалаганын кылды. Өзүнүн ойуна өзү жеткиси келгендей. Жетелемеден жетиктикке умтулду. Умтулуусуна үмүт артты. Агайын колтуктап, андан кол-

доо тапты. Ал жалгыз эмес экенине дух байлады. Коомго дагы керек экендигин билгизди. Тирүү жан. Тиричилик бар. Жашоо жашайт. Ушундай улама ойлор, санаалар, үмүттөр Акниетти каптап баратты. Буга шарт түзүлгөндөй. Оор басырыктуу, сабырдуу мүнөздөгү кыз. Эриркеп бошоңдоп таштап жибергендей. Ээн жерде эркин сезип, эркгүүлүгүн көккө көтөргөндөй. Көңүлү көтөрүлүп оозу тыйылбай жылмайып да, күлүп да бара жатты. Өмүр, Акниетке боору ачып, ал дагы ачылгандай. Көп сүйлөбөгөн жаны, көп сүйлөп бараткандай. Жыгылып кетчүдөй экөө бекем колтукташып алган. Айылды көзүнө илбегендей. Деги канча күн булар көрүшкөн эмес?

Күн дагы экөөнү күтүп тургандай чыгыштан чыккан күн чайыттай. Асман дагы ачык маанай. Бура сүрүлгөн булут жок. Откөн күнү жаан жаагандан жерторсуп чаң жок. Таза айылдын абасы. Жол ачык, Акниетке арналган күн. Буюртма алган күндөй. Акниет күндү туюп түндөгү түшүнөн кеп салды. – Агай сиздин келериңизди билип, мен сизди бүгүн күткөм. Мен алданган жокмун, сиз келдиңиз.

Өмүр суроо бергиче Акниет сөзүн бөлүп сүйлөп кирди. Түшүн айтканга шашты. Убакыт тар. Баарын айтканга үлгүрүш керек. Күнүгө окшош күндү өткөрө берип тажагандай. “Бүгүн башкадан өзгөчөлөнгөн күн”. Мындай ээн – эркин, эрки ишеним менен кенен кесир коё берген күн. Күнүгө боло бербес. Күнүгө караңгы түн, көз көрбөс, сыйпалама, сарсана, коркуу, чочуу тайыгандык, көнбөскө айла амал жок көнүмүш. Жашоосу ошондой, көпчүлүктөн башкача. Мындайды душманына бербесин. Мындай жолтолук болбосун деген ойдо Акниеттин жүрөгүндө кысылып баратты. Кысылган кысым кысылып вулканчасынын жарылып түндө көргөн түшү атып чыккандай тездик менен түшүн айтып жатты. – Сиз мага, ак калпагыңызды

кийип келиптирсиз. Мен, сизди бүгүнкүдөй тосуп жатыптырмын. Ушул себептен көрбөй калган көзүмдөн сизден уялган жокмун. Эгер көзүм көрсө, эки көзүмдү чакчайтып, бакырайып карап чыкмакмын. Түшүмдөгүдөй болуп. Ансыз деле ошентип эле чыктым.

Өмүргө бир четинен Акниет эркин сезгенден да мурун эркелеп жаткандай. Бирок Акниетке көп сүйлөгөн, үнүн чыгарып күлгөн жарашпайт. Муну байкамак турсун, мурун эле сезген. Ал сабырдуу көп сүйлөбөгөн муңайым Акниетти көрчү эле. Буулугуп калган бугун да түшүндү. Сүйлөп жатып Өмүрдү агайы экенин унутуп теңтушу менен кетип бараткандай. Ачылганына Өмүр дагы таң калгандай. Бирок сыр берген жок. Бугун чыгарып алсын деди. – Акниет сенин көзүң көрөт, доктурга көрсөтөм. Бишкекте жакшы дарыгерлер бар. Сен үмүттү кызсың. Көзүңдөн уялба. Жашоодосуң! Демек жаша. Сен күчтүүсүң. Эрк эрдик кылат.

Өмүр кайрат –күч бергиси келди. Духу өчпөсүн дегендей кеп кылды. Акниет унутуп бараткандай. – Ии, эстедим түндөгү түшүмдө ак калпагыңыз бар болчу. Башыңызда калпак барбы?

Өмүр жок калпакты бар деп көңүлүн оорутпай коёюн деп, башты сыйпалап билип койсочу деген ой кетип чындыкты айтты. – Жок, жылаңбаш келгем. Бирок шампунь алып жууганым чын. Акниет күлкүсүнө салып, кубарган ак жүзүн чыгарып Өмүрдүн ийинине башын койду. Агай демек сиз, калпакчан түшүмө кирсеңиз жаңы кызматка отурасыз. Же, жер которосуз.

Өмүр Акниеттин өңүндө көрбөгөнүн түшүндө көргөнүнө, анын түшүн чечмелеп, аян айтып жооруп жатканына ыраазы болуп жүрөгүнөн орун алгандай. Чындыгында эле Өмүр айыл мектебинен Бишкекке кетип бараткан эле. Мугалимдиктен кесибин өзгөртүп журналистикага

өтүп жаткан кези эле. Муну Акниет сезип билип койгондой.Бул күн акыркы агайы менен болгон күн экенин сезип калгандай. Коштошоор күндү туйгандай. Агайынын ой – бойуна койбой эркелеп кеткени да ошондонбу дейм. Кийин айтылбачудай өмүр боюу калып, калдык артчудай, жанталашып кепке келгендиги бирдемени билгендей. Акниет түшүнө ишенет. Аяны туура чыгат. Өмүр эми эмне кылат? Сеники туура чыкты деп Бишкекке кетерин айтайын дейт, бирок көңүлүн ооруткусу келбейт. Жайдары мүнөздү жалт этип өчүргүсү келбей турат. Турганы менен айтпай дебей кантип кетет. Атайын ошого келгендей болбоду беле. Кийин укса качып кеткендей болбойбу. Эмне кылыш керек? Аңгычакты жандарынан алаңдаган алаң көз бала уйунун куйругун кармап айдап өтүп калды. Акниеттин мурдуна уйдун жыты уруна түштү. Мурду башын кармап, оозун улам – улам ачып окшуп кирди. Оозун колу менен жапса да болбойт. – Агай кечиресиз, жытка окшучу болдум. Тамак дагы ушунун айынан ичпей калдым. Бая күнү чыдабай кусуп да жибердим.

Өмүр унчукпай Акниетти карап койду. Акниет көрүп тургандай. – Агай мени карабаңызчы. Жолду карап, жолду көрсөтүп бассаңыз.

Өмүр тамашага салып: – Кантип көрүп калдың? Акниет тамашаны түшүнгөндөй күлдү. – Агай мойнуңуз кырч этип Вициндикиндей бурулбадыбы. Экөө бири – бирин колдоп күлүп коюшту. Жай турмушта жай басып жайма – жай сүйлөшүп “Марш апа” булагына жетип келишти. Уйларын суугарган эки кызыл беттүү кыздар. Тайларын жайдак минип, эки буттары менен теминген балдар булак боюнда. Мал жандыктарын сугарып бүткөндөн кийин кум – топуракка, туякка аралашкан булак жер соросунан мөйдөлөп буркулдап чыгып, тунуктукту алып келип минут сайын тазарып таза булактан суу чыгат. Малы деле,

ээси деле ушул булактан ичет. Касиеттүүлүгү ушунда: канча жыл өтсө да бул булактын бир оору илдет чыкпаганында. Айылдагылар дары суу деп да коюшат. Шаардагылар идиш – аяктарына толтуруп кант оорусуна даба деп алып кетишет. Бул Марш апа булагы Акниеттин жан дүйнөсүнө жакын. Чарчаганда бетин муздак булак суусуна жууса эс алып калат. Булак көзүн карап тургандыжакшы көрөр эле. Эми кантет. Мурункусундай эңсеп келди. Эгер булак болбосо каякка барат эле. Айылдын ушунусуна шүгүр булакка келгенине. Барчу жери булак. Баарлашуу да булактан. Анын боркулдаган үнү кулакка угулуп сезимди козгогондой. Суу башы булак деп элибизде эзелтен бекер айтылбаптыр. Баарынан жүрөктү басып, демди ылдыйлаткан, кан басымын басып, жүрөккө жылуулук тартуулаганы жакшы экен. Акниет, бүгүн чоң жумуш бүтүрдү. Муздап бараткан жүрөккө жылуулук келди, баш ооруткан ойлоруна чекит койгонсуду, үзүлгөн үмүткө шоола жангансыды, тоң мойнуна кан чуркап энергия пайда болгонсуду, көрбөгөн көзүнө сезим менен жеткенсиди, айтылбаган сырлар сыртка чыккансыды. Ага Өмүр менен булак суу жол ачып, жол көрсөтүп бергендей. Сенин бүгүнкү жашооң менен жашап, эртеңкиге бет алган сапарыңа сапар алдырды. Өмүргө көрүнүп, айылдагылары да көрдү. Жаңы дем, жаңы күч, жаңы жашоо башталды. Тайсалдабас... Тайгаланбас... Тайманбас... Жашырынбас... Жалтанбас... Кысынбас...

Жүзүн маашырконуу менен жууп жаткан Акниетке Өмүр суроо бергенге үлгүрүп калды. Ал Өмүрдүн суроосу эле. Бул суроону ушул минуталарда бербесе, кеч болуп калат эле. Булактын суусу менен кошо өмүрдүн тамчы суусун да берип калгысы келди. Суу адам денесинин каны. Суу адам денесиндеги катуулукту, катып – тоңуп калган нерседен, коюулукту суюултуучу зат. Затыңдан айланайын

деп суу агымына, булак башына Акниет ниет кылып келбедиби. Ушул себеп, ушул сөздү айтуу. Агай агайлык ролун, милдетин аткарыш керек.Өмүр, өмүрүнө жол ачууну милдет кылган. Милдетин алгандан соң, илдетин ал! Ал илдет: – Акниет көр болсо да сүйүүгө, сүйүүсүнө барганга акылуу, жетелеме болсо дагы сүүйүүгө жетүү, таяк көтөрүп таянып калса да ал сүйүүсүнө таяныш керек... Сүйүүгө таяныш керек... Мындай көр оокаттын заманында! көр турмушта! сокурлук тагдыр да бир гана сүйүү жетелемени жетелеп кетет. Көр турмушту көтөрүп кетет. Өмүрдү, Өмүр гана түшүнгөндөй. Ошонусу менен мугалимби? Турмушта да мугалим. "А" тамгасын үйрөтүп окууга жол ачса, турмушта жол ачуу милдети турат. Адамдын педагогу ишке кирišти. Өмүрдүн окуучусуна жакшылык кылуу самалыгы. Өмүргө, жолукканы, булакка барганы салтанаттуу майрам күн болду. Майрамдын башталышы турмуш жаңылыгы. Жаңылыктар, жаңы күн – түндүн алдында... Мээсине чай кайнаткан ойлор, кайнап – бышып сыртка чыкты. Чыкканда да шашылыш, аркасынан бирөө камчы менен кубалап келеаткандай болду. Бүгүн айтпаса эртең кечигип, турмуштан токмок жейт эле. Көргө, көр жеме бойдон калат эле. Камырабаганы үчүн Өмүр, өзүн өмүр боюу кескилеп "кесип" жиберет эле. Бүгүн... Бүгүн... Кана... Кана... Шаштыруу. Уйгу – туйгуга туюулуп жатып, эртеңкини сезген Өмүр ички сезими менен Акниеттин сезимин уктаттырбай ойготкусу келди. – Акниет, сени булактын тунук суусунан карасам, андан кем калышпаган тунук жан экенсиң.

Акниет Өмүр агайынын сөзүнө чочурканып, сүйүүсүн айтып жатабы деп чочуп да кетти. – Агай сиз мага сөз айтып жатасызбы?

– Акниет, баштаган сөздү токтотпой угуп турду, сөздүн башталышы ушундай сезим менен башталат. Сөз болгон

сезим меники эмес сеники. Демек, дагы кайталагым келет меники эмес сеники. Өзүмдү таңуулагандай кара өзгөй эмесмин. Сага өгөй эмесмин. Өзүңдүкүн өзүңө гана берем. Мен четтемин, аны сен нечак чечкенсиң. Менде сенин түбөлүк оозуңдан түшпөгөн сөзүң бар "агай" деген андан артык сенин сөзүңдүн кереги жок. Эки ооз сөзүңдүн бири агай деп жатсаң. Мен эмне демек элем. Сен айткандай болсун агайың бойдон калам. Бүгүн сенин сөзүң, сенин турмушуң, сенин жашооң, сенин сүйүүң жөнүндө гана болот. Маратка сөзсүз жолук. Сен жолуккуң келбесе мен Маратка айтам. Экөөң тең менин окуучумсуң. Экөөңдүн мүнөзүңөрдү мен жакшы билем. Турмушту намыс кармайт. Силер бириксеңер жеңесиңер.

Акниет сүйлөйүн деди эле, Өмүр оозун колу менен жаап өзүнүн колун өөп, оң – сол бетинен, көздөрүнүн кароктеринен өөп, Акниетти сүйлөтпөй койду. – Акниет, жол боюу сен сүйлөдүң,сени уктум, эми сен мени ук. Марат келсе кабыл ал. Ал сени гана сүйөт. Ал бир калыпта, оор басырыктуу, бир мүнөз бала, – позициясы бар бала. Сенин майда – барак сөзүңдү уккусу келбейт. Ага сенин сөзүң эмес, өзүң керексиң. Сен чөкпө! Сен бирөөгө керексиң! Өзүңсыздаба, бирөөнү сыздатпа!Сен бекем бол. Сенин атың бекер Акниет эмес. Сен Акниетсиң.

Өмүр баарын айтып, Акниеттин ичин кармалап бактылуу бол! – деген сөзүн айтып, үйүнө жеткизип коёт. Агайынын сөзүн угуп жатып, ичин кармалаганына таң калат. Өмүр агайынын сөзү каттуу тийди. Каттуу тийгенде да талдуу тийди. Анын сөзүн аткарбаска айла жок, турмуштун! – болгондо да түбөлүктүн буйругу болду. Буулуккан жанга буулуккан буйрук болгонсуду. Агайынын албуут күчү Акниеттин турмушуна ыкталгандай. Ыгы келсе жолу ачылсын.

***

Ичип жейм, тоюунам деген жанга күз келсе, күтсөң да күтпөсөң да, ой – пойуңа койбой кыштын да келер күнү бар. Эшикте кычыраган кыш. Үч күн боюу бапылдатып жааган кардан кийин, күн чыкты, сүйүнгөнүңө койбой көк муз мелжип, суук тартты. Жер тоңдо, адамды да тоң мойюундукка тартып жаныбарлардын баары тоңуп турган кез. Кичинекей чана тээп ойногон балдар жылуурак жүндөн токулган кол каптарын көрбөй, эки колун шымдарынын ычкырына салып, ошол жактан жылуулук ыңгайын тапкандай. Тапкан жерин. Таппасаң сыйпалап кал. Кызык, сыйпалаган жерлерин. Жылуу болсо болду да. Ушундай кылычын сууруп чыккан кыш, бала менен кары – картаңдарга ызгарын көрсөткөндөй. Сексенге барып калган Токтоканга суук тийип ооруп калды. Айтуусунда, кечээ күнү эчкинин жүнүнөн токулган жоолугун өпкө – көкүрөгүнө жамынбай ары – бери басып койду эле, бүгүн ордуна тура албай бүткөн боюу ооруп калыптыр. Денесин көтөргөндү кой, башы сынып кетчүдөй зыркырап төшөктө жатат. Улам –улам колун өйдө көтөрүп кан жүргүзгөндөй. Небереси Назгүл ийинин – далыларын ушалап берет. Көпкө жатканга карыган кемпирдики талып кетет. Токтокандын аркамды тырмап берчи деген адаты бар. Күнүгө бир маал тырматпаса уктай албайт. Өнөкөт. Деги карыган кишиде кайсы каадал уйку дейсиң. Төрт сааттык уйкусу бардыр. Андан кийин эле уйкум качып кетти деп кызы Бозорканды Назгүлдү урушумуш этип калат. Көбүнчө небереси Назгүлдөн чыгарып күңк – мүңк этип коёт. Бозорканга айтса, каттуу тийгенсип апасы Токтоканга кыйкырып, карыган адамды тыйып коёт. Териси жукарып мышык баласын ит сүйбөгөндөй. Көтөрүмү жок,

сабыры суз. Карыганда көзүн ала качып баланын көзүн карап калат тура. Өзү жанагинтип кичине ийненин көзүндөй жел урса, жел туруп ооруп калат. Токтокан келгенден бери кызынын атынан айтып, Датка аты өчүп Бозоркан өзүнүн атына келип калган. Үйгө келген кишилердин баарына эле атасы Бозоркан койгон деп эле айтып салат. Анын эмнесин айтып жатасың деп Бозоркан энесине акшыя карап койгондо, сүйлөп жаткан сөзүн тыйып калат.

Бир күнү Бозоркандын курдашы, баягы эгиз балдарын жоготуп алган Өкүм, энем келиптир деп Токтоканга бир саалым жоолук, үйгө таттууларды алып келиптир. Эне баласын, жоготкон жаман да. Адам эмес Карга дагы балапанынан айрылбасын. Бала күйүтү... Бала күйүтү басып калгандай, мурункудай даңкылдаган, жоону чапчуудай Өкүм жок. Жок издеп жүргөндөй. Жокту таппай жүргөн адам кандай кайгы – капага батат. Жер ааламынан башын жерге салчу жер таппагандай. Боз топуракка кирип, балдары Капар, Сапарды сууруп эле чыгайын дейт. Айла – амал жок. Эмне кылат? Мүшкүлдүк мүдүрөттү. Балдарым, эгиздерим бар деп мактанбай, эки кабат жер төрөлүү үйүнө, минген машинасына, жаткан "элита" спальныйына, төшөгүнө ичип – жеген тамагына мактанып көккө көөрүлбөдү беле. Көкөлөтө турганы эгиздери экенин эми түшүнүп отурат. Түшүнгөндө эмне, кеч. Кеч... Кеч... Кеч киргенде жыттар балдары жок, жаздыкты кучактап жатат. Төшүн жыттаган эгиздери жок төшөгүнө, чүмкөнүп жатат. Дүнүйө деп балдарынан тажаган Өкүмдүн көрөр күнү ушул беле. Көргөн күнүң курусун. Аныс деле куурап калбадыбы. Күндөн – күнгө эки кабаттуу үйдүн короосунда чуркаган балдары жок, сумсайып соолуп баратат. Соолуктурду. Солкулдаганды соолуктуруу алеки саатта турбайбы. Көз ирмемде жер үстүн – астын ала салдыруу жазгандыкы...Үй – бүлөлүк байлануу жанып кетти.

Бала жок Ак сарайдын кимге кереги бар. Бала болсо, Ак сарай болот турбайбы. Балдарынын ырыскысы менен ошондой кереметке роскошко жеткенин эстейт. Эгиздер жок үй дагы эскирип, дубалдарынын шыбактары түшүп кут кеткендей. Үй деле балдарды сагынат окшойт. Кут кеткен суздук келген Өкүмдүн күйөөсү Махмуд өзү менен өзү. Өкүмдө деле жашоонун жышааны жоктой. Келген кишиси Бозоркан. Эми жашоо жыргалы Бозорканга келгендей. Кудай сактасын.

Башына салынган жоолук үчүн Токтокан ыраазы болуп рахматын айтып жатса, Бозоркан аны этибарга алган жок. Өкүмдү келдиңби, кеттиңби иши жоктой. Карачы, адамдын кубулуп өзгөргөнүн. Жомоктогу сыйкырчынын таягындай кубулуп, бир карасаң сендик, бир карасаң өздүк, бир  карасак такыр башка адам. Турмуш жолго салгандай. Эскилер жакшы демекчи, Токтокан эски адам да. Бир салым жоолукка көңүлү көтөрүлдү. Жоолук баш кийим да. Башыңа жоолук салып жатса, кантип ыраазы болбойсуң. Ошол болот көңүл деген, ошол болот сыйлоо деген, урмат – сый көңүлдө эмеспи. Азыркы жаштарды түшүнбөйсүң, урмат – сый эмнеден болоорун. Бозоркандын ойунда эмне бар? Чабандестерден бетер, чапкалактап эле жүрөт. Каякта жүрөт. Эмне кылып жүрөт? Эмне кылып жүрөт.... Өзүн билип өтүгүн төргө илип. Билерман Бозоркан. Андан өткөн акылдуу адам жоктой. Курдашы Өкүмдүн турмушунан деле сабак алчудай болду. Чамасы, Өкүмдүн турмушу. Аны менен иши эмне. Жүргөнү Кайнар үчүн үй – бүлөсүн, энеси Токтоканды унутуп койду. Курдашы Өкүмдү бул жакка эле кой... Жаштык мастык. Ит кылдык. Иштермандык. Убакыт жок. Кайнар экөөнүн кайнап жүргөнү. Бозоркан, турмушу бозомдук болуп баратканын сезгендей эмес. Өз турмушун өз колу менен кулатканын кийин билээр. Ошондо башын мыкчып, жер тыткылар. Азыр

баары жыргал. Бирок, качанкыга чейин?... Ошол учурда Өкүм Бозоркан менен көпкө отура албай кетип калган. Мүмкүн, өзүнөн улам, кетирген кемчилигин ушул тушта Бозоркандын көрүп, эч кимди көзүнө илбей калганын сезип, көргүсү келбей кетип калгандыр. Бозорканга бир да сөз айта алган жок. Эмнени айтат. Айткан менен эмне.Эч ким укпайт. Уга турган чамасы жок, кези келгендеги кербезбайдын. Күүнү кандай чертсе өз эрки. Күү менен кетип күү менен келет. Эмне кылсын Күүлөрү кетелек кездери да. Күүлөнгөндөр. Күү... Күүнүн сыры...

Ооруп жаткан Токтоканды Ырыскелди көрүп: – Ии, апам ооруп калган турбайбы. Апа эмнеңиз ооруп жатат. Азыр айыктырам. Суукта суук тийип калган го. Апа, баягыдай бутуңузду парит эттирейинби, ошондо жылуу жатып жакшы болуп калчы элеңиз го.

Ырыскелди кайнэнесине кызы Бозорканга караганда үйүлүп түшөт. Ваннадан ыссык сууну тазикке алып келип, Токтоканды белинен акырын көтөрүп, эки бутун салат. Мындай ыкманы биринчи кылган жок. Кызы Назгүл экөө Токтокандын бутун ысык сууга салдыра берип көндүрүп койгон. Чыдабай кетсе, чыдаңыз деп болбой, качан өзү каалаганда алып чыгат. Убакыт – ченемин билет окшобойбу. Уялбастан, Ырыскелди кайнэнесинин бутун жууп да жиберет. Буттарын кармалап, кызарып чыкканда кан жүгүрдү деп жаткызып коёт. Анын үстүнө ысык чайды өз колу менен лимон кошуп чай демдеп берет. Ысык чайды ичкен Токтокан көл – шал болуп тердеп чыгат. Ырыскелди тердегенин көрүп, ишинен жыйынтык чыккандай сүйүнөт. – Апа, тердеп жатасыз. Эми жакшы болуп каласыз. Башыңыздан жоолукту түшүрбөңүз.

Ырыскелди ого бетер жоолукту салып, бекем байлап коёт. Токтокан тердеп, башы кычышып кетет.

– Балам, башым кычышып жатпайбы, бүткүл денем да

кычышып жатат. Назгүл аркамды тырмап берди эле, ага деле болбой койду окшойт. Же, Назгүл, кээде көңүлү келбей тырмап койгонбу. Ырыскелди кайнэнесинин көңүлүн оорутпайын кыяз кылып, Назгүлдү урушумуш этип ага кыйкырып койду. – Ай, ушул Назгүл сени, таяэнеңдин аркасын жакшылап эле тырмап бербейсиңби.Сен тырмагыңды бир жумада бир эле жолу алчы. Тырмагың өсүп турсун. Назгүл атасын карап, эмне дегениңизди түшүнүп жатасызбыдегендей жылмайып койду. Тырмаганга тырмак керек. Тырма десе тытып салба, Ырыскелди дегендей жылмайып койду. Ансайын Ырыскелди күчөйт. – Эй, кыз, сен түшүнүп жатасыңбы, сурап тырма уктуңбу, сура.

Токтокан мага болушуп жатат дегенсип, күлүп жайдары көңүлү көтөрүлүп калды. Карыганда кайра жаш балага айланганы чындык окшобойбу. Ушул сени урушту дегенсип Назгүлдү карап, ушуну көрмөксүң дегенсип күлүп койду. Назгүл да таяэнесин колдогонсуп, эмне айтасың дегенсип сөмөйүн көрсөтүп койсо, ансайын Токтокан жыргап калды. – Эми апа, эс алыңыз, сизге эч ким тийишпейт. Ырыскелди төшөгү менен тумчулап жаткызып койду. – Ырыскелди балам, Бозоркан кайда, мага үйгө кийгенге кепич алып келип берсинчи. – Апа, Бозоркан ишине кетти, ага камсана болбоңуз, азыр кепичтин түрлөрү чыккан. Ичи кийиз кепичтен өзүм алып келип берем. Сиз жылуу жатып айыгып кетиңиз. Сиз уктап тургуча алып келип калам. Башыңызды жаздыкка коюуңуз. Жаздыкты атайын сизге алып келгем.

Ырыскелди айтканындай эле Токтокан үчүн тооктун жүнүнөн жасалган жаздык, төөнүн жүнүнөн жууркан – төшөк алып келген. Башка жумшак жамынганга жеңил болсун деп. Камылганы камдуу адам көрөт тура. Бозоркандын энеси менен иши жоктой. Мүмкүн, Ырыскелдиге ишенет. Же ал камылга көрүп жатса, киришкиси

келбегендир. Аялы жөнүндө жаман ойлогусу жок. Апасынан эрте ажыраган Ырыскелди эненин баркын билгендей. Ким энесин кеч өлдү, кеч кетти дейсиң. Эне ордуна эне көрүп, жат дебей өз энесиндей көрүп, кайнэне дебей апалап жүрбөйбү. Кайсы эле күйөө бала кайнэнесине үйүлүп түшүп жатыптыр. Турса колун кармап өйдө ала коёт, башын көтөрсө, жаздыгын оңой коёт, кыймылдап калса далысы талыганын сезип капталдатып оодара салат. Кызы Назгүл экөөнү ваннага киргизип башын жуудуруп чыккандан кийин Токтокан жуунуп чачын тараган небересине таратпай чырды салат. Чырдашкан учурда таракты кызынын колунан өзү ала коюп Ырыскелди жайып алып Токтокан кайнэнесин чачын шашпай тарап берет. Жумушуна кетип баратканда бир сыйра карап, жаздыгын оңдоп – түзөп кетет. Буга Токтокан да өз баласындай көнүп калгандай. Анын кетерин, келерин билип, күтүп да калчу болду. Жакшы адамдын жарыгы тийип жарык болот. Токтокандын көзү илинип уктап кетти. Токтокандын кыз кезинен бери келеаткан өнөкөтү, же көкүрөгүндөгү деми катуулаганданбы дем алуусу күч менен чыгып коңуругу кош жарат. Уктап жатканы ары – бери үй ичинде басып жүргөн адамга угулат. Коңуругунан эле билсе болот, уктап кеткенин. Уйку кандай таттуу. Кудай уйкудан берсин. Өзгөчө денең ооруганда уктап гана эс аласың. Ооруган адамды ойготпо керек. Токтокандын уктап кеткени ден – соолугу түзүктүгүнөн кабар берет. Ушул себептен Ырыскелди үй ичинде дабышын чыгарбаганга аракетин көрүп, буттун учу менен басат. Кызы Назгүл да атасын байкап, ал дагы басымын өзгөртөт. Кээде атасын карап күлөт. Бозоркандын кайнэнеси, Ырысккелдинин апасындай да сезип кетет. Назгүл Ырыскелдинин боорукер ата экенин көрүп, ушуга эч ким жамандык кылбаса деп кудайдан тилейт. Боорукерликти билген кыз, атасын тарткан окшобойбу. Бирок кайдан билсин таш боорлукту, жүрөгү таш

апасы Бозоркан кылып жаткан кылык – жоруктарын.

Көгөргөн көк мүнөздү Бозоркан көктүгүнө салып көңүлүн көккө көтөрүп алды. Алына жараша иш кылбай Кайнарды да көптүрүп асмандатып жибергендей. Жерде жүргөнүн сезбей караганы асман болуп, космонавт болуп кеткендей. Капилеттен, качан жерге талп этип түшөт болду экен. Эч кимди көзгө илбей элди да карабай калышты. Калышканы ошол да көзгө көрүнө көчөдө колтуктап басышып кафе – ресторандап калды. Көргөндөрдүн каңырыгы түтөдү. Ал кеп – сөздөр шекшилип жүргөн Каленге кайсы жерге барганы, кирип кеткендери,канча убакытта чыккандары саат жебесинин стрелкасы менен жетип жатты. Саат,минут – секунд эсептелип, иштеп жатты. Ичкен ичимдиктери, жеген тамактары, салаттын түрлөрү, айтор оозлоруна эмне кирсе, кирген боюнча Каленге жетти. Кален, алардын тамактарын, жүргөн күндөрүн, жолуккан жолугушууларын теңине албаганы менен үйгө келген үй куту куттан кетип, төшөгү кургап, суз тартып соолуп баратканына кейиди. Ачууга алдырып өзүн чачын өзү жула турган болуп калды. Кайнардын үйүндө катыны куурап кетип баратса, Бозоркандын үйүндө апасы Токтокан эски оорусунан бозоруп кетип баратат. Барды жоктой көргөн көз илбегендер көргүлүктү көрүп, жоготуу болбосо болду...

Өзүнө – өзү ыйгарып алган Датка ысмы өчүп Бозоркан атка Токтокан келгенде конгон. Ошол эле Бозоркан ыгы келгендеылайыктуу го. Аның сезимдеши Кайнар дагы адам катары болуп, ойду – тоону түшүнгөндөй. Атаң атаганынан айтам деп Бозоркан деп алган. Кайнар Датка даражасын кайдан билсин. Билмек беле... Даражаны билген адам, ошондой адашкан жолго бармак беле... Көз көрүнө адашкандар. Адамдар сыйына жараша сый күтөт. Урматына жараша урмат күтөт. Сыйдан кетсең сыйлабайт,

урматтан кетсең урматтабайт. Адамдын адам болуусу бул да кыял, мүнөз. Туруктуу болсоң үй – бүлө да, мамлекет да туруктуу. Жеңиштен да жеңилүү бат.

"Кумар" ресторанды. Баасын өйдөөлөтүп койсо эле, бул жердин тамагы таттуу. Бул жердин тамагын жеген да бар, жебеген да бар. Жүз грамм арагы эле асман чапчыйт. Ошондуктан "Кумар" ресторанына асмандаган адамдар келет. Ресторандын заводу бардан бетер сырттан ичимдик алып келгенге болбойт. Бардыгы граммдалган. Кадимки салаттары кадимкидей эле бадыраң – помидордон. Салаттар океан наркы бетинен келгенсип баасы долларды доолайт. Догуң менен куруп кал. Көп акчалуу көпкөндөр келет го... Көмөлөнүп, көмкөрөңөрдөн түшкүрлөр. Кыргызстанда жайгашкан ресторандын тамактарынын аттары кыргызча эмес, кыргыз укпаган аттар. Башка өлкөдө жүргөндөй болосуң. Алты Материктин тамагы ушул жерде имиш. Эттер кыргыз койлорунуку, уйдун эттери эмес, бүт чет өлкөдөн келгендей. Каратып туруп өрдөктөрүн учуруп Италиянын эти, Германиянын салаты, Грузиянын виносу деп калпты ышкыртып сатышат. Асмандагандар асман чапчытып ала беришет. Кайранган гана жайлоодогу үч килдик табактагы "Кыргыздын беш бармагы"... Аны көзгө илбей, доолларга алганды эңсейбиз.

Кайнар күйүп – бышып кайнап бaратат. Өзү айтмакчы "Жарко" ага "Жарко". Колуна ак кол кап кийген ресторан кызматкери алаканына салып келген, көп жылдык сакталууда турган, жылдыздары жадыраган, кара жылтырак кагазы капталган Италия коньягы келди. Ак жуумал кызды карады эле Бозоркан колунан тартты. – Кайнар,шайтаныңды карматпай Европа коньягын куй, куйчу жерге куйалы. Кавказдан келген коньяк жетпей калды. Чекемди тердетип башыма чыкканы менен, бүт денемди ысыткан жок. Кавказ коньягы баштан баштаганы менен, мага

дене, мүчө керек. Быйыл как раз мүчөлү жашым. Кызыл ичишим керек! Кызыл.

Бозоргон Бозоркандын эки бети кызарып чыкты. Кармашаарга жоо таппай калган доозасына жетти окшойт. Куюлган стакандагы коньякты Кайнардан биринчи колуна алганга жетишти.

– Кана, Кайнар колуңду сун бери, кол сунушуп, чыканакташып "Брудершафт" алабыз. Экөө сол колдорун бириктирип коньякты калтырбай алышты. Оздору менен өбүшүп бири – бирин азаматсың дегенсип кубатташты. Экөөндө кыйкырып – өкүрүп үндөрүн болушунча сүйлөгөндөргө караганда энергия мол, ашып – ташыгандай, каяктан чыгарарын билбей калышкандай. Кудайдын берген жаштыктын кубаты. Европанын коньягын ичкенден кийин, Европалап кетишпесе эле болду! Анысы сыңары Италиянын ичимдиги, Кавказдын кыйкырыгы, Англиянын музыкасы жаңырып жатып калды. Мындай кыймылдуу музыканы укканда кыймылдуу Кайнар, Бозоркан бүткүл дене – мүчөсүн кыймылдатып кыймылга келишти. Бозоркан ашып – ташып, төгүлүп – чачылып үстүндөгү костьюмун чечип ыргытып, ийинин – көкүрөгүнө чейин ачылган илмек лямка көйнөгү менен жамбашын аркы – терки таштап, алдыга – артка сүрүп бийлеп кирди. Бийчилерден өзүн көрсөтүп бийлегендин алдыңкысы болду. Ортолукту бошотуп беришти. Анын бийлегенине маашыркаган Кайнар кыйкырып алган. – Бозоркан! Кана! Бийди боздотуп жиберчи. Сен бийлегенде карагандардын көздөрү алайып чанагынан чыгып кетсин. Делай Бозоркан! Делай! Чыдабаган! кайнаган Кайнар дагы ортого түшүп бийлеп калышты. Бийди кайдан үйрөнүшкөн? Ушундайларга ушундай бийдин келишип калганын. Каяктан үйрөнүшкөн? Турмуш ылайыктап койгонун. Чындыгында эле Бозоркан бийди боздотуп,

ыйлатты. Аны ырдап жаткан Европанын ырчысы көрсө да аң – таң болмок. Аңырайып оозун ачмак. Оозун ачырмак. Талантты ушул жагынан бергенби? Ресторандагы чеберлерин айтпа. Асмандан түшкөндөй. Кайнар, Бозоркан тамтаңдап, түрткүлөшүп "Кумар" ресторандан моокумдарын кандырып чыгышты. Машина айдаганга чамалары жок. Айдамак турсун ключ сайганга алдары келбейт. Нары жактан, кудай жалгап, таксист өзү келип калды. – Сиздерге такси керек эмеспи. Кайнар таксистти карап: – Мен сени тааныйм. – Ооба, мен дагы сизди тааныйм. Өткөндө экөөңүздөрдү үйлөргө таштабадым беле. Карачы бизди шаардын таксилеринен бери таанып бүттү. Таанparam таанысын. Биз эч кимден коркпойбуз. Ичтери күйсө, биздей сүйүү болсун. Сүйүү, сүйүү! – деп Бозоркан каткырып Кайнарды да каткырыкка салды. Уялбагандан өзүң уял дегендей, тааныйсыңбы деп сураганда таксист уялып кетти. Таксист эмне, айткан жерге жеткизип коюу. Үйлөрүн деги билет экен. Машинада музыка жаңырды эле. Бозоркан машинада тепкилеп бийлеп кирди. Кайнар аны өпкүлөп токтотконсуду. – "Бозоркан машинада кетип баратабыз. Машинанын полу түшүп кетип, рекорд койбойлу". Экөө каткырып күлүшөт. Кайнар какырынып – түкүрүнөт. Таксист ачуусу келет, бирок арга жок. Акчасын берсе болду. Канчалаган адамдарды көрдү дейсиң... Көргөндүн көзү жаман.

Аппак ак шейшеп салынган спальныйда Кайнар уктап жатат. Үй деген жакшы да. Өз үйүң, өлөң төшөгүң. Күн келесиңби, түн келесиңби баары даяр. Кален даярдап койгон. Ичим тап болуп кейигени менен күткөн күйөөсү да. Күйбөгөн жери күл болгону, гүл болгон данек сүйүүсүн колдон чыгып баратканы. Өзүн күнөөлөп жерге кирип кеткиси келет. Күндөн – күнгө токтобойбу десе, күчөп күч алып бартканы. Кайнардын көзүнө көрүнбөй калганы. Кайнарга Кален эмес эле "көрүнчү" көрүнүп баратканы.

Бул жол кайда алып бараткан. Бараткан жол кайтпас болду. Жакшылыкка алып келбейт. Киши ордуна көрбөй калды. Сүйүүнү биякка кой. Өзүнүн канынан жаралган эки кызын көрбөй калды. Кыздары атасы күндөп жоголуп, пайда болсо мас болуп келгенин жаман көрүшчү болду. Каленге айтса "атаңарда" – деп урушуп коёт.

"Бир күнү атаңар жок, же жоголуп, караанын көрсөтпөй кетпейт" – деп жинин эки кызынан чыгарып көкала болгуча сабаган. Ошондон кийин кыздары деле коркуп апасына эч нерсе дебей калышкан. Үй – бүлөсүндө мындай көйгөй жаралганын Кайнар билбейт. Кыздары атасына "келчи" деп, же "апам урду" деп айта албай эки ортодо чайналышты. Чыйналган турмуш, Кайнардын башына чай кайнатылгандан башталды. Чай кайнатуудан чайналышты...

Башы зыңгырап сынган Кайнар ойгонуп, башын көтөрүп турду. Өйдө турса эки кызы чечинип, окууга кийген кийимдерин кийип жатыптыр. Кичүү кызы колун көтөрө албай ыйлап өтөт. Кайнар Умсунайды көрө коюп: – Умсунай кызым, сага эмне болду. Айтчы кайсы жериң ооруп жатат. Кайнар, Умсунайдын чыканагынан колун кармап жиберсе, "колум" деп бакырып жиберет. Колдорун караса көк – ала. Улуу кызы Кундузга апаңды чакыр дейин десе анын колу да көк ала. – Эй кыздар, силерге эмне болгон. Ким силерди эркек балдардай урган. Жоонуңарды көрсөткүлөчү. Эки кыздын жоондору да көк ала, буттун издери түшүп калгандай. Кайнар эки кызын кысып сураганга кирет. – Кыздарым, мына кызык тамаша, ким силерди басып алып тепкилеп жүрөт. Айткылачы энесин окутайын.

Кайнар кыстап сураганы менен айтышпайт. Календи өлтүрүп коёбу деп да коркушат. Анын үстүндө атама айтпайбыз деген сөз беришкен. Сөздөрүнө бекем турган "чунак" кыздар десе. Сөз, сөз да. Кыздарынын айтпасын билген Кайнар кылгылыкты кылган Кален экенин билди.

– Кален! Кален деп!жатам! Үйдү жаңыртып кыйкырып кирди. Кыздары үчүн башынын сынганын унутуп койду окшойт. Колун көтөр албаган кызынын эти үзүлүп калган окшойт. Кылмыш кырк минутта билинди. Бузукулук качан бузулат аны менен иши жок. Бузукулук кылмышка алып барбаса болду. Кудай сактасын. Кудай эле сактасын... Кудай гана сактайт... Кудайдан айланайын. Кыйкырык жаңырганда Кайнарды күнөөлөгөн Кален кенебестен, кыр көрсөтөм кыяз кылып башындагы жоолугун колуна алып кирди. Башына муштум тийерин сезгендей башын тырмап алган. Ошончодон да ошол жери кычышканын. Кирип келери менен жинденген Кайнар сурабастан башы – көзгө ургулап тепкилеп кирди. – Эй, мыкаачы! Акмак! Кыз баланы да ушундай урасыңбы. Өлтүрүп алсаң эмне болот. Буларда эмне өчүң бар.

Кален дагы жөн турбай, өчөшүп алган эме “өрт” болуп чыга келди. Көздө коркуу сезими жок. Көзү от менен жалын болуп күйүп кызарып чыккан. Эки кызарган көзү менен Кайнарды тике караганда, Кайнар өзү тайсалдай түштү. Календин акыбалынан коркуп чочуп да кетти. Мурунку Кален жок. Кален карышкыр болуп бараткан. Баягы жоош Кален жок. Жооштон жоончыгат. Кайнар, Кален менен эмес жоон топ менен урушкандай. Бардыгы талкаланып, таш талкан чыккандай. Кайнар кыйкырса, Кален чыңырат. Кыйкырык, чыңырык атаандаш. Жоо салышкандай аял – күйөө билинбей эле мушташ. Көзү кызарган Кален үстүнө басып алган Кайнарды керилип туруп бир тепкенде эки метрге ыргып барып башы дубалга тийди. Кайнар көргөн көзүнө ишенбей Календин колун кайрыды. Кундуз, Умсунай кыздары, апама тийбе! – деп бакырып ыйлап киришти. Аялдын алдуусунан Кайнар чарчады. Айласы кеткенде Календин колун бутун таңып салганга киришти. Каленге өчөшүп, тепкилеп жатып өлтүрүп аламбы деп коркту. Кален, эмнегедир муш-

ташкысы келип, өлүмдөн корккудай түрү жоктой. Көптөн бери көксөгөнүн бүгүн чыгаргысы келдиби, көк шорпосу чыккычакты мушташып шор тарттырды. Ушуну көргүчө, өлүп калууну чечкендей. Катынга катылсаң, өлүм менен чыккыдайсың. Бүгүн Кален жини менен Кайнарды сестендирди, сездирди. Сес көрсөткөнүнө Кайнар нес болду. Экөөнүн эрөөлгө чыкканын көргөн кыздар огош бетер жүрөктөрү түшкөндөй. Түбүң түшкүрдүн түйшүгү. Кыздарында эмне күнөө. Календин уруп сабаганы Кайнардан жаралган кыздар. Кайнардын каны. Ага келген жини менен эки кызын сабап жинин чыгарганы. Жинди да ушинтип чыгарабы? Кайнарга да жин тийди. Каленге да жин тийди. Биринде шайтан азгырыгындагы жин тийди. Биринде өчөшкөн жин тийгендей. Эки ортодо кыздарга жаман болду. Жоругуң жолдо калсын. Үй – бүлөдө чыр – чатак башталып, баш аягы чачыранды жыйналбагандай. Катын киши эрине кол көтөрүп, ургаачы жан эркекке эркектей мушташып калгандан кийин, кийинкисине кыйын катаал жолдор күтүп тургандай. Биринчи акыркы жолу уруш болду окшойт. Кайнар эки кызын алып мектепке алып жөнөдү. Кален дагы эле өзүн кармай албай удургуп урушаарга жоо таппай турду. Өзүнчө сүйлөнүп идиш – аякты сындырып, жерге чаап кирди. Сындырам деп колун да тилип алды. Ансыз деле оозу – мурду канжылап, көзү көгөрүп чыкты. Кашынын үстү жарылып, ачылып калган. Кайнардын эки бети тытылып, учту тырмагы кирип кеткендей. Чачтары жулунган. Ошол кебетеси менен, үйүнөн чыккыча шашып кыздарын мектепке алып жөнөгөн.

Ортодогу сүйүү орой болду. Сүйүүдөн Кундуз, Умсунай аттуу эки кыз пайда болгон. Эми минтип кыздарды да жөн койбой сенин каның аталып уруш жаң – жал. Акча ааламга жеткирбей акыры алчуусун алып, алып тынды. Акча мансабына жете электе Кайнар, Кален кандай бактылуу эле. Кыналышып, албырып ажырашкылары

келбей күн өткөрүшкөн. Байлык жокто байырлаган достору дос атка конуп, байлыктан тапкан катыштары эсептешкен достордон болду. Байлык ашык баш алып келди. Каадаң болсо каадаң көп. Байлыгыңа жараша сурагың. Суроо – талап тонналап чеги жоктой. Жокко чек бар. Барга чек жок. Бардын аягы суюлбай, аягы суюлбаган аялга жолукту. Кайнар, Календи кол кайтарган катын кылып алды. Тилин чыгарып алды. Календе артка жол жок. Календин сүйүүсү кызуу кандуулукка кетти. Жетчү жерине жетти. Үйү канга боёлду. Душманың менен күнүгө туш болбогондуктан анысы билинбейт. Күнүгө көрүшүп жүргөн сүйүү жолу душмандык торго түшсө, сүйүү жаман. Сүйүү намыстуулук болгону менен кур намыстуулукка оңой – олтоң, жеңил – желпиге жол берет. Бекемдиктин бошоңдогону... Бүгүн ачуусу менен кыздарын мектепке өзү жеткирип Кайнар үй атасы, кыздардын атасы. Эртең ал ким... ал ким?.. ал ким. Календи көрөйүн деген көзү жок. Күндөн – күнгө, күн өткөн сайын койнунда жатып колтугуна кирип колуктусун кумарлантып эки кыздуу болбоду беле. Эмеле эмне болуп кетти. Колуктусу Кален жаман адам болуп чыга келди. Ал жолго ким түрттү. Түркүн ойлор башка чыгып, башка чаап Календи башынан айныттыбы. Өчөшкөнүнө өчөшүп, өчөшкөндөн өчүн алгыдай, кыздарын кан жалаа, көк ала кылып эмне үчүн сабайт. Кыздары го.

Кален кыздарын сабап жатып оозго албаган жаман сөздөрдү айтып, каргап – шилеп да жиберет. Оозуна алы келбей калат окшобойбу, чамасы эмне айтканын билбей да калат го... Ушундай чуулгандуу ачуусу менен бир күнү кыздарын өлтүрүп албаса эле болду... Кудай сактасын. Чуулгандуу турмуш чуулгандуу кыялды жаратты. Кайнардын от болдум, чок болдум күнүмдүккө айланаар сүйүүсү, Календин күндөшү Бозоркан бозоргон будуң – чаң

сапырыкка алып келмек болду го. Ойноштон от чыкмак болду. Айла кетип, амал жоктугунан айлакерлик: от чыкса да кан чыкпаса экен. Адам турмушунда адам садага чабылып кетчи эле... Кудай сактасын. Өзүнүн кендерин өзү кескен тагдырда таамайлык башка жакка бурулуп балта башы башына тийбесе экен. Кален жөн турганда деле кыздарын атаңдын башы – деп урушуп калат. Ал сөзү көп чыгып көөпүрүнүп төл сөзү. Уруп – чапкылаган сайын "Каныңар бир да, атаңар жинди Кайнардын каны да " – деп жер басып алып байкуш кыздарын тепкилегени тепкилеген. Кайнар кыздарынын көк – аласын көрүп алып огош бетер Календи көргүсү келбей, жеригенден жерип калгандай. Мындайда шайтан ийинге минип, жоонуңдан түшпөй калат эмеспи. Жоонуң жооругур десе... Жооруса жара пайда болот . Ошол жара да жарылып ичиндеги ириңдер да сыртка чыкса жакшы болот эле. Ичиндеги ириң жаман. Көз жарага айланат. Элден мурун жоору жарасы жарылса... Жоорунуку эмес күйүп – бышкан Календики тездеп кеткендей. Күйөөсү Кайнардын бирөө менен жатканын элестетип, бирөөгө тартырганына намыстанып, сүйүүсүнөн сескенип, кызгануусунан кысылып, жарыктык жарылып, кыздарынан чыгарды. Кайнарга кол көтөрүп турмуш ашуусунан рингe чыкты. Ачуу ачуулантып кармашка, күрөшкө, тең тайлашууга даярдап койгондой. Турмуш тренировкасы... Эми эмне кылат? Кийинки кадамы кандай? Эрөөлдө эр жыгылабы, же катын кайтабы?

Бирөөнүн бир күнкүсү бүтпөйт. Төлгөчүдөн бакшылыкка бакыйып көтөрүлгөн Айымкан күндөн – күнгө толуп салмак кошуп баратса, анын абоненттери – кардарлары арыктап, тал чыбыктай ичкерип бараткандай. Арасынан тал чыбыктары бактын жоон талдарындай жайылып кетип бараткандары деле бар. Кален күндөн

– күнгө арыктап, көзүнүн айланасына бырыш түшүп, кулактарынын түбүндөгү чачтарына  ак кирип бараткандай. Көз жаш бырыштарса, сарсанаа ой басып чачты агартып койгондой. Суюктук кан тамырга чуркабай куураткандай. Жүрөккө май баспай жүрөктү айланткандай. Деги, денеге май майланбай, дарт пайда болуп денени дат баскандай. Кален өзүн карабай койду. Кайнарга өчөшүп кыздарын сабагандан башка ой келбей калгандай. Анын ойунда бир гана Кайнар... Кайнар... Анысы кайнап – чайлап кайда жүрөт? Айымкандын өзүнүн сөзүндө акча таппай кыйналганынан жаратканым, шыпа берип эл көрүп калган. Ошондуктан элди жакшы көрүп, ким келсе эрен – төр албай, көңүлдөрүн оорутпай көрө билет. Көп сурабай, көп көргөндү жакшы көрөт. Көргөндөрдүн баары ыраазы. Көпчүлүккө өзү да ыраазы. Анан кантип нааразы болсун, уну менен нанын таап жеп атса. Кызыктар да көп болот экен. Кресло талашкан чоңдор, канчага чыгам дегендер, жаш улан – кыздар үйлөнөбүз деп да келе беришет экен. Атаандаш ат салышкандар, күндөштөр, көңүлдөштөр, ак, кара, бүт ушул жерде кезекте турушат.

Бирөөнүн бир күнү... Өзүнө өзү Датка деп ат коюп алган аты өчүп, апасы Токтокан үйүнө келгенде атаң койгон эле атыңды айтам деп Бозоркан ысымына келген Бозорканды күйөөсү Ырыскелди да, кызы Назгүл да Бозоркан деп алышкан. Аны бир гана Кайнар Датка дейт. Эмнеси менен Датка?Мүмкүн, чын атын билбейт. Бозоркан да Айымканга келип, көрүнүп, көрүнгөндү айтып берип жүрөт. Ал сүйгөнүн эч кимге бербей кармап калуу. Сүйүүнү бекемдөө. Кален дагы ушундай ой менен келет. Экөөнүн маселеси бир. Сүйгөнүн эч кимге бербөө. Экөө тең бирдей көз караштa. Айымканга, Кайнардын сүрөтүн Бозоркан алып келип көрсөтүп окутуп – чокутуп жүрөт. Айымканга баары – бир сүрөттү карап окуса болду. Баам-

даганды деле жактыра бербегендей. Эки аял бир сүрөттү алып келип жатабы деп карап да койбойт. Бозоркан, Кайнар экөөнүн сүрөтүн алып келсе, Кален, Кайнар экөө үйлөнгөн кездеги жакшынакай жашыраак кезин ырымдап алып келгендей. Ошондогу кармашкан колубуз ошондой болуп кармашып калсын дегени. Каленге эмнени айтса, Бозорканга деле ошону айтып, чайын, суусун, арчасын алып келдирет. Айымкан, күндөштөрдүн күндөрүн билгени менен бир адамды окутуп жатканын билбейт. Эми андайлардын канчоосу келет дейсиң... Көптүн бири да. Азыр окшошкондорго – мушкандар көп эмеспи. Көпкөн эркектер – аялдар көп, көбөйүп кеткен да. Көбүнчөсү, алдырып – тартырып жиберген окшош эле турмуштар. Базар экономикасы үй – бүлөгө да таасири тийди окшойт. Соодага, базарга айлангандан кийин турмушуң да базарга балчасынан батты окшойт. Кейинде... Экөө бирге отуруп кезек күтүп калган учурлары да болгон. Бирок, сүйлөшүшкөн жок. Аялзаты ушундай экен, сырын оңойу менен бирөөгө айтпаган. Балким, эркектер болгондо сүйлөшүп, сырды ачыкка чыгарып салмак. Анткен менен, Бозоркан сырын эч кимге айтмак эмес. Аныкы сыр. Бир көргөн кишиге эмнеге айтмак эле. Бирөөнүн турмушун бузуп жатса, бирөөгө айтмак беле. Кален дагы намыс үчүн айтмак эмес. Анын сүйүүсү сыр боюнча калыш керек. Турмушуна күйгөн адам күйүтү өзү менен көргө кеткени оң. Бир гана билсе Айымкан төлгөчү билет. Эгер ага айтпаса, өзүн кантип токтотуп, алаксытат. Күндүн өткөнү да төлгөчү менен болуп жатпайбы. Бир эсептен Айымкандыкы да туурадыр. Алаксытып, алектентип жатканына караганда. Бул күндөр да өтөт. Өткөндөн кийин эмне болот. Өткөндөгүсү... Өткөндөгүсү... Өткөндөгүсү...

## Кара Дама

### V

Өмүр, өмүрүнүн өткөн күндөрүнөн сүйүү күндөрүнөн биринчи, боору ачыган күндөрүн көп эстейт. Балким, сүйүүсү жанында болгондуктан ушундайдыр. Боорукерлик жаныңда болсо дагы колуңдан келбесе алыстаганы алыстаган. Өткөн күндөрүнөн Парткызматкер Галина Васильевнанын кароосуз каза болгону, көзү көрбөй калган татынакай, бакырайган көздөрү жанып турган Акниеттин эки көзү, көз ирмемде көрбөй калганы ойго салат. Ойдун келгени менен колунан эч нерсе келбейт. Колунан келсе, эмгегин баалап үй алып берип койбойт беле Галина Васильевнага, Акниетти сокур кылып темселетпей көз салып койбойт беле. Айла жок, эки саныңды чапкылап кала бересиң да. Чапкылаган сан кызарганы менен, иштин кызыгы жок. Кызуу кандуулук бар. Кейип капа болосуң. Өмүр ойго батканда башын шылкыйтып, бир колун ылдый таштап, бир колун өйдө көтөргөндөй бир кийинки көтөрүп бир жакка кыйшыйып калат. Жапа – чеккенин ушундан билсе болот. Алыстан караган кишиге караанынан эле билгизип коёт. Жакшы адамдыкы сыртында, арамзаныкы ичинде. Сырткы келбетинен боорукер адам экени билинип турат. Көлөкө түшүрбөй жарыгы тийген Өмүр. Жарыгы бар жылдыздуу болгонунан ичинде кири жок Акниет сүйгөнү Маратка төгүлүп – чачыла албай агайы Өмүргө жашырган сырын айтып жиберди го. Көзү көрбөсө да агайынын жылуулук мээримин сезип турду. Жакшы адам келсе, жакшылык келет.

Акниет Өмүр агайы менен жолуккандан кийин, айткан кеп сөзүнөн орундук таап, сүйгөнү Маратты күтүп жүрөт. Маратты түшүндө көрбөй койду. Ага дагы туталангандай. Көз көрбөгөнү менен сезими күч алгандай. Уялганда эмне,

агайы ынандыргандай ынак сүйүүнүн ынактыгын көрүш керек да. Бул жарык дүйнөдө, дүйнө жарыктыгы сүйүүдө. Татаал турмуштун ачык жолу сүйүү: анын тартышкандыгы, көрө албастыгы, уяңдыгы, кур намыстуулугу, намыстуулугу, түйшүгү, кубанычы, кайгылыгы, сүйүнүчү, ак – карасы. Кайсыл жолду тандасаң өз колуңда, эркиңде. Көзүм көр деп сүйүүңдү көргө тарткан болбостур. Маратты сүйөсүңбү? Жолду ачкын дагы ачыкка чыгып сүйүү ачкычын ал. Ага кулпу салып кишендеп салба. Сүйүү сырлуу болгону менен түнттү, үн катпастыкты жактырбайт. Сүйүү ачылган гүлдөй назик келет. Тарынчаак. Ыйлап да өзүн көрсөткүсү келет. Кабагын бүркөп кыялын да көрсөтүп коёт. Көрсөтпөгөндү көрсөтөт. Чыдасаң сүйүүгө жетесиң. Сабырдуу болсоң сүйүүгө жетесиң. Сүйүү шашма. Чамдаганды, чечкиндүүлүктү талап кылат. Табигаттын талабы ошондой. Жаныңды сууруп алчудай жанталашат. Жыт жытташып дене сиңишет. Албууттанат. Чыңалууну көздөйт. Денеңдин делбири сүйүүгө козголот. Козгойт. Козутат. Сүйүүгө сөз керемети жетпегендей. Сүйүүгө жетүү өмүрүңдөгү улуу жеңишиң. Сүйүү сезимин түшүнбөгөндөр да көп кездешет. Келме кезеги менен... Келгенин сез, сүйүүнү сез.

Өмүр көзү сокур, бирок түшүнүгү кенен, пейили ак, дили таза Акниетке Маратты күтүп алуусун айтып кетти. Деги адам сүйүүсүз куураган чырпык. Чирип бараткан дарак. Тамыры жок өзөн. Суу ичпеген сөңгөк. Акниет тай – тайлап баскан шорлуу эмес, анткени ишенер кожосу, жан дүйнөлүү сүйүүсү бар. Тубаса таланттуу адам. Таланттууга талантына жараша Жараткан – түбөлүктүү сыноо берди. Сыноодон сабак алып, сабагы менен жеңет. Кыйноону кыймылы менен жеңет. Ал кыймыл жан дүйнөсү. Жан ачыганда жан дүйнөсү козголот.

Бишкек шаары. Шаардын Жаш Гвардия бульварында Өмүр жаратылыш жаныбарларына көз жүгүртүп келеатты. Бак – дарак биз дагы жанбыз: өсөбүз, кыймылдайбыз, суу ичебиз, сууга жараша жалбырактап силерге көлөкө түшүрөбүз дегендей сыдырым соккон шамалга чайпалып турду. Турган турпаттарына мактангандай. Аларды аралап кыдырып карап баскан көрүүчүлөрүнө кадырын салгандай. Бульвардагы ар бир бак – дарак көркү, өмүрлөрү нечендеген акын – жазуучулар, тарыхчылар, сүйүүлөрүн арнаган жаштар, чуркаган бөбөктөр менен жашташ. Баарына бирдей мамиле кылып, катарынан тизилген зымыраган бактар. Бул бактар канчалаган адамдарды ойлонтту, кайгыртты, ачуусун сыртка чыгартты, ырларды эстеттип ырдатты, элестерди берди, эстеликке калтырышты. Идея берип ийгиликке жеткирди дейсиң. Сүйүүнүн ачыкка чыкканы, жаратылыштын мезгил которгонунда ушул бактардан билесиң. Жазда жалбырагы жайылып бүчүр байлайт. Жайда жайылган талдары менен көлөкө берет, күздө алтын түскө боёлот, кышта аппак ак жүздүү ак карга туш болот. Күнүкүсүн күндөгүдөй, мезгилин мезгилдегидей тосуп алат. Бактар адам багына жаралгандай. Алар менен кошо улуу адамдарды эстейсиң. Бул бактар көзү тирүү эстелик. Учуп конгон канаттуулары да музыка жаңыртып мезгилге жараша сайрап турат. Кышында ызгарга түспөлдөнүп каркылдаса, жазында келгин болуп сайрап чыкса, жайында жашыл жалбырактын арасынан башын чыгарып кайра тартып алып сени менен мышык чычкан ойносо, күзүндө ырыскы тартуулап колуңа чычыпберет. Мына бульварыңдагы кылыктар. Анда баскан адамдарчы... Аларда түркүн ойлор, тилектер жатат. Баскан жерлери бир болгону менен ойлору түркүн. Кийинген кийимдерине ылайык турмуштары да түрдүү. Турмушуна тегин жашоо, ой жатат. Булардын арасында Өмүр дагы бар.

Ойго чөмүлгөн Өмүрдүн аркасынан "агай" – деген үн чыкты. Шаарды агайлар көп болгондуктан көңүлүн бөлгөн дагы жок. Жанында, катарлаш кетип бараткан очкичен, папкасын колго алган элүү жашка чамалаган киши артын карап "менминби" – деп калды. Чакырган тарап сөөмөйү менен Өмүрдү көрсөттү. Тиги киши: – Эй жигит, сени чакырып жатат. Жаш эле окшойсуң, ушунча да ойлоносуңбу. Бул темп менен кетсең чачың жакында эле агарат – деп Өмүрдү тамашага салды. Өмүр агайлаган жигитти караса Акниеттин, Мараты. Марат чуркап келип, сагынгандай агайын кучактап учурашты. Издеп жүрүп тапкандай. Өмүр, Акниет менен "Марш апа" булагынан сүйлөшсө, Марат менен Бишкектин Жаш Гвардия бульварында жолугуп олтурат. Өмүр дагы Маратты күткөндөй. Жок издегени жолдон чыкты дейм. Ичинен Акниеттин жолунун ачыктыгы дегенсип ойлоп койду. Жакшы адамдын жолу ачык болсо деген тилек да. Тилеги жакшынын жакшы адамдарга тийсе. Айтчу сөздөр көп...

Марат агайына айтчу көйгөйү бардай. Катылган сырды сыртка чыгарчудай. Өмүр экөө бульвардагы скамейканы сүртүп кенен – кесир сүйлөшүүгө өткөндөй. Баардык нерселерди жыйнаштыргандай. Эки адам болсо да отургучка отургандарына караганда отурум болчудай. Отурумдагы кеп –сөз Акниет жөнүндө болору айдан ачык болуп калды. Көрүшкөн көздөрүнөн эле, жылуу учурашуу мамилесинен улам, жылуу сөз козголмокчу болду. Алгач агайы Өмүр, Маратты уккусу келди. Дароо Акниеттен баштаганда Марат эмне ойлоп калат кыяз кылганы өңдөнөт. Мараттын өңүнөн көздөрү жанып, эмне баштарын билбей далбастаганына караганда сөздү баштай албай жатты. Өмүр башынан сыр бербей, башка сурамжылоого өткөнсүдү.

– Марат, шаарда эмне кылып жүрөсүң, ушундан кана, кеп салчы.

– Агай, мен окуууга тапшырып окуууга өткөм. Кудай буюрса биринчи курсту баштадым.

– Чоң окууда окуган жакшы бекен. Ырас, окуп алган турбайсыңбы. Окуу, окуу жана окуу деп койчу эле. Илгери бизди окуткан агай – эжекелер. Бул туура сөз. Кыйналган жоксуңбу.

– Кыйналган деле жокмун. Бирок орус тилинен кыйналып кеттим. Биздин класста орус тилден Акниет жакшы окуучу. Ал келсе кыйналмак эмес.

Чындыгында эле орус тилден кыйналган сайын Акниетти Марат ойлоп, ойунан чыгарбай эстей берет. Ал келсе, экөө чогуу окуп, ал орус тилинен жардам бермек. Эмнеге, окууга тапшырган жок, таң калыштуу. Эмнеге, Мараттан качып жолугушкусу келген эмес. Бул суроо Маратты ойлонтуп, башын маң кылып жегендей. Шаарга келип да Акниетти карайлап канча күттү. Кээде "саргайтканда да Акниет саргайтты" – деп Акниетке жинденип калат. Жини кашайгырдыкы. Бүгүн дагы орус тилинен кыйналганы бир тең, Акниетти күткөнү бир тең болуп кетти окшойт. Орус тили менен кошо Акниеттин аты агайынын көзүнчө, күткөнү Акниет оозунан чыгып кетти. Оозуна "келме" келгендей Акниет келе түштү. Жанга батканы жанды сууруп жибергендей. Орус тилине өнөктөш чыккан Акниет ысмы Маратты мукактантып жиберди. Араң жүргөн Марат кусалыктан агайына ыйлап да жибергиси келгендей. Көзүнө жаш толуп сыртка чыкпаганы менен, көрүндү. Өмүр көрмөксөнгө салып, асынган сумкасынан бир нерсе карагандай болумуш этип, кылтыратып туруп алды. Марат бактагы чымчыкты кароо амалына салып, көз жаштан айрылып алгандай. Акниет үчүн арамзаланган эки эр жигит амалкөйлүктөрүн бири – бирине да тартуулап алды окшойт. Өмүр Мараттын акыбалын байкап боорукерлигин карматып сөз баштоону ылайыктуу

көрдү. Анын, Акниет дегенде кыркылданып кеткен үнүнөн сүйөөрүн, күтүп жүргөн чыдамсыздыгын билди. Буга агайлык тажрыйбасы натыйжа бергендей. Бул Өмүрдү сүйүнттү. Өмүрдү өйүгөн көйгөйү Акниеттин боюнда болуп калганы эле. Ал бекеринен Акниет менен коштошуп жатканда ичин сыйпалаган эмес да. Бул жөн жерден эмес. Ичинде бала жатып, жумшак ичи каттуу болуп калганын сезген да. Өмүр караганда, Акниеттин дене түзүлүшү өзгөрүлүп өзгөчө эле. Ичи кичине чыгып, тысырайып, дене боюу тартылып, жамбашы жайылып, жайык көрүнүп калган. "Боюнда" бар аялды эркек киши биринчи байкайт деген бекер сөз эмес окшойт. Акниетке, Маратты күт дегени менен, эмне үчүн экенин ачыкка чыгарган жок. Акниет ошого баргандан кийин ошого себеби болгондур. Себеби, берилгендик, ишенгендик, денесин арнаганына караганда сүйүү болгон да. Өмүрдүн ишениминде Акниет сүйүүдөн адашпастыр. Кудай таалам көзүнөн алса да, жүрөк отундагы сүйүүдөн албастыр. Мараттын көзүнөн Акниетти күтүп жүргөнү көрүнүп турат. Бирок, анын ойунда мурункудай бакыраң көз, күйүп жанган каректери менен күткөн Акниет эмес да. Мурункудай мурункусу жок да, кийинкисиндей кийинкиси жок да. Сурмасы суйкайган кыз эмес, сокур кыз да, көзү чакчайган кыз эмес, кашайгырдыкы кашайган көр кыз да. Өмүр, адам өмүрүндөгү эң чоң эки маселени Маратка айтып, бар деп айтуу канчалык кыйынга турат. Адамдын жашоосу, турмушу, тагдыры жатат. Кийин Марат чанып кетсечи. Анда эмне болот. Балким, Мараттын ата – энеси жолун бууп салсачы. Көр кыздын көрөрү жок десечи? Өмүр боюу азабын тартасың десечи? Сокур кызды эмес, солкулдаган башка кыздарды карагын десечи? Жолун таппаган кызды эмес, жолу ачык кызды танда десечи? Бала кимдики десечи? Көр кыздын көрбөгөнү курусун десечи? Ушундай ойлуу

камтыктар Өмүрдүн мээсин чуулгады. Чуулгандуулукка жол бербеген бир гана сүйүү жолуна коё алат. Сүйүү сүйүшкөндөн. Сүйүү тазалыктан. Чырмашканга да чыр салдырбай чыйыр салуу сүйүүдөн. Экөөнүн сүйүүсү ушул жолду жеңе алабы? Кезекти сүйүүгө берүү керек болду. Өмүр ары ойлонду, бери ойлонду. Он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек Акниетти ойлоп Маратты кеп – сөзгө тартты. Эгер Марат, Акниеттен качса, өзү даяр болгонго да камданды. Көр болгон Акниет, көр турмушка, туңгуюкка татыктуу эмес эле. Көздөн алганы менен адамгерчиликтен алынган эмес. Жаны көрбөгөн көзүндө болгону менен жан дүйнөсү, бүткүл дүйнөсү дегиле адам заттын дүйнөсү адамгерчилигинде. Жан дүйнөлүү адамгерчиликтүү адам өмүр боюу жаза алганга, жазык тартканга татыксыз. Бир мүчөдөн айрылганы менен адам аттуу аты, жаны, заты, асылдыгы бар. Ошонусу менен адам – адам болот. Адам... адам... Эй! Адам... Адамдыктан кетпечи... Адамды кечпе...

– Марат, сен Акниетти жакшы көрөсүңбү? Марат агайынын суроосуна уялып кетти. Анын үстүнө, агайы күтүүсүздөн, күткөнү туурасында берип жибергендей. Кайдан билсин, эмне делген ойлор келип, суурулуп суроо чыкканын. Чоо – жайын билбейт да. Мараттын түшүнүгүндө экөө кошулган күндү эстеп Акниет уялып жүргөндөй. Ошол күнү Марат кыйнап койгондон Акниет жек көрүп калгандай. Өзүн зордуктап салгандай сезген. Ал кезде алпурушкан албуут күч экөөнө тең таасирин тийгизди. Албууттукка берилген. Берилип кетишкен. Тыйганда, тыйылганга алдары келбей калган. Бир паста ал күчтөн тайыганда гана сезим пайда болуп, баштан кечиргенди кечиргендей таркашкан.

Албууттуктан соң Акниет качып жолотпой койгон. Көзүнө көрүнбөй да койгон. Көр турмуштан көрүнбөй калганын Марат билбейт. Билбестиктин айынан өзүн

күнөөлөп келет. Күнөөгө жыгылгандай. Бирөөнүн тагдырына балта чапкандай. Бирөөсү бир гана Акниет. Жолугайын дейт жолукпайт. Азыр агайынын кеп – сөзү кызык болуп жатат. Анткени, менен ушул сөздү күтүп жүргөн. Акниет жөнүндө бирөө менен кенен – кесир сүйлөшкүсү келген. Көктөн күткөнү ушул жерден чыкты. Сезимин сыр кылбай ачыкка чыгаргысы келген. Качанкыга чейин катылып жүрө берет деп жинденип да алчы. Жинин бүгүн силкип салгыдай. Акниет, агайына кандай ишенсе Марат дагы агайына ошондой ишенгендей. Агайына ишеним көз менен карап, ырас бердиңиз дегенсип ыраазы болгондой. Акниет үчүн кеп козголгондой. Козголгон кеп жебе огу менен жүрөккө тийди. Тызылдады... Зырп – зырп жүрөктүн соккону... Марат өзүн токтотпосо, жүрөк жүрүмү ченемдин чегинен чыгып кеткендей... Канткен менен агайы да,Марат, Өмүрдүн суроосуна аптыга түштү. Апаптап койчу жан жок. Сүйлөр сөзү оозуна келбей. Таптап – таптап кепке келгендей . – Ооба агай, Акниетти жакшы көргөндөн да артык көрөм. Эмнеге окууга келген жок. Таң калыштуу. – Сен жүрү окууга дедиң беле. Же өзүң эле баса бердиңби? – Жоок агай, мен айткам, акыркы күндөрү менден качып жолобой койду. Эмне кылаарымды билбей окууга келе бердим. –Качып жатса жөнү бардыр да. Кыз киши жөн качпайт.

Марат агайынын сөзүнө жооп кайтара албай күнөөлү сезип, башын жерге салды. Атүгүл, Өмүр баарын билгендей, Акниет айтып салганбы деп чочугансыды. Минтип жүрсө күнөөлү сезип, сезимин жоготуп алгыдай. Кылган кылыгына ачуусу келди. Сөз келгенде айтпасаң атасы өлгүдөй. Сүйүүсүн да сыртка чыгаргысы келди. – Агай, мен сизге чындыкты айтайын. Акниет экөөбүздө бирдеме болгон. Ал сүйгөнүмдөн болду. Эгер, Акниеттен балалуу болсом, мен .бактылуумун. Мен аны жакшы көрөм. Сүйөм. Аны жашыргым келбейт.

Өмүр эми, Марат Акниетти сүйөрүнө ишенди. Кысылып жүргөн жаргылчагы жарылып чыкканына ынанды. – Марат! – экөөңөр тең менин окуучумсуңар. Силерге сабак бергеним ал өзүнчө бир тармак экен. Ал эми турмуш жөнүндө сабак берет окшойм. Бирок, адамга сабак бергенден көрө, көрө – көрө көсө болгону жакшы. Өзү турмуштун татымын татыш керек. Мен барып Акниетке жолуктум. Ал дагы сенчилеп күтүп жүргөн экен. Күткөнү бекер болбоптур. Ал сенден бала күтүп жатат. Ага барып жолук. Жол каратпа. Жол карай турган жан эмес. Экөөңдү тең жакшы билем. Саргайтпа.

Марат бала күтүп жатат деген кепти угуп ыйлап жиберди. Ушундай жандан балауу болуш Марат өзү айткандай бактылуу күндөрдүн бири. Өмүрүндөгү жакшы күндөргө тете бир күн. Уккан кулагыңа ишенбей кетесиң. Сүйгөнүң бала күтүп жатса чоң сүйүнчү эмеспи. Агайынан сүйүнчү укту. Агайын кучактады. – Агай, сизге ырахмат. Сиз дайыма агай деген наамга татыктуусуз. Педагог сиздей болуш керек. Сиз бизди көз – карашыңыз менен баскан – турганыбыздан бери байкап турдуңуз. Ушунуңуздан жазбаңыз. Сизге күч – кубат берсин. Барсам, Акниет кабыл алабы?

– Кабыл алат. Бирок, Акниет боюнда бар экенин өзү билбейт. Сен байкамаксан болуп кой. Мүмкүн, сен баргыча билсе билип калар. Сени жакшы көрөт. Дагы бир нерсе бар сен билбеген. Жакшы көргөнүң ушундан билинет. – Агай эмне болду! Эмнеге ойлонуп калдыңыз?

Өмүр бетме – бет келгенде айта албай кетенчиктегенсиди. Барса, көрөр кыяз кылды. Бирок, дароо баарын айтып даярдап коюуну да туура көрдү. – Марат сабыр кыл. Акниетти кырсык басты.

Марат чочуп кетет. Көзү чанагынан чыга калчудай Өмүрдү тике карайт. Өмүргө артка чегинүүгө арга жоктой.

Кеп баштап, айтпай таштап койсоң, ой – пойго койдурбай айттыргыдай. Айтпаска айла жок. – Марат, Акниеттин жанына чагылган түшүп эки көзү көрбөй калган. Сага жолукпаганы ошондон улам. – Эмне дйсиз! Байкушум сокурбу? Аны ким карап жатат? Ещё балалуу болсо, боюунда бар болсо. Аны куураткан турбайбы. Ушундай кызды сокур кылган кудайда деле калыстык жок экен да.

Мараттын көзүнөн жашы токтобой агылып түштү. Эки колун эки жакка сунуп алаканын жайып кудайга жалынып жиберди.

– Оо кудай, бул эмне кылганың. Мага сыноо бергениңби? Ал Акниеттики эмес, мага берген сыноoң. Сүйүүм сокур эмес. Акниетти бакканга жаралгам.

Өмүр, Маратты кучактап, соротот. Айткан сөзүнө Өмүр өзү ишенбейт. Көргөн көзүнө да ишенбей кетет. Кантип эле Акниет сокур болуп калсын дегенсип. Марат дагы ишенбөөчүлүктү көргөзгүсү келет. Бирок, агайы да. Кантип ишенбейт. Бир ордуна тургусу келбей тыбырчылайт. Айылга учуп баргысы келет. Акниет... Акниет... Акниет...

***

Жаады – жаады аппак жаады. Кар жаады. Аппак ак пахтадан жер бетине төшөлгөндөй айлана аппак. Анысы аз келгенсип көргөн көздү уялтып хрустал айнеги менен жаагандай. Көз уялат. Баскан бутуң менен акты тепселегиң келбейт. Ак түстүү сулуулук. Ак түстү тепселеген адамды айтпа. Аппак, аппакагайды бутуң менен кечип өтөсүң. Табигат ушундай. Көнүп калсаң, көнгөнүңдү кыласың. Уруп да ойнобойсуң. Баардыгын көргөндөн кийин билесиң. Кычыраган кышты кычырап тосуп аласың. Антпегенге чамаң жок. Кыштын сулуулугу ак карда. Тазалыгы да ошондо. Жерди ак кары менен кирин жууп бергендей. Берекеси да ак карда. Актыгы да кар да. Ак

кардын үстүндө карт – карт үнүн чыгартып түркүн түстүү адамдар, ар кандай адамдар буту менен басып жүрөт. Кар үстүнө таман издери түшөт. Жаратканымдын берген жаратылышын көрчү! – аппактын ааламында да адамды тамандатып бастырат. Басканың байсалдуу болсун. Кырт – кырт аппак кар... Кырт – кырт... Кырт – кырт... Дабыш чыкты. Дабыш эмнеден кабар берет? Аппак кардан чыккан кырт – кырт. Тазалыктын ак кары адам таманына төшөлгөн. Кырт – кырт...

Токтокан бала кезинде ата – энесинин кар үстүнө кир жаман сууну төкпөгүлө дегенине болбой, билгизбей кирдин суусун көп төгөөр эле. Самын аралашкан түркүн түстөгү кирдин суусу ак карды дароо ээритип кара жерди көзгө сайып көрсөтүп коёр эле. Кой – айга болбогон кирдин суусу кирдигине салып ак карды канча булгады. Ак кар канчалык жерге көп жатса ошончолук берекеси жерге сиңип бергени болоор эле. Деги актын үстүнө кир төгүлүшүн көрүп турган адамга жакшы көрүнүш алып келбегени айдан ачык. Бул Токтокандын ата – энесинин жок жерден ойлоп тапканы эмес, кирдин суусун адам баскан жерге төкпө. Ак кар адамга тартууланган. Адам сулуулуктун үстүнөн басып, таза абадан дем алсын деп Жаратканым! – жаратылышты жаратып койгондой. Аппак ак кар менен жаман таза эмес кирлерди жууп салгандай. Жууганда да кандай жууйт сиңирип жууйт. Берекесин бергенди көрүп ал жер сууга, жердин чыккан көккө бай болот, коздук курчап жазында жашыл килемчелүү тоолордун, жайыттарындын, жайлоолордун көркүн, көркөмдүгүн көрүп ал. Дайра суусуна дайра агымынын алып келип, таш жарган үнү менен ташкындаганычы. Ак кардын сулуулугунан, суусундугунан, сиңимдүүлүгүнөн канча ырыскылуу жаратылышы жаралып, кешигинен кенч бергендей. Күз түшүмү кыштын ак карынын суусунан

башталгандай. Кетмен көтөргөн жер ээси күздүк айдоону бекеринен кылышпайт экен да. Күздүк айдоо кар жатымындагы берекенин берери турганы турбайбы. Самын, айна, порошоктолуп жуулган кир сууну, ак кардын үстүнө анан кантип төксүн. Ошол кир суунун кирин чыгарып төккөн бир кездеги секелек кыз Токтокан, мына минтип сексенге чыгып отурат. Сексенге келгенде эшиктеги ак карды көрүп ата энесин урушуп айтканын эстеп, бир четинен мойнуна алса, кулак салып укпай этибарга албаганын ойлоп кейип – кепчигендин үстүндө.

"Байкуш атам, апам кандай гана кыргыз элинин ырым – жырымын, үрп – адатын, анын залакасын, берекесин, ырыскысын болоор – болбосун айткан" – деп Токтокан эскерип алды. Эскергендин жөнү бардай. Анткени, кир сууну ак карга төккөндөн бери көзү ак карды көрбөйт. Көзүнөн аппак ак карга чагылышып карайлап калган. Кышында кар жаады дегичекти эки көзүнөн жаш агып, талыкшып ооруганы ооруган. Адатка айланган дарт. Дары – дармек жардам бербейт. Жерден ак кар кандай кетти ошондой көзү айыккандай. Жаш кезинен ушул дартты тилеп алгандай. Кыз кезинен бел оорусу да ага кошумча түйшүк кошкондой. Ал дагы тил албагандыктан болсо керек деп өз мойнуна алып келет. Атасы малды чаппа десе болбой, жоон таяк менен жандык малдарды белге көп чабар эле. Бел оорусун карыганда Токтокан ошого жоромолдойт. Отуруп алып, кылган кылыктарына өкүнөт окшобойбу. Адамдарга, жан – жаныбарга, жаратылышка жасаган мамилесинен адам өзү көргүлүктү көрөт окшойт. – Токтокандын кадырман карылык курагындагы ойунда. Мунун баары ичтен сызган сыдырым, балким мууң кайгыдыр. Токтокан жөн ойлобостур. Эркек уул төрөбөй калганын да ушул сыяктуулардан жыйынтык чыгарып жаткандыр. Кызы Бозоркандын кылган кылык – жоруктарын да эне

катары өз мойнуна алып келет. Кыз кезинде кетирген күнөөлөрүнүн айынан, азабынан Бозоркан ушундай болуп жаткандыр. Көзү менен көрбөсө да эненин жүрөгү сезет да. Бозоркан акыркы күндөрү үйгө түнөбөй калганда Токтокандын эмчеги зыркырап, жүрөгү өйүп түн уйку бербейт. Уйку качат, ой жүгүрүп келет. Ой жүгүрүк, жүрөк муздайт, башы катат. Чымырап чулгандууну сезгендей. Селдейип отуруп чыгат. Ооруу түйшүк басканын. Сексендеги Токтоканга бир учурда токсон ой келип, ой – толгоого салганда, дагы жакшы жүрөк байкуш көтөрөт. Ошончо ой топтолгондо Токтокандын ысып күйүп бышып чуркаган каны: Бат муздап тоңуп, коюулуп мээни жарып чыкту өнөкөткө кептелет. Дагы эне байкуштун башы жакшы мээни кармаган. Ал эми Бозоркандын көңүлү Кайнарда...

Бир топ күн ооруп төшөктө жатып ойго чөмүлгөн Токтокандын денеси оор басып калды. Кызынын колунда болбой эле күйөө баласынын колунда болуп калды. Ким караса, ошого көз каранды. Кызы Бозорканга караганда жан үрөп үйүлүп, түшө калган күйөө баласы Ырыскелди. Күйөө баласынан уялып жан кейиткен дартынан да тартынат. Жадаганда жан кейүүсүн сыртка чыгарып онтолоп, дабышын да чыгара албайт. Дабышын чыгарса да, ичтен чыккан илдет кичине болсо да жеңилдей түшөт беле. Кенен – кесир онтологонго, мындай учурда эмне жетсин. Анын үстүнө, Ырыскелди кичине эле Токтокандын онтологон дабышын укса эле, чуркап келип карай калат. Оорунун илдетин соо кайдан билсин. Бүткөн боюу денеси ысып кара терге көл – шал каптагандай. Эшиктеги ак кар дагы көзүн оорутуп ал дагы көз жаш тамчысы тынбагандай. Токтокандын онтологон дабышынын ортосунда “жаз келсин” – деген гана сөзү чыгып калат. Сүйлөбөй да бараткандай. Ооруп, жаны кыйналса дагы уялганы Ырыскелди. Ырыскелди ой – пойуна койбой кайнэнесин

өз энесиндей көрүп караганы караган. Көп күндөн бери ишине дагы бара элек. Токтоканды кантип таштап кетет. Жаны көзүнө көрүнүп кыйналып жатса.... Байкуш жан да... Кыйналганынан кыштын күнү болсо да, кээде терезени ачтырып коёт. Аба... Аба... Дем керек... Дем... Дем...

Бозоркан үч күн келбейм деп командировкага кеткен. Ал эмне үч күндүк сапар? Безгисиз күндөр. Ырыскелдиге айтканынан ал макул болгондой башын ийкеп койгон. Мүмкүн, Ырыскелди деле Бозорканды жакшы билет. Кантип билбесин, койнундагы катынын. Катылып жаткан катынынын кылыгын билсе дагы билмексенге салгандыр. Ырыскелди да коомго аралашкан коомдогу адам да. Коом көпчүлүк. Көпчүлүктөн кантип кеп чыкпасын. Кантип эле... Кантип эле... Кудай тааланы сыйлап адам айбанга айланса дагы адам көрөт тура...

Бул көрүнүш Ырыскелдинин турмушундагы картинага чийилгендеги сүрөт. Чийилген турмуш, чийелешкен тагдыр. Ырыскелдиге эмне, жаратылыштагы сыртта жайылган аппак ак карга суктануу, үй ичиндеги Токтокандын ак батасын алуу, ичиндеги сырдын бири болсо керек. Ушунусу менен турмушуна көрүнгүсү келип, жеңишти көрсөткүсү келет. Жеңиш жыйынтыгы эмнеси менен жыйынтыктайт. Аны убакыт сааты менен көрсөтөөр. Көргүлүктү! – көрөрүн Ырыскелди жакшы тилеги менен көрсөткүсү келгендиги анын кыймылынан байкалгандай. Байкоо салгандык... Кулак укса да көз көрбөгөндүк.

Жаны кыйналып жаткан Токтокандын төшөгүнөн бит чыкты. Чачынын арасында агарып уюушулуп уюк түзүп алган сирке жайнап кеткен. Сиркеси көтөрбөй калган Токтокан аны деле сезбей калган. Ырыскелди төшөгүн көрө коюп, постелин жаңылаганга өттү. – Апа, сиздин жууркан – төшөгүңүздү бүгүн жаңыртам. – Кой, балам жөн эле койчу, жаз келсинчи! Жаз келсинчи?

Токтокан ооруп жатса да күйөө баласынан ийменгендей. Кара басып кирдегенинен денесинен жыт да чыгып калган. Өзүнө сезилбейт. Ырыскелди баарын түшүнүп турат. Түшүнгөнүнөн постелин алмаштырып, магазинден жаңы алып келген ак шейшепти каптап жатат. Кайнэнесинин жыйырылып кеткенин деле билет. Билгенде эмне, карабай коюуш керекпи? Ал мүнөз Ырыскелдиге жат. Карылык көз ирмемде карылыгын көрсөтөт. Ырыскелди, Токтоканды кичинекей баладай кылып көтөрүп, акырын креслого отургузуп койду. Аны көргөн кызы Назгүл атасына ыраазы болгондой, күлүп койду. Таяэнесинин башынан бит жөргөлөп баратканын Назгүл көрдү. – Таяэне, таяэне башыныңыз биттеп кетиптир. Токтокан унчукпастан акырын үнүн чыгарып: – Кызым, ошол биттер мени менен кошо кетип, жамандык силерге жолобой жакшылык эле болсунчу. Мени атаң экөөңөр кыйнабай Жалгыз Жийде айылыма жеткиргиле.

Ырыскелди, кызын анча эмне чочуйсуң дегенсип, көзү менен тике карап койду. Атасынын мындай көз караш менен караганын биринчи көргөн Назгүлдүн оозу жап болду. Ырыскелди Токтокандын сөзүнө ынангандай. – Апа сиз, биз үчүн дайыма жакшы тилектерди айтып, күнүгө үч маал батаңызды берип турасыз. Анан биз кантип сизди карабай коёбуз. Айылга өзүңүз айткандай жазында алып барып келем. – Ырахмат, Ырыскелдим. Мен эркек уул төрөгөн жокмун десем эркек уулум бар экен. Ырыскелдим! Аман бол! Өмүрлүү бол! Жазга жетсем болду. Токтокандын көзүнөн жаш токтобой агып жатты. Оорусуна оору кошулуп кеткендей. Ушундай үнү алла тааладан чыккандай улуңшуп кетти. Ичтеги катылган каттуулук жазмыштары сыртка чыккандай. Жан кейисе жер деле жарылып кетет тура. Анысындай Токтокан акыркы күчүн жыйнагандай. Жыйнаганын көз жашы менен айткандай. Кудай

жолго салбасын... Таяэнесинин ыйлаганы Назгүлдү да ыйлатты. Атүгүл, Ырыскелди да жашып кетти. Токтокандын ыйы таш жарды. Жардылуу жай албады. Жай албаганын жыйырганынан билсе болот. Күйөө баланын жакшылыгын унутпасын. Билсин. Анткени менен кайнэненин күйөө балага дененикарматуу жыйырып жибергендик. Бирок, антпесине айла канча. Өзү жаны кыйналып жатса...

Ырыскелди Токтоканды өз апасындай көргөндүктөн колунан келген нерсесин аягысы келбейт. Карап да туруп албайт. Бир ишти кылса акырына чейин таза кылгысы келген кыялы бар. Эми таза төшөккө, ак шейшепке таза адамды жаткыруу керек. Эмнеге эле ваннага улам кирип чыгып жатат десе, көрсө кайнэнесин жуунтканы жаткан экен. Аны кызы Назгүл көрүп алып, атасына таң калыштуу көзү менен карап койду. Атам кантип таяэнемди жуунтат деген ой үч уктаса түшүнө кирбестир. Ушулардын баарын көрүп, энеси Бозорканга ачуусу келет. Өз апасын өзү эле карабайбы дегенсип. Назгүл жуунтайын десе атасы билет, таяэнесин көтөрө албайт. Балким, жыгып алсачы. Кызыгы, атасынын жуунтканы... Карачы, адамдын тазалык ички сезими. Тазалыктын тазалыгынан жакшылыктын аруулугун чыгуусуна алып келүүдө. Жакшылыктын ушундай аруулугу үйдөгү балага кандай аруулук тартуулайт. Мунун касиети Назгүлгө тарбия берүүдө. Назгүлдө да адамдык жылуулук тартуу болгонсуду. Атасын аяп да кетти. Ички дүйнөсүнө келген дүйнө жатканын билмек турсун көргөнсүдү. Атасы менен сыймыктангандай болду. Күйөө бала менен кайнэненин бири – бирине болгон боорукерлиги турган адамдын жан дүйнөсүн козгоп ага жан киргизди. Таза жан дүйнөнүн жанданышы жаңылык алып келгенсиди. Атасынын таза каны мага да өтсүн деген тилек Назгүлдө пайда болду. Мен! – атамдын каны менен жашайм деген үмүт болду.

Назгүл бала болгону менен кандай окуяны көрүп жатат. Жаны кыйналган! Өлүм менен өмүрдүн ортосунда турган жанталашкан адамдын кайгысын көрүп турса дагы, анын аркасынан тазалык ички туюмду туюуп турат. Бүгүнкүсү кайгылуу болгону менен эртекисинде тазалык калганы турат. Мына ушунда баалуулук. Адамдагы бактылуулук. Токтокандын улуңшуп ыйлаган көз жашында: Ал бүгүн эркек бала төрөдү. Сексенге чыкканда эркек уулду болду! Көз жарды, эркек бала. Көрсө, Ырыскелди Токтокандын уулу турбайбы. Өлүм алдында эркек баласын көргөнүнө сүйүндү. Сүйүнгөнү койнуна батпай улуду. Уулуна улуду,Уулуна эркеледи. Жыйрылган денесин жай таштады. Уулу экенине ынанды.

Ырыскелди кайэнеси экенин унутуп койгондой. Өз апасындай көрүп, алаканын жайып, билегин түрүп көтөрүп ваннага алып келди. Назгүл ваннага киргенде таяэнесинин кийимдерин чечип берди.

– Апа, кечке эле апа деп айта берейин уялбаңыз. – Оо, Ырыскелдим сен менин уулумсуң, сени мен төрөгөм.

Токтокан, дагы бышыктап ыйлап, Ырыскелдини өз баласындай көрдү. Ырыскелди кызы Назгүл экөө Токтоканды ваннадагы жылымык сууга жуунтуп киришти. Сууну көргөндө, байкуштун денеси жибип, кычышканы басылып калгандай. Чачы сонун болуп өрүлүп, чырмалышкандары жазылгандай. Ырыскелди, жаңы кийим дагы алып койгондой. Кийингени жаңы, жаткан жери жылуу жумшак жаңы болчудай. Жаңы... Жаңы... Жаңы...

Ырыскелди кийимдерин кийгизип, жуундуруп чыгып келеатса кайдан келгени белгисиз Бозоркан алдынан чыгып, апасын күйөө баласы жуунтканына таң калып караган боюнча катып калгандай. Ырыскелди, Бозорканга көңүл бурбагандай жаткан жерине алып кирип ак шейшепке жаткырып жуурканын жаап коёт. – Апа, мына

кызыңыз да келип калды, эми ага жакшы болуп калдым деп мактаныңыз. Назгүл да таяэнесинин ыраазы болгонун көрүп, ал дагы сүйүнгөндөй. Ооруп жаткан адамда кубаныч болсо, үйгө дагы кубаныч алып келгендей.

– Таяэне! – Көрдүңүзбү сулуу болуп калдыңыз. Баардыгы аппак жаңы, жадакалса эшикте дагы ак кар. Бардыгы ак тилеп сизди жакшы болуп кетсин деп жатышат.

Бозоркан энесин көрүп, чынында эле баардыгы жаңы кийим, жаңы шейшеп, жууркан төшөк, жаңы бет аарчы экенин көрдү. – Силер укмуш болуп кеткенсиңерго, жаңыланып. Токтокандын бетинен өбөт. Апа кандайсыз, менин жоктугумду билгизбей, сизди жакшы карашыптыр.

Токтокан акырын үнүн чыгарып сүйлөйт. – Кызым, Ырыскелдиге рахмат де. Ал менин эркек балам, күйөө балам эмес уулум. Эркек уулдун карамын ушундан көрдүм. Ыраазымын... Ыраазымын... Ыраазымын...

Токтокан адатынча ыйлап кирди. – Апа, ыйлабаңыз көрүп жатам. Күйөө балаңыз жакшы караптыр. Күйөө балаңыз мени жакшы көрөт да, ошол үчүн сизди жакшы карады да. Токтокан кызын жактырбаганадай – Сен антпе, жакшыны жакшы де, жакшынын үстүнөн жакшы болбо. – Койчу апа, сен башынан эле күйөө балаңа үйүлүп түшө калып, менден да күйөө балаңды жакшы көрөсүң. Булаauthor рың мени менен учурашайын деген ойлору жок ко.

Назгүл чыйпылдап жиберет. – Эй апа, сиз менен эми учурашабыз да, көрдүңүз го таяэнемди жаңы эле жуунтуп чыкканыбызды. Бозоркан Назгүлдүн мурдунан эркелеткендей чымчып коёт. Бозоркан алыстан келип, аларды текшерүүгө алгандай. Мени эмне карабайсыңар дегенсип, Токтокандан орун талашкандай. Кароодо калгансып.

– Мен жок эмне кылып жаттыңар.

Ырыскелди, эмнегедир Бозоркан менен сүйлөшкүсү келбегендей басып кетти. Баягы эле ата менен эненин

ортосунда бала кыйпычыктап калат. Назгүл эмне кылгандарын айтып берет. Бирок, Бозоркандын үч күн кайда жүргөнүн эч ким сурабайт. Кызынын кайда жүргөнүн сурайын десе Токтокан өз жанынын айласын таппай төшөктө жатат. Ырыскелдинин башын ооруткусу келбегендей. Бирөөнүн "жыргализм" жашоосу бирөөгө жамандык алып келет. Жамандыкы жакшыга тийет.

***

Кайнар. Кайнар ар кайсы тараптан, кайнап – бышып жүргөн кербези. Күүнүн кербези турмуштан алынганы чындык. Күү күүлөнгөн тагдыр. Бороон – чапкын сымал бороонду турмуш. Бороон – чапкын жараткандан жаралып келсе, адам турмушунда бороон – чапкындын өзү, өз колу менен түзүлүп келет тура. Жыргал жашоонун аркасында көлөкөдө жашырынып бороондуу талаа турат. Кенен кесир кулачын жайып. Күнүмдүк күлкү, түбөлүктүү түбүң түшкүрдүн капасы капталат. Каткырык кыйырында чыркыраган чыр чырмалышкан. Чийеленүү турмуш чийими. Бүгүнкүң күндөгүдөй болбой, күндө бири – бирине окшошпогон тагдыр. Беш колуң тегиз эмес, андай телегей тегиздик жок. Адам колу менен кармаган манжалар ар башка. Бешөө бир милдетти аткарганы менен бири узун, бири кыска, бири ичке, бири жоон. Сөөмөй сайып сөлөкөттү көрсөтсө, аты жок айтып тургандай билбей турат, чыпалак чыркыраганчалык бардыр, ортон ортолук, баш бармак туткандын башчылыгы. Анткени менен манжаң менен майтарганды башың менен жооп бересиң. Жаратканым! – Эч нерседен калтырбай баарын берген. Кайтарымы жокко эч нерсе жок...

Кайнар кудайында сыйлабай калды го. Жоо издеген Жолборс болуп чыга келди. Аты чыккан жолборс дагы алганына сүйүнбөй чалганына сүйүнөт. Жоосун карап иш

кылат. Карайлап калбагандын амалын ойлоор чыгаар. Чыгаан чыкма... Айлана тегеректе эч ким жок. Эч ким көрүнбөйт. Көзүнө илинбейт. Анткени менен илинбеген жанга илинчек табыла берет. Ал кыйындыкка жатпайт. Кайнар эч кимди көрбөй кылса эле, көргөн чыкпайт бекен. Көпкөндүн көзү көрбөс.

Балдардын ата – энелери Кайнар менен Бозоркан обондуу ырды созуп обону жок кыйкырып ырдап баратышат. Бири – бирине "Барам сага", "Келем сага" ырларын ырдап баарын чочуткандай. Чакырык... Чакырык... Чакырык...

– Бозоркан! – Мен сага барганда сүйүүң менен көкүрөгүңдү ачып тосуп ал жаным!

– Кайнар! – Мен сага келгенде алаканыңды ачып кулач жайып тосуп ал кайнап – бышканым! Күйүп баратам! Күйүп баратам!

Көчө бойлой Кайнар Бозорканды өөп баратты. Көздөрүнө эч ким адатынча илинбейт. Көпчүлүк көрүнбөйт. Көпчүлүктү алар көздөрү менен көрбөй калгандары менен, калгандардын көздөрү көрөт да... Бозоргон бозомукта боз чымчык бар дегендей. Кумарга баткандарды аркы – терки шаар жашоочулар карап өтүп жатты. Карабайлы десе кыйкырыктары менен өздөрү көңүл бургандай. Канча көз көрсө өздөрүнөн көрсүн. Булардын сүйүүсү сүйүү эмес эле, айла качып, амал кутулгандай күндөгүсү күндөгүдөй көңүл көтөрүп көңүл ачуу болуп калгандай. Сүйүүдө да сый – урмат болуш керек го. Сүйүүдөн урмат кетсе, кумарга кубурат. Кубулма мамиле башталат. Кубулуп турма кур бекер нерсе эмеспи. Чүпүрөк чүрпөйдү ачат. Жолугуу жакшы башталганы менен баш оту менен, кирип кетсең анын баш аягы кандай болот? Ичкен ичимдигиңе да ээ болуш керек. Сенин башың күчтүүбү? Же ичкен ичимдигиң башыңды алып салгыдай "баш алма"

ичимдик күчтүүбү? Ичкен ашыңды актап ак жолго баспасаң, бок басасың. Кайнар менен Бозоркандын келе жатканынын көрсөң бири – бирине ымалашкан сөздөрдү айткандары менен ымалаша да алышпай келаткандары көрүнөт. Кучакташалы дешет кучакташа алышпайт. Айтор, жакын баскандары менен түрткүлөшүп түрткүндүдө. Түрткүлөшүп келатышат. Ары түрт, бери түрт. Бири – бирине жол бергиси жок. Жолдон тайып, чыгып кетишет. Кайнар колун көтөрүп ийинге салганга да алы келгидей эмес. Кайран кырк градустагы арак, жакшы сөз менен баштап каякка алып барар экен. Кайран арак, Кайнардын башын алып, эс – учуна келтирбей күчүн алып койгондой. Арактын күчү менен демине дем кошулуп, эркине эрдик эрөөлдөп шаардын кенен көчөсүндө өрөөндөп бараткан кези. Арак эмес коняктын күчү да бир топ окшобойбу. Ал деле кем калышпаган көкүрөктү жайып, көкүрөк калып, Бозоркан жай турмушта көзүнө көрүнгөндү жайлап салгансып эки арыш артка, бир арыш алдыга манчыркап баратат. Бири аракка алдырып, экинчиси коньякка каныгып бараткан кербездери. Кербезим ай кербезим... Өздөрүнөн да өзгөйлөрдүкү күчтүү... Күч атасын таанныбайт... Таанныбаганы ошол да, үйүнө апасы Токтокан өлүм алдында турса да Бозоркан билбейт. Кайдан билет, коньяктын кызы кандуулугу менен жашап жатса. Кайнарды күнүгө ай караган текени күткөндөй, Кален көзүн ирмебей тике жолду карап күткөнү күткөн. Күткөнү күйүткө өтүп эки кызын өлгүчө сабап салганы,Кайнардын эсинен чыгып кеткендей. Кайдан эстейт, башын бөтөлкөнүн башына алдырып жиберсе. Экөө жыргаганы менен түбөлүктүү түйшүк, күнүмдүк жүрөк эзилишкени менен жашоодогу жүрөктөгү кара так карартып көрсөтүп коёр күн турганы турган. Пендеден пендечиликке өтүп кетишти. Көпкөндүк көчүктөн чыкпаса болду. Көчүктү кыс... Кызмай кыс...

Аппак ак кар жааган кезде мейманканага кирген эки жан көк музга айланганда чыгышты. Жумшак кырт – кырт ак кар көк жалга айлангандай. Тоңголокто тоголонгон адамдын жаны чыкчуудай. Тоң. Кар ээрип сууга айланып, кечкисин көк муз. Карасаң сүрөтүң көрүнчүдөй. Арак, коньяк дос болгондой Кайнар, Бозоркан кучакташа албаса да кыналышып кетип баратат. Кийген кийимдерин да түздөп алышкан эмес. Элге көрүнөм деп тагылган Кайнардын галустугу да кыйшайып калган. Дагы жакшы "Альяска" курткасы сыдырма. Топчулама болгондо өйдө – ылдый болмок экен. Замандын шарт түзүп бергенин карачы.

Бозоркандын "кашмир" боз пальтосунун өңү өзгөргөндөй. Ар кайсы жеринде точка пайда болгондой. Көзүнөн агып түшкөнү карарып түшкөндөй. Көрсө, жасалма кара карандашы карарганы карарган. Косметика... Кометика... Кийим кейпи кеткен. Кебетелери келишкен. Бири – бирин карап сүйүшкөндөр кароодон калышкандай.

Эки жанды да жаратылыш жактырбагандай атайлап суу сепкендей көк муз даярдап койгондой. Көк музда жыгылып түшүп, баштары менен тийип, мээлери чайкалып көк музда көк мээге айланып калбаса эле болду. Кудай сактасын. Аңгычакты кыналышкандардын колдору ажырап экөөнү эки жакка көк муз көтөрүп чапты. Биринчи Кайнар тайгаланып эки буту асманга көтөрүлүп көмөлөнүп түштү. Ал тайгаланганда дагы жакшы асмандабай тайгаланып Бозоркан жыгылды. Бозоркан күлүп, Кайнарды колунан тартып тургузса Кайнар башын кармап турду.

– Ии башым, башым сынып кетти окшойт. Тоңуп турган башым ооруганы менен жылый эле түштү. Бозоркан Кайнардын башын карап, колун баскан жеринен колун алып, чөнтөгүнөн платочкасын алып чыгып, баса койду.

Кайнардын башы жарылып, кан чыгып кеткен. Ысыганы, тоң баштан жылуу кан чыкканы.

– Башым ий, башым, эмне болуп кетти бир паста.

– Чыда Кайнар, башыңдын кичине жери жарылып кетиптир. Азыр жүрү, тиги жердеги аптекага кире коёбуз. Тазалап, ак бинт менен таңдырып коёбуз.

Кайнар Бозоркандын колун карап, канап жатканын көрүп, анын камын көргөндөй канаган колун сооруп кирет. Кан токтотуштун амалы өңдү. Өзүнүн башын унуткаргандай. Бозоркан, колун тосуп турат. Эч нерсе болбогондой – Кайнар жүрү аптекага. Азыр аптекада жабылып калат. Экөө ээрчишип аптекага киришет. Жан деген таттуу окшобойбу. Бир паста көпкөндөрүн көк муз көтөрүп чаап, силкип салгандай. Кызуулук канга боёгондой. Канды көргөндө соолуга түшүшкөндөй. Кайнардын башынан кан кетти. Бозоркандын колу канады. Кан... Кан... Кан... Кан чыкты. Бири башын кармап, экинчиси колун кармап аптекага кирищти. Аптекага кирсе төлгөчүдөн бакшылыкка баш баккан Айымкан дары алып жатканын Бозоркан көрө коёт. Айымкан, Кайнар менен Бозорканды көрүп эле баягы жакшы көргөнү ушул турбайбы деп эле түшүнөт. Бирок, Кайнарды бир жерден көргөндөй,эсине жара чыкқырдыкы, эстей албайт. Кечке, Кайнарды тиктеп да эстей албайт. Бозоркан, Айымканды көрүп көп жылдап көрүшпөгөндөй кучакташып учурашат. Кайнар, жүзүн жашырат. Түштөн кийин... Эмнеси болсо да, көк муз, арактын көк жалдыгын силкип салды да. Эсине эми келгендей. Көчөдө, караңгы тамда Каман күркүрөйт болуп, эч көрбөс күркүрөп жүргөнү менен иши жоктой. Эмеле ошондой эмес беле. Элдики бүгүн көргөнүң эртең жок болсо... Булардыкы азыркың азыр жоктой. Минута да өзгөрүлүп тургандай.

Айымкан кантсе дагы ысырык жагып ысырыктап мусулманчылыкта эмеспи. Бозоркандын кирип келгендеги оозунан арак - коньяктын жыты буркураганын көрүп, бат чыгып кеткенге шашты.

– Айымкан эже кандайсыз. Ырас, жакшы болбодубу, эртең түштөн кийин сизге көрүнөйүн дегем.

– Кандай Бозоркан жакшы болуп калдыңбы. Баары жакшыбы. Жакшы жакка чечилдиби.

– Мына ушул. Мен айтып жүргөн кишим. Жакшы киши.

– Көрдүм. Баары жакшы болсо жакшы экен да. Жакшы болот.

– Айымкан Бозорканды үн чыгарып уялтайын дегендей оозуңан ичимдик жыттанып жатат дегенсип, колу менен оозун жаап чыгып кетти. Бозоркан да мусулманчылыкта жүргөн кишини түшүнгөндөй кол булгап коштошуп койду. Кайнарды көрүп, эс – учун жыйнай албай, бир жерге топтой албай Айымкан жолуна түштү. Бирок, ойлуу кетти. Арадан убакыт өтпөй Кайнар аппаккай кыз менен сүйлөшүп калган экен. Жакшынакай ак түстөгү аппакай ак халатын кийген кыз Кайнарды отургузуп алып, жарылган жериндеги башынын чачынын айланасын кыдарекейинен кыркып киришип калган экен. Кайнар, ал кыз менен сүйлөшүп арманын айтып калган.

– Ырас чоң кыз, силер түнү боюу жыйырма төрт саат иштегениңер жакшы экен. Минтип алгачкы жардам көрсөткөнүңөр да жакшы турбайбы.

– Ооба байке, биз биринчи жардамды көрсөтөбүз, бирок силер сөзсүз дарыгерге баргыла. Баш чайкалып калса жаман, кийин ошонун азабын тартып каласыңар.

Орто жолдон Бозоркан кепке аралашып кетет. Кызганып да кетти өңдөнөт. Анын үстүндө Кайнар дагы жардам көрсөткөн кызга берилгендей. Ал кыз эмне, эч

нерсе менен иши жок, өз ишин аткарып жатат. Ал аял – күйөөсүойлогондой, ичи тазанын сырты таза.

– Чоң кыз атың ким?

– Айпери.

– Анда Айпери камсана болбой эле кой. Кичине жери эле жарылган турбайбы. Бул баш нечен жолу жарылган. Жарылбай жүргөн баш беле. Ошондойбу Кайнар. Кайнарым бышык.

– Ооба алтыным, Ошондой. Ой чоң кыз, бизди кечирип кой.

Башын таңып жаткан Айпери сөздөн улам түшүнгөндөй башын ийкеп, экөөнө сүйлөгүсү келбей берчү жардамын берип жатты. Бозоркан да жөн турбастан колунун канап кеткенин көрсөткөнгө жетишти.

– Чоң кыз, кечиресиз Айпери менин колумду да таңып бересиңби. Эртең ким билет. Ырбап кетсе, ириң чаап кетиши мүмкүн. Кол – солдон айрылып калбайлы. Бир түндө.

– Эже, колуңуз эч нерсе болбойт. Азыр спирттен басып маздан сыйпап коёюн. Бирок, спирт сыйпаганда билесизда ачыштырат. Бозоркан Айперини какшыктагандай: – Алтыным, андан коркпой эле кой. Спирт менен эле жашап келеатабыз. Туурабы Кайнар.

– Туура. Сеники мен үчүн дайыма туура да.

Айпери какшыкты көтөрө албагандай Бозорканды чоң көзү менен бакырайып, кирпиктерин чачыратып, суурулган сурмасы менен карап коёт. Эмне карайсың дегенсип Бозоркан да көзүнүн төбөсү менен тиктейт. Бозоркандын көзү да чакчак эмеспи, төбөгө көтөргөндө акшыя түшөт. Байкуш кыздын жүрөгү да түшүп кетти. Эртерээк кутулунун амалын ойлоп бат – баттан Кайнардын башын ак бинттеп таңып, Бозоркандын колуна өттү. Бозоркан өзү айткандай спирт басса, кебелип да койгон жок. Айпери

спирт басып жатканда Бозорканды карап койду. Мурдун гана тырыштырган Бозоркан жалдырабай эртеле дегенсип кыр көрсөттү. Шашкалактаган Айпери тез жардамдык менен бүттү. Бозоркан Айперини карап Чоң кыз, кызматыңа канча аласың. Айпери үн дебестен, унчукпайт. Кайнар, жалдырама тийген Айперинин халатынын чөнтөгүнө миң сом салып чыгып кетет. Ага анча эмне бердиң дегенсип, Бозорканда чыгып кетет. Айпери, жаман адамдар деген ойдо калгандай экөөнүн жүрүшүн бир көргөн адам аныктагандай. Ал экөөнүн жашоосу... экөөнүн жыргалы... Жыргал жашоо...

***

Логика. Логика деген дүйнөлүк сөздүк терминди кыргыз кебине келтиргенде – сөз төркүнү. Өмүрдүн өмүр жолунда өткөн – кеткенде ушул сөздүк, кеп, көп кездешчү болду. Сөз сүйлөсө, кеп келгенде төркүнү эмне деген козголуулар козголот. Кыймыл – аракеттин төркүнүндө төркүн суралат. Төрдүн төбөсүндө сыйлуу отурган сымал сөздүн төркүнү да төрүндө окшобойбу. Төр төрүн бербейт.

Өмүр ушундай кыйналган кыйчалышкан оош – кыйыш өмүрлөрдө төркүнүн издегендей. Сөз төркүндө акчалуулар менен акылдуулардын бийликтегилер менен адамгерчиликтин ат салышы, жол салышы, байлыктуулар менен руханий дүйнөчүлөрдүн жүрүшү, ойлонткон турмуш маселеси. Адамдар адалдыкка эмес атын чыгаргандыкка жан үрөп калгандай. Жаратканым! Жанды атын чыгарганга эмес жаны барлар, жандууларга жардам берүүдө болуп жүрбөсүн. Жараткандын! – жан бергенин актап жатабызбы?

Айбаттын үйүр – үйүрү менен жашаган ынтымагын да, биримдигин да адам баласы кылбай калгандай. Топ -

топко бөлүнүп ыдырап бараткандай. Эки адам бирикпегендей. Жашоо, турмуш бузулгандай. Ажырашуулар көп. Ажырым бардай. Ар ким өзү менен алек. Алектенгени жеңил – желпилик. Кур бекер кур намыстуулук. Толгондук эмес аша чапкандык. Ашырып жибергендик. Оң, сол эмес. Жол жоктой. Бүдөмүк. Алып сатарлык. Адамды адам саткандык. Сыйлоо урматтоо алсырагандык. Алсыз күч алып жоопкерчилик жоголуп бараткандай. Ой көп аткарылбагандык. Ойлон... Ойлон... Ойлон...

Коммунисттик Партиянын мүчөсү, бир кездеги Улуу держава Советтер Союзунун Ленин орденинин ээси, Райисполком Галина Васильевнаны жолбун иттер тамактап өлтүрүп кеткенин кайсы бир журналист атын чыгарыш үчүн гезитке берерде, Өмүр чыгартпай алып калды эле. Сонун статья таап келгенсип, сүрөткө да тартып алган экен. Сүрөттө: Тамагы жулунган, кан аралашкан кызыл жаян орус кемпирдин өлгөн сөөгү. Тегерегинде жолбун түрлүү иттер, таш талканы чыккан таштанды. Ушул гезит бетин эмнеси менен коздойт. Көркүнө чыгарат. Эмнеси менен бул статья баркталат. Баркты ойлобой, барктуулукту ойлосо. Бааланбай, баалуулукту ойлосо. Атыңды эмес, атак – даңктуулукту ойлосо. Адам, адамды ойлосо... Андан көрө ошол Галина Васильевнанын өлүгүн жазам деген Алдан аттуу журналист тирүү кезин жазса эмне болмок? Өлүгүнө маашырканбай, тирүү кезин мактап жазса бир топ пайдалуу болмок. Пайда жагын ойлосок. Иттер өлтүрдү андан эмне пайда? Ит иттигине барды. Ит өлтүргөндү да жарыя кылабы. Ит итчилик кылды да. Ит адамды өлтүрдү. Адамды иттей көргөн үчүн итке жем болду. Ага ким күнөөлүү адам өзү. Эми жарыя кылганы турабыз. Кайсы жерден болсоң ошол жерден өлүм да буйурат турбайбы. Таштандыдан болсоң таштандыдан. Анын эмнесине... Эмнесине... Эмнесине...

Эмгекти баалабагандан уялсак. Өлүктүн тирүү кезинен баштасак. Өлүк эки күн турат ашып кетсе... Андан кийин түбөлүктүү жердики... Жердеги көккө көтөрүлбөйт. Жандууга жан киргизип, жансызга жан ачыйт. Өлүктүн тирүүсүн кеп кылсаң жан кирет. Өлүк дагы бир кезде жан болгон да. Жандуу болсок. Мунун баарысыӨмүр өз ойго баткандай анын логикасыдыр. Ой жүгүрткөн жүгүртмө сөз төркүнүдүр.

Айтмакчы, ал – күчкө толуп тургандан бетер Алдан кирип келип, кружкага суу ичип, статья жазганга киришти. Киришкени Галина Васильевнанын ит жеген өлүгү. Адам сөөгү. Алдан үчүн, эч ким көрбөгөн, билбеген жаңы сенсация. Мүмкүн сезбеген, сезимталдык жок болуп жүрбөсүн. Аны менен Алдандын иши канча. Көрдү, көргөнүн жазат. Буга ойдун кереги эмне. Көз көрүп турганга да ойлонуш керекпи. Көз көрдү. Көргөнүн жерге калтырба. Сүрөттөрдү улам – улам карайт. Көздүн каныгын калтыргандай... Көз канымы кызыл жаян иттин тиши. Бирөө угуп калбас далбастоо. Ал биринчи жазып, биринчиликке ээ болуу. Мактоо да алыш керек. Премия.

Өмүр басып баратып кесиптеши Алдандын жазып жатканын көрүп калды. Галина Васильевнанын фамилиясын окуп калгандан кийин ичинде жаман ойу жок сурак кылды. – Ой, Алдан! – Сен бул орус кемпир жөнүндө эмнени жазып жатасың. Байкуш жакшы кемпир болчу. Билем муну. – Өмүр билсең, ушул кемпирди иттер жеп кетиптир. Жегенде да тамагын кекиртектен сууруп алыптыр. Иттин тиши укмуш экен.

Алдан сүрөттөрдү Өмүргө көрсөтөт. Өмүр сүрөттөрдү карап, жийиркеничтүү көз караш менен Алданга кайра берет. Сүрөткө кандай жийиркенсе, кесиптешине да ошондой көз караашта. Душмандык эмнеден келип чыгат. Ушундайдан. Өмүр душман болгусу келбесе да Алданды

душман катары көрдү. Алдан душман. Душмандыгына салып Өмүрдү душит эткендей. Кысып салгандай. Кысымга алып келгендей. Душман... Душман... Душман... Тирүүнүн эмес өлүктүн душманы...

Адамдын өлүгү аркылуу сенсация көтөрүшү көтөрүмдүн кылган кылыгыдыр. Алдандын алды – артын карабай жазып жаткан жазымышына, Өмүр наазазы болгондой. Жөн койгусу келгени менен түпкүрүндөгү жүрөк өйүшү жол бербейт. Жүрөгү чыдабайт. Уяты чыдабайт. Эки бетинин кызарып чыкканы кызуу кандуулукка алып барбаса болду. Ушуга да бара турган болуп калды. Өмүрдү "сен эмне карап турасың, мен карайлаган байкушту кара жерге да жөн жаткызбай кара жанымды каралаганы турасыңарбы, тирүү кезимде эле жаман көрүнгөнүм жетиштүү болду эле го, эми өлгөндө өлүгүмдү жазып, жайылтып мөөрөй аласыңарбы, жок дегенде сен токтотпойсуңбу" – дегенсип Галина Васильевна карап тургандай тызылдап жиберди.

– Алдан алдагы орус кемпирдин өлүгүн жазып алып эмне кыласың. Болор иш болгон турбайбы.

– Жок, Өмүр, муну иттер тиштегилеп өлтүрүшүптүр. Бул деген наадандык. Адамды ит жеп жатат. Эл билсин. Эл уксун. Ушундай нерсени жерге калтырбай жазып чыккан журналистти да билип калат. Ушундайдан журналист экенибизди билдиребиз. Биз жазбасак, ким жазат. Сөз эркиндиги деген бар.

– Алдан сен! Өлгөн кишини жазып эркиндигиңди билдиргиң келеби? Сөз эркиндигиң бар болсо тирүү кишини жаз. Кыйын журналист кыйын киши менен күч сынашат. Кароосуз калган жансыз денеге эркиндигин көрсөтпөйт.

Алдан Өмүргө ачуусу келет. Мурдунун учунда турган ачуусу менен Өмүргө асылат. Көзү – башын алаңдатып, өңү бузула түшөт. Каш – кабактын ортосунда бырыш

быжырап үйүлө калат. Өмүрдүн катыгын бергенге умтулат.

– Өмүр, сен мени менен ишиң эмне. Өзүңдүн кылар ишиң жокпу. Боштуктан эмне кылаарыңды билбей жатасыңбы?

– Алдан, сен өлсө дагы адамды жазып жатасың. Адам кандай өлбөсүн ал адам боюнча калат. Алдагы кылып жатканың Алдан туура эмес.

Өмүр сөзүн сүйлөп жатса, кулак салбагандай ызырынып мушташкыдай. Анын түшүнбөй чамынып калганын сезип теңелбей чыгып кетүүнү чечти. Колун булгап Алдандын сөзүн уккусу келбей чыгып кетти. Ага айткан кайран сөз. Акылдуу сынганга акылдын кереги жок. Нары жагынан жок болсо, кантип кыласың. Кудайга салды андайды. Жыргаган жашоосунан Галина Васильевна иттерге жем болуптурбу? Тирүүнүн иттери... Өмүр, өмүрдөгү түшүнбөстүктөргө капа болуп, кийип турган баш кийимин жерге чапкысы келет. Чапкан менен эмне пайда. Баш кийимде  эмне күнөө? Башы иштебегендер менен ат жарыштырып эмне кылат. Алардын кылаар иши  өздөрү үчүн туурадыр. Ит жесе, иттерге салып берген "өкмөтүм багып алат" – деп жаткан Галина Васильевнанын өкмөтү күнөөлүдүр. Эски адам да ишенип жашаган. Азыр эгемен жылдын жыйырманчысында өкмөткө да киши ишенебе? Өкмөткө ишенсең жанагинтип арам өлөсүң. Итке, кушка жем болуп. Андай өлүмдөрдүн канчасы дейсиң. Райисполком эмес Обком  болуп кет! Сени менен кимдин иши бар. Заман башка.... Заманың менен куркур... Куу чирендердин заманыбы?

Өмүр дагы кейиди. Кейигенде да каттуу кейиди. Анда бир адам Алдандын кылыгына кейисе, эми көпчүлүккө кейиди. Көпчүлүк түшүнбөгөнүнөкапаланып, өзүн жалгыз сезип кетти. Галина Васильевнаны ал эле түшүнүп,

эмне үчүн башкалар түшүнбөйт? Кызык, кызуу кандуулук. Галина Васильевнаны иттер жеген статьясы үчүн Алданга гезиттин башкы редактору Түлө Зулумов акчалай сыйлык, кезектеги Министрдин Ардак Громатасына көрсөтүп коюушуптур. Албетте, мындай нерсени уккан Өмүр жашаган жашоосуна нааразы болуп, күйбөгөн жери күл болот да. Көптүн бири. Заман эмне болуп баратат. Өлгөн киши: – итке жем болгон адамды: – жазган журналист баркталып баасы көтөрүлүп жатса... Кайсы эмгеги үчүн? Аны иттерден сактап калса бир жөн... Анда түшүнсө болот эле... Түшүнбөйт. Түшүнүксүз. Эмне деген жорук? Жоругуң жолдо калсын. Итке салып бергенден кайра уялыш керек го... Же андай эмеспи... Жолу кандай? Жол жобосу эмнеде? "Баары түшүнүп бир гана мен түшүнбөй жатамбы? Баары акылдуу мен түшүнбөй жатамбы? Баары акылдуу мен акылсызмынбы? Деги көпчүлүк каякта? Мен каякта? Кайсы жерде жүрөм? Жүргөн жерим каякта? Алар каякта? Мен каякта? Иттерге желген адам чынында" эле сенсация болдубу. Таштандыда өлгөн аялдын тагдыр жазмышы жарыяланды. Элге жазылып жар салынды. Жар салганына жар – жар айтылып Министрдин Ардак Громатасын алмак болду. Ич күйгөндүк. Ит жегенди жерден көтөрүп асмандаткан Бөрүнүн заманы" – деп Өмүр өзүнө – өзү суроо берип, кайра ага жооп издеп, таба албай кыйналып башын жерге урду. Жалгыздыгына кейиди. Түшүнөөр адамын таппаганына жол болсун.

Ушундай жүрөк оорусунан Өмүр, жаңы адамды тарбиялагысы келет. Ошондойунан жаштарга жол көрсөтүп алар менен жолдош, дос, курбу – курдаш болууну эңсейт. Заман закымынан заманды оңдогусу келет. Келгени менен кээде жалгыз. Марат, Акниет өңдүү окуучулары менен сүйлөшсө жан жыргап калат. Анткени, алар Өмүрдү угат. Ага ишенет. Аны күтүшөт. Анын жолун, жол көрсөтмөсүнө

дилгир. Дитин коюушат. Ушундай аркасынан келеаткан муунду издейт. Из калтыргысы келет. Муун жиликтенбей муун – муун болуп кетсе. Адам адамды унутуп акчага азгырылган заман. Азгырык жеңил – желпи, жеңил түшүнүк. Жең ичинен кирген "кирдик". Ак, кара ажыратылбай түс таанылбайт. Таанызбасты сыйлабас. Сый кетти. Сыйлоо жок болуп бараткандай. Урматың болсун.

Бир жолкуда Бишкек шаарынын борбордук көчөсүндө жайгашкан Токтогул Сатылганов атындагы улуттук Филормониянын чоң залында Кыргыз телеберүүсүнө элүү беш жылдык салтанаттуу маареке өтүп калат. Салтанаттуу жыйынга Өлкө башчысы башаган Өкмөт башчы анын толук мүчөлөрү, улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов көч башында турган акын жазуучулар, маданият кызматкерлери, коомдук ишмерлер, интеллигенция, массалык – маалымат каражат өкүлдөрү катышат. Гезиттин башкы редактору Түлө Зулумов, Алдан, Өмүр болуп катышып калышат.

Ошол майрамда да Өмүрдүн көөнү айнып жүрөк оорусун козгогон эле. Козголгон себеби, анда да жалгыздык башына келгендей. Жалгыз өзү гана баарын сезип, башкалары сезбей калгандай.. Каңырыгы түтөгөн. Жаман адамдын атын дагы атагың келбейт. Жаман, жаман бойдон эле калсын. Жамандыгы өзүндө калсын. Бирок, өздүгүн айтып коюш керек го. Байкап алганыңды кантип байкамакка саласың. Кадыр – баркты баалап алыш керек. Эл баатырын билгени менен аны коргой албайт. Дайыма өмүр менен өлүм кармашкандай, руханий дүйнө менен каражат дүнүйөсү ат салышып келгендей. Адамгерчилик менен акчабай атаандаштыкта жүргөндөй. Акча азгырат, алдайт. Адамгерчилик адамга үн салат. Адам бол. Акча эмне, адамдан алыстатып, пулуң болсоң кулуңмун дедирет. Ээрчитет, эрмектейт. Адамгерчиликте бирөөнүн

эмгегин жебеген эмгек. Акчада бирин эки кылган эптеп кетмей. Акча адамды сатат. Сатуу. Пулдап коюу. Бийликти алып келет. Бийлик басат. Элитага акчалуулар айланды. Көздөрүн май басып элди көрбөй калганы менен элита деген атка конуп калышкан.

Жамандын жамандыгын көрүп өзүң уяласың. Уят кылды. Уят кылат. Жон топ элдер, ошол эле Министрлер, байлар, бийликтегилер жан сакчылардын жанын койбой, алардын көздөрүн алаңдатып Өлкө башчысы менен кезек – кезеги менен шатыратып сүрөткө түшө башташты. Өлкө башчысынын жан сакчылары өздөрүнүн жандарынан эмес шефинин жанынан коркуп жаткандай. Анткени, алардын милдети. Талап ошондой. Сүрөткө түшүү кезеги гезит редактору Түлө Зулумов, Алданга да келип калгандыктан жанталашып барышып түшүшөт. Бири – бирине бергиси келбей. Жанталашкандар. Өлкө башчысы да манчыркап жөн койгондой. Кээбирлери кулагына кулак кагыш кылып шыбырап кеткендер да болуп жатты. Өлкө башчысы сыртынан калп күлкүсүнө салып коёт. Тимеле асмандан түшкөн адам. Бийлик, байлык, ажону кудай кылып койгондой. Сүрөткө түшкөндөр кудайындай көрүп алышкан. Өмүр, эмнегедир Өлкө башчысы менен сүрөткө түшүүгө кызыккандай эмес. Жүрөгү тартпады. Жүрөк тартпаган жерге басып баргысы да келбейт. Ал анын кыялына жараша. Көпчүлүктөн өзгөчөлөнгөн ошондой кыялы бар. Кыялың менен десе... Ары жакта төрт – беш акын жазуучулар менен сүйлөшүп турган улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовду көрүп калып, Өмүр жоктон издегенин тапкандай сүйүндү. Көрсө, Өмүр, улуу адамды издеп жүрүптүр. Ал Чыңгыз Айтматов Улуу жазуучунун жанына барып, сүрөткө түшүүнү суранып Чыңгыз Айтматов менен сүрөткө түшөт. Улук болсоң кичик бол. Улуу адамдын жөнөкөйлүгүн ошондо көргөндөй. Өмүр, сүрөткө

түшкөндөн кийин, акылына эми келгенсип эл, айланасына үйүлө баштаганда салтанаттын коңгуроосу кагылып кирип кетишти. Жалгыз өзү улуу инсан менен сүрөткө түштү. Кийин жалгыз жөрөлгөсү, жакшы жөрөлгө болду. Өзүнүн ойлогон ойу ишке ашты. Бирөөлөрдү туурабай өзүнүкү менен жүргөнү утту дейм. Жакшы тилек жарым ырыс. Жалгыз болсоң дагы тилегиң жакшы болсо оңунан чыккыдай. Кийин Өлкө башчысы менен жон топ адамдар сүрөткө түшкөнү менен ал сүрөттөн чочулашып айрып салганга үлгүрүштү. Айрыганга шашышты. Саясат сайгактагандай. Ошол эле гезиттин башкы редактору Түлө Зулумов кабинетинин төрүнө илип алган Өлкө башчысынын сүрөттүн өрттөп салды. Кошо түшкөнүн кошо өрттөдү, аны бирөө көрүп кала тургандай шашты. Алдан, андан бетер болду. Канча киши ошол сүрөттү өрттөдү болду экен. Ким менен сүрөткө түшүүнү да билүү керек окшойт. Булардын түшүнө кирип корккондору, ошондогу ошол Өлкө башчысы өз өлкөсүн таштап, элинин каарына, каргышына калып, артын карабай качып кеткен. Анан, мындай каргыштагы киши менен ким сүрөткө түшсүн. Сүрөттөн айлансын... Тытылды, айрылды, жоголду, өрттөндү. Гум – жам болгон сүрөттөр.

Тилеги жакшы экен. Өмүр, улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов менен сүрөткө түшкөн. Азыр ал сүрөт үйүнүн төрүндө. Төрдөн түшпөйт. Жалгыз, жалгыздык кылбайт. Эгер ал адам да ой – тилек болсо... Бир гана өкүнүч, сүрөттөгү улуу адам Чыңгыз Айтматовдун көзү өтүп кеткени.

***

Көр. Караңгылык. Күндүн өткөнү кеч күүгүмдөн, аткан таңдан билингидей. Караңгы кирип жарык чыккандан. Түн менен күн алмашкандан. Чыгышынан чыккан күн батышынан батып ай чыкканынан күн өтүп, ай жаңырат.

Күндүн көзүн көрбөсөк күндүн өтүп жатканын деле билбейсиң. Бир гана төшөккө жатып "эртең эрте тур" – деген сөздү укканда караңгы түндү туясың.

Акниет кулак менен укканда гана кеч киргенин билет. Анан эмне кылсын көзү көрбөсө. Көрдүн азабы көр... Караңгы түнкү саат беш. Акниет каттуу уйкудан чочуп ойгонуп кетти. Ойгонору менен башын кармап, терисин аарчыды. Кара терге түшүп калган. Жаны кыйналгандай, чочуп ойгонгонуна караганда, жаман түш көргөн, же ооруп калган. Бир маалда бүткөн боюу титиреп, ичин басып ыйлап жиберди. Коркуп кеткендей. Акырын дубалдарды кармалап апасына жетип барды. Апасын жаны чыкчуудай жанталашып түрткөндүктөн Гүкүн да чочуп кетти.

– Кызым, эмне болду.

– Апа, коркуп жатам. Чочуп кеттим. Албарсты басты. Араң ойгондум. Уйкум качып кетти.

Акниет жаш баладай апасынын алдына жатып алып ыйлап кирди. Гүкүн кызынын башын сылап соороткондой. Ичин кармалап чочуп ыйлайт. Ичи кыймылдайт. Кыймылдоосун токтоткусу келип ичин эки колу менен бекем басып алат. Ичинин басканын көрүп Гүкүн коркуп кетет. – Кызым, эмне ичиң ооруп жатабы?

– Ооба ичим ооруп жатат окшойт.

– Сокур ичеги болуп калган турбайсыңбы? Бурап ооруп жатабы? Кайсыл жагың? Сол тарабыңбы? Оң тарабыңбы?

– Ооруганы деле билинбейт. Ичтен бирөө тепкилегендей болуп титиреп жатат.

Гүкүн Акниеттин сөзүн укканда, жүрөгү көптөн бери сезип жүргөнү чын чыккандай, кызынын ичи тепкилесе, энесинин жүрөгү тепкилеп болк – болк сокту. Колу менен ичин басып, эми ынанды. Кызынын алты ай боюнда бар. Ичтеги бала жетилип, тепкилей баштаган. Көзү сокур

Акниет ичинин чоңойуп баратканын кайдан билсин. Көзү көрбөсө... Өзүмдү көтөрө албай семирип кеттим деп койчу. Анда – санда бир нерсени сезгендей ичин кармалап коёр эле. Ичтеги сыр эми ачылмак болду. Ачыкка чыкпаса болбойт.

Кызынын жүрөгү түшүп калган. Кыз баланын үч күндүк "этек кирдиги" үч ай келгенден кийин эле дароо токтоп калган. Боюунда болгондон токтогон. Көзү көрбөгөн Акниет ичтеги сырды кайдан билсин. "токтогонуна" сүйүнүп койгон. Жүдөгүсү келбесе керек. Көзү көрбөй кордук тартып калбадыбы. Кыз баланын ушунусу жаман экен. Жүдөөнүн иши десе... Иштин баары ичтен сызып ичте жатат.

Гүкүн колу менен бекем басып алган Акниеттин колун ичинен алып, ичин акырын сыласа, ичтеги эки жакка итерет. Сокур кызынын боюунда болуп калганына кейигени менен ичтеги балага да,сүйүнүп да коёт. Кейигени, кантип төрөйт? Кантип багат? Атасы ким? Сүйүнгөнү кызынын баласы небереси да. Болгондо да биринчи небере. Гүкүн акырын ичин кармалап, ойго баткандай. Дымы чыкпай калган апасына Акниет үнүн каттуу чыгарып жиберет. – Апа! Эмнеге ичим титиреп жатат. Эмне, жинди болгону калгамынбы? Нервтен эмеспи? Эртең доктурга барып көрүнөйүнчү.

– Жок кызым! – Антпе. Доктурга барганы эмнеси. Эл эмне дейт. Болоор иш болду.

Гүкүн оозунан эмне сөз чыкканын өзү билбей калгандай. Намыстуулук келип ардангандай. Кызы тууп алыптыр деген айылдын сөзү жаман да. Айыл жеринде. Айылдагы сөз дароо ааламды курчайт. Кыргыз намысында бозуган кыз атасынын төрүндө отурбайт. Кимден бозуган? Кандай ачуу сөз. Айылдан мурун атасы укпасын. Атасы укса сокур кызын сокурлагуна карабай эшикке

айдап чыгарып коёр. Дагы жакшы, бүгүн атасы жылкыларын караганга тоо тарапка кеткен. Атасы бар да жанагинтип түн ортосунда ыйлап кирсе эмне болот эле. Атасы эмес, Гүкүн кызынын өзүнө угуза албай жатпайбы? Гүкүнгө кыйын болду. Бул дагы бир шордунун шордусу экен... Эмне кылат? Кызына кандай кылып угузуу керек? Мындай да акылга келбей амал качат. Амалы жоктугу... Куркурду кууратпадыбы? Дубал кармап бир башын алып жүрө албаганга баш кошулуп. Эки башты кантип алып жүрөт? Кантип багат? Чунак кыз, эмнеге ойлогон эмес. Акылынан адашканбы? Акылы ордундабы?

Гүкүн кызына угуза албай жатып, урушканды да ойлоп кирди. Ары жок десе. Ары жок кишиге айла жок экен. Кайра өзүн да урушуп, башын мыкчып турган кези. Жардам берер киши жок. Өзүнөн башка эч ким... Кызынын көңүлү баарынан бийик болуп турат. Оорутуп алышы да мүмкүн. Ага ушундай оор тийет. Анын бетин ары кылсын. Ичтеги баланы угузуу Гүкүндүн колунан келгидей эмес. Угузса да бүгүн, азыр эмес. Бирок атасы келгичекти Акниет бала күтүп жатканын билиши керек. Атасынын көзүнчө угузуп алып бир балекет болбосо болду. Анда да ичин басып кирсе, атасы дароо эле бетке айтып, кыйкырып чыгаары бышык. Ал аны кылат. Бүгүн бышыктап ыйлаган кызынын чочуганын, ыйын басуу. Көзүнө карайлап жатып, көзүн караган кызына, окшошконго мушташкан болуп жүрөк оору да кептелбедиби. Түйшүккө түйшүк кошулду. Деги таң атсынчы.

Күткөн, таң дагы атты. Гүкүн кызынын бирде башын сылап, бирде ичин сылап уктаган жок. Эне да. Акниет энесинин алдына жатып, тынч уктап кеткендей. Энеге башын койгон буту, сылап – сыйпаган колу шыпа бергендей шылк уйкуга кеткендей. Акниет, ойгонуп чачын кармалап, артка колу менен тарап жатса, ичтеги да ойгонгон

окшойт, тепкилеп кирсе болобу. Акниет чочуп селт эте түшкөндө. Гүкүн кызын кучактап токтотуп калды. Эми кызын чочутуп боюунан түшүрүп алгыдай. Айтпаса болбой калды өңдөнөт. Акниет ичи чөндөйгөнү менен өңдөн тайып, жаагы узарып, бети карарып арыктап да кеткен. Анча – мынча бетинде кичине кара тактар да пайда болгон. Эгер көзү көрсө, небак өзү деле боюунда болуп калганын билип калмак. Ушунча дене мүчөң туруп, кудайым көздөн айрыбасын. Көзгө басар мүчөң көз болот тура. Көрбөгөндүкү көр экен да... Көзү көрбөгөндүктөн ичиндеги баласы тепкилесе да көрбөгөндүк кылып жатпайбы, шордунуку десе. Шордуу кыз. Башына бирөө балта чапкандай мүшкүл иш түштү. Бирөө дегени, тагдыр көзүн көрбөс кылып таңып салганы аз келгенсип, ичине дагы бир баш баланы байлап койгонун айт. Өз жанын бага албай жатканда дагы бир тирүү жанды башына салып койгонун. Башка баш кошулуп кош жанды кантип көтөрүп кетет, тиги көр байкуш. Адамдын боору ачыганчалык эле бар. Жанындагы Гүкүн энесинин айласы кети, амал качты. Таңды күттү эле, таң атмак турсун, чыгыштан чыккан күндүн нуру күчүнө кирип, адам жүзүн куйкалап жиберчүүдөй болуп, караган көздү уялтып каратып койбос. Эми эмне болду? Күткөн күнүң келди дегенсип, күн дагы бүгүн чайыттай тийди. Тийгенде да көзү көрбөгөн жанды эмес, көргөн жанды дааратаар койбос. Күндү тикке карай албайсың, көзүң уялат. Жаратылыштын күнүнөн уялганың жакшы, адамдардан уялганың жаман... Башыңа ишиң түшкөндө адам жаман... Адам, адам алдында уят болбосун. Андайды адам оңойу менен көтөрө албайт. Андайда адамдын өзүнөн сөзү жаман... Көзүңө келип кеп айтса да жакшы эмеспи, көтүнөн кетип сүйлөнө бергени жаман... Адамды кеп кечирет, сөз жеп салат. Эл эмне дейт... Кептин баары ушунда... Акниетке ичиндеги баласын айтуудан

мурун, айылда болуп жатканында... Гүкүн чымырканып кеп салганы менен Акниет баласын алдырып салам деп чыр салсачы. Анда кандай амал кылат. Азыркы жаштар эч нерсени көтөрө албайт. Кызынын башына келген тагдыр, эне байкуштун башына да жүк түштү. Түшкөндө да оор түштү. Эр болсоң көтөрүп көр. Мындайды эне гана көтөрө алат. Акниет да энесине гана ишенет. Эгерде энеси болбогондо небак эле асынып алмак. Караңгы түндүн айынан ушундай ойго келгени да бар. Чындык, Акниет үчүн бир гана караңгы түн бар. Күндүзгү күндү көрбөсө эмне кылат. Күндүн чыкканын көрбөгөн Акниет...

Гүкүн кызынын ичин сылап, ичинен "башыңа түшкөн тагдыр ушул" – деп койду. Өзүнө күч келгенин сезип, көзүнөн жаш куюулду. Бакырып ыйлагысы келди. Кызын кучактап, аны да ыйлаткысы келди... Жүрөгү кысылды. Бир аздан кийин кысылган, кызыган жүрөк алданып муздак шамал жүрүп жел уруп кетет. Бир калыпта урган жүрөк, калыптагысын жоготуп аркы – терки, бирде бат, бирде жайлап токтоп да калчудай. Жүрөк токтоп калса кимге жаман. Акниетке жаман. Ал шордууну кимге таштайт. Кантип таштайт. Эне байкуштун жүрөгү токтосо, төрөт алдында турган кызы эмне болот? Гүкүн кантип Акниетти таштап салат. Кудайдан сурап: жүрөгүн кармап бир калыпка салгансыйт. Жаратканым! – эненин сөзүн уккансып, кызы үчүн жүрөк оорусун токтоткондой. Кудайымдын кулагы, эненин жүрөгүн тыңшап, көзөмөлдөгөндөй. Көрдүн , көргөн күнү эмне болот? Гүкүндүн ылдам соккон жүрөгү жайлап калган соң, эмнегедир эненин сезими ойгонуп, жакшы ой келди. Ал ойду кудайы билгендей болду. "Кудайымды ойлосоң, Кудайым берет" – деп да жиберди. Аны уккан Акниет энесинин кыйналганын сезгендей. – Апа, сизге эмне болду. Кудайлап жибердиңиз го.

Апасынын бышылдаганын угуп, колу менен көзүн

кармалап, ыйлап жатканын билет. Бала, энесинин ыйлаганын кайдан билсин.

– Апа, сиз ыйлап жатасызбы? Эмнеге? Мен сизди кыйнаган кыз болдум. Мени каякка алып барып койсоңор болот. Атайын сокурларды караган жер барбы? Бая күнү ушуну Өмүр агайымдан сурап калбаптырмын. Аттиң десе...

Гүкүн кызынын зээни кейип кеткенин сезе коёт. Боору ооруп, бооруна кысты. – Кызым, Өмүр агайың эмнени чечет. Анын өзүнүн жолу, турмушу бар. Сен өз алдыңча бол. Сен деген чоң кызсың. Атаң экөөбүз сага ишенебиз. Сен бир мүчөңдөн айрылганың менен алты саның аман. Башкысы, башың иштейт. Акылдуусуң. Сага кызым бир окуя айтып берейин.

Окуя. Төрөлгөндөн эле адамдан башкача колу кыска болуп Кымыран аттуу бала төрөлөт. Ата – энеси колу кыска төрөлдү деп молдолорго алып барса Койчу аттуу молдо баланын атын Кымыран койгон экен. Койчу молдонун айтуусунда Кымырандан баатыр төрөлөт деген экен. Ата – энеси сүйүнүп баланы үйүнө көтөрүп келип түлө өткөзөт. Түлө күнү чакырган адамдардан сырткары адамдар келе баштагандыктан, бир жандык малдын аркасынан торпок сойгонго туура келген экен. Кебинде, тууган – туушкандар да адамдарды кошуп алып келе берген окшобойбу. Ошончо элге ошончо тамак кетет да. Көпчүлүк болуп кеткендей. Кымыран дагы түлө күнү элден уялгансып, бир үнүн чыгарып ыйлаптыр.

Койчу молдо баланы элге көп эле көрсөтө бербегиле дегендей көрсөтмө бергендей. Элге Кымыранды көрсөтпөптүр, бирок бала түлө деп айтышты да. Көпчүлүк болуп кеткендиктен түлө, тойго айлангандай. Ошол түлөдөн кийин Кымырандын ата – энеси да тууган – туушкан, айылдаштары, достору менен катышты үзбөй калыптыр.

Карым – катнаш, катыштары жакшырып да калыптыр. Бала төрөлгөндө катыш башталган. Түлөнүн батасы тийгендей. Кыргыздын түлөсү көпчүлүктөн, элди, журтту чакырып бата алат. Ак батаны ак сакалын жайкалткан көпчүлүктүн улуусу бата берет. Үйгө келген канча адамдын колуна суу куйсаң, ошончо ак жол каалаган бата аласың. Ак бата деген калктын каалоо – тилеги. Тилек арткан жакшы эмеспи. Ак баталуу адам баласы абирдүү, адептүү болот. Ошонусу менен бата тийди делет.

Кыбыраган кырды ашат. Кымыран жүрүп – отуруп эрге жетет. Тубаса төрөлгөндүктөн колу кыска болуп чоңоёт. Кымыран колу кыска экенин жети жашында билет. Мектепке барып коомго аралашканда сезип, ыза болуп ыйлаган күндөрү да болот. Бирок, колу кыска күндөрүн эрктүүлүгүнөн, өжөрлүгүнөн жеңет. Мектепти жакшы окуп кызыл аттестат менен бүтөт. Колу кыска болгону менен колуна жараша манжалары бар. Колу костьюм, пальто, курткаларынын чөнтөгүнө жетпейт. Кудай таалам, тубасалыкты берген тура. Билими менен алектенген Кымыран колу кыска экенин деле унутуп калгандай. Өзү кандай болсо, ошондой сезет. Өзү менен өзү иштеп алып жүрүүсүн көндүрөт. Анын максаты жакшы окуу, билими менен жеңүү. Жеңилбес күчкө айлангысы келет. Жаңы чыккан техникаларга кызыгып Жогорку окуу жайдын технология бөлүмүнө тапшырып окууга өткөн экен. Замандын адамы технолог болгусу келет. Өзүн гана эмес колун узартып заман менен да күрөшкүдөй.

Кийин эч нерседен тайманбаган күрөштүн үстүнөн күрөш менен жүргөн Кымыран акылдуулугуна, билимине көз арткан кыздар чекесинен чыга баштайт. Кымыран кыз тандоосунда калат. Ойун токтото билген, токтоо, бир салмактуу оор басырыктуу Кымыран жактырган кызы менен турмуш куруп жашап калат. Төрт баланын атасы

болот. Балдары колу – буту узун эле төрөлөт. Өзү кызматта иштеп, кыска колу көзгө көрүнгөнү гана болбосо, колу узарып Министрлик кызматка чейин көтөрүлүптүр.

– Көрдүңбү кызым, кудай таалам сынап берет. Сынды көтөрсөк колу кыска экенине карабай колу узарат. Кол узарганы ошол да бапыраган балдарың болсо. Анысы сыңары сенден да көздөрү бакырайган кыздар, балдар төрөлөт.

Акниет апасынын айтып бергенине ынанганы менен төрөлгөн балдарга келгенде "мен кайдан балалуу болом" – дегенсип көңүлү чөккөндөй. Гүкүн көңүлүн көтөрүү үчүн, ичиндеги баласын айтууну туура көргөндөй. Окуяны да айтууга жолдоп айтып бергендей.

– Кызым, жанагы окуяны сага бекер айтып берген жокмун. Ал окуя чындык. Ал Министр азыр деле бар. Кийин, мүмкүн сен деле кызматта иштеп калсаң жолугасың.

– Апа, мен аны айткан жокмун. Ал эркек киши да. Аял кишинин майып болуп калышы кыйын экен. Мен майып, сокурду алып, ким балалуу болмок эле.

Акниеттин көр көзүнөн бир заматта көз жашы көлдөй төгүлөт. Төгүлгөндө да, көптөн бери чогулуп, уюулуп калгандай мончоктой уюлуп жаш кетет. Төгүлгөн мончок жерден жай алгандай. Айтаарга сөз таппай жаткан Гүкүн айтпаска болбой калгандай. Сүйүнөбү – өкүнөбү, кубанабы – ыйлайбы дагы эле болсо бүдөмүк бойдон. Гүкүн кызын адатынча бооруна кысып: – Кызым, сенин ичиңди тепкилеп жаткан жандуу жан. Жаныңды! – тынч койбой тепкилеген да ошол.

Акниет чочуп: – Апа, эмне деп жатасыз. Менин балам бар бекен?

– Ооба кызым! – ал ичиңдеги сенин балаң. Жан кирип тепкилеп калыптыр. Балаңа жан кирип калган тура . Тебинип тепкилегени ошондон.

– Апа, менин балам бар экен да. Байкушумду өлтүрүп коё жаздадым. Ичимди бекем басып жатпаймынбы.

Уккан кулагына ишенбей Акниет, бала деген атты укканда сүйүнгөнү менен өңү кубара кумарсана түштү. Бир паста баарын ойлоно калгандай. Муну уккан Марат эмне дейт? Эртең бүрсүгүнү атасы келет, ал эмне дейт? Айыл эмне дейт? Кантип атасынын төрүндө төрөйт? Көзү көрбөсө кантип төрөйт? Баланы ким багат? Баланын көргөн күнү эмне болот? Апасы кыйналат. Өзү аз келгенсип апасын да түйшүккө салат. Көзү көргөн кезинде сүйүүсүн тандап, сүйүүгө батканы менен көр кезинде төрөп жатпайбы. Төрөгөнү менен баласын көрбөйт да. Көрбөйт... Көрбөйт... Көрбөйт... Эмне кылуу керек? Баш маң. Баш жетпейт. Мээ иштеткени менен пайда жоктой. Бала төрөлгөнү менен балакет. Жан жарыкка чыкканы менен жанды жерге киргизгендей. Жан таттуу – ачуу... Жашоонун ак карасын карачы. Кереги жок десең, бала келечек. Эгер Акниет бул баласынан айрылса, армандуу күн арбап келет. Армандуу күн күч алып, ал --күчтөн тайытып, тайгак жолго туш кылып, тайгак тагдыр күтүп турат. Мөлтүр көк муз каптап баш – аягы муздап жүрөктү муздатат. Жашоо жыргалы, жыты жытталбай, жыты ургурдуку болуп кетет го. Баласын алдырып салса жалгыздыкты ошондо башына кийет го. Мындан айрылса экинчиси болбойт. Кесир кылсак кесирлик минет. Эне болгуң келсе бала төрө. Аны жытта! Эмизип ак сүтүңдү бер. Ак сүттү болгондон кымбат нерсе барбы? Кыйналганың менен: Сен! – эне болосуң. Адам болуп адамдуу болосуң. Эмне үчүн Өмүр агайы ичин кармалап койгонуну Акниет эми түшүндү көрсө Өмүр агайы билген тура. Ошондо да баласын уккандай кумсаргандай кумсарган эле. Агайы, Маратка бала күтүп тургания сөзсүз айтты... Ал мындайды жөн койбойт. Мындайды жолго таштабайт. Демек, сүйгөнү келет. Эгер ал кеп

кылганындай сүйсө... Сүйүү араласа... Эгер сүйбөсө качат... Бирок кечигип баратат. Кеч болуп кетпесе экен.

Акниет ушунун баарын ойлоп чыкты. Саат жебесиндей жылып, анын үнүндөй чыкылдап мээ кайнаткандай. Ой басты. Балалуу болуш да кыйын окшойт. Энесин карап боору ооруйт. Ичинен "Апам байкуш эле менин азабымды тартмак болду" – деп коёт. Гүкүн көпкө ойлонгон кызын эмне айтаар экен деп күтүп тургандай. Кызынын бактысын ойлоп, жинди болуп кеткидей. Санаа саргайтып жибергидей.

Акниет үн катты: -Апа, мени кечириңиз, сиз экөөбүздү кандай күн күтүп турат?

Гүкүн эмне дерин билбей: – Кызым, эч нерсени ойлобо, балаңды ойло, балалуу болбогондор канча дейсиң, сенин эми жаныңда жандап баскан балаң болот.

Апасынын ушул сөзү жаккандай. Акниет кубанып,- койнуна кубанычы батпагандай сүйүнөт. – Апа туура айтасыз, ичимдеги биринчим кыз бала болсо экен. Менин колума кол болуп колумду жана сиз айткандай узартсын. Мага дагы бала бериптир. Апа ойлонбоңуз, мунун атасы Марат. Көзүмдүн тирүүсүндө ага ачык сүйүүмдү арнагам.

Акниет, энесинен уялбай сүйлөп жибергени, ичинде бышып турганы бышып жетилгендей. Кымтылбай сыртка атып чыккандай. Ачык сүйүүсүн ачыкка чыгаргысы келгендей. Ал ачык сүйүүсүнө өкүнбөйт, анткени ал кезде баардыгы ачык болуп, ай жарыкта сүйүүсүн арнаган. Ачыктын дагы бир ачыгы анда көзү көрүп ачык көрүнгөн. Марат менен көзү тиктешип Маратты өз көзүнө алып, Марат, Акниетти көзүнө алган эле. Көздөшүп сүрөттөрү көрүнүп турган. Акниет, Мараттын көзүнөн көрүп көздөй адам экенине ишенген. Түбөлүктүсүнө бел байлап бел курчоосуна алынган. Бел курчоодон бел байлаган бала күтүп турат. Бала күтүүсүн Өмүр айтып барганына

ишенип күтүп турат. Көзү көргөндөгү сүйүүсүнө сүйүнөт. Эми Маратты сүйгөнү менен аны көрбөйт. Мараттын жүзүнөн өөпкөнү менен көрбөгөнүнө өкүнөт. Мурункудай тиктешүү болбойт. Марат келгенде чыкпай жашырынып койгонуна кейип кетет. "Кайсы арыма, кайсы каадама" – деп сүйүү алдында өзүн кемсинтип да жиберет. Кээде туруп Марат мени тааныбай койсочу, карабай кетсечи деген да ой кетпей койбойт. Бири кем жалганда, кемтик башыңда турат. Башыңа келгенде башың менен тартасың. Кудай тааламдын тартуусу көр болдубу... Эмнеге берген сүйүүсүн бир көрсөтүп, кийинкисин көрсөткүсү келбеди... Баламды төрөгөнү менен ал байкушту деле көрбөйм. Эмнеси болсо да атасы Маратка окшош болсо болду. Акниет, дагы ойго чөмүлдү. Бүгүн анын сүйлөгөн сөзүнөн да үн чыкпас ойлогон ойу толгондой.

Гүкүн Акниетти уккусу келди. Бирок, Акниет жарылганы менен жарымынан көбү адатынча катып калгандай. Катылган нерсе катылсын дегендей. Оозун дароо жаап, кымтып калгандай. Ойлуу. Ачык кабагы бүркөлүп каш ортолору бирикти. Чекесинин тырышы бир жерге чогулду. Жүзү кумсара түштү. Акниеттин акыбалын сезгендей, ичиндеги баласы тепкилеп кирди. Туш тараптан буттары тээп чыгып кетчүүдөй. Энесинин ичин жарат экен... Бүркө кабак, ойлуу Акниетти өз көңүлүнө бургандай.

– Апа, караңызчы,мобу бала ичимди жарып тээп чыгып кетпесе болду. Акниет тепкилеген баласына кубангандай.

– Кызым, көп ойлонбой, ойлогон ойуң, ичтеги балага да таасири тийет. Бала майып болуп калышы мүмкүн.

– Кой апа, антпеңиз.

Майып деген сөздөн корккон Акниет чочуп кетти. Коркуп да калды окшойт. Баланы мында берди, кийин берерин жараткан билет. Эмнеси болсо да, баланы жарык

дүйнөгө алып чыгуу. Артында бала калтырып, алдынан чуркап тосуп алып турса жашоонун ырахаты ошондо эмеспи. Баланы да жаратканым бергенге берет. Кудай таала берерин унутпасын. Бул Акниеттин ичинен сызган ак ниет ой – толгоосу. Сүйүнгөн, сүйүнүч чечимге келгендей. Уккан күнү толгонуп толго тарткандай эле болду. Гүкүн апасы менен кеңешип төрөй турган болду. Калганын көрөр күнү көрсөтөөр. Артка жол жок. Чегинүү чечими жок. Жамандыкты жалмай берип, жакшылык жышаандан кур калуу акылга сыйбас. Акылга келген ишти кылалы. Ичте бала ичегиңди аралап тепкилеп турса, тирүү жанды кантип жанын чыгарып алдырасың. Өз атаңдан коркуп баладан качасыңбы? Сүйүүнүн көзү көр болуп, убак – сааты келгенде намысты да көзгө илбей калганы кызык. Кызыгына баткан махабат. Канды кайнатып, кызуу кандуулукка да айланткан махабат. Ичти сыздатып ичеги тепкилеткени да махабат. Эстен тандырган да , махабат. Махабат маалында, маңызга батып. Ата – энеңди эстейсиңби? Каяктан? Махабат күчү... Албууттанып, албырып, алдыргыңды алдырып ала жипти аттап бала кылганы кызык экен. Денеге кирген суюктук, дене менен дене болуп тирүүлүк кылганы кызык экен. Тирүүлүктө тиричилик жүргүзүп эне ичиндеги жан киргени кызык экен. Тирүү жандан тирүү пайда болот турбайбы. Жандан жаның пайда болот турбайбы. Аял денесинен жан кирген жандуунун жаралганына жол болсун. Жолуң болгур десе... Ичти тепкилебей жаның жарыкка чыксын. “Жарык дүйнөдө жарыкчылык күтүп жатат. Күн – түн алмашкан күндөрдө энең күтүп турат. Эч нерсе менен ишиң жок, оозуңду ачып жалмашкан энеңдин кош эмчеги күтүп турат. Эрезеге жеткирем деген, эне ак сүтү күтүп турат. Жатында жатып алып, тонду тепкилеген жаның. Бүткүл ааламды карап тепкилейсиң. Сенин энең Акниет! Менин

көзүмө көз, колума кол болгон жаным болосуң! Кыйынчылыкты бир берген Жаратканыма ыраазымын!"

Акниет үнүн чыгарбай унчукпаганы менен үнүн бакырып бүткүл ааламга жар салчу кеп – сөздөрү ушул болду... Ушунун баарын бакырбастан баласы менен кошо ичине батырды. Канчалык ачуу кыйкырык катылганы менен ачууга алдырбады... Ой – толгоосун ичине батырды. Карачы, ичинин кенендигин. Сүйлөй турган тили тиши менен тиштенип турду. Айкырыкты салаарда азуусу басып калды. Демиккенин деми менен басты.  Көлдөй турган көз жашын көр көзү менен басты. Күндүз көрбөгөнүн түндөсү түшүндө көрдү. А, түгүл сүйгөнү Маратты түшүндө көрүп, келер күнүн күтүп калды. Ичтеги сырын түшүндө ачып, апасы Гүкүнгө бекеринен айткан жок кыз бала деп. Акниет түшүндө көрдү кыз бала экенин. Көкүл өргөн кыз бала.. Акниеттин тилегин бергендей. Тиленген тилеги ишке ашкандай. Намысты уруп ойнобогон сезим болгону менен жашоо жыргалы махабат. Акниет, өз көңүлүндөгү сүйгөнү Мараттан балалуу болгону жетишти. Акниеттин ойунда сүйүүсүнөнбалалуу болду. Ичиндеги сыдырым сыздаган сезими көзү көргөндө! Көзүнүн тирүүсүндө! – көз көрүнө балалуу болуп калганына сүйүнөт. Сокур кезинде, ким билет? – Сүйүүда сокур болот беле. Көрдүн көрбөгөнү курусун. Жок дегенде! көзүм көргөндө. Бала бүттү... Махабатыма ырахмат. Көзүм барда! – Балалуу болдум. Башкалар башын оорутпасын. Махабат. Балалуу болдум. Ичимдеги меники! Меники... Меники... Ким мени тебелейт! – махабатым турганда. Ким мени  тебелейт: – Ичимдеги балам тепкилеп турганда. Ким мени түшүнөт! – Көзүм көрбөй турганда. Ким мени жетелейт: – ичимдеги балам жетелейм деп турганда. Ким мени ойлойт: – бир күндө миң ой келип турганда. Кимсиңер: – көр байкушту сындагандай. Кимсиңер: – Көргөн көзүмдө балалуу

болсом: – Намыска кел деп, арсыздыкка түрткүдөй. Кимсиңер: Жетелечүү баламды төрөрдө жемелегидей. Кимсиңер... Кимсиңер... Кимсиңер...

Акниет ичинен сызып баары менен урушуп алгандай. Чырдап чырлуу маселени чечкендей. Чыркырап чындыкты айткандай. Ичтеги сыры менен тууганы менен да душманы менен да урушкудай. Жоо атасын таанибайт. Алдынан кимиси чыкса да, алдыга аттангандай. Жашоо ат чабышына түшкөндөй. Миң күнгө тете бир күн...

Гүкүн ойлуу кызынын жанынан кете албай көзүн карап отурду. Акниет, ичинен бирде өзү менен өзү урушуп калат. Бирде бирөөлөр менен чабышып калгандай. Бирде алдына Марат келип калгансып, кубанычтуу жылмайып коёт. Гүкүн кызынын мындай сыйкырдуу дүйнөдөй кубулуп – кубулжуп турганын мурун көрбөгөндөй. Аттиң, чиркин, адам баласы ойлогон ойуна жараша кебете – кешпири келишип туруп турса... Жакшы ой келсе жылмайып, жаман ой келсе бүркөлүп. Кыял, кыялданганына жараша. "Кыялың менен сени" – деп карап турган Гүкүн Акниетти урушуп да коёт. Бала сыздап турса эненин жүрөгү сыздап, эмчеги зыркырап чыгат. Кызына кошулуп Гүкүн дагы кубулуп турат. Аны өзү сезгени менен байкабагандай. Кызы жылмайса апендичесинен жылмаят, кабагын бүркөсө ал дагы бүркөп коёт. Кызы эмне кылса, кылганын кылат. Эне байкуш, көзү көрбөгөн кызынын кареги менен тегеренгендей. Айланчыктап жанынан чыкпайт. Эшикке чыгып келгенге да буту – колу тартпайт. Миң күнгө тете бир күн... Күн өтпөс болду. Ордунан жылуу деле ойго келгидей эмес. Ойлогон ой, ичтен сызган ичтеги бала.

Эшикте кудай жалгап, мен бармын дегенсип, жаныбарым, торпок мөөрөп калды. Мөөрөгөн музоонун үнүн уккан соң, мал – жанды караган Гүкүн малдарын ойлой коюуп эшикке чыкты. Бир ойго топтоштуруп жаткан

Акниет ордунда бек отургандай. Жыла турган түрү жоктой. Гүкүн музоолорго чөп салып карап келгенге эшикке чыгып бир топко кармалып калгандай. Азыркы заманда айылың деле шаар сымал, элден пейил кеткендей бири – бири менен деле иши жоктой. Мурунку кез эмес, үйүлүп түшө калышкандай. Жаны калбай учурашкандардын саны азайгандай. Анысыкандай, Акниеттин көзү көрбөй калганын билгендер билет, билбегендер билбейт. Качан гана көргөндө гана билип калышпаса, билбейт деле. Мурунку заман болгондо, айыл ичи атайын кыдырып келип көрүп, башка келген ишти жең ичинен шыбырашпай тең бөлүшүп кайраттуу күч – кубат берчү сөздөрүн айтып кетишээр эле. Азыр кайдан. Жалгыздык башыңда. Ар ким өзү менен өзү. Өз арабасы өзүндө. Бирөөгө күнүң түшпөсүн. Бир паста алай – дүлөй заман. Көргөнүң көр боло калат. Оо мал – төкмөл дүйнө. Бири кем тура. Бүгүн көргөнүң эртең жок. Уктап турганда ойгоноруңду ойлогон заман болуп калгандай. Кылдыраган кыймылдын учуру. Өзүңө тың болбосоң, жардам сурасаң жардамы жок заман болду. Жардамды кимден күтөсүң? Бир гана тилегениң кудайдан. Кудай! – ден – соолуктан айырбасын.

Айыл ичинде Акниет менен эч кимдин иши жоктой. Анткени менен күбүр – шыбыр кеп тарагандай. Эч ким көрбөсө, көрбөгөндүн көргөнү курусун болуп көбүртүп – жабыртып жиберет тура. Уккан кулак куркур, көрбөгөндөн кийин кайчылаштырып ушакка айлантып жибергени чатактын башы экен. Акниеттин классташы Зоя дагы Маратты жактырып, ага турмушка чыгууга өзүн даярдап койгондой. Зоянын ата – энеси мал жандуу, Бишкекте үйү бар, байлыктуу адамдар.

Зоя, ата – энесинин байлыгына чиренген куу чирендүү кыз. Акниет, билими менен Зояны сүйлөтпөй басып коёр эле. Зоя бой көтөргөн деп Акниетти жактыра берчү эмес.

Акниет менен Зоя классташынын кармашы билим менен байлыктын кармашы эле. Байлыгы менен Зоя төрт – беш деген баага жетсе. Күнү – түнү китеп кармап окуган Акниет өз эмгеги менен эң жакшы баага жетээр эле. Эмгек менен колдон жулуп алган баалар. Бирөө билимдүү барк, экинчиси байлыктуу барк.

Зоянын Бишкекте үйү болгондуктан ал окууга тапшырып Жогорку окуу жайдын биринде юридикалык адистигинде окуйт. Келечекте юрист. Өзүн ушинтип тааныштырат. Окууган окуу жайы менен Маратты өзүнө тартып алгыдай. Акниетке караганда, шаарда болгондуктан Марат экөө көп жолугушат. Мараттын мүнөзүндө адамдын көңүлүн көп ооруткусу келбегендей. Чыр – чатакты сүйө бербейт. Бирок, айтканынан кайтпаган өжөрлүк мүнөз дагы кездешпей койбойт. Өз күчүнө өтө эле ишенет. Көз каранды болгонду жактыра бербейт. Бирөөгө бактырганды эмес, колдон келсе бирөөнү бакканды жактыргандай. Ошол себептен байлыктууларга кызыга бербейт. Кыйналса дагы өзүнүн тапканы таттуу, студент болсо дагы акча салгыла деп ата – энесин кыйнагысы келбейт. Акча табуунун айынан кээде кечинде "Пишпек" станциясына барып түнү боюу ар кандай товарларды вагондордон түшүрүп, эмгек акы тапкан учурлары да кездешет. Иши кылса, иштеп акча таап турат. Аракетчил, аракети күч. Иштегенден качпайт.

Зоя, үйүнөн акча үзүлбөй келип тургандыктан Маратты кызыктырып азгыргысы келет. Жайдын ысык аптабында, Зоя группалаш кыздары менен Чолпон – Атадагы Көлгө бара турган болуп, Маратты да чакырат. Көлдүн суусун көрбөгөн, Көлдү самап жүргөн Марат азгырылып досун кошуп алып барып келет.

Марат көп сүйлөбөгөнү менен сүрдүү. Сүр көрсөткөнүнөн Зоя апкарылып жолой алган эмес. Анын үстүндө

Марат, Акниет жөнүндө сүйлөп туруп алган. Жини келген Зоя Акниеттин атын уккан сайын Маратты уккусу келбей кетип кала турган болгон. Зоянын кыжыры келгени айылдагы Акниеттин аты чыкканы. Акчага көнүп калган Зоя, акча менен бардыгын баш ийдирип алгысы келгени. Мейли окуубу, мейли кызматпы, мейли, жадаганда махабатты да акча менен багындыруу. Баары акчага байланган. Акниетти унуткаруу үчүн Маратты ар кандай маданий жактарга, дискотекаларга чакырчу болот. Сүрөткө көп түшөт. Кызыктырат.

Бир жолкусунда кымбат баалуу костьюм шымы менен алып бергенге да жетишет. Марат ал кийитти кийбей кетип калат. Зояга нааразы болот. Зоя мыйыгынан күлүп: "арга жок, арсыз" – деген боюнча ордунда катып калат. Бирок, баары – бир канчалык уят болбосун Мараттын аркасынан калчу эместей. Анткени, акчага ишенет. Акча баарын жеңет, имерет. Акчаң болсо кылам дегенди кылып, төбөң көккө жеткидей. Акча менен тарбиялаган Зоя. Эмнелерди гана кылат болду экен.

Зоя, Мараттын айылга келгенин угуп алып, ал дагы айылга жетип келди. Акниеттин ойунун баары ичиндеги баласын да болсо, Зоянын ойу Акниетте. Марат менен Акниеттин ортосуна бүлүк салуу. Экөөнү бүлүндүрүп баш коштуруудан баш тарттыруу. Бузукулук. Жаш. Жаш кезде ойго эмне келсе кылбай, өмүрүнүн башталышындагы даңгыр жол экенин сезип, ойлонуп туруп иш кылса, акчаң бар алдыны кара, артка көз салба, болбойт. Көңүлү жоктун көңүлү курусун. Макул болбогон Маратты кантип көндүрөт. Аны деле ойлогон жок. Максаты Акниетке жетип барып, элден мурун аны көндүрүү. Акниеттен кандай сөз күтөт, белгисиз. Дагы эле болсо, акчанын күчү. Байлыктын күчү эмнени гана кылбайт. Зоя үчүн бирөөнүн махабатын тартып алуу чик түкүрүм. Акча менен жүргөн,

махабат маңызын түшүнбөйт окшобойбу. Анын көөнүндө сүйуу акчага байланышкандай. Сүйүү, махабат, сезим, жүрөк, бүт акчадыр. Деги, акчасыз бир нерсе барбы? Антип ойлонгусу келбеген Зоя. Акча мээсин жеп койгондой. Мындай адамдарда сүйүү да болбойт. Бир гана нерсе ач көздүк болоору бышык. Кудай тааламдын бергени ошол ач көздүк. Ак көздүк адамдык сапат эмес. Зоя акчаларды буурап турганда, көргөн кишинин жүрөгү кайра түшөр. Көп акча жүрөктү жылытмак турсун, жүрөктү түшүрөт. Жүрөктүн үшүн алгыдай.

Зоя айыл ичине кызыл түстөгү машинасын чаңдатып айдап келип, Акниеттин үйүнүн маңдайына кыйчылдатып үнүн чыгарып келип токтойт. Өзү араң отурган Акниет кулактын кужурун алган машинанын үнүн угуп, ойго баткан эме селт эте түшөт. Ага бирөө келгендей сезет. Жалгыз. Ичиндеги баласы “мен бармын” – дегенсип тепкилеп жатат.

Зоя Акниетке жулкунуп келгени менен Акниеттин сокур болуп калганын билбейт. Укса да акчага байланган Зоя этибарга албагандыр. Тийип – качма эме... Сөздү да жөн укпаган...

Эшикти шарт ачып кирип келет. Үйдө жалгыз Акниет отурганын билгенден бетер. Колунда Марат экөөнүн Көлдөн сүрөткө түшкөндөрү. Акниеттин көзү көрбөй карайлап отурганын көрүп чочуп кетет.

– Ой, Акниет, сен ушинтип калдыңбы?

– Сен кимсиң, кирип келип эле ушинткен. Өзүңдүн аты жөнүңдү айтчы. Азыр апамды чакырайынчы.

Зоя, чыгып бараткан Акниеттин жолунан тосуп, колун жаңсап, көр болуп калганын текшергендей.

– Акниет сага эмне болгон? Карайлап калган турбайсыңбы?

– Сен кимсиң! Мазактагыдай. Деги, адамсыңбы?

Зоя, көрсөтөйүн деген көтөрө келген сүрөттөрүн сумкасына салат. Акниеттин көр көзүн тиктеп. "Шорлуу турбайсыңбы, сендей шордуну ким аялдыкка алмак эле" – дегенсип Акниетти жыга түртүп, атын айткандан тартынып чыгып кетет. Акниет, далбастап эки колун эки жакка жайып, жамбаштап барып отуруп калат.

– Эй, коркок, атыңды айтпайсыңбы? Коркконуңдан мага кол көтөрүп жатасыңбы? Мен сага эмне кылдым.

Эшик тарс жабылат. Акниет ичиндеги баласын ойлоп, ичин сылап, ыйлап кирет. Зоя эрдик кылгансып боз ала чаң баскан кызыл машинасын айдап кетет. Зоянын баамында көр, шордуу Акниетти Марат теңине албайт. Анын ойунда Марат аныкы. Көрдү көргөндө Зоянын ичи чыгып сүйүнгөндөй. Табалап кетти... Табалады... Зоя түртүп кеткенине да эрдик кылгандай. Эшик ачылды. Эшик ачылгандан чочуп калган Акниет апалап жиберди.

– Апа, апаа – аа, сизсизби?

– Ооба кызым эмне болду, жөнү жок эле чочуй бересиңби? Көп чочуба: – боюуңдан түшүп калат.

– Азыр эшикке чыккан ким? Биле алдыңызбы?

– Жок кызым. Артынан көрүп калдым. Кызыл машина менен келген окшойт. Өзү айдап чыгып кетти. Эмне болду. Бирдеме дедиби. Жаман сөз айттыбы?

– Жок. Жаман сөз деле айткан жок. Кирип эле кетип калды.

Акниет кыйналганын айтып Гүкүндүн жүрөгүн ооруткусу келбейт. Залакасын тийгизүүдөн баш тарткандай. Өзүнүн башына келгенди өзү тарткысы келет. Көр турмушту арта салгысы келбегендей .Кудайдын берген дартын көтөрбөскө чамасы жок. Даттанып дартын козгогусу келбейт. Ансыз деле Гүкүн баралына келген кызын кичинекей кыздан бетер кийген кийимин оңдоп – түзөп

кийгизет. Жуунарда колуна самын, тиш щёткаларын кармытып жуундурат. Дааратканага жетелеп барып, карап турат. Анан эмне кылат? Карайлаган турмушта... Ушунун баарын кылып жатса, кантип апасынын жүрөгүн оорутат. Дагы чыдаган чымыр жүрөк экен... Жүрөктүн жүрөгү экен... Көр оокатты, көр турмуш менен өткөрмөк, башка түшкөн мүшкүлдүк. Ага дагы көнүп, күнүмдүк күндү көрбөскө чама барбы. "Түртүп кеткенге, түрткүнчүк болгудай байкуш эмесмин" – деп Акниет ичинен сызып намыстангандай. Миңге тете бир күн...

Сыртта көп машина токтогондой бирин сала бири чыйкылдатып тормуз тепкендей. Машиналардын үнүн уккан Акниет: – Апа, дагы кимдер келди. Эшиктин алдына машиналар токтоду. Бири эмес. А түгүл жайып жүргөн малдары да таанышат. Кимдер келди айылда кененчилик бири – бирин тааныйт. Жылкыларын кайсы жайлоодо жайлап жүргөнүн да кабар кылып калышат. Оттогон оттолорунан бери билишет. Кошуналар тосуп алгыдай тосмо дубалдар, дарбазалар жок. Эшиктин алды ачык. Кирип – чыкканың сырттагы адамга көрүнүп турат. Кирди – чыкты көрүнөт. Бардыгы айыл көзүндө. Мал – жандык кармаган короoң гана болбосо, калганы ачык. Ошол короо дагы кулптанбайт. Уйдун мөөрөгөнү көчө жарат. Бир үйдөн ит үргөнү чыкса, кошуналардыкы кошумчалайт. Короз кыйкырганда көздү ушалап турмай. Кыймыл башталат. Будильник саатын колдонгондор колдонот. Колдонбогондордун Корозу бар дегендей... Бир Короздун кыйкырыгы миң Корозду жаңыртып, жар салып киришет. Айыл шарты ушундай. Ушунусунан жазбасын. Кичине гана, өздөрү айтмакчы шаарды көрүп орусташып бараткандары гана болбосо... Түзүктөй...

Гүкүн оопкурулуп өйдө туруп: – Эшикти карап келе-

йинчи. Ким булар? Топурап машина менен келгидей.

– Апа, келген киши кирет да. Жанымда эле болсоңуз ким болсо да, киргенде билебиз.

Акниет, Гукүндү эшикке чыгарбастан жанында колун кармап туруп калат. Келген кишилер да үйдөн бирөө жарымы чыксын дегенсип күтүп калышкандай. Машиналардын үндөрү өчүп, күтүү жымжырттыгы байкалат. Үй ичи сырты, сырт ичти күткөндөй үн жок. Бири – биринин дабышын тыңшап калышкандай. Аңдып да калышты окшойт. Сырт тараптан мындай жагдайды жактырбаган бирөө бел байлап чыккандай. "Мен кирем" – деген үн чыгып калды. Ал үндү укканда Акниетти өңү купкуу боло түштү. Ыйлаарын билбей, же күлөөрүн билбей аркы – терки басып кирди. Көр көзү көргөндөй ордунан так туруп басып кетчүүдөй. Ушундай ага күч – кубат бергендей. Демине дем кошулуп аба жетпегендей. Эмтиге баштады. Дем алуусу ашып ташыгандай. Ашыгы менен болгондой... Ашыктык.

Марат эшиктен кирип келип, Гүкүндү көзгө илбестен, Акниеттен кечирим сурап тизесине жыгылып бутун өпкүлөп кирет. Аны көргөн Гүкүн шолоктоп ыйлап жиберет. Акниеттин үнү да ааламды жарып жиберет. Ичиндеги баласы да атасын келгенин билгендей туш тарапка тепкилеп кирет. Акниет Мараттын чачынан сылап, жытын жыттайт. Марат, Акниеттин бутун өбөт. Марат баласынын энесинин бутунан өптү. Ал алты ай кечигип келгенин сезди. Алты ай зарыктырганын сезди. Алты ай зар какшатты. Карайлаган Акниетти алты ай жол каратып күттүрдү. Акниеттин багы бар экен Мараттай жигитти сүйүп. Марат биринчи жолу көрүшү көзү көрбөй калган Акниетти. Боюунда бар экенин, карайлап калганын Өмүрдөн уккан. Угуп жетип келейин дейт, ата – энесине, тууган – туушкандарына түшүндүргүчөктү ушунча убакыт өттү. Эми

Акниет, Марат менен жашайт. Жашоо башталды. Келген машиналар Акниетке келишкен. Той башталат. Түйшүктүү турмушка бет алышат. Көр оокаттын турмушу. Бүгүн Акниет сүйүндү. Ичиндеги баласы сезди. Гүкүндүн ыйлаган жаны тыйылаар бекен. Бир күндүн ичинде эмне деген гана жорук – жоосундар болду. Жолуң болгур. Бир күндө сүйүнүү, сүйүү, кубануу, ый, капа, кайгы, уруш, чыр, талаш – тартыш, той – топур. Миң күнгө тете бир күн. Миң күнгө тете бир күн

Өмүр. Бул өмүрдө адам баласы жүрөгү менен сезип, жүрөгү менен иштебей, өпкөсү менен сезип, өпкөсү иштеп калгандай. Көкүрөктү көтөрүп чапкан көөдөндөр. Өпкө көпкөн заман. Дух байлап өпкөлөнүп жүргөндөр. Өзгөчө ичине кичине жинди суудан ууртап алса, чабышаарга жоо таппай, алдынан чыкканга кычык издеп, тап берип калгандарычы. Өз башына өзү ээ болбой суусаткан суусундук  мээни айнытып каалагандай калчагандай. Кызык, ачууну кантип таттуудай тамшанып ичет. Ичкендин  жыйынтыгы удургутканычы... Уйгу – туйгу чимиртет го. Жүрөк байлап баатыр болгону . Көзгө сайган сөөмөй да көзгө илинбейт. Илинчек издейт. Ичкен ичимдик бирин койбой баардыгын самайт. Бүгүн жашоо жыргалы баштап, эртең бүтүп калчудай, шайтан шашкалыгы алып учуп баратат. Бутуңду жерге тийгизбей, канатыңды жайып желпиленип учайын дейсиң, дагы жакшы улам асмандаган сайын жаратканым! – Жерге түшүрүп, жер менен бастырып турат. Жаратканымда, жаратканын бербейт. Пенде кылса, баш бербей пендечилик кылабыз. Кылганыбызга да кайгырабыз. Чыдабайбыз. Чыдам кетет. Алыбызга жараша жарашпай, аша чаап кетебиз. Дене түзүлүшүнө түздөнбөй дүбүртөтүп дүлүгөбүз. Отуз алты жылуулукка кыркты кошуп кошул – ташыл болуп чыгабыз. Эмне кылаарыбызды билбейбиз. Кылсак да ыраазы

болбойбуз. Дагы, дагы деген мээ жээгендик. Мээни иштетпей ой – жайына коюп каалагандай калчайбыз. Анан эмне көп? Арман чачтан көп. Кейип – кепчип, башты мыкчып түйшүк тартабыз. Башка түшкөн оор жүктү өзүбүз кылабыз. Түн. Болгондо да түндүн бир оокуму. Асмандагы жылдыздар жай – жайына кетип, тарап бараткандына караганда түнкү бешим. Ушул убакта кылчуусун кылып, моокумун кандырып, ичкен ичимдигин сиңирип, Бозорканды жеткирчү жерине жеткирген Кайнар, эсине келип үй – бүлөсүнө кайткан учур. Кыйратты. Жыргады. Жоону чапкандай, чамасы жок араң жан чайпалып үйүнө кирди. Шайы кеткенби? Эки буту калчылдап калгандан түбүндөгү дубалга такалат. Эптеп бут кийимин жер тепкилеп чечет. Кандай бут кийимин кийгенин да унутуп калгандай, эсиңе жара чыккырдыкы десе... Боосу жок бут кийимден боо издеп жүрөт... Баш, баш эмей эле бетон. Зыңкыйып катып калган. Кичине эле жерге тык этсе сынып кетчүдөй... Башы зыңкыйганы менен аягы шалбырайт. Колу – бутта кармарга, басарга күч жоктой. Жүк көтөргөндөй көтөрүм. Алсыздык. Ал күчтөн тайыган. Өлбө жаным өлбө болуп, сүйрөлүп барып жатчу жерине жатып калмай. Жабышкан жанды жай койсо...

Шайы кеткен Кайнар, шайтаны ойгонгонсуп, оодарылып жатканга чам – чартымы келбей Календин үстүнө кулайт. Келбейт... Келбейт... Түнкү саат бешимдеги таттуу уйкуда жаткан Кален, чочуп кетип буту менен бир тебет. Сунулган Кайнар суурулуп барып полго күп түшөт. Зыңкыйган баштан үн чыкты го... Үндөн мурун да сынды го... Кайран баш. Баштын катуулугунун пайдасы тийгендей. Сынган жок. Баштын зыңкыйган бетондугунан калгандай. Түк – түк түшкөн баштан кыздары ойгонуп, апасынын жанына жетип келишти. Кыздарын көргөн Кален аларга да катуу тийди.

– Эмне жетип келдиңер. Кыйраткансып, атаңар эми келиптир. Ушул жиндинин тукумусуңар да. Атаңар келгенди сездиңерби? Мен кандай кыйналып өзүмдү жеп келем. Аны билбейсиңер. Көтөрүшкүлө! – атаңарды.

Эки кызы эки бутун кармап, Кален ийининен көтөрүп жаткызчу жерине жаткызат. Календин ачуусуна тийгени, Кайнардын аркандай аялзатына себилчү духи жыттанып келгени. Огош бетер, Календи күүлөгөндөй. Күүсүн кимден чыгарат. Кыздарынан чыгарып көнүмүшкө айланткан Кален, эки кызын жаакка чаап, уруп кирет. – Силер дагы бутума чалынасыңар! Эгер силерди мобу жиндиден төрөбөгөндө башым бош, каалаган жагыма басып кетет элем. Тур! – үнүңөрдү чыгарбай жаткыла!

Беттери кан талаа кызарган кыздар бүрүшүп барып, жатканга шашышат. Кичүүсү, кичинелик кылдыбы басып баратып сийип жиберет. Улуусу Календе билдирбей, тряпкага чуркап барып сийдикти сүртүп кирет. Кичүүсү дубалга жабышып, Календен корккондунан ыйлап жиберет. Көзү чанагынан чыгып кетчүүдөй Кален ачуусуна кошул – ташыл ачуу үнү менен кичүүсүн уруп жатып калат. Аны көргөн улуу кызы корккондунанбы? – сийдикке тайгаланып жыгылып түшөт. Жерде жатканын тепкилейт. Өзөртө тепкен улуусун төшөгүнө көтөрүп барып көмөлөнтө ыргытат. Кичүүсүн чымчып, колунан жетелеп жаткызат. Үнүн чыгарбай ыйлагандары менен ичине буктары толуп кеткендей. Ичтери көөп чыгат. Ооздорун кымтып алгандыктан, мурдуларынын демдери жетишсиз болуп дем ала алышпай ынтыгышат.

Кыздардын атасы кой – айга келмек турсун, тоону томкоруп келгендей коңурукту кош тартып жатат. Кандай ызы – чуу, кыйкырык, ый – өкүрүк өкүм сүрдү. Жинденген Кален, жин урганын сезбеди, Кайнар кыйналып келгендей жатып берди. Жаның жай болгурдуку...

Бүкчүйүп кушурулган Кундуз ыйлаган ыйынан айып таап өлгүсү келди. Тынчтык жок жерде өлүм гана тынч болгудай. Кичинекей кыз бала болсо дагы бир заматта чоң кишидей ойлоно баштады. Азап – тозок үйүндө болуп жатканына зээни кейиди. Алай – дүйлөй дүңкүрөк үйдө болду. Бышыктап деми кысылып жаткан кичүү сиңдисине боору ачып, аны дагы ушуну көргөнчө өлүп калалычы дегенге чейин барды. – Умсунай, кыйналбай оозуңду ачып дем ал. Апам билип калбасын чүмкөнүп ал.

Кичинекей эже – сиңдилер бири – бирине каралашып жардам берип жатышты. Жамынган жууркандарына чүмкөнүп кирип алышып кобурап жатышкандай. Улуусу Кундуз кичүүсү Умсунайды соороткондой. Анан эмне кылышат? Атасы менен апасы урушуп талашып бири – бирине согуш жарыялап жатса... Эки кызга да тынчтык бербей, алы жеткени ушул экөө болсо... Календин чыгарган жини, жеткен күчү эки кыз болду. Бузукулук. Бузулган үй – бүлө кут качкан үй. Жин жинденген агым. Агымдын агындысы каякка алып барат болду экен?

Бузукулуктан кыздардын да ойлору бузулду. Алар өлүмдү оңой – олтоң ойлоп калышкандай. Эмитен өлүмдү сезишсе, кийинкиси эмне болот? Бул жөнүндө ким ойлонуш керек? Ойлоноор адам кумар жолунда жүрсө... Кумарың менен кууруп кал. Жамандык өзүнөн чыкпай, жакшыга тийгени куркур экен. Кууураган кургурлар... Кууураган кургурлар... Аттиң... Аттиң... Башың иштебесе, баш мыкчыганың жалган...

Уйку качты, уйку келбейт. Каяктан уйку келет? Өлүм менен Өмүр ортосунда кагылышуу болуп жатса. Же жашаш керек, же өлүш керек. Чын менен жалган жүрүп жатат. Чоң кишилердин арасында гана эмес, кичинекей күнөөсү жок, эки кыз дагы такалып калгандай. Жарга такалгандай. Жардын нары жагында учуп кетүү...

Кундуз сиңдиси Умсунайды сооротkондой чачынан сылап, бетинен өбөт. Ыйынан улам мурдунан чимкириги агып, жүзүн ачуу көз жашы басып калгандай. Кандай кардуу күн болгодо да бир туугандар. Күйүмдүүлөр, Умсунай дагы эжесине бел байлап, анын айткан сөзүн угуп, кучактап колтугуна кирет. Энеден мээрим качса, кичинекей эже – сиңдилер кучакташып, кол кармашып бири – бирине жылуулук тартуулашып колдоо алгандай. Экөө гана... Түшүнгөндөр. Эжеси кучактап эркелеткен сайын, сай сөөгү сыздап кичинекей Умсунай ичтен бугун чыгарып, көз жашын көлдөтүп ыйлап кирет. Ичтеги бук сыртка да ээ жай бербей чыгып да кетет. Кичүүсүнүн ыйлаганын тыйган Кундуз да ыйлап жиберип, кайра сооротконго өтөт. Ыйы менен кошо оозунан "жанын" жай ала албаган, "жанын" коёрго жер таппай "жалгандын" жаман сөздөрү да чыгып кетет. Айла качкан амалдын кеби. .. Ошонусу менен ата – энесин коркутууну, аларды да сыздаткысы келет окшойт, сыздаган кичинекей эки кыз. Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман.

– Кичинекейим Умсунай. Экөөбүз ушинтип жатып өлүп калсак. Көрөбүз буларды. Байкушум сенде эмне күнөө. Ыйлаба болду. Өлөбүз. Ошондо көрөбүз. Кимди, булар сабаар экен.

Эже, өлсөк уктап калабызбы? Анда бизди эч ким урбайбы?

– Жок күчүгүм. Анда уктап эле жата беребиз. Эч ким тургула деп да айтпайт.

– Эже, сийген жерим ачышып кетти.

– Сийген трусаңды кийип жаттың беле?

– Ооба.

– Байкушум десе, акырын чеч. Келе мага бер. Акырын барып жууп келип, жаңы труса берем. Карачы, кызарып чыккан турбайбы.

Кундуз сиңдисинин сийдик чыланган трусасын чечип, төшөктөрүн оодарып салат. Акырын ваннага кирип Умсунайды жуундуруп жаңы турсасын кийгизет. Каралашкан кичинекейлер. Аңгычакты көзүн шишитип Кален ваннага кирип келет. – Эй, силер эмне кылып жүрөсүңөр! Мен силерге эмне дедим эле.

Эки кызын көргөндө шишик көзүнөн от чачырап кызарып чыгат. Календин көтөргөн колун көргөндө, Кундуз сиңдисин кучактап бооруна катат. – Апа, биз сизди жакшы көрөбүз, бизди сабабаңызчы. Азыр жатып экөөбүз өлөбүз! Өлөбүз апа! Өлөбүз апа!

Кыздарынын өлөбүз деген сөзүн укканда Кален өзүнө келе түшкөндөй. Колун көтөргөн боюнча нес болуп калды. Үн – сөз жок туруп калган Календи, бүжүрөп караган Кундуз сиңдисин урдурбай алып чыкканга шашып, төшөктөрүнө барып чүмкөнүп жатышат. Кыздарынын чыркыраганы Календин сай сөөгүн сыздаткандай. Эмнегедир өлүмдү укканда өзүнө келе калып өлүмгө сөз жетип калганын сезгендей. Буга чейин өлүм ойуна келбегенин кыздары эстетип да койгондой. Өзүн – өзү кыйнаган кыйынчылык. Эже – сиңди бала кичинекейлер кучакташып колдогонго өтүшсө, чоңдор чоңдугуна салып ким – кимди жеңетке өттү. Экөөнүн эрөөлү бир бузукунун айынан канынан жаралган кыздарына да залакасын тийгизмек болду. Кайран, кармашкан жашоо...

Мүрзөлөр. Каза болгон маркумдардын казылган жайлары. Көзү өткөн адамдар. Кайсы бир мезгилде жашап, көз жумгандар. Тирүүлүктө тиричилиги өйдө – ылдый турмуш сүргөнү менен өлгөн кезде бир топуракка тоюп, топурак кучактап жатат. Кайнар, мүрзөлөрдү аралап жүрөт. Ата – тегинин мүрзөлөрүн карап жүрөт. Жанында эки кызы Кундуз, Умсунай жүрөт. Кайнар менен эч ким учурашпайт. Эки кызын жанындай көрүп, кучактап өөп

жакшы көргөн ак кийимчен адамдар. Кайнарды жандарына жакын жолотпой жаман көргөндөй. Колунан жула качып кыздарын эркелетишет. Кыздарын бербейин десе ой – пойуна койбой кулач жайып тосуп алгандар. Кыздарынын караанын жоготуп жиберген Кайнардын алдынан Кален күрөк кармап чыгат.

– Кайнар, мобу жерден ташы жок топурактуу жерден күмбөзгө жер берди. Ушул жерден каз. Ырас эки жерден берди.

Кален күрөктү Кайнарга берет. Кайнар күрөктү албай ыргытып жиберет. Ал жерден сен каз, мен казбайм болуп сөз талаша кетишет. "Сен казбасаң, мен казам, карачы айланадагыларга уят кылдың" – деп Кален "Көрдү" казып кирет. Эки "Көр" жанаша казылат.

– Кайнар көрдүңбү сен казсаң болмок, Мен тар кичине баланыкындай казып коюптурмун. "Көрдү" эркек казыш керек. Сен кылдың ушуну. Сен казсаң болмок Кайнар.

Кайнар, чочуп ойгонуп кетет. Өхүлөп ойгонсо, мүрзө аралагандын баары түш болуп чыгат. Түш экенине ынангандай, жүрөк басты кылат. Демин басып, түшүнөн чочугандай, сүйлөшүп жаткан Календи далбастап карайт. Кален жаткан жеринде жок. Заматта алай – дүлөй. Жанталашып издей баштайт. Көзүнө жаны көрүнгөндөй. Бөлмөлөргө, кирет Кален жер жутуп кеткендей көрүнбөйт. Ваннанын эшигин ичинен бирөө тепкендей дабыш чыгат. Каалгасын тарткылаcа ичинен жабык.

– Кален, ач эшикти! Кален деп жатам! Эшикти ач! Үнүн болушунча кыйкырат. Үн катпайт. Жанына бүжүрөшүп эки кызы жетип келет. Экөө адатынча кучакташып алган. Кайнар көздөрү көгөрүп чыккан кыздарына көңүл бөлбөйт. Каяктан, ойунун баары Календе болуп жатса. Кыздарынын дагы Кайнардын, Кален деген кыйкырыгынан жүрөктөрү түштү. Айласы кеткенде ваннанын каалгасын

ыргыта тепти. Ваннанын эшиги эширилип ачылды. Ваннанын ичинде канга боёлуп Кален жатат. Күрөө тамырынан кан куюулуп жатат. Кыздары канга боёлгон энесин көрүп, жер тепкилеп ыйлап жиберишти. Биринен – бири ашат. Ур токмокко алса дагы апасы да. Баланын ичинде кири жок таза болот тура. Кайнар колунун билегинен бекем таңып, тез жардамды чакырат. Кан көп кетип калгандай. Календин араң эле жаны бардай. Эгерде түшү чочуп ойготпогондо Календи жоготуп алмак. Түш жөрөлгөсүндө күмбөз Каленге казылган жок. Анда эки тар, кичинекей бала күмбөз казылып калбадыбы. Аны ким казды? Кален казды.... Кайнарды Кален каз десе, Кайнар карамайынча болбой койбодубу? Кудай сактасын. Жамандыктын бетин ары кылсын. Бирок, бирок деген жери бар. Ур – токмок үйдөн чыр чыга берсе... Жакшылыкка алып барбайт го... Ушу менен Кайнардын үйүнөн экинчи жолу кан чыгып жатат. Канды чыгарбаш керек. Кан чыга берсе... Канды басыш керек. Антпесе, кан канга айланат. Аяның менен куруп калгырдын түшү... Аман болгур. Аман эле болушсунчу...

## Психика

## VI

Көпкөнүң көчүктөн чыгат. Адам баласы бирди көрөөрдө көзгө көрүнбөй көөп калат тура. "Сен кимсиң" – дегенсип сенсирегени сенсиреген. Атасын таанybaган, энесин эстебегендер. Кудайдын кулу менен жашайбыз! – Кудайын таанybaгандар. Көргөн күндөрүн алдын ала түйгансып тууралaнабыз. Көтөргөн көөдөн менен гана жакшы болуп кетсе гана... Көкүрөктү какканыңда мээ болбосо, жакшың кайдан жанат. Жараткан да! Жаратканын карап тургандыр. Төбөдөн ылдый... Көктү караганың менен

жерде басып жүрөсүң. Асмандабай жерге түш. Пенде экениңди эске салыш алеки көз ирмемде. Көз ачып жумгучакты көзүңө көрүнө түшпөсүн көргүлүк. Көпчүлүк демекчи, адам бирди көрөөрдө көзүнө көрү көрүнүп калат дечү эле. Деген менен, пайда жоктой. Сезим болсо сезеби? Сезим бобогондон кийин, көзүнө сайсаң дагы баягысынын баягысы да. Качан айрылганда айкырыкты салып, эки санын чапмай. Жаман – жакшыны да адам өзүнөн табат.

Илгери – илгери Чыңгызхан баатырдын эки баласы атасын талашып көзүнчө кылычтарын кайрап киргенде, Чыңгызхан башын кармап, тактыга эки далысын төшөп айткан жери бар. "Буга мен күнөөлүмүн. Бала кезимде балакай бир тууганымды өз колум менен жаа огунан атып өлтүргөнмүн, келип отуруп "ата" талашкан эки балама тийиптир. Жаратканым! Эстен кеткен жараны, эстен чыгарбай жаңылап ырбатып чыгарат экен го". Мына бүт дүйнө жүзүн Хандыгына алган Чыңгызхан күнөөсүн мойнуна алып Жаратkандан кечирим сураган дешет. Албетте адам улуулугуна жараша күнөөсүн сезет. Сезимталдыгынан Хан болгондур. Мүмкүн улуу адамдар гана күнөөсүн сезип жүрбөсүн. Улуу адамдардын баскан издерин окуп чокуп жүрүшүбүз керек экен да. Аттиң десең... Үйүлгөн көз көрүнө көйгөйдөн, демиңди тартып, ылдый түшүрүп үшкүрүнүп аласың. Үшкүргөнүңдү уккусу келбеген карыларыбыз жактырбай жаман көзү менен кыйгачтап тилдеп да алат. Үшкүрүктөн кудайым ары кылсын. Арга жоктун үшкүрүгү...

Үшкүрүк. Карылык. Карылык келип, таяк таянып калса дагы адам чиркин жарыкчылыктан кеткиси келбейт. Жашоо. Жашагысы келет. Күн өтүп жатканы менен күндөрдүн күнүн көргүсү келгени айтпасаң да түшүнүктүүдүр. Кудайымдын куттуу күнү. Куттан айырбасыномүрдү,

өмүр өтүп, карылык белиңди бекчейтип, көзүңдү чекчейткенде билесиң. Билерманым... Өлүмдү өлгөндөрдөн туясың. Көзү өткөндөр көздөн күм – жам болуп, жер менен жексен болгондой. Бүгүн көргөнүң эртең жок. Жок... жок.. жок...

"Кызыгы алар жер менен жер болду, ошолор менен чогуу жүргөн сен жүрөсүң. Дагы жашасам, өмүр сүрсөм, көп жыл жашоо кереметин сүрсөм деп, жашың сексен бирге чыгып, сексен биринчи көктөм – жазды көрүп жатканыңа ыраазы болбой. Жакшылык жамандыкты тең көрдүк. Бири өйдө, бири ылдый болуп кеткен жок. Атаңды жоготсоң... Бала көрдүң... Күйөөңдү жоготсоң, кызыңды күйөөгө бердиң. Чегинсең, алдыда жүрдүң. Жашоодо жылмайсаң, ый коштогон күндөр да болду. Айтор, өлгөндү төрөлгөн толуктагандай, жокту бар кылды. Кудай сактады. Сексен биринчи жазды кудайдан тилеп ага да жеттим" – деди Токтокан.

Ооруп төшөктө онтолоп жаткан Токтокан эмнегедир бүгүн баспай калган буту бастырып, көтөрө албай калган колу көтөрүлүп кызмат көрсөткөндөй. Өңү түсү да оңолуп купкуу кебетесине кызыл жүгүрүп калгандай. Алкоого татык. Аны ким алкайт эле? Өзүнө өзү ыраазы болуп, өзү менен өзү кепке келип сүйлөшүп, өзүн мактап жатат. Жанында күзгүгө каранып. Эстеп көрсө, күзгүгө каранбаганына көп жыл болгон экен. Унутпай, учуру келген күзгүгө каранып, өзүн бүгүн көргөндөй, көргөн жашоосуна сыймыктангандай. Ыраазычылыгын кимге айтып жатат... Ыраазы болгондой. Карааныңды караганга күзгү жакшы турбайбы. Ырас болбодубу каранып да алдым. Бул чыттан тигилген сирен гүлдүү көйнөгүмдү күйөө балам Ырыскелди алып берген. Бүгүндөн баштап ; Ырыскелдимди, күйөө бала эмес балам деп эле айтам. Аман болсун. Өмүрү узун болсун. Эси жок Бозоркан кызымдын жанында жабышып жүрсүн. Качандыр бир кези келгенде Бозоркан

эсине келээр. Анын жамандыгын билгизбей көтөрүп кетчү Ырыскелди балам бар экен. Оорумду ооруган мен эмес, Ырыскелдим көтөрдү окшойт. Кимдин эле күйөө баласы жуунтуп – тарантып жатыптыр. Ырахмат Ырыскелдиме! Өлсөм дагы Бозорканым үчүн тынч кетем. Ырыскелди экөө бактылуу болсун. Абышкам көп жашайсың деп койчу эле байкушум. Айткандай эле, көк чыгып сексен биринчи көктөмдү көрүп жатам. Бүткүл денем мага баш ийип, мени тааныгансып, меники болуп, кол колдой, бут буттай болуп жатат. Бийлесем болот экен. Айланайындарым аман болсун. Күткөндө эмне баламды, кызымды, неберемди барып өөп келейин. Бүгүн күүлөп күч – кубат бергенине рахмат. Түндө да сүйүндүм. Башымда абышкамдын, атам – апамдын караандары жөлөп таяп турду. Ыраазымын... Ыраазымын... Ыраазымын... Караанындан айланайын" – деп көрүнгөн күзгүсүнө айтчу сөзүн дагы айтып алды. Токтокан жетишпей бараткандай утурлай шашып жатты. Анткени менен баарына орду – орду менен жетишкендей. Жашоосуна ыраазы. Ыраазылыгын кимге айтып жатты? Эмне болуп жатат? Бул эмнеси...

Басканы тың. Жеңил. Өзү кеп кылгандай бүгүн бийлей турган түрү бардай. Жакшынакай да кийинип алгандай. Сирен гүлдүү кийими. Жүзүнөн жылмаюу тартууланды. Ак бубак чачы эки жакка бөлүнүп, башынын тең ортосунан жол салынгандай. Бетинин тырыштарына тамыр жайылып, көзгө көрүнгөндөй. Татыктуу тырыштар. Денелери кол тийгиз жумшак. Кол тийсе так калчуудай. Ак жүздүү кызыл жүгүрүк. Бүгүн ооруп азап тартканы көрүнбөйт. Токтокандын тотуктусу бүгүн көрүнгөндөй. Токтокандын бүгүнкүсүн көргөн адам көргөн көзүнө ишенбегендей. Сапарың болсун Токтокан.

Күндөрдүн күндөрүндө бала эмеспи, Назгүл небереси менен Токтокан, экөө күн ортосунда болбогон нерседен чыр чыгып кетет. Карыганда бала кыял Токтокан

телевизордон мультфильм көрүп жаткан Назгүлдү урушуп кирет. Токтокан мультфильмди жиндинин оюуну деп жаман көрөт. Токтокандын ойу боюнча комуз менен ырдалган ырларды, дастандарды жакшы көрөт. Өтө шумдуу эстрада ырларын да жактырбай кетет. Чукчуңдап алып да өнөрү күч. Жаш баладай айтканын коё бербеген жагы бар. Өзгөчө телевизорго келгенде. Небереси Назгүл экөөнүн талашканы сыналгы каналдары. "Тиякка котор! – жок биякка котор" – деген эле кеп сөз. Анан эмне кылышсын, экөөнүн көргөн кызматтары телевизор. "Эй кыз, сенин кулагың жокпу, ээн баш , ээн чоку болуп көнүпсүң. Сен көргөн Маша деген ээн баш кызды ким көрмөк эле. Ээн башты көрүп, ээн баш болуптурсуң. "Маданият" каналына которчу Таттыбүбү Турсунбаева Соң – Көлдөн Жантайга кетип бара жатканын ырдап жатат. Карачы, кандай Таттыбүбү сулуу. Ушундай сулууну көрбөйсүңбү. Мойнунун Ак – куудай болуп узундугун карачы. Үн да бар, өң да бар" – деп Токтокан, Назгүлгө көрө турганын көрсөтпөй коёт. Назгүл бултуңдап таенесине таарынып комнатасына кирип кетет. Токтокан небересин таарынтып алганына ичи сыздап калат. Назгүл көмкөрөсүнөн бүк түшүп жатып алды. Экөөнүн талаш – тартышын Ырыскелди кирип – чыгып жатып байкап калган. Кимге болушаарын билбей, жеңүүсүн күтүп калгандай. Канткенде да улуу кишини сыйлаш керек. Кызыныкы туура эмес. Бирок, Ырыскелди үчүн көңүлдү оорутуу ал үчүн кыйын эле. Балага да, чоң кишиге да бирдей мамиле кылган жагы бар. Көңүлчөктүгүнөн азап да чегип калат. Эми көңүлүн көтөрүү вазийпасы келгендей. Көңүлү чөккөн кызы Назгүлгө кирип, чачынан сылап, түшүндүргөндөй болду. "Кызым, таенең биздин коногубуз. Конокту сыйлаш керек. Таенең деген, касиеттүү, кереметтүү асыл адам. Аны таарынтып алсак, кийин өмүр боюу өкүнүп калабыз. Сыйлап, урушпай жүр.

Көңүлүн оорутпа. Сен алдыгынтип, кекетип жатып алсаң, таяэнең төрүбүздө отурбай ооруп калат. Сен таенеңдин ооруганын каалап жатасыңбы? Тур өйдө, акырын барып, көрүп жатканын кошо көрүп, сулуу турбайбы деп сурап кой" – деп Ырыскелди адатынча кызынын чачынан жыттап койду. Назгүл атасынын сөзүн кабыл алып, өйдө туруп барып таенесинин жанына жатып Таттыбүбү сулууну көрдү. Токтокан кучактап эркелетип өөп койду.

Чынында эле, Назгүл таенеси менен көрүп жатып сулуулукту түшүндү. Таттыбүбү Турсунбаеванын жакшылап карап сулуу экенине ынанды. Карынын сөзүн капка сал. Азыркы сулуулук менен илгерки элүү жыл мурунку сулуулукту салыштыргандай. Сулуулук искуство болбой эле искуственный болуп бараткандай. Бетке жапкан жабылмалар менен жасанып жаткандай. Жасалгалоо... Жасалма... Бет жабдыктары күч алып көбөйүп бараткандай. Бет деле калбай калат го. Сулуулуктун аныктыгы ачыкталбай жабдыктары менен жабылып турганы... Аныктык жоголуп бараткандай. Беш тонна жабылса, бет калабы. Мындай ой балалык кыялдагы Назгүлдүн бушаймандыгы. Кези келсе ким билет. Заман көрсөтөт... Заманга жараша сулуулугу...

Токтокан менен Назгүлдүн талаш – тартышын, Ырыскелди менен Назгүлдүн кеп – сөзүн... Бозоркан да кур калбай көрүп угуп калган. Өзгөчө Ырыскелдинин түшүндүрүп жатканын угуп: " – Ии, байкуш түшүнгөн киши. Эне жетим, жетимдигиңе салып түшүндүрүп жатасың да" – деп ичинен күбүрөйт.

Өзүн жакшы сезген Токтокан небереси Назгүлдүн кулагына кобурап сөз айткысы келди. Кулагыңа күмүш сырга "Кызым сени кудайдан тилеп алганбыз. Тилеп жүрүп тапканбыз. Жакшы кыз бол. Элиңдин кызы бол. Атаңдын айтканын ук. Атаң, менин балам Ырыскелди жакшы адам.

Өмүрүң узун, билимдүү бол. Зээндүүлүгүң атаңдай. Ошондой кишиликтүү бол" – деп айтаарга сөз таппай калгандай кыска сүйлөп, же жетишпей калчуудай шашкандай. Күткөндөрү бар окшойт. Кире тургандары Ырыскелди менен Бозоркандын бөлмөлөрү. Ырыскелдинин башынан сылап, акырын ойготуп албайын дегенсип чекесинен өөп коёт. Ичинде Ырыскелди сен баарын билесиң дегенчелик кылат. Ырыскелдинин башындагы энеси Токтоканды көрүп чочуп кетет. Чочуганчалык эле бардай. Энеси аппапак болуп, сирен гүлдү көйнөгү да жарашкандай. Ак чачтуу, ак жүздүү, жылмайып жүзүнөн нур төгүлүп жаңы төрөлгөн баладай. Жагымдуу периште болуп көрүнөт. Уйкусураган Бозоркан көзүн чоң ачып – жумуп карай койду эле, баягы периште жоголуп кадимкисиндей эле сексен бир жаштагы энесиТоктокан. Эгерде Бозоркандан башка бирөө болгондо көргөн көзүнө ишенбей көзүн ачып – жумак эмес. Ишенимдүү энесин периштедей көрүп турмак беле. Караган караанын созуп... Ал анткен жок. Кийин түшүнөөр. Бекеринен, Токтокан периште көрүнгөн жоктур. Ай, ким билет. Учурда эмне болуп жатканын?

– Эй апа, эмне кылып жүрөсүз? Биздин бөлмөдө? Барып эс алыңыз. Барып эс алыңыз. Ырыскелди ойгонсо эмне деп ойлоп калат.

– Ай кызым, Ырыскелдинин ойлогон ойу таза. Ырыскелди баламдан колуңду үзбө. Колуңду үзсөң. Жайдак каласың. Үстүңө жамынаар төшөгүң жок каласың.

– Ой апа, баягы эски төшөгүңдү баштадыңбы. Жүрү апа, эс алыңыз.

Бозоркан энесинин сөзүн жактырбай уккусу жок. Токтоканды жетелеп бөлмөсүнө алып келип жаткызат.

– Кызым, мени менен кичине сүйлөшүп отурасыңбы?

– Ой апа, саат канча болду билесизби?

– Мейли кызым, өмүрүң узун болсун. Этияттап сак жүр.

Аман бол. Мобу көйнөктү Ырыскелдим алып берди.

– Эми күйөө балаңыз укмуш. Кел жатыңыз.

Токтокан бүгүн тил уккусу келбей, кызынын айтканына макул болгондой. Жуурканына жабышып жатып калды. Уйкусураган Бозоркан уйкуга шашты. Ал эми Токтокан каякка шашат. Шашса да, шашпаса да күндөр өтөт. Өмүр өтөт. Уктабай, күндү өткөзбөй кармагысы келди. Кулачын жайып коё бербей. Ошентсе эле күн өтпөй калат. Ошонусунан жазбай, кызы Бозоркан менен уктабай сүйлөшкүсү келбедиби. Бозоркан ага болгон жок. Ал кантсе да жаш да. Курчтугу менен кудайдын эртеңки күнү бар экенин билип тургандай. Жаратканымдын кенен кесири. Жашоо бүтүп бара тканын жашаган адам билип сезгендей. Билгенден да сезген кээде күчтүүрөк сымал. Сезим жок болсо кантип билесиң дегендей. Сезим болгон үчүн билет окшойсуң. Сезим ойготкондой. Ойго чөмүлткөндөй. Бүгүн Токтокан бир нерсени сезгендей сестенди. Эмнени сезди? Эмне болуп жүрдү? Баарына акыл айтып... Кудайдан тилеп... Карылык.

Өлүм. Өлүмгө өлгөндүн жашын берет. Канча жашында жарык дүйнө менен коштошсо көзгө көрүнгөн жашта калат. Жаш кетсең, жаш бойдон. Көрүнгөн тоонун башын сүйлөбөй акыл – эсиң ордуңда кетсең акыл менен кетесиң. Карылыкты берсе дагы, акыл – эстен тайып алжытып койбосо. Алты саның аман кетсе. Толук мүчө бойдон. Жарыктык, мунун баарын өлүм алдында сезген пенденин бир кеби да. Карыганда "көргө" жакындаган сайын алыстагың келет. Адам жашоого, өмүргө ач көз келет. Дагы жашагысы келет. Узак... Узак... Узак... Ушунусун билип туруп карыганда бала кыял. Алжытып да коёт окшойт – Жаратканым! Мээге сиңген көп сөз бар. Сексенге чыгып серейип өл! Токсонго чыгып тоңкойуп өл! Жүзгө чыгып алжып өл! – деген. Токсонго чыгып өлгөндүкү той деп да

коёт. Өлүмгө даярдык... Өлүмгө даярдык... Өлүмгө даярдык... Өлүмгө даярдык...

Токтокан айтып жүргөн жаз да келди. Жер көктөп көк чыкты. Жайлоону көк шибер каптап жаратылыш килемчеге батты. Жыты аңкыйт жаратылыштын. Ырыскелди күйөө баласынын кулагынын кужурун алып жаз келгенде Жалгыз жийдеге алып барасың деп койчу эле. Ошол жерге абышкасынын да сөөгү коюлганын айтып калаар эле. Кепти да сиңген жерге айт. Уккан кулакка кеп сал. Ишенгени баласындай көргөн Ырыскелди. Кызы Бозоркан уйкусурап энесинин сүйлөгөнүн жарымын укса, жарымына кулак салбай жаткырганга шашты. Уктатып койгонго ашыкты.

Токтокан жатары менен көзүн жумду. Жумулуп кетти. Бүгүн өзүн жакшы сезген Токтокан, бети – башынын бырышын жазгансып тарткылап, сыланып – сыйпанып, ак бубак чачын манжалары менен таранып, көзүн ушалап, буттун түп – түз сунуп, колун белине чейин түз коюп, ааламга уччудай даярдык менен, жанын жай алып жатты. Ийинин жазып, эки далысын жаздыкка жандап, мойнун созуп, башын коюп, асманды карап чалкасынан жаткан. Көзү жумулду. Тилин тишине катып кымтып алган. Оорусу козгоп кыйналган жок. Жанын жай алдырганча жолдошу жолдош болду. Мындан бир нече жыл мурун Токтоканды чакыртып, чын дүйнөгө кеткен жолдошу жолдош болуп келип Токтоканды жеңилдетти. Жеңил сезди. Бирге сапар улады. Сапарың кош болсун. Жолдошу Токтоканга караганда жаш. Жаш кеткен. Жашы калган. Сакталган. Өлгөнгө, өлгөндүн жашын берет. Жаш кеткен абышкасы, карыган кемпирин алып кетти. Токтоканга караганда тың. Кыймылы бат. Каралашып, Токтокандын тырышып калган бутунан тартып түзөп койду. Бир нерселерди сүйлөп алаксытты. Жашоого умтулган Токтоканды ажалга

азгырды. Токтокан дагы күйөөсүнүн караанына ишенди. Ишеним артты. Түзөлдү, түздөндү. Күйөөсүнүн жылдар өтсө дагы ошол бойдон карыбаганы таң калтырды. Ага карганда Токтокан бир нече жыл карып кеткен. Карылык сүргөн. Жашоодо жашап жаш кошкон. Күндөн – күнгө күн кошулган. Ай сайын ай жаңырган. Он эки айда жыл тогошкон. Сексен бир жаш келген. Кемпир болгон. Кемпир бойдон калат.Көз көрүнө кемпир... Өлгөнгө өлгөндүн жашын берет... Жолдошу жолдош болуп, кол булгалап коштошуп кете берди. Жолдошу алып кетти. Жолдошу болсун. Топурагың торко, бейишин берсин. Өзү күткөн кыштан чыгып жазда кетти. Токтокан коштошту. Айтчу сөзүн айтып калгандай болду. Ыраазычылыгын айтып, ыраазы болгондой болду. Жолдошуна жолдош болуп кетти.

Ырыскелди Токтокандын айткандарын эстеп, өзү айтып кеткен Жалгыз жийде айылындагы кайнатасынын жанына койду. Жолдошу жөн келбептир да. Жаткан жайлары да жанаша... Түздөндү... Боюу – башын, дене – мүчөсүн түзөп кетти. Сапары кайтты... кетти... кетти... Бейиши болсун. Сексен биринчи жаз... Эми сексен биринчи... Жаз... Токтокандын өмүрүндө артка кайрылып айтылат. Артка карай элестетип, эскерилет, кеп – сөз болот. Арты карай... Алдыга эч нерсе жок... Өмүр токтогон жерден токтойт. Өлгөнгө өлгөндүн жашын берет... Токтоду Токтокан. Күнүң бүтсө көрөр күнүң да токтойт. Күндөр менен өмүр өтөт. Өмүр өттү – кетти. Токтокан деген аялзатынын аягы сууду. Жан суурулуп сууган жан жай алды.

***

Көз жаруу. Төрөт. Адам ыйлап төрөлүп, кайра ыйлап кетет. Ый жаңырат. Колуңду жумуп төрөлгөндөн баштап колуңа эч нерсе алып кетпейсиң. Жылыңач жаралып жылаңач кетесиң. Кандай төрөлсөң, ошондой кетесиң.

Жаралганыңа жараша. Таң калып келип, таң калып кетесиң. Келгениңди билбегендиктен, кетериңди да билбейсиң. Эмнеге билмек элең? Билбегениң деле жакшы... Билсең же ый, же күлкү болбой калбайбы... Экөөнүн биrөөсүнөн айрылып каласың. Экөө тең керек сага... Билбе... Билбе... Адам баласынын турмушу. Көргөн көрүмүштүн табити ушундай. Ушунусу менен бирде таттуу, бирде ачуу. Бар – жок. Жакшы – жаман. Кайгырсаң ыйлайсың. Кубансаң күлөсүң. Жетишпесең өкүнөсүң. Жетишсең сүйүнөсүң. Жаралдыңбы? – сени жер билет. Сени көтөрүп жүргөн да жер, көмүп салган да жер. Керек болсо жер! Жер кылып салат. Топурактан жаралып топурак болосуң. Пенденин иши... Кеткендин – келмейи бар. Өткөндөн келечек күтсө болот. Өткөн сабак. Түшүн!

Бишкек шаары. Төрөт үйү. Марат үйлөнгөндөн кийин Акниетти жанына алып алган. Бишкекте окугандыктан квартирант болуп Кызыл – Аскер кичи районунда жашашат. Бир четинен Акниет кыйналбасын деп шаарга алып келсе, анан өзү окуйт эмеспи. Ырас эле болгондой, көзү көрбөгөн Акниет айыл жеринде бирөөнүн үйүндө эмес, өзүнүн үйүндө жуунуп тарангандан кыйналып кеткен. Шаар ичинде эмне, жылуу суу, муздак суу, дааратканa квартиранын ичинде. Бардыгы бир комната. Шаардын шартына да Акниет көнүп алгандай. Адам андайга бат көнөт эмеспи. Шаардын шарты Акниетке ырастай. Анын үстүнө төрөр маалы да келип калган. Ичинде тепкилеген жанды жөн койбогур, тепкилеп сыртка чыгам деген убагы. Убакыт – сааты келип калгандай. Түндөсү Акниет тынчсызданып, Маратты коё бергиси келбей калгандыктан төрөт үйүнө алып келген. Ак халатчан врачтарды, медайымдардын үнүн уккандан кийин төрөйм деп оолуккан Акниет коркуп калганбы "төрөйм" – дебей да калды. Баласы бир жагынан бакырган, бир жагынан төрөгөн энелердин ичин басып бакыргандарын угуп алып

огош бетер коркуп төрөгүсү да келбей калды өңдөнөт. Ичин басып эле кыйкырык бакырыкты салган эле келин – кыздар "Суу келди, суу келди" – келгиле деген эле үндөр кулакка сиңип калгандай. Балдардын ыңаалаган үндөрү . Бир күндөн кийин балдардын ыйлаган үндөрүн уга берип кыз же бал ыңаалагандарын ажыратып каласың. Акниеттин төрөйм деп жатканына үч күн болду. Ырас, көз жара тургандар ынтымактуу, бири – бирине карамдуу. Же, бактыга жараша Акниеттин бөлмөсүндө ушундай аялзаттары чогулганбы? Ушул көзү көрбөгөн келин төрөйбү деп кээбирлерине кызык болсо, кээбирлери боору ооруп боор тартышат "Эмнеге төрөйт, өзү араң жүрсө" – дегендери да жок эмес. Акниет, адамды көзүнөн, өзүнөн, жүзүнөн карап билгидей, ал байкуш да көз да жок эмеспи. Көзү көрбөгөндүгүнө салып өзү менен өзү. Анын үстүндө башкаларга караганда жаштык кылгыдай. Бир гана мечүйлүк орус кыял Эльмира аттуу жаш келин, Акниет менен тең чамалаш. Ошол экөө гана сүйлөшүп, тил табышкандай. Акниетти түшүнгөндөй басып турган жерлери чогуу. Шаңкылдап ачык – айрымдыгынан ичинде кири жок, таза келин өңдөнөт. Акниет, адамдын сөзүнүн маңызынан, сүйлөгөн кебинен билет. Ички туюму да сезет. Түндө уктап жатып да шырт эткен үндү угат. Уйкуга сак. Кыбыр эткенге ойгонуп кетет. Акниеттин да Эльмиранын да биринчи төрөттөрү. Төрөттү күткөндөрү менен экөө тең төрөгөндөн коркушат. Улам толгосу келип, кайра токтоп жатып, Эльмиранын жатканына беш күн болуп кетиптир. Эртең менен саат жетиден келип караган төрөт үйүнүн башкы врачы Гүлнур Асанова жанындагы Эльмираны бүгүн кечки саат сегизде алып киргиле мага деп коюп кетип калды. Акниетти көрүп сеники эртең билинет деп койду. Төрөгөн аялдардын баары ал айткандай болот деп коркуп да алышкан. Чоң чеңгел Гүлнур деп да

ат коюп алышкан. Анын жанына барганда эмне кылып жатканын да билбей эс учуңан танып каласың деп күлүп да калышат. Беш – алтыны төрөгөн тажрыйбалуу төрөттүү чоң аялдар да коркушат. Бирок, ишине так, жакшы билген чоң чеңгел деп да макташат. Кыйналып, кысынып жатсаң ой –пойуңа койбой, чоң чеңгелин салып эле balaңды сууруп чыгышат деп күлүп калышат. Анда уккандары анын чоң чеңгели киргенче өзүбүз эле төрөйлү дешет. Ушул кепти укканда биринчи төрөттөрдүн жүрөктөрү түшкөнү түшкөн. Алар үчүн, төрөп алган да күлкү болсо, төрөй электердин жүрөгүнүн үшүн алгандай. Чоң чеңгелиң менен куруп калгырдыкы десе. Анткени менен Чоң чеңгел Гүлнур ичин кесип алган кесерованы жактыра бербейт. "Жараткан жараткан жеринен төрөлүш керек" – деп кыйкырганына көңүл бөлбөй төрөтчү жеринен төрөтүп алмайы бар экен. Мунун колунан көп аялдар кесерова болбойт дешет. Жылына эки – үч аял катталбаса, башка жокко эсе. "Жамбашыңар жок эмнеге төрөйсүңөр, биринчи жамбашты өстүрүп, жеткизчү жерге жеткизип жетилгенде төрөбөйсүңөрбү, он беш – он алты жаштан эле күйөөгө тийип жетип келишет" – деп урушкан убактары да көп кездешет. Ушуга чейин аборт кылганды жаман көрөт. Иштегенине көп болгон. Тээ атам заманындагы советтер союзунан бери иштеп келет. Советтик врачтын кыял жоругу башкача болот өңдөнөт."Сүйүнчү" – акчаны алганы менен буюртма акчаларды ала бербейт. Гүлнур эже төрөтсүн дегендер көп. Канча баланын киндик энеси болдуңуз деп сураса "баланы санабайм" – деп койгон жагы бар. Нечендеген окумуштуу, жазуучу, министрлердин киндик энеси болуптур. Өткөндө мындан бир нече жыл мурун төрөлгөн бала Жогорку Кеңешке депутат болуп киндик энеси Гүлнур Асановага келип ыраазычылыгын айтып сүйүнчү берип кетиптир. Көрсө, өзүнүн да, баласынын да

киндик энеси экен да. Башка жакка алып барбай суранып ушул жерден баласын төрөтүптүр. Аялына айткан экен " Мени кандай төрөтсө, баламды да ошондой төрөтөт, зато мен депутат болдум. Эми балам маршал болот". Кызык, ишенгенин карачы. Ишеним... Ишенич түбөлүктүү нерсе турбайбы. Тобокелге салбай, туура жолго барганын. Врач, чоң чеңгел Гүлнур эже да өз ишин так билгендиктен өзүнө да ишенет. Ишеничтүү айта алат. Врачка көрүнбөй жүрүп келгендерди кубалап көрсөтөт же төрөт алдында жумалап жаткызып өзү карайт. Ушундай жагы бар. Илгери эмей эмне, жаш кезинде алыскы деңиз деңгээлинен үч миң метр бийиктиктеги тогуз жагы тоо менен курчалган Тогуз – Тородо иштеп келген дешет. Өзүнүн айтуусунда: "Аттын ээринен түшөөрү менен төрөтүп алчумун" – деп күлүп калат. "Тоонун аялдары кыйын болот, силер шаардыктар жалакай болосуңар" – дейт. "Жылкынын чучугун жеген эркектери аялдарын көп төрөткөндүктөн мен дагы көп төрөтүп ошол жактан тажрыйба топтодум. Балбан сөөктүү тоолуктарды төрөтүп жатып, өзү дагы чымыр билектүү болдум. Силер болсо менин бир чеңгелиме чыдабай бакырасыңар. Анда жыргап, төрөргө келгенде кыйкырып каласыңар. Ой катындар" – десе деп кеп салып калат, ак көңүлү кармаганда. Кол салганды ошол Тогуз – Тородон үйрөнгөн окшойт, оңбогур чоң чеңгел. Жылкынын чучугун жеген эркектер деп, эркектерине ашык болгонун кантесиң. Тамашалап тамашага салганы да бат, ачуусу келип бакырганы да бат. Мунун баары ишине жараша го...

Кечки саат жети. Кечки тамакты ичээр мал. Акниетке тамак келген. Марат өзүм жасадым деп, дүкөндөн чүчпара сатып алып чүчпара тамагын алып келиптир. Курдаш болуп калган Эльмира экөө божурашып ошол чүчпара тамагына отурушту. Чоң чеңгел Гүлнур таттууну

көп жедирбейт. Тыюу салат. Кобур – кобур кепке өтүштү. Кантсе да аял кишилер эмеспи. Акниет айткандай, кыз кезиңде көп сүйлөбөй аял болгондо тилиң чыгып көп сүйлөп калат экенсиң. Аялдык парзды аткаргансып. Анын үстүндө ачык – айрым Эльмира да эбиреп – жебиреп оозу тыйылбай ал да көп сүйлөөк. Жаагы талыбайт. Аял кишиден башка болгондо жок дегенде тили талып ооруксунуп сүйлөбөй калмак. Аял экен да... Аял болуп жаралган соң карышпас жаакты, талыкпас тилди, тыйылбас ооздy ушаларга "мээ" – деп эле бере салганбы дейм. Ооздору тыйылбайт. Төрөй албай жатып сүйлөгөндөрүн айт. Акниеттин шаарга келгенде шаттуу болуп көңүлү ачылгандай. Күйөөсү Марат жанында. Көздү бербесе да көздөйдү бергенби. Көздөгөнүң болсо көздөй да аласың. Көздөгөнү, көз жарып алуу. Аман эсен төрөгөн периштеси менен Мараттын жанына, жашаган үйүнө баруу. Бактылуулук деп ушуну айтсаң. Көзүң көрбөсө дагы койнунда жаткан эркегиң болсо, бүтүн саныңа бүтүндүк, кош жүрөктүк алып келет тура. Ал турган иш. Кудайга шүгүр. Жетелеген адамы бар. Маратка күч – кубат берсин. Бир күнү кишинин күлкүсүн келтирип шишкебек алып келиптир. Акниетти жакшы көрөт деп. Эльмира шишкебекти көрүп алып ошол күнү кечке күлүп жүрбөдүбү. Анын үстүндө Акниеттин талгак болгону да узак созулуп шайын алгандай. Үйүндө жүргөндө апасына айта албай эле жүрүптүр. Же боюнда болгонун билбегендиктен анча маани берген эместир. Араң турган эме, жарылгандай Мараттын үйүнө келери менен боштондукка чаккансып кычкыл кымыз ичким келип жатат деп чыккан. Эркелегендей болгон, бирок организм талап кылып жатса, талгактыгын айтпаска канча. Кудайга ыраазы болсо болот. Качан Мараттын босогосунан талгактыгы күчөгөнүң. Талгак куркур, ар кимдикин аркандай козгойт окшобойбу. Талгактыгың менен куруп

калгыр. Бул тамак болгондо тамак кургурду кууратат экен. Кычкыл кымызды тез алып кел дегенсип ичкиң эле келе бергеничи... Азыр кымыз дагы чыкмагы азап. Базардагы сатылган кымыз кошулма. Аны ичсе Акниет окшуп огош бетер кусат. Айла кеткенде кымыз сааган жерден, жеринен алып келип жүрбөдүбү Марат куркур. Бир көргөндөн кийин ошол жерден алып келип берип жатты. Кычкыл кымызга талгак болгон Акниет. Эри жок боюнда болгону менен негедир Акниет эрди күткөн. Күткөндүн жолу ачык. Жол карап саргайган жок. Колдогону бардан бетер. Сарсанага деле батпагандай. Мүмкүн билгизген эместир. Мындайды кыйындыгынан жеңди деп коёт. Кудай колдогон адамды. Көзү көрүп турганда, жакшы адамды колго алып койгондой. Тубаса адамгерчиликтүү Акниет. Энеден түшкөндөн адам болуп түштү. Адам болсоң, адам колдойт. Азыр дагы көзү көрбөсө дагы көргөндөй сүйлөп коёт. Туубаса бир нерсени көргөндөй. Көрбөсө да көргөндөй... Өңүндө көрбөгөндү түшүндө көрөт. Түш жоруйт. Түштүн аяны менен жашайт. Айтуусунда Акниет балдарга сабак берет. Кантип... көзү көрбөсө балдарга сабак берет. Сүйлө десе эле сүйлөй береби? Же түшүндөгү аянбы? Ким билсин? Көрбөгөндүн кеп салганын көргөндөр көрө жатаарбыз... Убакыт бар, убакыт көрсөтөт.

Марат алып келген чүчпара шорпосу даамдуу болгон окшойт чоң тамак кашыгына сузуп шорулдатып Акниет, Эльмира ичип койду. Сүйлөшкөн сөздөрү да жардам бергендей. Сүйлөшүп отуруп алдындагы тамактарын ичишти. Эльмиранын дагы эле оозу тынбайт. Тамактан оозу бошосо, сөздөн бошобойт. Өзү, чоң чеңгел Гүлнур врачтын айтуусу боюнча бүгүн төрөйт. Убакыт сааты да келип, калды. Кечки саат сегизде десе, саат жети болду. Жок, Эльмира сүйлөп жатат. – Акниет, сенин ичиңдеги кызбы же балабы? – Ичимдеги эркек бала.

– Узиге түшүп билдиңби?

– Жок, өзүм эле эркек бала экенин билем.

Эльмира колун чапкылап каткырып күлөт. Боору калбай айтчу сөзүн айта албай, улам баштап келип кайра каткырат. Ошентип, каткырып алган Эльмира айтчу сөзүн эптеп токтотуп жатып айта салат.

– Эмне, эмне, сени, сени ичиңдеги балаңдын чочосу ичиңди тиреп турганынан билдиңби?

Эми оңойу менен оозун ачып күлбөгөн Акниет каткырыкты салды. Акниеттин күлгөнү кызыктай экен. Каткырып келеатып эле оозун чоң ачып таңдайын көрсөткөн боюнча үнү чыкпай, оозун жапканда каткырыгы таш жарып калат экен. Экөөнүн каткырыгы кошулганда кошул – ташыл бөлмөнү учуруп жибергендей. Дагы түзүк, Акниеттин кээбир жерден жанагы адатынча үнү чыкпай жатты. Эгер такай чыкканда кудай сактасын. Жаңырган каткырыктан жарылып кетет беле. Каткырсын, Күлүшсүн. Бала төрөйт эмеспи.

Мына каткырыктар эми көчүктөн чыкмак болду. Жети жарымда Эльмиранын каткыргы менен ичи толгоп кирди. Эльмира каткырыгын токтото албай кебетесин келтирип: – төрөп, төрөп, жатам – деп бакырды. Көзүнөн жашы ыйлаганынан чыкканы, же каткырганынан чыкканы белгисиз болуп, медайымдар чоң чеңгелге сүйрөп кетишти. Эльмира чоң чеңгелдин колуна түштү. Каткырыгың көчүгүңөн чыгат. Акниет дагы эле күлкүсүн тыя албай ичин болкулдатып күлөт. Токтоно албайт. Эльмира дагы укмуш болуп кетпедиби. Бир паста күлкү аралаш окуя болуп кетти. Каткырып жатып эле толготуп калганы кызык. Каткырганда байкушка күч келип кетти окшойт. Аман – эсен көз жарып алсын. Ошонун күүсү менен төрөйт эми. Каткырык дагы күч да. Болгон күчү менен каткырды эле. Оңбогур, Эльмиранын сүйлөбөгөн таппаганы

жок. Каяктагы нерсени кеп сала калат. Эльмиранын сүйлөгөнүн эстеп, бир сыйра өзүнчө күлүп, Акниет ичиндеги баласын эркелетет. "Балам сен экөөбүздү, жанагы Эльмира шылдыңдап жатып мына чоң чеңгелдин колуна түштү. Көрсөтсө экен ошол Эльмираны. Уктуңбу балам, бакырган үнү чыкты. Сен эмне антесиң деп экөөбүзгө болушуп сабап жатат" – деп ичиндеги баласын сылап, эми күлкүсүн тыйганда. Эльмиранын бакырганын уккан сайын, эми эле каткырып жатпадың беле дегенсип күлүп коёт. Үч бакырыктан "баа" деген баланын үнү чыкты. Эльмира төрөдү. Жакшы төрөдү. Күлкү шат менен төрөдү. Кечки жетиден кырк беш өткөндө бала төрөлүп туура сегизде энесинин эки эмчегинин ортосундагы көкүрөгүнө жатты. Чоң чеңгелдин дегени дегендей. Ыйынбай каткырыктын күчү, бакырыктын үнү менен Эльмира көз жарды. Жакшы төрөт болду. Дагы жакшы, Эльмиранын биринчи төрөтү, эгерде экинчи төрөтү болгондо каткырганда эле баласы жерге түшүп калмак экен. Чунак келиндер аста – аста каткырышса болмок. Толго тарткычакты каткырбай. Өзү каткырыкты салып өзү төрөдү. Кийин баласы куудул болот окшойт.

Эртең менен эрте. Кечеки каткырык, ичин оорутуп койгонбу, бүгүн Акниеттин ичи козголгондой ооруп калыптыр. Чатындагы ички кийими да суу болуп нымдашкандай. Суу келгендей. Суу толкуну ичинде да болуп жатыптыр. Акниеттин онтолоп кыйналып жатканын Зейнеп аттуу келин байкап жатты. Зейнеп түндө бир маалда келип жаткан. Аныкы да биринчи төрөт. Чоң чеңгел Гүлнур врач жаткызары менен Акниетти байкап жат деп ага тапшырган эле. Ошондонбу, айтор, көзүн албай Акниетти карап жатты. Же дейринде жакшы келиндир. Мүмкүн, көзү көрбөгөнгө боору ачыгандыр. Аял жан да... Кызыккандыр кантип төрөйт деп. Көр болсо дагы ичдеги бала көтөргөн

эне да. Зейнеп жакшынакай келген, жылмаюусу сыртына чыккан маңдайы жарык. Түстүүдөн түңүлбө. Өңдүүдөн өңтөй болбо. Жарыктан качпа. Кебетеси келишкенине караганда нуру чачырап турат. Өзгөчө чачынын узундугу. Төрөт үйүндөгү керебетке жатканда узун чачы жазылып, жамбашы менен басылып жатат. Чачы жамбашка жетет. Боюунда бар аялдын сулуулугун узун чачтуу Зейнептен көрсө болот. Мындай аялзатынын сулуулугун Акниет өңүнөн эмес, адамгерчилигинен көрөт. Адамды адамдыгынан тааныйт. Акниет онтолоп, ары – бери кыйнала баштаганда Зейнеп, Акниетти ойготуп жиберди. Акниет колун көтөрүп ойготкон адамга колун сунду.

– Сиз кимсиз. Мен аябай сүйлөндүмбү?

– Мен жаңы келдим. Атым Зейнеп. Экөөбүз теңбиз. Эмне керек болсо Акниет мага айт.

Зейнеп колу сунган Акниетке жакындады эле. Акниет, Зейнептин бетин алаканы менен сыйпалап көрдү. Чачын узатасынан сыдырып өттү. Ичин дагы кармалап жылмайып койду. Зейнептин көңүлүн алды окшойт. Зейнептин ичин сылап – сылап : – Аман – эсен көз жарып ал. Кечиресиң Зейнеп мени алып барасыңби?

– Ооба алып барып келем. Бул жерден бири – бирибизге каралашпасак болбойт го. Өзгөчө биринчи төрөттөгүлөр.

– Биз калп эле биринчи төрөт деп эле бөлүнө берет экенбиз. Же эч нерсе билбейбиз. Опыт да жок. Негизи төрөгөндөрдөн төрөттү сураш керек. Бирок, Зейнеп коркпо. Кантсе да бала төрөйбүз. Балалуу болобуз.

Төрөттөн коркуп келген Зейнеп Акниеттин чечкиндүү сөзүнө бел байлап калгандай. Өзгөчө балалуу болобуз да деген сөзү жакты. Акниеттин эрки күчтүү келин экенине ынангандай болду. Жакшы курдаш болооруна ишеним арткандай. Көзү көрбөсө да бала төрөйм деп турмушуна

жол ачкысы келген Акниетти сыйлап калгандай. Албетте, мындай эрки күчтүү адамдарды кимдер сыйлабасын. Сыйлагысы келет. Аны көрүп бел байлагысы келет. Алты саны соо адамга эрк бергидей. Акниеттин айткан сөздөрү, кебинин орду, умтулганы, мүчөсү соо адамдарга эрк берет. Күч – кубат берет. Акниеттин кол жетелетгени гана болбосо, бирөөнү жетелеп кеткидей. Көзү көрбөсө да турмуштун жолун көрсөткүдөй. Адам болуу көзү көргөндүктөн эмес, ал сезимден. Көзүң көрүп туруп сезим жок болсо, сүйүү кайдан жаралат. Он минут ичинде Зейнепке көп нерсе айтканга үлгүрүп калды. Зейнеп көргөн көзүнө ишенбей, ушундай сулуу кыздан көздү алып койгонуна нааразы болду. Кудайга да шек келтирип жиберди. Бул жанды кудай дагы көрө албагандай. Бирок кебетени келиштиргени менен Акниеттен адамдык сулуулукту буза алган эмес. Зейнеп ушуну түшүндү. Акниет, Зейнепти өзүнө арбап алгандай. Бир паста бооруна кысып тартып алды. Тамашаны дагы Акниет жакшы сүйлөйт. Дейринде бар. Тубаса.

– Зейнеп, Күкүгүң кайда? Күкүгүң барбы?

– Жок Күкүгүм жок. Жалгызмын деп Зейнеп күлүп коёт.

Эми тамаша сөздү баштаганда чоң чеңгел Гүлнур врач эже кирип келет. Бардыгы түздөнүп калышты. Чоң чеңгел кирип келери менен Акниетти карап, ичин кармалап, кармалап көрүп: – Акниетти алып киргиле. Акниет, суу келиптир. Эмне унчукпайсың. Төрөйсүң. Деги көр, мунун чыдамдуулугун. Киргизгиле мага.

Медайымдар Акниетти колунан алып жөнөшөт. Акниет колун сунган боюнча чоң чеңгелди көздөй жөнөйт. – Зейнеп, менин күйөөм Марат келсе айтып кой. Билип жатасың да, мен каякка кетип бара тканымды.

Аны уккан чоң чеңгелден баштап, медайымдар, Зейнеп

күлүп калышат. Акниет, баардыгына даяр. Эртерээк көз жарып, ичин тепкилеген баласын төрөп алса, жеңилдеп калат эле. Көптөн күткөн күнүнүн саат убактысы чыкты. Бала төрөлгөнү калды. Акниет чоң чеңгелдин колуна түштү. Акниеттин ойунда чоң чеңгел кандай кыйнаса ошондой кыйнасын, иши кылып төрөп алса болду. Төрөт оңой эмес. Өзгөчө биринчи төрөт.

Мараттын түнү боюу бармагы ооруп чыкты. Чыдатпайт. Денедеги кандын баары ошол жерге уюп калгансып, сыздап ооруйт. Чымырайт. Ооруга жалакай Марат чыркырапчыңырып да онтолойт. Онтологон дабышы сыртка угулгандай. Бир бармагын экинчи бармагы менен басат. Бул эмне оору? Өзү таң калат. Каны бат айлангандай чыканактан ылдыйы кыжылдатып келип, кан толкуну топтолгондой бармакка келип ооруйт. Чыдамы жок Марат, бир бармактын оорусуна чыдабай, уйкусу да качып кеткендей. Уктатпайт. Кичине көзү, илинип кетсе түшүнө Акниет кирет. Түн ортосунда бир эмес эки жолу көзү илинди, ошондо да түшүнүн көрүнчүсү Акниет болду. Бул эмне деген шумдук бир түндө эки жолу Акниетти көргөндүгү. Акниет, анын бармак оорусу жөн жаткызбады. Башын жаздыкка койду дегичекти кан толукшуп келип бармакка уюуган оорусу кыжылдата баштайт. Бармагынын башын экинчи бармагы менен баса берип, кызартып жиберет. Бармак дартынан буту тыбырчылайт. Эмне кылаарын билбейт. Өйдө туруп басайын десе бармак оорусу жаздыкка башын тарткандай. Кичинекей беш манжанын бармагы өнөрдү көрсөткөндөй. Бармагын ушаласа жакшы болуп калгандай. Туруп, туруп эле толукшуп кыжылдап кирет. Маратты кыжалатка салды. Бармак ушунча бушаймангa салат деген, үч уктаса да түшүнө кирбейт. Акниеттин түшүнө киргенден да чочуйт. "Акниетке эмне болгон, беш минутка көзүм илинсе да түшүмө жабыша калат. Же

бармагым сыздатканын билип жатабы? Эмнеси болсо да саат эртең мененки алтысы жетип барайынчы" – деп Акниеттен да санаасы тынчыбайт. Бүгүнкү баш бармак толукшуган дартынан түнкү саат бешимде түн менен күн алмашаар маалында уктап кетти. Сыздатып ооруган бармагы ошондо басылып калгандай. Тынч уйкуга мемиреп кеткендей. Жай баракат. Жай турмуш ошондо сүргөндөй. Саат чырылдаганын өзү болжолдогон алтыга койгону ырас болуптур. Антип ырастанып албаса, кашайып уктап түшкө бармак экен. Саат коңугуроосуна бир саат болсо да уктап жаткан Марат ыргып турду. Көз ирмемде уйкусу кангандай. Чарчоосу да жазылгандай. Башты ооруткан бармак сыздатканы да тып басылгандай. Жеңил – желпи турду. Жакшылык күтүп тургансып жайдары. Кийимин кийип улагандан улам басканда "Акниет" – деп атын бир сыйра эмнегедир атап алды.

Ичинен сызып, Акниетти ойлоп бараткан Марат төрөт үйүнө аттап – буттап эле кандай жеткенин билбей калгандай. Өзүн жеңил сезгендиктен тез жеткендей болду. Бармагы да басылды. Ушунча ооругандан кийин, эмне басылып калды деп, таң калып да коёт. Колун бир нерсеге уруп алып, кайра басылгандай.

Марат, Акниет үчүн кыжалат болуп, чоң чеңгел Гүлнур врач эжесине тапшырып койду эле. Гүлнур врач да Акниетти көрүп боору ачыгандай, башын ийкеп макул болгон. Акниетке билгизбей Марат чоң чеңгел эжеси менен сүйлөшүп койчу. Көнгөн көнүмүшкө салып чоң чеңгел эжесинин кабинетине кирип барат. Бир нерсени күткөндөй. ,Эмнегедир Марат албуут. Кандайдыр бир күч колдонгондой. Азыркы жаштар уялбайт ийменүү дегенди жакшы биле беришпейт. Шар ачып кирип келет. Чоң чеңгел Гүлнур врач жаңы төрөттөн чыгып чарчагандай. Анын үстүндө уйку көрбөй түнү боюу иштегендей.

Мараттын эшикти тыкылдатпай киргенин деле эске албагандай. Чарчагандыктан анча – мынча мээси иштебей калгандай. Көзү үлбүрөңкү чарчоо менен карайт. – Ии, жигит: жетип келдиңби? Деги сен кандай аял алгансың. Эртең менен төрөйт деген Акниетибиз эртеси эртең менен бешимде төрөдү. Кенебей жүрөт "Сүйүнчү" – эркек уулдуу болдуң. Төрөтү жакшы болду. Кыйналган жок. Эки ыйынганда баласы жарыкка чыкты.

Чоң чеңгел орус кыял. Орустай болуп ачык сүйлөй бермей мүнөзү бар. Аялдарды төрөткөндөн кийин, баарын ачык эле айтып калат окшойт. Чынында, Акниеттин толгосу жакшы болду. Толгодон толгонуп кыйнаган жок. Таң саар бешимде көз жарганына караганда, ошол учурда баланын үнү жарыкчылыкта жаңырганда Мараттын бармак оорусу токтогон. Илгери кемпирлер айтып калчу эле толгоомду күйөөм тарткан деп. Анысыңары, Акниеттин толгосун Марат бечара тарткандай. Толгоң менен сенин. Сезим, сезимди сезет. Адам сезими менен туят. Сезими аркылуу ооруйт, сыздайт. Мараттын толгосу Акниетке болгон сезими. Акниет менен Мараттын таза сүйүүсү. Сүйүүдөгү сүйүнчү сезимдери. Сүйүү ынак болгон үчүн Акниетти жубай кылды. Акниет дагы көзүнөн айрылып каларын сезип, өзүн толук бойдон Маратка арнагандай. Калгандары өз колдору менен курап ала турган: Турмуш, тагдырлары. Эми өз колдорунда. Толгоо тартканын Марат жаштыкка салып билген деле жок. Акниет деле билбейт. Кайдан билсин. Андай алгылыктуу сезимдер козголгону менен кеп кылынбайт. Кийин... Кийин...

Толгоосун Марат тартып, төрөгөнүн Акниет төрөгөндөй. Экөө сүйүүдөн жаралган баланы жарыкка бирге алып келди. Акниет, курдашы Эльмирага окшоп кыйкырык салып төрөгөн жок. Бир бакырды, бала төрөлдү. Эльмира да Акниеттин төрөгөнүнө көз салып. " Көз жарганда"

– кыйналган жок деп койду ичинен. Кийинки кезектеги чачы узун Зейнеп дагы Акниеттей кыйналбай төрөгөндү самап койду. Акниетти төрөтү ак халатчандардын, ошондой эле чоң чеңгелдин да мактоосуна татыгандай.

Марат Акниеттин төрөгөнүн угуп алып, ата – болгонуна сүйүндү. Чоң чеңгелден угары менен эшикке чыгып, үнүн ааламга жетишинче "Мен ата болдум" – деп бакыргысы келди. Демиккен демин чыгаргысы келди. Бир четинен айыл эмес да деп кейип да алды. Шаар ичинен кыйкырганды уят көрдү. Уялды. Шаар кенен – кесир көрүнгөнү менен, мындай кубанычта айылдан тардык кылат. Кысылат. Анан шаардыктар маданиятсыздай көрүшөт. Туура эмес түшүнгөндөй. Айыл эле жакшы экен. Ойлогонуңду кыласың. Айылда эмне, балалуу болдум деп бакырсаң ошолорго кубаныч, ошолорго маданият. Балалуу болгон маданият эмеспи. Сүйүнгөн маданият болгондой. Айылдагы төрт көчөсүн кыдырып сүйүнчү чогултасың. Колунан келгендерин берет. Берекенин баары айылдан. Шаарда кескилеп эттен мантысын жасап сатышса, айылда бир козусун, улагын сүйүнчүсүнө кармата берет. Айылдын пейили жакшы. Ажары жакшы айылдын. Анан "сүйүнчү" – деп кыйкырсаң дагы тоолор жаңыртып колдоп жаңырык салып, сени кайра өз үнүңдөй турайт. Канча жолу кыйкырсаң ошолорго сени жаңыртып туурап берет. Шаардын эмне кыйкырсаң, же сен эле балалуу болуптурсуңбу деп тоолорго теңе албаган адамдар жыга чаап кетет. Тоолордун жаңырыгын укканга караганда, шаардан көрө, айыл жаратылыш сыры жакын. Кыйла жакын. Шаардан машина айдагыча, айылдан ат мингениң жакшы. Суунун шаркырап акканы, чөптүн шуулдаганы. Марат баласын ойлоп, туулуп – өскөн айылын эстеп алды. Айылдан чыккандар шаардан элита болуп алганын айт. Айылга караганда, шаарда көбүнчө өмүрүң коркунучта.

Баласынын келечегин ойлоп шаар менен айылды салыштырып жибергидей. Балалуу болдум деп, бир кенен – кесир кыйкыра албаганына ушунча ой келди. Марат айылын сагынгандай. Анан айылдан качкан адам.

Дагы эле кубанычтары койнуна батпаган Марат менен Акниет баланын атын койгонго киришти. Азыр заман башка. Заманга жараша жаштары да. Түшүнүктүү. Ата – энелер дагы балдарынын жаш экенине карабай уулуңардын ысмын өзүңөр эле койгула деп калышкан. Илгеркидей, дей берип илгеркиден жадагандай. Андан өздөрү да чарчап балдары да чарчагандай. Баардыгынын заман талабындай современный болгусу келет. Ата – энеси да, уул – келиндери да. Чиркиндин современный жашоосу. Балаңдын ысмын өзүңөр койгула деген ата – энесинен уруксат алган Марат, Акниет ат койгонго киришет. Акниет эркек уул болгондуктан Маратка жолду бошоткондой. Үйдүн кожойунунан аттап өтүп кете албагандай. Эркек адам бир кадам алдыда. Эркегин сыйлаган аял. Анысына Марат ыраазы. Мараттын ойунда Акниеттин көңүлүн, көтөрүү. Акниеттин маңдайы жарык болсо, үйдө жарык. Жашоо жарык. Үй ичи аялдын жарыгынандыр... Айтор бири – биринин көңүлүн ойлоп жатып, баланын атын коюу көпкө узарып кеткендей. Чоң чеңгел аларды шаштырат. Акыры бир сөзгө келишип Марат, кыздарынын атын коймок болду. Эркек балдарды Акниет. Акниеттин Марат менен кеңешкен аты Өмүр болду. Өмүр, Марат менен Акниеттин мектепте окуткан агайы. Аны агайы эмес эле ата ордуна көрүп, үйлөнгөндө өкүл ата коюп алышкан. Азыр ата кылгың келсе, турмуш курганда өкүл ата коюп ал. Бул кыргыздын жакшы салты. Көңүлү жакынын ата коюп албай. Өмүр дагы жат адам эмес. Экөөнүн бири – биринен тартынган сезимдерине жол көрсөткөндөй. Жол ачып бергендей. Маратка Акниетти айтпаса, Акниетти

Маратка айтпаса ким билет эле турмуштун тайгак жолунда. Жолдору алыстап кетет беле. Ата – энелери да ырас көрүшкөн. Анан, Марат менен Акниет дайыма жакшылыгында Өмүр агайын ойлошот. Чакырышат. Мына баласына да, ысымды агайынын атынан коюшту. Өмүрдөн сурашкан жок. Сураганда ал макул болбошун билишет. Келгенде баланын күбөлүгүнөн көрүшсүн дешти. Ошондой чечишти. Баласын ошондой бала болсун дешти. Агайындай билимдүү, балдарды окуткан агай болсун дешти. Тилек кылышты. Тилектери орундалды. Жакшы адам жакшысын таштабайт. Жакшы менен жакшы жүрсө жакшылык күтүп турат. Бардыгы тилектеш. Тилегиң жакшы болуш керек. Жакшы тилек жарым ырыс. Жакшы адамдын аты коюлганы да жакшы болду. Эми угула элек агайы укканда кандай акыбалда болот болду экен. Аны көрөр жатарбыз.

Акниет төрөткананын бөлмөсүндө баласын эмизгенге күтүп жатат. Медайым алып келиши керек эле, кечигип жатат. Кечиккени Акниет да тынчсыздана баштады. Канткен менен биринчи баласы да көргүсү келет. Эмизгиси келет. Акниеттин көзү көрбөгөндөн төрөт уйунүн ичинде медайымдар баланы эмгиздирип, кайра алып кетип турат. Чоң чеңгел ушундай өзгөчө шарт койгондой. Башкалардан башкача. Акниет мени менен кошо жатсын деп суранганда, баланы улам которуп, ороп турабыз деп түшүндүрүшкөн. Үйгө барганда карайсың деп да коюшкан. Акниет көңүлүн оорутпай, анын акыбалына карап иш кылгандай. Чынында эле, Акниет кантип баласынын жалаягын кантип которот. Бала деген бир гана сүт эмбестен, эмген нерсесин да сыртты көздөй айдайт да. Акниет да кабыл алгандай. Айласы канча... Бир гана баласын көп күттүрүп кечиктиргендери... Баласы качан келерин билип да алган. А, түгүл Медайымдар таң калышат. Акниет

көп балдардын ыйлаганынан өзгөчөлөнтүп тааный алат. Сезими жакшы .Сезимтал.

Мына, күткөн баланы медайым көтөрүп келеатат. Бала көтөргөн дабышты уккан Акниет боорун ачып даярданып калды. Медайым баланы берди. Акниет баланы колго алары менен чочуп кетти. – Ай, сен кимди алып келгенсиң. Бул менин балам эмес. Салмагы оор. Анан эмчегимди таппай жүрөт. Менин балам салмагы буга караганда жеңил, дем алуусу да башкача. Анан менин балам сугалак. Ал эмчегимди дароо тапчу. Мунун энесине алып бар. Эльмира, Зейнептер дагы карап калышты. Медайым басып келип карап, алмаштырып алганын түшүнгөндөй.

– Ой, Акниет кечиресиң. Балдардын төтөндөрүн чайкап жатып, алмаштырып алган турбаймынбы. Чоң чеңгелге айтпа, ал укса мени өлтүрөт. Акниет кечирчи азыр алып келем.

– Тез алмаштырып кел. Сага ишенсе, сен ушинтесиңби. Акниеттин өңү бузулуп, колунда баланы медайымга карматат. Медайым кетирген шашма катасын сезип баланы көтөргөн бойдон шашып жөнөйт. Ымыркайлардын мойнундагы жазуусун алмаштырып көтөрүп келгендей. Акниет эне да. Эне өз баласын көрбөсө да энелик сезим деген бар. Энелик жыт, бала жыты. Көзү көрбөгөн Акниеттин баласын жазбай билгенине жанында жаткан энелер бири – бирин карашып, Акниетти карап коюшту. Сокур дагы баласын тааныйт экен дегендей. Көз көзү жеткенин көрсө, сезим андан да алысты сезет окшобойбу.

Адашкан Акниеттин баласы келеатат. Аны Акниет алыстан сезди. Эмчеги да ийип, эки эмчегинен баласын күткөндөй эле ак сүтү агып кетти. Келери менен жалмаңдап бала эмип кирди. Баласынын кылыгын жакшы билгендей, чупулдатып учу жок эмчектин учун чыгарып эмген баласы, чынында соргоктугу чын окшойт. Эне

баласын төрөлгөндөн кыялын билет. Курсагы тойгон бала ыйлаак да болбогондой. Бала дагы энеси Акниетти түшүнгөндөй эмгизип койсо уйку менен алек. Бир гана сийип алса үнүн чыгарып коёт. Таза бала ошондой болот окшойт. Эне үчүн бала дайыма ыйык. Акниеттин эрмеги баласы. Баласынын издегени эне көкүрөгү.

***

Адам баласынын жашоосунда жакшы – жаман бирдей жүрөт. Жакшы кандай жакшы болот? Кандай жамандык күтүп турат? Ким билет? Айттырбай келет. Катылган сыр. Өзүңдүн жашооңдо кандай сыр жатканын билбейсиң. Жакшымын деп ойлойсуң жамандык кайдан... Ким жамандык кылат, кайдан билесиң? Каяктан келип чыгат? Адам болуп туруп адамды билбейсиң. Сүйлөтөсүң, карайсың, тиктешешиң, керек болсо чогуу жашайсың, чогуу турасың, а бирок ойунда эмне бар... Ичине кирип көрүптүрсүңбү? Сүйлөгөн сөзүңдүн баары баарына жага бербейт. Караганың жакпайт, көз караш башка башка. Жылдызың келишпейт. Үн – сөз жок болсо дагы. Бүгүн жакшы, эртең бакшы. Ойго келбеген окуялар болуп кетет. Аны кутпөйсүң. Ким ойлойт... Ким ойлоптур... Адам адамды алдын ала билбейт. Андыктан алдын ала бирдеме дештен тартынасың. Анткени менен мындайлардан коркпогондор жок эмес. Кудай билбегенди биз билебиз деп Пайгамбар боло алгандар да алыс кетпей, жакын жерден чыгат. Жараткандын, сүйүктүүсү болуп алгандар. Каяктан андайга жетишкенин билбейсиң. Баардыгын сөз менен жайлайт. Кулагыңдын кужурун алып кобурай берип куюп койгондой. Анын кеби кыт куйганындай кулагыңа сиңип катып куюлуп калгандай. Кулак куймасын эч ким алып чыга албагандай. Ага жан тартып жаны бирдей болуп калгандай. Жабышып, жанынан чыкпай калганы ошол калдыктан

болгондой. Көзгө сайып көрөгөчтүк кылып көз боёмочулугу көз карашыңды өзгөртүп, койнундагы катынын эрине каршы, үстүндөгү эркегин катынына каршы кылып койгонун кантесиң. Эрине тукуруп эрк бергенин, аялына тукуруп айбат бердиргенин айтпа. Бирок байланган жан чечилет. Буулган нерсе бук болуп атып чыгат. Жер бугун вулкан болуп тоо – ташты ээритип атылса, адам бугун, күйүтү от жалынга тутанып, былык шишип бышып чыгат. Ошондо көр; от – жалынды. Ошондо көр адам баласы үчүн өмүр, жашоо кандай кымбат экенин. Өмүр! өлүмдөн коркпой калганын. Адам ажалды сезбей, сестенгенин. Адамдын албуут күчүн. Ошондо көз боёмочулар адам кандай күчтуү экенин көрүп, көзгө көрүнбөй көздөн жаздым болот. Жоголот. Жаныңа жолобойт. Адамдын жаны менен ойногон да, кубаттанганда жан да. Жан таттуу, ачуулукка айланбасын. Таттуу татымы таттуу, ачуу дагы туздуу. Эч ким туз куйбасын... Туз куйбасын.

Бакшы болуп, баарын билген Айымкан турмуштары ачууланып баратканын сезип Каленге да, Бозорканга да жолобой, жашаган жерин которуп көчүп кеткен. Жүрөгүнөн да көчүгү түшүп качып кеткендей. "Кеттим ушул байдын кызынан" – деген окшобойбу. Экөөнүн алмак – салмак берген акча акылары кызыктырбай калгандай. Экөө бир эркекке келип жатканын билгенден кийин эле кысчуу жерин кысканбы дейм. Бул жагынан тажрыйбасы бардай. Анан болбой, анан кантип болбосун. Көпчүлүктүн көзүнө көрүнүп жатса. Көпчүлүктөн акча менен кошо амалкөйлүүлүктү да алат. Акча амалкөйлүккө ала салдырбай үйрөтүп коёт турбайбы. Кызыктын баары акчада экен. Бапырап турсаң билерман бакшы да болосуң. Алганың "алармандыкы", үнүңдүн дабышы да өкүм болуп өлөрүңдү деле билбей калчудайсың. Акчанын айынан канчалаган адамды көрдү. Айымкан, элди көрүп байыды. Киши

болду. Көрүнгөндү көрүп, сүйлөгөндү да үйрөндү. Россия, Казакстан, Андижанды кыдырды. Жерди да көрдү. Көрсө, ошол жактан бир нерселерди үйрөнө келгендей. Аялдардан да амал үйрөнгөндөй. Башка жакка барып башын иштетип келгендей. Кийим кийингенди да үйрөнүп, көчүгүнөн согончогуна жеткен шайы штанын оңойу менен чечпейт. Эмне аны жууйбу? – деген да ой кетет. Keминде, андайдан он окшойт. Санынан ылдый штан, ары жагы кадимки эле ичке тигилген турсасы деп да коюшат. Ким билсин. Бирде жакшы, бирде бакшы. Мээни иштетпей кулакты иштетип койгону чатак экен. Уккандын убайынан бергени... Кандай? Адам кызык. Өзүнө ишенбей уккан кулагына ишенгени. Кулак көз эмес. Эмес... Эмес... Эмес...

Мүмкүн, Айымкан ойундагысын жакшылыкка кылгандыр. Бакшынын да жакшы адамдары болсо болгондур. Ким билсин. Ойдун артынан ой келет. Эмне үчүн Каленге айтканын Бозорканга айтып кылдырды? Балким экөөнүң эңсегени бир эркек болгону үчүңбү? Анда, Кайнар байкуш куурады го... Календин да Бозоркандын да билгизбей бердирген канын ичип жатып. Жаман нерсе ичсе жаман болот да. Жаман нерседен жакшы болмок беле. Жаман аялдар десе. Өздөрү деле сүйгөнүнө кантип берет, ойлонушса болмок экен. Жаман нерседен кантип жакшы бүтүм чыкмак эле. Азгырыкка азгырылган аялдар. Ойлонбой жакшылыкты эңсегендер. Жакшылыкка да ойлонбой жеткениңеби? Ой – тилек жакшы болсо, жакшылык келет да. Кир нерсени ичиргенден ич жылымак беле? Жылуулук ички туюмунан , сырткы сүйүү кереметти алоолонуп чыгат. Айымкандын айтканы жаман таасир эткен экен да. Жакшы аялдар бир эркек үчүн жаман аял болду. Аялзатында бүткүл дене керемети турат, эркекте мүчө болгону менен... Кармайын деп кармай албаган аялдар... Айымканды таба алышпай ара жолдо калган Кален

менен Бозоркан. Эми эмне болот? Эми эмне кылышат? Өз алдынча, ойуна келгенин коё беришпей, ойуна келгенин кылышат кыязы. Кыялдары да курчуп, кыр көрсөтүп кыраандыкка салгыдай. Өзгөчө өжөр Календен байкалат. Сактасын. Жаман кыялдан сактасын.

Ый. Ыйлаак Кален, кичинекей кезинде ыйлаак болгон. Балдар кандай болуп эрезеге жетет. Ыйлаган ыйынан билсе болот деп коюшат. Ыйлаак кичинекей кезинде түйшүк тарттыргандыктан, чоңойгондо деле түйшүк тарттырат окшойт. Карамды, кароону талап кылчудай. Ыйлаак бала кандай болсо ошондой көңүл төркүндөдүр кийинкисинде деле. Көңүл бурдурат. Бурбаганды да ыйлап жатып бурдурат. Анысыңары, Календин көгөрүп ыйлаганы ошондо эле көктүгүнөн кабар берип тургандай. Ошондо эле өжөрлүгүнө салгандай. Талыкшып ыйлаганы өзүнүкүн коё бербей талап кылганы. Кийин анысы билинип ыйлактыгы көктүгүнө, өжөрлүгүнө жетти. Талыкшып ээрип ыйлаганы айтканынан кайтпаган талабын аткара турганы. Кичинекейиндеги ыйлаактыгы жакшылыкка болсо экен. Көгөрүп ыйлаган кыз, көгөргөн көк болду. Көктүгү ашып көк жал болбосо эле болду. Көк жалдык аял кишиге жарашпайт.

Ыйлаак. Дагы бир ыйлаак, Кайнар болгон. Кайнар ыйлаганда өпкө – өпкөсүнө батпай ынтыгып калаар эле. Дем жетпей, демин көз жашы басып калчу. Ыйлаак баланын өпкөсү көөп, көкүрөгү көтөрүлүп кагып калаар эле. Кичинекейиндеги ыйлаактык, ыйына жараша өсөт. Кичинекейинде өпкө кагып ыйлаганы кийин деле өпкөсүнө чыгып төшүн каккан бала болгондой. Кичинекейинде ыйлап чыгарчу. Эми эмне ичиндеги күйүтүн төшү менен көтөрөт. Көкүрөгүн каккылап чыгат. Ичиндеги бугун жүрөгү менен сезбей өпкөсү менен сезет. Жүрөккө жетпей калат окшойт. Өпкө көөппөй, жүрөк дүкүлдөсө, дурус болоор

беле. Кой – айга келип... Көөдөн көтөрүлсө, жүрөк согумда ашык болбойт тура. Жүрөктө ченелүү согум. Өпкөдө өпкөсү жоктой. Чеги жоктой орунсуз көөп эле турат. Жүрөк сезбей, өпкө өпкөлөнүп калганы кыйла жерге жеткирет. Каякка? Көөдөн канчалыкка көтөрүлөт? Төш каккандын кагымы канча? Кайсы убакка чейин?

Муздак муздактык. Суук, адамдын денесин чыйрыктырып, жөнү жок ооруткандай. Сырттагы муздактык,үйдүн ичине өтүп, анда жашаган Календи кыздары үшүтүп койгондой. А, чынында эшикте деле суук боло турган кыш мезгили деле эмес. Жаз мезгили. Апрель айынын ортосу. Жерден жылуулук деми келип турат. Жер айдоо. Өрүктөр гүлдөп мөмөсү түйүлгөн учур. Бактын жалбырактары жайылып бүчүрлөрү бүрүшүп көрүнүп калган. Жаратылышта жылуу дем. Көчөттөр көтөрүлүп көзгө көрүнөт. Эмнеге Кайнардын үйүндө суук келип, суздук тартып турат? Эки жагынан жел урчудай эшик – терезелери, эки жагы деле жабылуу. Анда эмнеге? Кыздары Кундуз, Умсунай дагы кандайдыр муздакты сезгендей колу – буттарын бүрүштүрүп бүгүп, бүктөлүп алгандай. Журөктүн үшүн алат. Ушүк алгырлар десе... Кален дагы чыйрыккандай үшүп калгандай. Муздактык. Үйдөн жылуулук кеткендей. Жылуулук жок. Жылуулуктан үмүт үзгөндөй. Үзүм болсо дагы жакшы эмеспи. Жок дегенде жылуулуктун бир үзүмү. Андай нерсе дагы калбай калгандай. Капырдыкы десе. Капырай, эмне деген жел урма муздактык. Бул үйгө күн тийбей калганбы? Үй – бүлөөгө нурдануу болбой күндүн нуру келбей калгандай. Эмне деген жел урма муздактык. Календин ичинен да муздак шамал уруп турат. Көп болду. Көптөн бери. Ичи жылыбайт. Жылуулуктан үмүтүн үзүп койгон. Кайнардын, Бозоркан менен болгон кайнаган сүйүүсү Календи тоңдукка алып келди. Ал ак сүйүүдөн муздап калды. Кален тоң мойун болду. Жибибейт. Тоң боюнча

калды. Жүрөк муздап муз болуп калгандан кийин, ал эмнеге алып барат? Жүрөк сезбесе, сезим жоголот да. Сезим жок. Кайнарды көрөйүн деген көзү жок. Кайнарга өчөшүп калды. Баарын Кайнар кылды. Анын муздап калган ойунда. Тоң мойнунда эмне турат... Карачы, Кайнар эмнеге жеткирди. Эки ортодо кыздары да муздады. Алардын жүрөгү муздады. Үмүттөрү үзүлдү. Жашоого көңүлдөрү жок. Көңүлдөрү чөктү. Кален ойлогон жок, Кайнарды көргүсү келбегени менен кыздардын атасы экенин. Ал сүйүүсүнө өзүмчүлдүк кылып, көктүгүнө салып туруп алды. Кайнар дагы ойлогон жок Календен көңүлү калганы менен кыздарынын энеси экенин. Канынан жаралган кыздары да. Өз жанын ойлогон, жамбашын чайпаган сүйүүгө кетти. Көкүрөгүн качып, бирөөнүн көкүрөгүнө жатып соолуду. Оюндан от чыкты. От өчтү. Муздады. Арканды алыс таштабай, бирөөнүн артынан кетти.

Акыркы күндөрү Кален эч кимге сүйлөгүсү да келбей, көбүнчө үйдүн бурчунда күбүрөп – шыбырап өзү менен өзү сүйлөнүп отура берчү болду. Көңүлү келгенде кыздарына тамак жасап берип коёт. Көбүнчө кыздары кургак нанды бүрдап жеп алышат. Бала эмеспи. Энесине катуу сөз айта алышпайт. Ачка болдук деш кайда. Кайнар кыздарына жездедей эле мамиле кылып калгандай. Кундуз, Умсунай муздак күндөрдүн жыйынтыгын, эртерээк аякташын күткөндөй. Бир нерсени күтүшөт. Жакшылыкка бүтөбү, жамандыкка бүтөбү, бүдөмүк. Бир жарык шооланын үлпүлдөгөнү көрүнбөйт. Байкуш кыздардын колунан эмне келмек эле. Күн өтсө болду да. Күн санап, күн кечирип жатышат. Күндүн чыгыштан чыкканы, батыштан батканы эсеп. Күн өтмөй. Өлбө жаным, өлбө... "Бүгүн апамдын көңүлү көтөрүлүп жылуу тамак жасап берет болду бекен" – деген ой. Ойлогондору эле ошол. Окууга барганы менен ага деле көңүлдөрү жок. Кайдан көңүлдөрү болмок эле.

Ойлорунун баары тамакта болуп жатса. Кален колдоруна акча берип койгонду да унутуп койгондой. Байкуш кыздар, текчедеги ачык турган акчаны көрүп көздөрү өтөт. Өздөрү албайт. Алгандан коркушат. Арга жок кылчаң – кылчаң карашып кетишти. Көздөрү акчадан күйөт.

Акча менен эсептешкен Кайнар үйгө деле кенен акча алып келип коёт. Болду. Акча чечет баарын. Анын түшүнүгүндө үйгө акча коюп койсо, Кален кыздарына тамагын жасап, үй салынган отура берет. Аял кишиге ошол гана керек. Аялзатынын сүйүүсү да каражат менен эсептешкендей. Сүйүү өзүмчүл болору менен иши жоктой. Кайнардын өзүндө сүйүү болбосо керек. Акчага байланган жаны, сүйүү акчададыр. Акча болсо сүйүү болгондой. Балким, сүйүүсү бар адам бактылуудур. Акчалууга караганда. Акча болуп туруп, сүйүү качканын башынан өтүп жатса дагы сезген эмес. Илгерки ата – бабасынын жоруктарына көз салып келет. Көз чаптырганы чоң атасы беш катын алып бешөө беш жакта мал жаны менен күйөөсүн күтүп жата берчү экен. Аталарынын жолун улагандай акча берип койсо, Кален эки кызын карап отура берет имиш. Каленге да жылуулук сезим, жакшы сөз, жанында эркек болгонун ага керек эместей. Көкүрөктөгү сүйүү намысы бычак кырындай мийиздүү турганы туурасында ойу жеткидей эмес. Бүгүн Бозоркан, эртең дагы бирөө, бир келген жашоонун жыргалы ушундадыр. Өмүр өткүчө жашоону көрүп калыш керек. Кайнардын баскан – турганы ушундай, тишиң барда таш чайна. Тиш кетсе чайкагандын кереги эмне. Илгеркидей беш катын ала турган Заман эмес, беш катын менен жүрө турган заман. Табигаттын мыйзамы ушундай, адамдардын чыгарган мыйзамы андай эмес. Адам түшүнбөсө, табигат түшүнөт. Кайнардын көкүрөгүн кагып ойлонгону. Тапкан акчасы табигаттын таттуусунда болуп жатат.

Акча чиркинде максат, иш болгону менен сезим жок. Акчада сүймөнчүлүк болгону менен махабат жок. Акча менен адам болуп туруп адам жарата албайсың. Сүйүү менен адам жаратасың. Махабат маңызы бала да.

Башыңды иштетпесең башыңа эмне келерин кайдан билесиң. Башка түшкөн ишти көтөрө албай Кален, кызуу кандуулукка алдырды. "Өлөм" – деп күрөө тамырын кести эле, канын токтотуп Кайнар алып калды. Аны тирүү алып калып, дагы кыйноого салды. Тирүүнүн кыйноосунда жүргөндөй. Кыйналып кетти. Кысылды. Жаны чыгып кетчүүдөй. Эки кызын көрөйүн деген көзү жок. Анткени, алар жек көрүнчү Кайнарга окшош. Ошонун каны. Сүйүүсүн сыйлабаган Кайнардан эмне үчүн төрөгөн? Кайнар каалагандай ага эркек бала төрөп бере алган эмес. Ошон үчүн Кайнар Календи чанды. Календи, ой басты. Чөктү. Кален эмне кылаарын билбей айласы кетти. Айла акылдан адаштырды.

"Кайнар эркек төрөбөйсүң" – деп деле кеп кылбайт. Башка аял менен жүрүп кеткени Календи бузук ойго салат. Бузукулук үй – бүлөнү бузгандай. Бузулду. Урады.

Кален күнөөнүн баарын эки кызынан көргөндөй. Көз көрүнө аларды күнөөлөгөндөй. Каны бузук Кайнардан төрөгөн. Эки кызы Кундуз, Умсунайдын кандары бузук. Булар киши эмес адам болбойт. Кыздары ачка мектептен бири – бирин күтүп, чогуу келишти. Келери менен апасынын кабак – кашын карайт. Бүгүн апасы түнт. Үй дагы деле муздак. Дагы эле жылуулук жок. Терезенин торлору ачылган эмес. Күн тийген эмес. Күңгүрт тарткан үй бөлмөлөр. Кален, эмнеге караңгыда отура берет. Адам сыягынан кетип бараткандай. Үйдө каткан нандар. Нандар эки кызынын тамагы. Каткан нанды катыратып жегендерине

эки күн болот. Курсактары ачкандарынан түртүп койсо жыгылат. Кичүүсү Умсунайдын курсагы ачып өзөрүп калгандай.

– Кундуз эже, тамак жейм.

– Азыр, нан алып келип берем. Тынч отуруп жеп ал. Апам урушат, ыйласаң. Апам байкуш, ооруп калган го...

– Кундуз эже нан эмес. Тамак жегим келип жатат.

Кыздардын жүрөктөрү түшүп калган. Каленге да, атасы Кайнарга да сүйлөй алышпайт. Экөө урушуп жатып, үйдөн чыр чыга берип коркуп калышкан.

Кален ачкамын деген кыздарына ачуусу келет. Экөөнү колдорунан силкип кечки жата турган жуурkандарына ич кийимчен жаткырат.

– Бери келгиле, чечингиле. Азыр экөөңөр дабышыңарды чыгарбай жуурканга дымыңарды чыгарбай чүмкөнүп жатып уктайсыңар. Азыр силерди уктатам. Уктуңарбы? Каны бузуктар. Силердин каныңар бузук! Силерге тукумдун кереги эмне? Жаткыла!

Бужүрөшкөн байкуштар, бүрүшүп барып энесинин айтканына макул болуп, баштарын бирине – бири тийгизишип, жатышат. Кызуу кандуулукка алдырган Кален, өз кыздарын кучакташтырып жуурканды баштарынан ашыра жабат. Жапканы аз келгенсип, жини кармап, жин ургандай жуурkандын үстүнөн салмагын салып тумчуктура басат. Ачкалыктан алдары кеткен кыздары буттарын араң сермеңдетип тепкиленет. Кичүү кызы Умсунай Кундуздун колтугунан чыгып, эптеп баш ылдый жууркан ичи жөрмөлөп жуурkандан чыгып кетет. Жан деген таттуу да. Балага эмне жан керек эмес бекен. Жуурkандан жылмышып чыгып, апасы өлтүрүп жатса, "апалап" ыйлап кирет. Бала да, бала апасынын кылганына, көргөн

көзүнө ишенбейт. Апалап ыйлаганын көрүп, Кален аны кармайын дегичекти ал качып жөнөйт. Артынан кубалап барып кармайт. Умсунай апалап ыйлайт.

– Апа мени өлтүрбөчү. Мен өзүм жатып өлөм. Сиз басканда кыйналат экем. Апа! Кыйналбай эле өлөйүнчү.

Кален, кызын жулкулдатып келсе, улуу кызы жууркандан бетин ачып алып дем алып жатат. Шайы кеткенден туруп кача албагандай. Кундуз эжесинин тирүү экенин көрүп сүйүнгөндөй. Эжесинин кучагына кирет.

– Кундуз эже, экөөбүз кучакташабыз. Кундуз эже коркуп жатам. Сиз корккон жоксузбу? Апам өлтүрөм деп жатат го. Апа! Каттуу баспай акырын эле басыңызчы. Мен өзүм эле Апа! Кыйналбай өлөм. Апа! Ыйлабаңыз, мен өлөм.

Эжеси Кундуз сүйлөгөнгө шайы келбесе, өз кыздарын өлтүрүп жаткан Кален ыйлап да алган. Ыйы ызаага айланып ызаланганынан өз жанынан жай алып жаткан кыздарын өлтүргөнгө экинчи ирет кириштш. Кыздарынын өтүнүчү боюнча акырын көпкө басып өлтүрмөкчү болду. Кичинекейи ыйлап жаткандыктан, көз жашы көлдөй куюлуп тумчуктурупжаткан жууркан суу болуп чыкты. Байкуш кыздар, сийип да жиберишкен окшойт. Сийдикке кошул – ташыл сасык жыт да кетти. Буттарынын тепкилегени жууркандын ичин жыртып, ичинен кебездер сыртка чыкты. Ушундай жан кыйноодо эшиктен кудай жалгап Кайнар кирип келди. Үйдүн сасыгын, жууркан ылдый шорголологон сары, кызыл кан аралаш сууну көрө калып, басып турган Календи ыргытып жуурканды ачып жиберди. Улуусунун мурдунан кан кетсе, беркиниси кан аралаш сийип жибериптир. Сасыктыгы ичтеринен жел чыккан. Эгерде курсактары ток болсо башкасы деле чыкмак.

Жууркан ачылганда кичүүсү оозун ачып дем алып кирди. Улуусун Кайнар жаакка чапкылап, бетине суу сээп өзүнө келтирди. Кыздарын өзүнө келтиргенден кийин Календи эркек адам менен тепкилешкендей тепкилеп кирди. Календин мурду – башы канжалап эле жатып калды. Канды көргөн кызы барып, "өлтүрөм" – деген апасына болушуп кирди. Чуркап апасынын үстүнө жыгылды.

– Ата, апама тийбе! Апам жакшы. Апама тийбе! Апам жакшы дейм. Кундуз эжем да жакшы. Апама тийбе!

Кундуз деген атты укканда Кундуз тура калды. Апасын тепкилеген атасы Кайнарга ачуусу келип, жини менен атасынын колун тиштеп алды.

– Апамды башка теппе! Жинди болуп калат! Теппе! Теппе апамды!

Кундуз, Календин канжалаган башын кучактап бүт ааламды жаңыртып ыйлайт. Үнү жаңырып жандууларды ойготкондой. Кайнарга кызынын тиши терисинен өтүп, кан чыгып кеткен. Качан гана колунан кан чыкканын көргөндө Календи канжалатып сабаганын көрдү. Ошондо гана көзүнө көрүнгөндөй. Кыздары кан аралашкан апасын кучактап турат. Кален кан талаа көзү менен Кайнарды карайт. Кан көргөндө Кайнар эс – учун жыйгандай. Бүгүн Кайнар караңгыда эмес жарыкта келди. Келгени ырас болуптур. Эгерде дагы түндө келгенде бүт ажырап калмак экен. Акмак атка түбөлүк калмак экен. Кыздары да өлмөк, Кыздарынын арасынан күрө тамырын кесип көнүп калган Кален дагы өлмөк.

Бозорканды кырсык басты. Башынан жамандык кетпей койду. Бозоркандын кырсыгынан экөөнүн ортосу сууй түшкөндөй. Бүгүн Бозорканы жок, эрте жарыкта келгени ошол. Апасы Токтокан өттү. Анын аркасынан өлүм токтобой, жамандыкы жакшыга тийип, байкуш Ырыскелди

авто авариядан каза болду. Бозоркан сыздады. Сай сөөгү сыздап кетти. Ырыскелди кандай жигит эле. Ичинде кири жок жан эмес беле.

Эгерде Ырыскелдинин өлүмү болбогондо Кайнар үй – бүлөсүнөн толук айрылмак. Жакшынын өлүмү да бирөөлөрдүн өмүрүн сактап калды окшойт. Жараткан! Бирөөлөрдүн жамандыгын көрсөтпөй, жанына алып алды окшойт. Авария болгон төрт кишиден, бир гана Ырыскелдини алган. Ырыскелди да ичидегисин сыртка айтпай кыйналды. Кыйнап койду. Кыйноодо болду. Укса, укмаксан болду. Көргөнүң көрмөксөнгө салды. Жалгыз болду. Бирок жалгыздыгын билгизген жок. Кызынан уялды. Кызынан тартынды. Өмүрү ушул экен. Өкүнүч менен кетти. Кетти... Кетти... Кетти...

***

Сабырдуулук. Сабырдын түбү сары алтын. Адам турмуштун татаал жолун жүргөндө гана сабырдуулукка өтөт. Сабырдуулукту билет. Урунуп берилген оокат сабырдуулукту үйрөтүп койгондой. Кагылып – согулуп токтолосуң, токтолбоско айлаң канча. Качанкыга чейин кагылып жүрмөк элең. Көрө – көрө көсө болмой, сүйлөй – сүйлөй чечен болмой бар эмес беле... Турмуш жолго салып үйрөтүп коёт. Көп жашасаң көптү көрөсүң. Адам баласы жашоосунда жаш курагына жараша жеген таттуу алма татымын татыйт. Карыганда таттуу алманы тили менен сооруп даамын татыса, жаш кезинде таттуулугун таш чайнаган тиши менен чайнап татыйт. Курактын өзүнүн татыган курагы. Жаш куракка жараша турмуш оңтойу. Жаш кезде иш, карыганда аш. Башыңа түшкөн иш. Жаш кезиңде кылган кылыгың, карыганда башыңа тиет. Жамандыкты көтөрө билсең, жакшылык келет. Чыдаган жеңет. Жамандыкты соопчулук менен согосуң. Соопчулук.

Бишкек шаарынын жаш Гвардия бульварында Өкүм коляскага он жаштагы баланы сүйрөп жүрөт. Бак аралап бактын көлөкөсүндө, бак жытында майып баласына таза абадан жуттуруп эс алдырып жүргөндөй. Эсине келип, майып баланы атайын балдар үйүнөн үч жашында багып алышкандай. Бир кездердеги эгиз балдары Капар, Сапардын күйүттөрүң күйөөсү Макмуд экөө ушинтип таткысы келгендей. Соопчулук менен кетирген күнөөлөрүн мойнуна алып, Жараткандан кечирим сурагандай. Эгиздеринин көздөрү тирүү тургандасапырылган акчага машыркап, төрөлгөн бала төрөлө берет дешип, эч нерсени көрбөй калышпады беле. Качан Капар, Сапарынан айрылган соң, бала баркын билип сай сөөктөрү сыздап жүрүшпөдүбү. Көп ойго батып азап чеккенденби? Айтор үч жолу боюунда болуп, үчөө тең боюунан түшүп, токтобой жүрбөдүбү. Макмуд менен Өкүм ажырашып, салынган Сарайын эки бөлөөрдо Ырыскелди байкуш арача түшүп, кайгыңар бир болсо, эгизиңердин арбагын сыйлап бир болгула деп кол кармаштырган. Ичи кенен кең пейил Ырыскелди алдыдагы арканды алыска таштатып элдештирген. Бул жагынан ал кыйын эле. Жамандык жакшылыкты карап турбай, тез уюштуруп жиберген жагы да бар эле. Анан, акылдарына келип, Макмуддун ойуна ой кошулуп балдар үйүнөн бала багуу сөзү кеп салынган. Кепке көнүп Өкүм, майып баланы көрө коюп багууну сунуш кылган. Өлгөн балдарынын азабынан тирүү көзү жалдыраган, жардам берсе кубанган баланы багып алышкан. Бул байкуш баланын да ата – энеси машинадан авария болуп, ушул бала тирүү калып аман калган экен. Багары жок балдар үйүнө туш болуптур. Эми минтип эгиздерин эңсеп сагынган Макмуд, Өкүмдүн баласы болуп олтурат. Байкуш бала акылдуу, бир гана баскан бутунан айрылган. Ырыскелди да авариядан каза болгондо, Өкүм да үч күн көз жаш тыйбай ыйлап жүрдү. Эстеген

сайын ыйлайт. Эстүү жанды кантип эстебейт. Эч кимге жамандыгы жок жан эле. Жардам керек адамга ашыгы менен жардам берчү эле. Адам болгондон кийин адамдын жакшылыгын кантип унутат. Көрсө, акча менен адам тагдыры чечилбейт тура... Бир заматта байлыгың бок болуп, астын – үстүн көз ирмемде кетет. Жаныңды акча сактап алчудай эмес. Акча бардык убактылуулукту сактайт. Түбөлүктүүлүккө жок. Акча сактаса, акчага келген машина сүзүп кеткен эгиздерин Макмуд сактап калбайт беле... Асманга учуп бараткан жаш балдардын жанын кантип кармап каласың. Кантип... Кантип... Кантип... Чыркырап чыңыргандан башка колунан эч нерсе келбейт. Кетти эгиздер келбес жакка. Эгиздеринин тыбырчылагандары! Алып кет деп! Алаңдап карагандары. Жанталашып, чыгып бараткан коё бербей кармашкандары!. Дагыэле Өкүмдүн көз алдында. Соопчулук, Макмуд менен Өкүмдү балекеттен сактап калгандай.

Өкүм, он жашар коляскадагы багып алган баласын сүйрөп келатса астынан Өмүр чыгат. Өмүр баласы менен алек болгон, ойлуу Өкүмдү тааный коёт. – Өкүм, кандайсың? Бак аралап ойлуусуң го. Эмне анча ойго батып. Ойлонбо.

– Өмүр өзүң кандайсың? Көп жыл болду окшойт, көрүшпөгөнүбүзгө.

– Ооба, көп болду. Жылдар өттү, кандайсың?

– Жакшы, балам экөөбүз сейилдеп чыкканбыз.

Өкүм баарын Өмүргө төгүп – чачып төгүлүп айтып бергиси келди. "Бир туруп кайсы кыйраткан жашоомду айтып бермек элем" – деген ойго да кетип, кыска сүйлөгөнгө өттү. Көп да сүйлөгүсү келген жок. Өттү – кетти кейигенде, эгиздерин кайрып алмак беле... Кайран эгиздер. Кайран эгиздер... Жаштыктын кайраты ошол менен кетти... Ар кимдин өз жашоосу. Өздүк сыр. Ушул заманда ким

эле бирөөнүн көйгөйүн уккусу келсин. Турмуш сүргөн соң, көйгөйү жок адам болбосо керек. Өмүр мурункусундай шатыра – шатман, урду – бердиси жок, токтоолукту байкады. Көп сүйлөгүсү келбегенин да сезди. Баласынын башынан сылап маңдайынан өөп койду.

– Сейилдеген жакшы да, биз бак аралап чоңойгонбуз да, сен токтолуп жакшынакай эне болуп калыптырсың."- Сага токтоолук жарашат экен" – деп Өмүр, Өкүмдүн көңүлүн көтөрүп койду. Экөө сүйлөшүп турганда, нары жакта өзүнчө калып калган төрт жаштагы бала чуркап келе жатат. – Апа, мен сиздерди таппай калып, калыпкалыптырмын.

– А сен, бизден калбай бас да. Байкең артын карап издеп калды.

Коляскадагы баласы, инисин карап экөө сүйлөшүп калды эле, Өкүм балдарына көңүл бөлүп калганда, Өмүр, Өкүм менен коштошуп басып кетти.

Соопчулуктун сабагы. Үйүнө үч жашар майып келгенде жанагы чуркап чыккан бала, Өкүмдүн боюна бүтүп төрөлгөн наристе. Ошондуктан төрөлгөн наристенин атын "Токтобек" коюшкан. Коляскадагы баланын ысмы Ынтызар. Кудайдан сурап тилеп алган балдары. Макмуд, Өкүм үчүн Ынтызар баласы ыйык бала. Анын көзүнүн кареги менен тегеренет. Бала бакыт. Бала кубаныч. Адам бакыт эмне экенин билип, бактысын бааласа...

***

Кыбыла. Кыбылага жазданып жаткан жай. Адамдын акыры келер жайы ушул топурактуу жер. Топуракка келип тоёсуң. Жылаңач келип жай алып жатасың. Мүрзөлөр. Жалгандан чынга келгендер. Дөңсө – дөңсө болуп жерден көтөрүлгөн күмбөздөр. Жашаган жашоондун аяк – башы. Байкуш, эчкимге жамандыгы жок Ырыскелди да

ошол жерден жай алган. Анын бөдө кырсыктан каза болгонуна бир жыл толду. Жыл бат эле өтүп кеткендей. Кечээ эле күнү Ырыскелди ар кимге жакшылыгын аябай жардамын берип жүргөн кези эле. Өзгөчө кайнэнеси экөөнүн мамилеси жакшы эле. Маркум Токтокан да күйөө баласы Ырыскелдини кызы Бозоркандан жакшы көрөр эле. Адам жакшылыгы жакшы тура. Жакшылыгы менен жакшы көрүнөт экен. Токтоканды, өз энесиндей көрүп, эринбей чачын өрүп бергеничи... Андан да кайнэнем биттеп кетиптир деп жуунтканычы... Карачы кандай кайрымдуу кароочулук. Мындай күйөө бала жок болсо болгондур, жолукса адам чанда – чандадыр. Бирөөнүн кайгысына кабыргасы кайышып, оорусун өзүнө алып оору менен кошо жарышканычы. Койчу деги, эмне деген, көзү көргөндөргө көмөгүн аяган жоктур. Ырыскелдинин жакшылыгын өлгөндө түшүнгөндөр көбөйдү. Байкуш, өлгөндө көп сөз болчу болду. Теңтуштары отурган жерде эле Ырыскедини эч нерсе көрбөй кетти, көрөрдө кетти, жакшылык көргөн жок деп кейип – кепчип алакандарын тарс чаап калышат. Чиркин, каттуу сыздап, кемсинтүүдөн жүрөгү ооруп турса да сөз кайтарган жокко... Эмне деген жан... "Жаның барбы? – жооп кайтар" – деп калчу достору. Тууганы болобу, досу болобу, же көчөдөгү адам болобу, же койнундагы катыны Бозоркандын кылыгы болобу, жүрөгүн оорутуп албайын дегенсип өтө аяр болот эле. Өзүнүн жүрөгүн ойлобой бөлөк – бөтөндүн жүрөгүн ойлоп жүрүп кетти. Дагы жүрөгү жүрөк экен. Ошончо жүктү көтөргөн. Көтөрүмдүүлүгүн айт. Авариядан бирөөнүн тагдырын ойлоп кетип эле ой басып өлдү. Андан болбосо баары – бир жүрөктөн кетмек. Ага жетпей ой басымынан кетти. Кээде туруп эле ой басып, баспай ордунда катып калмай адаты бар эле. Ошол адаты кармады. Чөмүлгөн ой колун коё бербей машинанын рулуна катып калган боюнча кетпедиби. Эмне, ошол

учурда ой басты болду экен. Теңтүштары, "Ырыскелдинин жүрөгүн оорутпайлы" – деп Бозоркандын жоругун көрүп жатышса да айтышчу эмес. Кайнар менен Бозоркандын кылыктары ааламга таанылчудай болуп, ар бир эки киши кеп кылып калган. Акыры аларды кан төгүүлөр токтотгондой. Кан төгүү эмей эмне, согуш болгондой алты ай аралыгында энеси менен эринен Бозоркан айрылып отурат. Эгер, ошол күнү күтүлбөгөн кырсыктан Ырыскелди каза болбогондо Кайнар, бир күндө куу баш болуп калмак. Бир аз кечиккенде аялы Кален эки кызынан айрылмак. Дагы кудай сактады. Сактаганда да чоң сактады. Ырыскелдинин бөдө өлүмү: жаны жаннаттан болсун, бейишин берсин, үчөөнүн ордуна себепчи болгондой. Андай болбогондо эмне болот эле... Башталган турмуш тагдырга айланды. "Кудай таалам бергени менен тагдыр деген болот экен да". Кудай талаам адамга" жан" берди "жанды" кара башыбыз менен карч уруп эмнеге жумшап жатабыз? Жадаганда, көзүбүз тойбой койнубуздагы катыныбызды же эрибизди сатабыз. Жашоодо саткындык жаман нерсе... Ач көздүк, саткындык – Жараткандын берген тозогу... Тозок деп, ошол ач көздүк, саткындыкты айт. Кыбылаң болбой калгырдыкы десе...

Бозоркан Ырыскелдини жоготкондон кийин акылына келгендей. Түштөн кийин... Эс – учун жыйгандай. Чыгыштан чыккан күндүн сапары кайтып батыштан баткан кезинде, кеч күүгүмдө такси жалдап Ырыскелдинин мүрзөсүнө келди. Атайын чыгынып келгендей. Жыл боюу түшүнөн Ырыскелдини күттү. Түшүнө кирген жок. Караанын самады, караан жок. Караан... Караан... Караан... Кирип келчүдөй күтүү жаман...Байкуш, Ырыскелди сүрөткө да көп түшчү эмес. Ушучадан да башкалардай болуп сүрөткө түшө бербептир. Кусалыктан келген Бозоркан таксини токтотуп, топуракка көмүлгөн Ырыскелдинин

мүрзөсүнө келип, көз жашын токтото албай ыйлады. Дабышын чыгарбай бышыктайт. Өпкөсү көөп, өпкө өпкөсүнө батпайт. Башына кара жоолук салынган.

– Ырыскелди алтыным! Сен адамдын алтыны экенсиң! Сен жокто мен түшүндүм. Сени кыйнап коюптурмун. Сен мени кечир. Кечирчи мени! Сен адам экенсиң... Адам! – байкушум!

Бозоркан сүйлөп жатканда, айланадагы жел шамалга айланды. Шамал куюнга кептелип Бозорканды каптады. Куюн келип, көзүнө топурак толтургандай көзүн ушалап калды. Байкап турган таксист жыгылып калган Бозорканды тургузуп машинасына салганга аракет кылды. Ырыскелдинин үстүндөгү топурак Бозоркандын бетине чачырагандай. Бозоркандын кийим – кечесине, бети – башына топурак чачырап, топурак баскандай. Ар кандай шуулдаган үндөр менен кошо башкача кыйкырык – өкүрүктөр жаңыргандай. Шуу – шуу... Уу – уу... Шуу – шуу... Уу – уу...

Таксист шашканынан машинасынын да эшигин ачкан боюнча Бозорканга жөнөгөн экен. Машина менен мүрзөнүн аралыгы көп болсо беш метрдей аралык. Беш метр жерге бат эле барам десе керек. Ачылган машинанын эшиги кептелген куюндан катуу тарс эткен үн менен жабылып айнек сынып кетти. Дагы жакшы караңгы кире элек кеч күүгүм. Кеч күүгүмдүн күүсү... Борзоркандын жүрөгү түшүп калган. Калтырап буту – колу жерге тийбегендей. Көздөрү чакчайып чанагынан чыгып кетчүүдөй алайып алган. Коркконго кош көрүнүп, машинанын калгасынын айнеги каңк эткенде таксист да калчылдап калды. Машинанын ачкычын таппай чөнтөгүн сыйпалайт. Таппасаң сыйпалап калгыр.Чөнтөгүндө жок. Сыйпалап, таппаган ачкычы ордунда сайылып турат.Анын да жүрөгү түшүп калгандай.

Бозоркандын куран окутканга эмес, кечирим сураганга келгени көрүнүп калды. Бети чыдаган эмес го, тирүүсүндө теңине албай көргүлүктү көрсөтүү эле го Ырыскелдиге. Мүрзөсүнө келгенде, заматта аламат болуп кетти. Куюндун коюусу Бозорканды топурак чачып кубалагандай. Айланадагы арбактар Бозоркандын келгенин жактырган жок. Кабыл албагандай. Жым – жырт мүрзөлөрдүн арасынан куюн кубулуп кубалаганы, тирүүнүн деле жаман – жакшысын ылгайт окшобойбу. Бозоркан бозала болуп боз топуракка малынып кетти. Үй – бүлөсүндөгү ырыскы Ырыскелдиде экенин эми түшүнгөндөй Бозоркан. Колдо бар алтын баркы жок. Тирүү жакшынын кадырын көрүстөн казылганда билгениң пенденин пендечилиги... Топурактан жаралып топуракка кететсиң. Карайлаганың кыбыла... Кыбыла, жаныңдын бир бурчу, караанын...

Өмүрдүн өмүр жолундагы жоолуктурган адам баласынын турмушу ушул болду. Көргөндү көргөндөй кылып айткысы келбей, жүрөк ооруткусу келбеген учурлары да болгонсуду. Өмүрдө оор тагдырдан сабак алсак болгону... Пендем! – төрт тарабың кыбыла дегени менен, кыбыла бир тарапта... Турмушта туш тарап бар, сенин тарабың бирөө... Өмүрдө жолдор көп, сенин тандаган жолуң бирөө... Элдер арасында керт башың жалгыз болгонуң менен “эл эмне дейт” – деп жаша. Кудай талаам! – жаратканы менен тагдыр деген болот тура. Жер, сууну, тоону, асманды берди. Берекесин ала алдыкпы? Адам кылып жаратты! – Адам боло алдыкпы? Өмүрдүн өмүрдөгү жазмышы... Дагы биз басчу жолдор бар. Демек турмуш уланат. Өмүр, өмүр сүрөт... Тирүү алдаса да арбак алдабайт. Бозоркан канчалык өзүн бийик көтөрүп ата – энеси койгон ысмын Датка кылып өзгөртсө дагы көтөрүп кете алган жок. Өзүн мактады. Жактады, мактанды бирок ойунда эмне болсо ички

дүйнөсү менен ишке ашырып турмушка ашырды. Ашкан кан жол кандай болду? Сүйүп жүргөн, аны үчүн күйгөн ырыстуу күйөөсү Ырыскелдиден айрылды. Күйөөсүнөн сыр жашырып сырдуу окуяга туш болду. Күнүмдүк күн көргөн сүйүүсү кумсарган кумарга айланды. Кумарлануу кумар гана болуп берди. Боорукер Ырыскелдинин арбагы кабыл алган жок. Айланасындагы күмбөздөрдөгү аалам да кабыл албай, уу – дуу шамал куюн менен тегеректеп бороон, буркан – шаркан борошолуу аркылуу кубалап жолуна салды. Ойуна келгени менен жүрө берсин деди. Ойуңа келгенди кыл деди... Ырыскелди: Жаткан жайыма жай кой деди. Айланасындагы дөбөдөгү ааламдагы Ырыскелдиге кошулгансыды... Андан аян бергенсиди. Экинчи айланып келбе дегенсиди... Жаратылыштын сыры сүр көрсөтүү... Жаткан топурагы асманга сапырылып чыккан чаңы көздү боёмолоп көз көрсөткүсү келбеди... Көз көрсөтпө деди... деди... деди... Топурактан жаралып топуракка кетесиң! Топурактан жаралып топуракка кетесиң! Төрт тарабың кыбыла болгону менен кыбыла бир тарапта... Кыбыла... Кыбыла... Кыбыла... Баскан жолуңду билсең, басканыңа жакшы... Изди көрсөң, издегениңе оң болоор... Болгону чанбай, болгонуна тобо кылсаң, болуп тургандан кийин болуп кетээр... Өмүрдө да алакан жайылып бата болот, өлүмдө да алакан жайылып бата болот. Эки дүйнөдө тен кыбыла бар. Жалганды жалган, чынды чыйрып караганың кыбыла. Ойлогон ойуң, кылган кылыгың ал сенин денең, денеде жан бар. Жаның бекем болсун – Өмүр! Күндөр менен Өмүр өтөт. Өмүр улаган жолдор... Дагы айта элек өмүр бар. Өмүр... Өмүр... Өмүр... Өмүр кыбыланы көздөй кыбырап, пендени көздөп жол тарткандай. Жолуң болсун.

# СҮЙҮҮ ЖАНА ЫЙ

(4 сүрөттүү мелодрама)

КАТЫШУУЧУЛАР

Өмүрбек; Таалайбек – чогууокушканстуденттер

Кенжеке

Бактыгүл

Табылды – Таалайбектин баккан атасы

Бүбүкан – төлгөчү

Нарынбек – Кенжекенин агасы

Бегимбү – Кенжекенин энеси

Карыя

Жумалы – Бактыгүлдүн атасы

## 1-сүрөт
## Жатакана

Өмүрбек. Таалайбек, эмне үчүн сенин атыңды Таалайбек койгон?

Таалайбек. Эмне үчүн дегениң кандай? Таалайлуу болсун деп койгондурду.

Өмүрбек. Ооба аның туура. Ата-энебиз атыбызды койгондо да бир нерсеге тилек кылып коет тура. Мени өмүрлүү болсун, ушул балама кудай таалам бакыт берсин деп, биздин айылда жашы сексенге чыккан ак сакал карыя коюптур. Мен үйдүн эң кичүүсүмүн, башкача айтканда бир үйдүн көкүрөк күчүгү болом. Мени айылдагылар атама окшоштурушат, бирок көзүмдү, мүнөзүмдү апама окшош деп айтышат туугандарыбыз.

Таалайбек. Анда сен эрке бала турбайсыңбы?

Өмүрбек. Жок кайдан эрке! Үйдүн түйшүгүнүн баары менин мойнумда. Элдин кичүүсү болгуча, иттин күчүгү бол дейт. Жадаганда өзүмдүн бир тууган агамды, атамдын иниси го дечүмүн. Кийин мен эс тартып калганда

келди үйгө. Атамды он жети жашымда көрдүм. Атаң десе таң калып, кечке караптырмын, атам мага бартына албай учурашпастан үйгө кирип кеткени эсимде. Кийинчерээк атам экөөбүз бири-бирибизге көнүшүп калган кезде, атасыз калдым.

Т а а л а й б е к. Эмне, энең экөө ажырашып кетишти беле?

Ө м ү р б е к. Жок, аны айтып отурбайм, узак сөз, атам жөнүндө эч кимге эч нерсе айткым келбейт. Ал кишинин мүнөзү оор, түшүнүү кыйын эле, жадаганда оорусун эч кимге айтпаптыр, Атамдын мүнөзүн эжем тартыптыр, анын да мүнөзү оор эч ким менен сүйлөшпөйт, түнт, жашы быйыл отузга чамалап калды.

Т а а л а й б е к. Ал эжеңдин балдары барбы?

Ө м ү р б е к. Жок, ушу убакытка чейин турмушка чыга элек, жигит менен иши жок болсо керек.

Т а а л а й б е к. Үйдүн түйшүгүн сен тартсаң, кандайча окууга келип калдың?

Ө м ү р б е к. Кандайча дегениң кандай, агам үйлөнүп, үйдү ошол тейлеп калды, а мени болсо, апам байкуш окууга жиберди.

Т а а л а й б е к. Мени болсо барбайм десем болбой жиберишти.

Ө м ү р б е к. Кандайча? Өзүң жөнүндө айтып берчи?

Т а а л а й б е к. Мен жөнүндө кызыктуу эч нерсе деле жок. Атам,апам жаш менден кийин бир карындашым бар, болгону эки бир тууганбыз. Мен кара, карындашым орускa окшошуп сары. Эмнегедир экөөбүз бири-бирибизге окшошпойбуз. Негизи бир туугандар бири-бирине окшош болот го. Менин сүйлөгөндөрүм, баскан тургандарым атама окшош. Карындашымдын менден бою узун.

Ө м ү р б е к. Бир туугандар ар кандай деле болот. Биздин айылда үч бир тууган бар, үчөө үч башка.

Т а а л а й б е к. Кээде, эмне үчүн эки башкабыз деп таң кала берем.

Ө м ү р б е к. Чын эле биз эмне отурабыз. Кенжеке менен Бактыгүл келебиз дешпеди беле. Тамак-аш жасай койбойсуңбу.

Т а а л а й б е к. Мүмкүндүк кана...

Ө м ү р б е к. Эмнеге продукту калбай калды беле?

Т а а л а й б е к. Ооба. Эптеп чай берербиз. Алар деле студентта түшүнүшөөр бизди. Мүмкүн келишпейт.

Ө м ү р б е к. Жок, Кенжеке келем деген.

Т а а л а й б е к. Анда Кенжеке жалгыз келмек беле, сөз-сүз Бактыгүлдү ээрчите келет да. Чын эле Кенжеке менен кайдан таанышып жүрөсүң?

Ө м ү р б е к. Институттан эле, библиотекадан китеп алайын деп барсам акыркы китеп калыптыр, Кенжекеге мен алган китеп жетпей калып, ошол китепти Кенжекеге бергем.

Т а а л а й б е к (күлүп). Ошентип сен китеби жок калдың.

Ө м ү р б е к (күлүп). Жок, сен мени түшүнгөн жоксуң, китепке шылтоолоп барып, анан таанышып калдык (күлүшөт).

Т а а л а й б е к. Ой, адамдан амал качып кутулбайт го, сен деги кыйын экенсиң дароо моментин тапкан. Эпчилдер, кыздар менен бат таанышат. Мага окшогондор болсо, жүрө берет качан кыздар өзү келет деп коюп.

Ө м ү р б е к. Коркпо, азыр Бактыгүл келсе, экөөңөрдү тааныштырып коебуз.

Т а а л а й б е к. Чын эле кандай кыз.

Ө м ү р б е к. Көрө элексиңби?

Т а а л а й б е к. Жок, көргөм, бирок сүйлөшүп көрө элекмин. Адам менен сүйлөшсөң мүнөзүн билесиң го. Сүйлөшпөсөң...

Ө м ү р б е к. Азыр анда сүйлөшөсүң. Экөөңөр тең бетиңер тоголок болуп окшошуп кетесиңер.

Т а а л а й б е к. Ой атаңдын көрү десе, дароо экөөбүздү окшоштуруп жибергенин.

Ө м ү р б е к (күлүп). Жоо, чын айтам, ишенбейсиңби?

Т а а л а й б е к. Кой, андай тамашаңды, бизден кичүү кыздарбы?

Ө м ү р б е к. Ооба, бизден кичүү кыздар, Кенжеке менден бир жаш кичүү, а Бактыгүл Кенжекеден да кичүү.

Т а а л а й б е к. Кой, эй, тамак-аш жазабасак уят болобуз го анда.

Ө м ү р б е к. Ии, Бактыгүлдү айтып койсом...

Т а а л а й б е к. Жо, чын уят болобуз, кой мен бир деме таап келейин, сен кыздар келсе отуруп тур, экөөбүз тең кетсек жок турбайбы деп кетип калыштары мүмкүн.

Ө м ү р б е к (күлүп). Тимеле, мен айтсам кебелбей аттың эле (күлүшөт).

Т а а л а й б е к. Кой, мен бирдеме таап келбесем болбойт (кетет).

Ө м ү р б е к. (өзүнчө). Таалайбек го продуктага кетти, эми Кенжеке, Бактыгүлдү ээрчитип келсе экен. Ойлогон оюбуздун баары «Апилим» болуп калса... (Аңгычакты Кенжеке, Бактыгүл кирет, Өмүрбек Бактыгүлдү көрүп сүйүнүп кетет). Оо, кыздар келгиле, силерди биз күтүп жатканбыз.

К е н ж е к е (какшыктап). Ооба даярдыгыңар күчтүү экен. (Бактыгүл Кенжекени түртөт). Жоо, чын айтам.

Ө м ү р б е к. А, сиздики даяр эле,мына китептерди ала коюп эле, ушул эле столдун үстүнө даярдай коем.(столдун үстүндөгү китептерди алып, үстүнө нан, чыныларды коет).

К е н ж е к е (Бактыгүлгө). Билесиңби Бактыгүл, мени врач таттууну көп жешиң керек деген.

Ө м ү р б е к (жылмайып). Азыр, жанымдагы бала кумшекерге кетти эле, келер убактысы болуп калды. Музыка

угасыңарбы магнитофонду коюп коеюн.

К е н ж е к е. Жок, жөн эле гой, күн ыссыкта башыбыз ооруп, суусап жатабыз.

Ө м ү р б е к. Ии, азыр мен чайды карап келе коёюн (кетет).

Б а к т ы г ү л (Кенжекеге). Шүмшүк десе, эмне эле аны шаштырып жатасың?

К е н ж е б е к. Жөн койсоң намёкторго түшүнөт бекен, сынап көрөлү да (күлүшөт).

Б а к т ы г ү л. Сенин суу ичкиң келдиби, же чай ичкиң келдиби?

К е н ж е к е. Чийки суу ичким келип жинди болуптурмунбу, чай эле!

Б а к т ы г ү л. Анда түшүнөт экен. (Күлүшөт).

К е н ж е к е. Өмүрбек кыйын, баарын байкап турат. Көзүн байкасаң, кишини сынай карайт.

Б а к т ы г ү л. Байкайын! (Таалайбек кирет).

Т а а л а й б е к. Ии, келгиле кыздар (Таалайбек менен Бактыгүл бири-бирин жалт карашат). Азыр мен беш мүнөткө... (кетет).

Б а к т ы г ү л. Мен бул байкени бир жерден көрүптүрмүн, бирок кайсы жерден эстей албай жатам.

К е н ж е к е. Институттан эле көрсөң керек да.

Б а к т ы г ү л. Билбейм, иши кылып, көзүмө аябай жылуу учурады.

К е н ж е к е. Деле муну...

Б а к т ы г ү л. Жо, андай эмес, билбейм өзүм түшүнгөн жокмун.

К е н ж е к е. Байка, колуңдан келсе бутунан баштап башына чейин сына.

Б а к т ы г ү л. Ал байке...

К е н ж е к е. Акырын келе атышат. (Өмүрбек, Таалайбек кирет).

Ө м ү р б е к. Кыздар, бизди аябай күтүп калдыңар го. (Столдун үстүнө куурулган картошкакоет). Келгиле эми тамакка карагыла. Анча-мынча каталык кетсе кечирип койгула.

Б а к т ы г ү л. Эч нерсе эмес.

Ө м ү р б е к. Чын эле таанышып алгыла бул менин дос балам Таалайбек.

К е н ж е к е. Меники Кенжеке, мунун аты Бактыгүл.

Т а а л а й б е к. Ии, жакшы, силер кайсы факультеттесиңер?

К е н ж е к е. Чет тил факультетинде.

Т а а л а й б е к. Кудай буюрса, англичанка болуп чыга келет турбайсыңарбы, а биз болсок юрист болобуз. Тартынбай алгыла кыздар, тамактын уяты жок, өзгөчө студенттерге (Күлүшөт) Бактыгүл аябай уялчаак окшойсуң.

Б а к т ы г ү л. Жок, алып жатам, комнатадан тамак ичип чыкканбыз бизге карабай ала бериңиздер.

Ө м ү р б е к. Кой, алгыла кыздар, атайын силерге арнап жасагам, силер коноксуңар да, мен силерге бир күлкүлүү окуя айтып берейинчи, анткени, өтө эле тымтырс болуп кеттик, кичине шаңдуурак отуралычы. Онунчу класста окуп жүргөн кезде, бир класссташ балам экөөбүз чогуу окуган кызыбыздын үйүнө барып, эшигинин алдында турган атасынан сурасак, кана балдар мобуу чакага суу алып келгиле деп туруп, машинасын жуудура баштады. (Күлүшөт).

Т а а л а й б е к (күлүп). Анан эмне болду?

Ө м ү р б е к. Эмне болмок эле, машинасын жууп бүттүк, бүткөндөн кийин кызым үйдө жок эле десе болобу? (Күлүшөт).

Т а а л а й б е к (күлүп). Анан экинчи ал кыздын үйүнө келбес болдуңарбы?

Ө м ү р б е к (тамашалап). Ушу убакытка чейин үйүнө бара элекмин.

Т а а л а й б е к. Кыздар кичине бийлейли, келгиле бийлейбиз. (Музыка коюп бийлешет).

Ө м ү р б е к (Кенжекеге). Мына менин жанымда жаткан дос балам ушул.

К е н ж е к е. Жакшы бала экен. Эгерде Бактыгүл менен Таалайбек жактырышып, экөө үйлөнүп калса, көрөсүң го бактылуу болушат.

Ө м ү р б е к. Эмнеге?

К е н ж е к е. Эки окшош киши үйлөнсө бактылуу болушат дейт го, байкасаң экөө окшош экен.

Ө м ү р б е к. Чын эле окшош.

К е н ж е к е. Сен кайсы жерден болосуң.

Ө м ү р б е к. Нарындан.

К е н ж е к е. Ой Нарындансыңбы мен сени Оштук деп жүрбөймүнбү, анда жердеш болуп кетет экенбиз, мен негизи Нарында төрөлгөм, төрөлгөндөн кийин Чүйгө көчүп келишиптир.

Ө м ү р б е к. Эмне, ал жакта эне-атаң иштегенби?

К е н ж е к е (ойлонуп). Ооба иштешиптир.

Ө м ү р б е к. Сага эмне болду, аябай ойлуу жооп бердиң да.

К е н ж е к е. Кээде ушундай (күлүп). Отключением бар, кой Өмүрбек биз кетели.

Ө м ү р б е к. Коё тур, мүмкүн тиги экөөнүн кеткиси келбей жаткандыр. Кичине бийлей туралы, экөөнү тааныштырып алып, анан... кайра шаштырасыңбы?

Т а а л а й б е к (Бактыгүлгө). Сен кайсы жерден болосуң:

Б а к т ы г ү л. Жети-Өгүздөн.

Т а а л а й б е к. Жакшы жерден болот турбайсыңбы, эмнегедир Жети-Өгүзгө барып, эс алгым келет. Кудай буюрса көрөт турбаймынбы!

Б а т ы г ү л (күлүп). Барсаңыз эле көрөсүз, байке кеч болуп баратат, биз кетели.

Бактыгүл Кенжекенин жанына басып келет.

К е н ж е к е. Кеттикпи?

Б а к т ы г ү л. Болуптур жакшы калгыла (кыздар кетишет).

Ө м ү р б е к. Таң калыштуу окуя, Кенжеке Оштун балдарын жакшы көрөт окшойт. Нарындыкмын десем ойлуу карап койду.

Т а а л а й б е к. Мен үчүн да таң калыштуу, Бактыгүл аябай уялчакпы же бийлегиси келбей койдубу, же бүгүн настроениеси жокпу, иши кылса, ал кызга түшүнгөн жокмун, бирок досум чынын айтсам киргенде эле көзүмө жылуу учурап, Бактыгүл мени тосуп алгандай болду.Жылдыздуу, боорукер жакшы кыз экен, жакты мага.

Ө м ү р б е к. Мен дагы Кенжекени бир көргөдө эле жактыргам, ачык-айрым жакшы кыз.

Т а а л а й б е к. Буюрса баары жакшы. Эки дос, эки курдаш менен жүрсө жаман эмес го дейм.

Ө м ү р б е к. Ооба. Аның туура. Эки курдашты колдон чыгарбоо эки достун иши эмеспи (күлүп кетишет).

*Пауза*

Свет караңгылап, кайра күйөт, Өмүрбек, Кенжеке кирет.

Ө м ү р б е к. Адам баласы үчүн, жашоо өтө кызык, карап турсаң ойлобогон нерсеге туш болосуң, а кээде ойлогон нерсең ишке ашпай да калат.

К е н ж е к е. Жашоо ошонусу менен кызык тура.

Ө м ү р б е к. Кенжеке сага бир окуя айтып берейин: Бир жигит менен сүйлөшүп жүрөт. Бир күнү кыз сенин эмнең бар деп суроо берет ошондо жигит, колу менен башын көрсөтөт, анда кыз эмне башыңды көрсөтүп жатасың десе, жигит бул башың болсо баары болот, башың иштебесе баш кийимге да жетпейсиң деген экен.

К е н ж е к е (күлүмсүрөп). Муну менен эмне айтмаксың?

Ө м ү р б е к. Эчтеке деле айтпайм жөн эле, окууну бүтүп алып экөөбүз айылга чогуу барсак...

К е н ж е к е (күлүп). Жакшы сүйлөйт экенсиң.

Ө м ү р б е к. Ии чын эле Кенжеке Нарындан төрөлдүм дедиң беле?

К е н ж е к е. Ооба.

Ө м ү р б е к (күлүп). Анда Нарындан чоочуркабайт турбайсыңбы?

К е н ж е к е. Нарында төрөлгөнүм менен ал жакта жашаган жокмун да, мен төрөлөрүм менен эле дароо Чүйгө көчүп келишиптир. Бул жакта таякелерим бар.

Ө м ү р б е к. Ой, ошондо силер таякелериңерге көчүп келген турбайсыңарбы, а атаң Нарындан беле?

К е н ж е к е (ойсуз). Өмүрбек аябай такып сурайт экенсиң.

Ө м ү р б е к. Кечирип кой, өтө эле кетсем. Эми өзүм жөнүндө айтып берейинчи. Менден улуу эжем, апам үчөөбүз турабыз. Атам каза болгонуна аз эле болду.

К е н ж е к е. Окшошконго мушташкан.

Ө м ү р б е к. Эмне дедиң?

К е н ж е к е. Экөөбүздүкү окшошуп кетет экен. Биз болсок, менден улуу агам, апам болуп турабыз. Атам менин бир жашымда эле каза болуптур. Атабыз каза болгондон кийин, апам ошол силердин Нарыныңарда тура албай, өзүнүн төркүнүнө көчүп келиптир. Мына биз ошентип Чүйлүк болуп калганбыз. Бирок Нарынды көрсөм деген тилегим эки көзүм төрт болуп жүрөт. Кантсе да атамдын жери да. Агам эч нерсе менен иши жок, атам каза болгондон баштап оорукчан болуп калыптыр. Түнт, оңойлу киши менен сүйлөшпөйт. Биз да ага көп сүйлөбөйбүз. Апам байкуш агаңды капа кылып жинине тийбе деп турат. Жини келсе колуна эмне тийсе ошо менен коюп жиберет. Оорусу башынан деп врачтар айткан. Өңүн көрсөң купкуу,

чачынын бир да жеринде кара чач жок, ак чач басып кеткен. Ушул убакка чейин атама куран окуп, сүрөтү менен сүйлөшө берет. Кээде сүйлөшүп жатканын угуп алып, жүрөгүм түшөт.

Ө м ү р б е к. Атасын аябай жакшы көрчү го...

К е н ж е к е (ыйлап). Мен болсо атамды билбейм, атам кеткенден кийин сүрөтүн алып, мен деле тиктеп ыйлай берем. Кокус апам кирип келеатса, ката коем, эне байкушту кыйнап эмне кылам, ансыз деле анын муң зары толтура. Жанагы мен айткан агамдын чачы бир күндө агарып, ал атамдын каза болгон күнү. Акмактар!!! Жакшылык көрбөй калсын!

Ө м ү р б е к (чочуп). Кенжеке сага эмне болду?

К е н ж е к е. Жок , кереги жок. Мага таң калып жатасыңбы? Атасыз жетим деп агамды айтса болот. Себеби, ата эмне экенин билген кезде каза болду, мен эмне... ата эмне экенин да билбейм да. Жадагалса энемдин күлкүсүн ушу убакка чейин угу элекмин. Көпкө күлүп калсам, агам, апам да жактырбай кетет. Ой, сага көңүл бурбай эле өзүм жөнүндө сүйлөй берген турбаймынбы.

Ө м ү р б е к. Жок, сүйлө, сүйлөй бер.

К е н ж е к е. Биздин үй-бүлө табышмактуу бекен.

Ө м ү р б е к. Ар бир үйдө өзүнчө табышмак болсо керек.

К е н ж е к е (Өмүрбекти тиктеп). Чын элеби?

Ө м ү р б е к. Ооба, бул дүйнөдө арманы көп, баардыгы бир нерседен кем адамдар, дегеле телегейи текши адам жок. Сен айткандай экөөбүз окшошуптурбуз.

К е н ж е к е . Атаны экөөбүзгө кудай бербептир да. Мен ойлогон эмесмин Нарындык бала менен таанышам деп...

Ө м ү р б е к. Нарын чоочун жер эмес, өзүңдүн жериң турбайбы

К е н ж е к е (ойлонуп). Ооба. Жүрү тетиги бакка чейин басып келели. (кетишет). (Таалайбек, Бактыгүл киришет)

Т а а л а й б е к. Окууларың кандай?

Б а к т ы г ү л. Жакшы, өзүңүздүкүчү?

Т а а л а й б е к. Биздики бешта, эмнеге мени сиз дейсиң, уялбай эле сен дей бер, атымдан айт, байке дебей.

Б а к т ы г ү л. Эмнегедир айта албайм, көнгүчөктү сизди байке дейм го. Анын үстүнө сиз атама окшошсуз (сүрөттү көрсөтөт).

Т а а л а й б е к. Ой, атаң ушундай жашбы?

Б а к т ы г ү л. Жок, жаш кези.

Т а а л а й б е к. Мына, сага кызык тамаша, чын эле окшош адамдар болот экен. Телевизордон Ленинге, Сталинге окшош адамдарды көрсөтүп жатпайбы, (күлүп). Сенин атаңа окшоштуруп мени чыгарса болот экен да. Бир жолу мен кетип баратсам, алдымдан бир алтымыштарга чыккан карыя чыгып, атың ким балам деп менден сурады. Атымды Таалайбек деп айттым. Жакшы чырайлуу жигит турбайсыңбы. Ата-энең менен бетме-бет отуруп сыр чечишип сүйлөшөсүңбү? Сыр чечишип сүйлөшкөн кандай десем, демек сүйлөшпөйт экенсиңер да деди. Сиз кимсиз менин ата-энемди тааныйсызбы десем, тааныйм деп басып кетти. Мына ошол карыяны көптөн бери көрө элекмин. Ата-энеме сүрөттөп айтып берсем, тааныбайбыз дейт. Мен үчүн ошондогу карыя менен жолугушуу өзүнчө бир окуя болгонсуду. Азыр сенин атаңдын сүрөтүн көргөндө, мүмкүн мени бирөөнүн баласына окшоштурса керек деп, (күлүп). Мүмкүн сенин атаңа окшоштургандыр (Күлүшөт).

Б а к т ы г ү л. Мен дагы сизди атама окшоштуруп такыр атыңыздан айта албайм.

Т а а л а й б е к. Анда Бактыгүл мен сен үчүн сыйлуу,

жакын адамың турбаймынбы. Сен дагы менин жакын адамымсың, ишенсең жаныңдан чыккым келбейт. Сүйөм сени (жакындайт).

Б а к т ы г ү л (качып). Коюңузчу.

Т а а л а й б е к. Уялба Бактыгүл. Баары – бир меникисиң, сени эч кимге бербейм. Көрөсүң го биздин келечегибиз кең, эч ким биздин жолубузду тороп, тосо албайт. Сен үчүн баардыгына даярмын.

Б а к т ы г ү л (күлүп). Рыцарсызбы?

Т а а л а й б е к. Мен сүйүүнүн рыцарымын, сүйүү үчүн баардыгын кылам.

Б а к т ы г ү л. Эч ким менен мындай темада сүйлөшпөптүрмүн.

Т а а л а й б е к. Жаныңда жакшы көргөн адамың турса, көзүң ачылып, сөз десе сөзгө чечен, келе жаткан жоого даяр, сен айткандай баардык нерсенин Рыцары болот турбайсыңбы. Бүгүндөн баштап мен Рыцармын. Бактыгүлдүн, жанына басып келип кучактайын дейт.

Б а к т ы г ү л. Кенжекелер келе атышат. (Кенжеке, Өмүрбек кирет).

Ө м ү р б е к. Дос кеттикпи?

Т а а л а й б е к. Ооба (кыздар менен коштошуп кетишет).

К е н ж е к е (күлүп). Эмне жөнүндө сүйлөштүңөр?

Б а к т ы г ү л. Атамдын жаш кезиндеги сүрөтүн көрсөттүм.

К е н ж е к е. Чын эле, атаңдын сүрөтүн көргөндө мен дагы таң калам. Окшош... эмне деди...

Б а к т ы г ү л. Ал дагы таң калды, бирок билбейм, атама окшоштугунанбы же... мени жакшы көрүп калдыбы, өзүмдү өзүм түшүнбөй жүрөм. Кандайдыр бир, көптөн бери күтүп жүргөн тилегим ишке ашкансып, Таалайбекти

биринчи эле күнү көргөндө, өзүнчө сүйүнүчкө, кубанычка батып, ошол күнү өзүмдү бактылуу сездим.

К е н ж е к е (күлүп). Сүйүү да, Сүйүү! Сүйүү сүрдүү болот.

Б а к т ы г ү л. Жок, Кенжеке! Таалайбек мен үчүн сүрдүү эмес тескерисинче мени өзүнө тарткан жылдыздуу, менин жакын адамым.

К е н ж е к е. Бул жашоодо сүйүү ар кандай болот тура, биз Өмүрбек экөөбүз силерди бактылуу болот деп сүйлөштүк.

Б а к т ы г ү л. Эмнеге...

К е н ж е к е. Эки окшош адам үйлөнсө, бактылуу болушат деген (күлүп) сүйүүнүн закону бар. Силер экөөңөр окшош болсоңор, биздин жашоо шартыбыз окшошуп кетет экен. Экөөбүз тең атадан айрылыптырбыз. Алар дагы үй бүлөөсүндө үчөө болсо, биз дагы үчөөбүз да. Бирок анын турмушка чыга элек эжеси болсо, менин үйлөнө элек агам бар.

Б а к т ы г ү л (күлүп). Экөөңөр бири-бириңерди түшүнгөн ынтымактуу үй-бүлөлөрдөн болосуңар.

К е н ж е к е. Ай, билбейм! (үшкүрүнөт)

Б а к т ы г ү л. Эмне болду сага, анча үшкүрүп?

К е н ж е к е. Мен Өмүрбеке ишенем, андан ажырагым келбейт, бирок...

Б а к т ы г ү л. Сени бүгүн түшүнсөм кудай урсун!

К е н ж е к е. Кээде туруп, өз ойумдан өзүм чочулайм, анткени тагдыр экөөбүздү баш коштурбай да коюшу мүмкүн. Себеп дегенде. Атам ошол Өмүрбектин жеринен өз ажалынан эмес, бөдө өлүм, киши колдуу болуп өлгөн. Апам байкуш аны укса, жүрөк оорусу кармап, барба кызым барба деп, колумдан кое бербейт болсо керек.

Б а к т ы г ү л. Сен ошонун баарын Өмүрбекке айттыңбы?

К е н ж е к е. Жок, кантип айтмак элем. Сен айткандай Өмүрбекти жанымдан чыгаргым келбейт. Мен аны айтканда Өмүрбек басып кетсе, менин күнүм эмне болот. Өз бакытыма өзүм балта чапбайынбы. Өмүрбекти сүйөм, жакшы көрөм. Менде ансыз күн жок.

Б а к т ы г ү л. Өх! Тагдыр кандай оор, бирок Кенжеке биз жеңилбешибиз керек, колдон келсе...

К е н ж е к е. Ооба, аның туура. Мен Өмүрбекке, атам тууралуу эч нерсени айтпайм.

Б а к т ы г ү л. Мен дагы Таалайбекти байке дебей, атынан айтып, сиз дебей сен деп, өзүмө тартам, сүйлөштүкпү.

К е н ж е к е. Сүйлөштүк (кол алышат кетишет).

*Пауза*

## Экинчи сүрөт

Скамейкада жашы алтымыштарга жакын карыя отурат. Бүбүкан кетип баратып, карыяны көрүп токтоп калат.

Б ү б ү к а н (өзүнчө). Мынакей турмуш, мынакей маңдайга жазган тагдыр, жашооң менен куруп кал. Жаш кезде эмнелерди гана кылбайсың.Өзүм төрөгөн баламды баалабагандан кийин, бөпөлөп бакпагандан кийин мен кишиминби! Кирейин десем жер катуу, өлөйүн десем жан таттуу, же өлүүдөн жок же тирүүдөн жок, коколой башым калды, кудайдын да көзү ачык тура. Тууган-туушкан менен катыштырбай жазалабадыбы! Деги ким жакшы көрсүн, баласын саткан ошол кездеги жыйырма жаштагы кызды. Азыр бул карыянын жанына басып барсам, мени тааныйт болду бекен. Эмне кылсам, баламды сурасамбы, кимге берди болду экен, сурайын баламды.(Карыянын жанына басып келип) Жакшысыңарбы, кандайсыз күүлү турасызбы?

К а р ы я (тиктеп). Сиз ким элеңиз?

Б ү б ү к а н. Мени тааныбай калган турбайсызбы. Мен

сизди тааныдым сиз көп жыл врач болуп иштебедиңиз беле.

Карыя. Ооба, иштегем, мага көрүнүп дарыланган пациенттен турбайсызбы! Атың ким эле?

Бүбүкан (өзүнчө). Эмне кылсам, атымды айтсам, дароо таанышы да мүмкүн, же мен жөнүндө эсинен чыгып кеткендир, бирок ошондогу менин кылган жоругумду эч ким унутпастыр.

Карыя. Эмне атыңды айтпай көпкө ойлонуп калдың, бери карачы балам (чочуп). Ок кудайурган десе, сен баягы оңбогон тозокко түшкүр кыз турбайсыңбы?

Бүбүкан (ыйлап). Ооба, ошол менмин, кечириңиз мени!

Карыя. Экөөбүздү эч ким кечирбейт, сага кошулуп мен да тозокко түштүм, ошол күндөн баштап ооруга чалынып оорукчан болуп бүттүм, же мени кудай албады. Экөөбүздү кудай да албайт тура.

Бүбүкан. Айтыңызчы баламды кимдер алып кетти эле, эсиңиздеби?

Карыя. Кайдан, эсте кантип калмак эле? Баса багып алабыз деп келгендер толтура, бирөөгө кор, бирөөгө зар бала тура. Эсимде жок.

Бүбүкан. Коюңузчу, (ойлоп) Эсиңизде сиз билесиз, ошондо сиз айтпадыңыз беле мага, биринчи жана акыркы жолу барып жатам деп.

Карыя. Тозокко өзүң эле түшсөң болмок кызым, мени кошо кыйнабай.

Бүбүкан. Эсиңиздеби, эстеп көрсөңүз, же баладан жок, же күйөөдөн жок, же тууганлардан жок, жалгыз калдым аба, (ыйлап) баламды айтып бериңизчи, бакпасамда да, баламды бир көрүп алсам менде арман жок эле.

Карыя. Эсимде жок дебедимби. (Туруп басып кетерде, Бүбүкан жолунан тороп).

Б ү б ү к а н. Сиз кайсы жерде турасыз, дарегиңизди айтып коюңузчу.

К а р ы я. Эмне кыласың?

Б ү б ү к а н. Мүмкүн эстеп каларсыз. Же болбосо менин дарегим, бул менин курдашымдын телефону. Таап калсаңыз сөзсүз звонить этиңиз. (Карыя басып кетет)

*Пауза*

Свет караңгылап, кайра жанат, Табылды, Таалайбек кирет.

Т а б ы л д ы. Ии уулум сүйлөй бер окууларың кандай? Тыйын-тыпыр жетип атабы?

Т а а л а й б е к. Окуулар жакшы, баары жетиштүү.

Т а б ы л д ы. Окууңду бүткүн, жакшы жигит бол, жараткандан жалгыз баламсың. Эмдики жылы карындашыңды да окууга алып келем.

Т а а л а й б е к. Эмнеге жалгыз! Карындашымчы?

Т а б ы л д ы. Ооба, бирок элибизде кыз кишини бирөөнүн бүлөөсү деп коет. Менин кармаган-туткандарымдын баарысы сага тийешелүү. Үй да сеники. Андан көрө талдап, жакшы жар таап үйлөнтөм, сүйлөшкөн кызың барбы?

Т а а л а й б е к. (жылмайып) бар!

Т а б ы л д ы (башынан сылап). Менин ушундай эле уулум бар дегем, болду балам сенин бир ооз сөзүң, калган камылганы мен өзүм бүтүрөм. Энең байкушта сүйүнөт болсо керек. Ата-эне балдардын рахаты менен гана жашайт турбайбы. Сен окууга өткөндө сүйүнгөнүбүздү айтпа.

Т а а л а й б е к. Ата, айылда эмне жаңылык бар?

Т а б ы л д ы. Эч деле жаңылык жок баары сен көргөндөй. И чын эле карындашың экзамендерди бешке тапшырды.

Т а а л а й б е к. Ии, жакшы болгон тура, биздин кошунабыз Алмазбек эмне кылып жүрөт?

Т а б ы л д ы. Анысы бул шаарда окууду да.

Т а а л а й б е к. Жок, Ата сиз алмаштырып жатасыз. Шаардагысы Байызбек ал жакында бүтөт.

Т а б ы л д ы. Таң балам, кимиси ким экенин деле билбейсиң. Эмилбектин балдары бири-бирине окшош го.

Т а а л а й б е к (ойлуу). Ооба, Ата.

Т а б ы л д ы. Эмнени ойлоп кеттиң балам?

Т а а л а й б е к. Мен кимиңиздерге окшошмун? Карындашым да такыр башка го. Чогуу окуган балдарга карындашымдын сүрөтүн көрсөтсөм, экөөңөр эки башка дешти. Бир туугандарда эки башка болобу?

Т а б ы л д ы (эмне кыларын билбей). Ооба... Сен менин чоң атама окшошсуң. Кызым таяэжесине окшошуп калган тура. Таяэжеси ошондой сары киши болчу

Т а а л а й б е к (күлүп). Окшош адамдар болот экен!

Т а б ы л д ы. Эмне анча күлдүң?

Т а а л а й б е к. Кийин билесиң Ата!

Т а бы л д ы. Эмне ошончолук табышмакпы?

Т а а л а й б е к. Анча деле табышмак эмес, бирок азырынча жашыруун, ал өзүнчө ачыла элек сандыктагы кундуз.

Т а б ы л д ы. Жакшы экен уулум, (күлүп) кундуз болсо күтө турабы, жакшы тилек жарым ырыс дейт. Жакшылыкты күткөн жакшы, энең экөөбүздүн силерден башка эмнебиз бар. Кудайга шүгүр, болгонуна ыраазы болуш керек. Адамдын тотуктуусу жакшы, көздү тойгузам деп жулкуна берген да болбойт балам, ар бир нерсенин күнү, убактысы болот. Кошуна кемпир Зулайканы билесиңби?

Т а а л а й б е к. Жалгыз жашаган кемпирби?

Т а б ы л д ы. Ооба ошол кемпир. Жаш кезинде актив болуп иштеген. Абышканын көзү өткөндө бир тамда жалгыз калып жакында бейиши болду, бул дүйнөдөн ал кемпир да өтүп кетти, ал эми тапкан ташыганы, таланды болуп кала берди.

Т а а л а й б е к. Эч кимиси жок жалгыз кемпир эле го.

Т а б ы л д ы. Жок, сөөктүү туугандары коюшту. Азыр ал үйдө жаш жигит үй-бүлөсү менен турат.

Т а а л а й б е к. Таң калыштуу. Эмне үчүн ошол тамын ээлеген жигит мурда келип акыбалын сураган эмес.

Т а б ы л д ы. Анысын ким билсин, балам! (Алыстан Бактыгүл менен Кенжеке көрүнөт)

Т а а л а й б е к. Ата, тетиги кыздарды карасаңыз.

Т а б ы л д ы. Эмнеге карайт элем чунак бала десе!

Т а а л а й б е к (күлүп). Ай,ата кызык эле кишисиз да экөөнүн бирөөсү келиниңиз болот, кызыл көйнөкчөнү, жакшылап карасаңыз.

Т а б ы л д ы. Ии, көрдүм, тоголок ак жумал келген кызбы?

Т а а л а й б е к. Ооба. Ата мен азыр келем.

( Таалайбек барып, Кенжеке, Бактыгүл менен сүйлөшөт)

К е н ж е к е (Таалайбекке). Тиги киши ким.

Т а а л а й б е к. Атам, айылдан келиптир.

К е н ж е к е. Сен апаңа окшошсуң го.

Т а а л а й б е к (күлүп). Мен апама окшош эмесмин, чоң атама окшошмун.

К е н ж е к е (тамашалап). Дагы кимге окшошсуң айтып берейинби.

Б а к т ы г ү л. Кенжеке, болду эми.

Т а а л а й б е к (күлүп). Бактыгүл кичине ошонтип дабышыңды чыгарсаң! Сен сүйлөбөсөң Кенжеке тийише берет.

К е н ж е к е. Капырай де.

Т а а л а й б е к. Сүйлөгүлө кыздар ай! Сүйлөгүлө! (Ырдап)

К е н ж е к е. Оо, сени жоош экен десе, өнөр бар турбайбы.

Т а а л а й б е к. Өнөрүм өркүндөп, таланттым талпынып турган учуру, ичимен эчтеке катпайм, бардыгын сыртка чыгарам.

К е н ж е к е (тамашалап). Анда сен мукамдуу ыр жазышың керек экен.

Т а а л а й б е к. Каалсаңар ыр чыгарып берем.

К е н ж е к е. Бактыгүлгө арнап ыр жазчы.

Б а к т ы г ү л (Таалайбекке). Чакырып жатат!

К е н ж е к е (күлүп). Чын эле бул атасын унутуп калды.

Т а а л а й б е к. Кой кыздар анан жолугабыз! (Кетет).

К е н ж е к е. Таалайбек билинбегени менен, шайыр го.

Б а к т ы г ү л. Бүгүн настроениеси жакшы болсо керек да.

К е н ж е к е. Атасы айылдан келсе, албетте Таалайбек сүйүнбөгөндө ким сүйүнөт, сен оңой менен сүйлөбөйт экенсиң, базарлык дооласаң болмок, башка балдар менен укмуш доолашасың го, Таалайбекке келгенде...

Б а к т ы г ү л. Жерге кир десе! Айтып жатпайынбы, атын айтканга оозум барбайт. Жакшы эле тамашалап сүйлөйүн дейм бирөө аркамдан сүйлөбө деп, аркамдан тартып жаткандай сезе берем, баягы сага берген убада калган ошол жерде, дагы эле байке оозумдан чыгып кетет. (күлүшөт)

К е н ж е к е. Кийин үйлөнүп калсаңар да байке, карындаш деп сүйлөшөт турбайсыңарбы?

Б а к т ы г ү л. Койчу, антип айтпачы!

К е н ж е к е. Силерди түшүнсөм кудай урсун!

Б а к т ы г ү л. Өзүмдү өзүм түшүнбөйм. Кечээ түшүмдө таалайбек экөөбүз, бакчага кирип алма терип жүрүптүрбүз. Ошондо толгон токой токой алма бактын ичинен, бир алманын шагын талашып терип жатыптырбыз.

К е н ж е к е. Жакшы түш, экөөңөрдүн тилегиңер,

максатыңар бир турбайбы, бир жолдо жүрүпсүңөр! Жакшы жөрөлгө.

Б а к т ы г ү л (күлүп). Ошондой эле болсун!

К е н ж е к е. Жүрү комнатага баралы, Өмүрбек келип калбасын (Кетишет).

*Пауза*

## III сүрөт

Жумалы көчөдөн кетип баратса, алдынан Бүбүкан чыгат.

Ж у м а л ы. Бүбүкан, Бүбүкансыңбы? (Бүбүкан артын кылчайып карап).

Б ү б ү к а н. Ооба,Бүбүканмын.

Ж у м а л ы. Мени тааныган жоксуңбу?

Б ү б ү к а н. Жок, мүмкүн очкиңизди алсаңыз, тааный чыгармын!

Ж у м а л ы (очкисин алып). Эми тааныдыңызбы?

Б ү б ү к а н. Өх! Жумалы турбайсыңбы! Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт, чынын айтсам сени көрөм деп ойлогон эмесмин, кыз кезимде жүрөгүм бир зырылдаган, азыр сени көргөндө жүрөгүм дагы бир зырылдады. Мен тирүү эмесмин, өлүкмүн, кантип өзүң тааныдың, нечак эле мени, уулумду көөмүп кетпедиң беле, көп жыл болгон өлүктү да киши тааныйбы?

Ж у м а л ы. Кечир мени, анда экөөбүз тең жаш экенбиз.

Б ү б ү к а н. Жашы жаш болчубуз, бирок келечекти ойлобогон сен акмак, сен менен ат салышып, атаандашкан мен да акмак, кудай туура эле экөөбүздү баш коштурбаптыр. Жакшыга жаманды, жаманга жакшыны кошуп, ал эми эки акмакты кошпойт тура! Буга мен кудайга ыраазымын!

Ж у м а л ы. Азыр кандай жүрөсүң?

Б ү б ү к а н. Эмне оңолдуңбу деген кебиңби?

Ж у м а л ы (эмне кыларын билбей). Жок, жөн эле, кандай жүрөсүң...

Б ү б ү к а н. Менде жыргал жашоо болмок беле, эчкимди тааныбайм, мени эч ким тааныбайт. Бирөө менен да ишим жок, тентип ар кайсы жакта жүрөм, андан башка эмне кылмак элем сенчилеп үй-бүлө, бала-бакыра күтпөсөм, мага дагы чала, сен кеткенден кийин, жашоо бүтүп калгансып, баламды, денедеги сатып!...

Ж у м а л ы. Баланы!...

Б ү б ү к а н. Эмне, жемелегиң барбы? Ал баланын сага дагы кереги жок болчу. Сен эмес, төрөгөн мен көргөн жокмун баламды. Тааныш врачка ыйлап-сыктап жатып, колунда бар кишиге саттырдым. Мен жетпегенге балам жетсин, мага бербеген бактыны кудай балама берсин. Мендей энени (ыйлап) балам көрүп эмне кылат. Мага топурактын деле кереги жок, эч ким көрбөгөн жакка барып, кускундарга жем болгонум жакшы. А, Жумалы сага айтарым жаша, дагы жашагын, кош! Бар тирүүнүн өлүгү жаман.

Ж у м а л ы. Бүбүкан токтой турчу!

Б ү б ү к а н. Жок Жумалы, сен токто дегенде токтоп күтүп турчу Бүбүкан жок (көзүнөн жашычыккан боюнча, басып кетет).

Ж у м а л ы (өзүнчө). Адам баласы бул жашоодо, эмнелерди гана кылбайт. Дагы жерге ырахмат көтөрүп жүргөн. Бүбүкан, сен үчүн мен күнөөлүмүн! Азыр минтип жашым бир топко барып калганда, сенин сезимиң менен ойногон акмак экенимди түшүнүп отурам. Ал кезде өзүм бирөөнүн эрке баласы болсом, баланы кайдан ойломок элем. Кээ бирөөнө акыл эрте жетсе, кээ бирөө кеч жетилет. Баарынан өкүнүчтүүсү, өзүңдү таштап салганың! Эх, чиркин, ал кезде ким ойлоптур, сүйүү күчүнөн тайыз убал болоорун, сүйүү ый менен бүтөөрүн. Бүбүкан сени унутпайм, ортобуздагы

баланы издеп тапсам, сага алып барам (кетет).

*Пауза*

Свет караңгылап кайра жанат.

Өмүрбек, Таалайбек, Кенжеке, Бактыгүл төртөө төлгө салып жаткан аялдын жанына келишет.

Ө м ү р б е к. Кандай дейсиңер, төлгөчүгө барып төлгө салдырып көрбөйлүбү. Мүмкүн жолубуз буулган болсо, ачыпта берер.

Т а а л а й б е к. Чын эле кыздар жүргүлө.

К е н ж е к е. Мен, бирок көп ишене бербейм, мейли бир байкап көрөлүчү.

Б а к т ы г ү л. Жашап жаткан жашообузду өзүбүз билбейбизби?

Т а а л а й б е к. Жолубуз шар кетет бекен, салдырып көрөлү да.

Т ө л г ө ч ү. Келгиле балдар төлгө салып берейин.

Ө м ү р б е к. Эже, төртөөбүз жакында үйлөнөбүз, жашоо турмушубуз кандай болот салып көрсөңүз.

Т ө л г ө ч ү (төртөөнү карап). Салып берейин балдар, көзүмө бир туугандай болуп көрүнүп жатасыңар (төлгөчү баштайт).

Ө м ү р б е к (акырын Таалайбекке). Көп ичкен аял го.

Т а а л а й б е к. Кебете кешпири жакшынакай эле.

Ө м ү р б е к. Колун карасаң, титиреп жатат.

Т а а л а й б е к. Ооба муундан эчтеке жок.

Ө м ү р б е к. Төлгө үнү төлгөдөн байка дейт.

Т а а л а й б е к. Апа.

Т ө л г ө ч ү. Ок, эмне дейсиң?

Т а а л а й б е к (таң калып). Апа дедим, бул төлгөңүздү уламкысын улам айта берсеңиз болобу?

Т ө л г ө ч ү (көзүнөн билинер билинбес жаш агат). Азыр, биринчи сенин кызың экөөңө салып берейинчи. Кызың булбу (Кенжекени көрсөтөт).

Т а а л а й б е к. Жок, апа.

Т ө л г ө ч ү. (Бактыгүлдү карап). Ии бул беле кызың! Экөөңөрдөн эгиз төрөлсө айырмасын билбей каласыңар го. Өтө эле окшош адамдарды кудай кошпойт.

Т а а л а й б е к (кумсарып). Биринчи салып көрсөңүз.

Ө м ү р б е к (акырын). Таалайбек байкасаң жанагыдан да, бүткөн бою титиреп чыкты, төлгө салдырбай эле басып кетеличи.

Т а а л а й б е к. Азыр, меникин угалычы.

Т ө л г ө ч ү. Сүйлөй баштайын балам. Кичинеңерден башыңардан жетимдик өттү беле?

Т а а л а й б е к (таң калып). Сиз туура эмес салдыңыз, экөөбүздүн тең эне-атабыз бар.

К е н ж е к е (Өмүрбекке). Мүмкүн биздики чыгып жүрбөсүн.

Ө м ү р б е к (төлгөчүгө). Эже, сиз алмаштырып салган жоксузбу?

Т ө г ө ч ү. Жок, мен апа деген баланыкын салдым.

К е н ж е к е (Өмүрбекке). Бул аял төлгө салгандан баштап эле,муундары калчылдап, көзүнөн жашы тыйылбай койду.

Б а к т ы г ү л (Таалайбекке). Апаңдай болгон кишинин көңүлүн калтырбай аягына чейин угалы.

Т а а а л а й б е к. Айта бериңиз апа.

Т ө л г ө ч ү. Бери колуңарды сунгулачы. (экөөнүн колунан өөп, алакандарын карап). Балдарым, жолуңар ар башка болгону менен баары – бир түбүңөр бир экен. Силерди кудай бири – бириңерден айрылтпайт. Экөөңөр бир адамсыңар.

Т а а л а й б е к. Ырахмат апа.

Т ө л г ө ч ү (чочуп). Балам алаканыңды көрсөтчү.

Т а а л а й б е к (көрсөтүп). Апа, дагы эмнени байкап калдыңыз.

Т ө л г ө ч ү. Балдарым, мени кечирип койгула, барар

жеримди унутуп калган турбаймынбы. (Өйдө тура калса, көзү караңгылап жыгыларында, Таалайбек кармап кала).

Т а а л а й б е к. Апа сизге эмне болду?

Т ө л г ө ч ү. Болду балам, апа дебечи. Мен дайыма ушул жерде болом (Кетет). (Таалайбек таңкалыштуу).

К е н ж е к е. Байкасаңар ыйлап кетип баратат (баары карашат).

Ө м ү р б е к. Бул эмне болгон аял, апа деген сөздөн тажаган.

Т а а л а й б е к. Мен, дагы кетишим керек.

Ө м ү р б е к. Эмнеге?

Т а а л а й б е к. Алаканымды экинчи жолу эмнеге карады дейм да...

Ө м ү р б е к. Ой, аябай берилип кеткенсиң го.

Т а а л а й б е к. Төлгөнүн аягына чыгышым керек.

К е н ж е к е. Силердикин жакшы эле айтып берди го. Акыры жүрүп душманыңар алсыз болуп, экөөңөр бир адам болуп чыгат турбайсыңарбы.

Ө м ү р б е к. Демек Бактыгүл...

Б а к т ы г ү л (күлүп). Ошондой эле болсун.

Ө м ү р б е к. Бир эле төлгөчүнүн көзүн карай бербей башка деле төлгөчүгө барбайлыбы.

Т а а л а й б е к. Жок, Өмүрбек экөөбүз бир эле төлгөчүгө салдыралы, (күлүп) чыдамың кетип баратабы, бир күн чыда эртең дагы келип салдыралы.

Ө м ү р б е к (Кенжекени кучактап). Бүгүн таң атпай койсочу.

Т а а л а й б е к. Тимеле буларды көр...

Ө м ү р б е к. Эх чиркин, төртөөбүздүн баш кошкон бактылуу күнүбүз качан келет десең. Менин бир агаларымдан бактылуу күн, бул үйлөнгөн күн деп айтып калчы, бирок тагдыры аябай оор экен, көп узабай эле узак оорудан жеңебиз каза болуп калды, байкуш агабыздын күйбөгөн

жери күл болуп, айылдан башынан аягына чейин ыйы угулуп, бир айылды түн бою уктатпаганы эсимде. Тууган уруктары оорулу кыз деп жакшы эле айтышыптыр, сүйүүнүн көзү жок тура, эчтекесине карабай үйлөнгөн. Артында болтойгон эки кызы энесиз калды.

К е н ж е к е. Өмүрбек бактылуу күндөн баштабыдың беле.

Ө м ү р б е к. Ой, мени кечирип койгула.

Б а к т ы г ү л. Эчтеке эмес! Айт! Айта бер, эки кызын ким багып жатат?

Ө м ү р б е к. Ким бакмак эле, өзү! Кыздарына атасы жанын берет, кээде кыздарын кучактап алып, бир топко чейин ыйлап отурат. Ал агабыздын ыйын айыл алыстан билишет. Жеңебиз да жакшы киши эле, оокатка тың, таза, жоктон бар кылчу. Айылдагылар жеңемдин жасаган мантысын бир топко чейин сагынып жүрдү.

Т а а л а й б е к. Баарыбыз тагдырга баш ийиебиз.

Ө м ү р б е к. Ооба,аның чындык.

К е н ж е к е. Жүргүлө, балдар, басып баратып сүйлөшөлү (кетишет).

*Пауза*

Бүбүкан адатынча ордуна келип төлгөгө отурат. Таалайбек төлгөчүнү тааный калып атасы Табылды менен келет.

Т а а л а й б е к. Ата, жүрсөңүз , тетиги ак жоолукчан төлгөчү жакшы салат, жакшынакай да кийинип алыптыр, бая күнкүсүндө жүдө көрүнгөн.

Т а б ы л д ы. Эмне анчалык төлгөгө кызыктың.

Т а а л а й б е к. Бая күнкүсүндө чала айтып койгон жүрсөңүз (басып келишет).

Т ө л г ө ч ү. Келгиле, (Таалайбекти карап) а балам келдиңби?

Т а б ы л д ы (кызганып). Элдин баарын эле апа дей бересиңби?

Т ө л г ө ч ү. Сиз эмнеси болосуз?

Т а б ы л д ы. Мен атасы болом, жүрү кетик, мунуң эчтекени деле кыйратып салып бербейт!

Т ө л г ө ч ү. Токтой тургулачы, кана балам алаканыңды берчи.

Т а а л а й б е к. Меникин карабадыңыз беле.

Т ө л г ө ч ү. Дагы бир жолу балам, сиз дагы берсеңиз.

Т а б ы л д ы. Мага төлгөнүн кереги жок, мен силерге окшогон нан табарларга ишенбейм.

Т ө л г ө ч ү. Нансыз оокат өтөбү, коркпой эле алаканыңызды берсеңиз.

Т а а л а й б е к. Ата, алаканыңызды көрсөтсөңүз. (Табылды алаканын көрсөтөт, Бүбүкан экөөнүкүн тең бирдей карап турат) .

Т ө л г ө ч ү (колу титиреп). Эки башка адамдар!

Т а б ы л д ы (жини келип). Булар зөөкүр болот, ойуна келгенди айтат, элди алдап, нан табышат, кантип сага аш болот...

Т ө л г ө ч ү (ыйлап). Мейли айта бериңиз, жаман сөздөрдүн неченин уккам. (Таалайбектин боору ооруп).

Т а а л а й бе к. Ата, болду, өтө катуу кетпеңизчи, кеттик (кетишет).

Т ө л г ө ч ү (өзүнчө). Ушул баланы көргөндөн баштап, көп жылдар бою унуткан, адамдык касиетим эсиме түштү, мен киммин! Мен соттолбогон айыпкермин! Баламдан баш тартпаганда, чоңойуп ушу жигитке окшогон кычыраган жигит болбойт беле. Аттиң, Армандуу күн! Баланын алаканын караган сайын, жүрөгүм сыздап, кетчү болду. Менде жүрөк бар-бар экен да. Атасы экөөнүн алаканын карасам, эки башка жол. Оо кудеретиңден айланайын Кудай! Атам тааныбаган, башка бирөөнүн баласы үчүн сыздап, күйсүн дедиңби. Өх, башым! Башым да ооруп чыкты. Токточу! Оо жараткан! Эмнеге көзүмө жылуу учурайт десе, Жумалынын жаш кези! Эмне болуп жатам!... Чын эле

менин баламбы! Оо Кудай, чын эле бар болсоң, кудретиң күчтүү болсо, мен бир байкушту, бей бечараны кыйнабай айтчы (жерди койгулап). Менин баламбы же башкабы. Багып өстүрсөм, минтип, өз баламдан чоочуркап күмөн болбойт элемда. Ушундай убакта жардам бербесең, кудереттүүлүгү кайсы кудай! Же сен дагы мени күнөөлөп жатасыңбы? (Карыя кирет).

К а р ы я. Ии төлгөчүм кандайсың?

Т ө л г ө ч ү. Көрүп жатпайсыңбы.

К а р ы я. Сенин дагы көзүңдөн жаш чыгабы?

Т ө л г ө ч ү. Ооба, менден да жаш чыгат экен. Айланайын аба! (бутуна жыгылат) мени кыйнабай айтыңызчы, баламды кимге бердиңиз эле, же өлүк эмес, же тирүүгө кошулбаган шейитти кыйнап алып эмне кыласың! Күмөн санабай, баламды балам деген күн болот бекен? Сиз билесиз, айтыңызчы жашырбай.

К а р ы я. Мен балаңдын адресин айтпайм, балаңды көрөсүң, ага бирок шашылба.

Т ө л г ө ч ү (өйдө тура калып). Чын эле баламды көрсөтөсүңбү!

К а р ы я. Пайгамбар жашындамын, сени алдамак белем, ошол кезде сен гана эмес, менде да кетиптир кемчилик. Мына экөөбүздүн айыбыздан, балаң бизди эмес, жараткан алла-таллааны, турмушту, тагдырды, өздөрүн күнөөлөйт.

Т ө л г ө ч ү. Сөзүңүзгө түшүнгөн жокмун!

К а р ы я. Жаш кезимде адамды дарыласам, азыр баскан жолду, турмушту, тагдырды дарылайм.

Т ө л г ө ч ү. Менин баламды көрүп жүрөсүңбү.

К а р ы я. Көрмөк турсун, жолугуп жүрөм.

Т ө л г ө ч ү. Эмне үчүн азыр көрсөтпөйсүз?

К а р ы я. Айтчы мага, балаңа өмүр, бакты тиледиң беле?

Т ө л г ө ч ү. Чынын айтсам... (эмне деп айтаарын билбейт).

К а р ы я. Чыныңды айт!

Т ө л г ө ч ү. Көрөйүн деген эки көзүм төрт, бирок өмүр, бакты тилебептирмин (ыйлайт).

К а р ы я. Эне болгондон кийин, балага ден-соолук,өмүр, бакты тилеш керек. Болуптур, баланды мен айтып берсем талашасыңбы?

Т ө л г ө ч ү. Жок, кантип талашмак элем, көргөнүмө ыраазымын, баланын жүрөгүн сыздатып эмне кылам, ата деп атасын сыйлаган, эне деп энесин сыйлаган бала болсун. Мен эмне! Алыстан баламды карап көз жашты төккөн боюнча кала берем да. Энең менмин деп барганга менде дарман жок, бала дагы мага ишенбейт. Айтыңызчы ким ишенет, көчөдө жүргөн шейитке!

К а р ы я. Сен дагы бир кезде, таза, тунук, күнөөсү жок периште болуп төрөлгөнсүң! Эх чиркин адам төрөлгөндөн баштап өлгөнгө чейин күнөөгө батпаса, жамандык кылбаса, өз колун өзү кесип баласын таштабаса өзүнөн өзү тажап, өмүрүн кыйбаса, кудайга сыйынып, алла-талланын пендеси, бул жашоодон жүзүбүздү жашырбаган бактылуу адам болбойт белек! Өз бактыбызды өзүбүз кыйып жатпайбызбы! Баарына күнөөлү өзүбүз, өз күнөөбүздү өзүбүз көтөрө албай кудайга шек келтиребиз.

Т ө л г ө ч ү. Өх! Сизден дагы бир ирет суранаарым баламды...

К а р ы я. Балаң алыста эмес, жаныңда (кетет).

Т ө л г ө ч ү. Токтой турсаңыз! (өзүнчө) кетип калды. Жаныңда жүрөт дейби? Демек мен көргөн бала меникиби...

*Пауза*

Бактыгүлдүн комнатасы. Свет караңгылап кайра жанат. (Жумалы отурган болот, Таалайбек кирет).

Т а а л а й б е к. Саламатсызбы?

Ж у м а л ы. Саламатчылык, (экөө бири-бирин мурун көрүшүп жүргөнсүп тиктешип калышат).

Т а а л а й б е к. Кечиресиз, бул жерге, Бактыгүл, Кенжеке деген кыздарга келдим эле.

Ж у м а л ы. Кел, кирип отуруп тур, азыр келишет, чогуу окуйсуңарбы?

Т а а л а й б е к (эмне дээрин билбей). Ооба чогуу окуйбуз, сиз кимиси болосуз?

Ж у м а л ы. Мен Бактыгүлдүн атасы болом.

Т а а л а й б е к. Ии окшош экенсиз (өзү кызыктай болуп кетет).

Ж у м а л ы (күлүп). Атасымын да! (Кенжеке, Бактыгүл кирет) .

К е н ж е к е (акырын Бактыгүлгө). Отургандарын карасаң.

Б а к т ы г ү л. Жерге кир десе!

К е н ж е к е. Кел, Таалайбек качан келдиң?

Т а а л а й б е к. Азыр эле келдим.

Б а к т ы г ү л. Мен чай коёюн.

Т а а л а й б е к. Мен кетейин.

Ж у м а л ы. Жигит отуруп тур, чай кайнасын, менин базарлыгымдан ооз тийип кет, тамакты таштап кеткен болбойт, ак тамакты таштаган, ырыскыдан качканга барабар, шашпа, жумуштун да бүтөөр күнү бар, кенен отуруп, кенен бол жигит! Кенен адам бардыгына жетет, пейилдүү адамдан кенч кетпейт. Отур отура тур (Таалайбек унчукпай отуруп калат).

Т а а л а й б е к (өзүнчө). Бул кишинин сөзү жакканы менен октой тийди.

Б а к т ы г у л (Кенжекеге) Таалайбекти карасаң, атамды көрбөгөнсүп кечке тиктеп отурганын.

К е н ж е к е. Чайыңды эртерээк кайнат, байкуш уялып отура албай кетти. Сени көрөт элем, Таалайбектин ордунда болсоң.

Б а к т ы г ү л. Сен бир нерсени байкадыңбы?

К е н ж е к е. Эмнени!

Б а к т ы г ү л. Байкасаң экөөнүн көз караштары окшош экен.

К е н ж е к е (күлүп). Кайынэненин камырынан дейт.

Б а к т ы г ү л (өзүнчө) Таң калыштуу, чын эле атама аябай окшош экен. Кийин күйөө баласы дебей эле, баласы дешет го. Писихологиядан берген эжебиздин айтканы туура чыкты! Көбүнчө кыздар атасына окшош жигиттерди жакшы көрөт деген. Мен Таалайбекти жакшы көрөм, бирок сүйөм деп айта албайм. Кенжеке Өмүрбекти жанынан чыгаргысы келбейт, менде андай сезим жок, бирок көпкө келбей калса, эмне болду экен деп күтүп калам. Кенжеке аябай кызганчаак... Таалайбекке катуу айтып, көңүлүн ооруткум келбет.

К е н ж е к е. Бактыгүл чайың кайнады, эй эмнени ойлоп жатасың!

Б а к т ы г ү л. Эмне дейсиң!

К е н ж е к е. Ушунча да жаныңдагы кишини сезбей ойлоносуңбу, чайды ал!

Б а к т ы г ү л. Ии (столго келип отурат).

Ж у м а л ы. Кел жигит, сен конок эмессиңби, эттен ал. Төл башым кызыма ооз тийгизип келейинчи деп алып келгем. Алгыла! Уялбай эле алсаңар. Жамандан качып, жакшы менен дос болуп жакшы жүргүлө. Окуп алсаңар, кийинкиңерге жакшы, мына биз окуунун баркын билбей...

Б а к т ы г ү л. Ата өзүңүз алсаңыз!

Ж у м а л ы. Мени карабай эле жей бергиле.

(Бактыгүл атасы менен Таалайбектин тамак жегенин, жадаганда кашыкты кармаганынан бериокшош экендигин байкайт).

Кызым! Эмнени ойлоп калдың?

Б а к т ы г ү л. Жок, эчтекени ойлогон жокмун.

Ж у м а л ы. Тамактын уяты жок, алгыла балдар! Бирде ачка, бирде ток болуп, ашказан студент кезде бузулат окшобойбу. Айылда эмне жармага эле тоюп каласың, бул шаарда баскан-турганыңдын баары эле акча, жолуң деле акча,тамагың деле акча. Эл эмгегин жер жебейт. Буудай айдасаң, унуң да жармаң да болуп берет. Ошону менен эле, кыштан чыгабыз! Анан мал бакмай. Азыр айылдан жалкоону таппайсың, тытынып эле жерге жан талашып жатканы, Жазында уктаган киши кышында ачка калат. Эмгектенсең үзүрүн көрөсүң! Бул жашоодо турмуштун нугу менен жүрбөсөң, артта каласың! Жанагы жалкоолуктун айынан, жакыр дагы, көз каранды да болосуң.

Т а а л а й б е к. Кой мен кетейин.

Ж у м а л ы. Жигит, сен уялып тамактан жебей койдуң окшойт!

Т а а л а й б е к. Жок ырахмат, жедим жакшы эле, жакшы калыңыздар (кетет).

Б а к т ы г ү л (өзүнчө). Байкуш Таалайбек тартынып кенен отура албай койду, бирок атамдын сөзүн бирөөнү да текке кетирбестен кунт коюу менен укту. Эмне мынча атамдын сөзүн таңыркап укту десең? Анда деле ата бар да, аталардын сөзү бирдей эмеспи...

Ж у м а л ы. Келгиле кыздарым тамакка бата кылалы (бата кылышат).

(Жумалы кызынын сумкасынан сүрөтүн көрүп калат).

Кызым бул сүрөттү издеп таппай жүрсө сенде беле?

Б а к т ы г ү л. Ооба. Ата менде болчу.

Ж у м а л ы (сүрөттү крап). Кайран жаш кез! Өткөн өмүр, алаканыңдан учуп кеткен куш тура! Бул сүрөттү жоготпо! Жаралгандан жалгыз сүрөт, же ала берейинби?

Б а к т ы г ү л. Албай эле кое туруңуз, мен ал сүрөттү чоңойтоюн дегем!

Ж у м а л ы. Мейлиң өзүң бил кызым!

Бактыгүл эмнегедир ал сүрөттү чоңойтсо, атасынын сүрөтүн эмес, Таалайбектин сүрөтүн чоңойткондой сезчү.

*Пауза*

Таалайбек сабактан келе жатса алдынан карыя чыгат.

К ар ы я. Балам токтой турчу.

Т а а л а й б е к. Ии сизби?

К а р ы я. Ооба менмин, балам экөөбүз мурун да кездешпедик беле.

Т а а л а й б е к. Эсимде, сиз эмне менин артымдан аңдып жүрөсүзбү?

К а р ы я. Жок балам.

Т а а л а й б е к. Эмнеге балдар менен келе жатканда алдымдан чыкпайсыз, же мага эле көрүнгөн көрүчүсүзбү.

К а р ы я. Андай деп чочулаба. Карынын сөзүн капка сал, сени менен кептешип акыл-насаат сөзүмдү айтайын дегеним.

Т а а л а й б е к. Мен жетим эмесмин, насаат айтчу атам, мээрим төкчү энем бар, же суук кабар айта албай жүрөсүзбү?

К а р ы я. Суук кабар дегениң кандай балам!

Т а а л а й б е к. Билбейм, эмнени айтып жиберет деп сизден чочулай берем, акыркы күндөрү төлгөчү, сиз түшүмө кирчү болдуңуздар.

К а р ы я. Кой балам, антип бизден чочуба, Атасынан баласы кыйын чыгаар деген ушул тура, азыркы балдар сезгич келет.

Т а а л а й б е к. Сиздин сөзүңүзгө түшүнгөн жокмун.

К а р ы я. Ой, мен эмне деп дөдүрөп жатам.

Т а а л а й б е к. Менде эмне сөзүңүз бар эле.

К а р ы я. Балам, сенин атаңды жакшы тааныйм. Колунан да, тилинен да келген киши, Бирок адам баласынын телегейи тегиз болбойт тура. Атаңды көп жылдан бери

көрө элек болчумун, бая күнчүрөөк экөөңөрдүн кетип бара жатканыңарды көрдүм.

Т а а л а й б е к. Атам, сизди тааныйбы?

К а р ы я. Тааныйт, Таанымаксан болуп, да басып кетиши мүмкүн.

Т а а л а й б е к. Таң калыштуу, атам сизге эмне жамандык кылды эле?

К а р ы я. Андай деп ойлобо балам, экөбүздүн ортобузда жүз карашпагыдай эч нерсе деле болгон эмес. Балам, тетиги аялды тааныйсыңбы?

Т а а л а й б е к. Ооба. Тааныйм, ал жанагы сизге айтып жаткан төлгөчү эмеспи.

К а р ы я. Барып төлгө салдырдыңбы беле?

Т а а л а й б е к. Ооба.

К а р ы я. Таанытбасты сыйлабас. Демек сени көргөн экен да, болду балам, мага ушу кана керек болчу.

Т а а л а й б е к. Бирок төлгөчү, эмне болоорумду аягына чейин айткан эмес.

К а р ы я (жашыйт). Сенин турмушуңду кантип айтмак эле, айта албай, андай күч-кубат жок анда.

Т а а л а й б е к. Сиз антип айтпаңыз, мен дилимди ошол кишиге койгомун, баарын ошол киши берчүүдөй сезем.

К а р ы я (сүйүнүп). Ии, кечир мени балам , аның туура, дилиңди койсоң бар, барагой, кур аякка, бата жүрбөйт дейт, төлгөнү тыйынсыз салбайт болсо керек.

Т а а л а й б е к. Билем, атам акча таштаганынан, бекер короткуча төлгөчүгө кийим алып койгом, анын үстүндө атам да бая күнү катуу айтып койду окшойт. Ал төлгөчүнүкү да туура, чынында жыргаганынан турган жок да, ал жерде, байкуштун багар-көрөрү жок, же болбосо баласы таштаган эне болсо керек.

К а р ы я (сүйүнүп). Туура кыласың балам, ушундай боорукерлигиңден жазба, ден-соолугуң чың болсун, өмүрүң

узун болсун, бактылуу бол балам. Оомийин. (Батаберет). Ырахмат сага балам, мага ушул гана керек болчу. (Кетет).

Т а а л а й б е к (өзүнчө). Кызык! Акыркы күндөрү түшүмдө да, өңүмдө да таң калыштуу окуяларга туш болчу болдум, эмнеге бул карыя жанымдан чыкпайт десе, төлгөчүгө боору ооруп жүргөн тура. Кой айткан көйнөгүмдү алып келип, төлгөчүгө кийгизип коеюн (Кетет).

*Пауза*

(Өмүрбек, Кенжеке кирет).

Ө м ү р б е к. Кенжеке күндү карасаң, бүгүн аба-ырайы аябай жакшы, эмнегедир мойнумдагы жүктү таштап салгансып, өзүмдү жеңил сезип жатам, жашоо бул жыргал турбайбы, мен сени менен бактылуумун (кучактап).

К е н ж е к е. Эгерде мени жолуктурбасаң, эмне кылат элең?

Ө м ү р б е к. Баары-бир тапмакмын сени!

К е н ж е к е. А мен орус болуп калсамчы?

Ө м ү р б е к. Анда орустан аял алмакмын (күлүшөт).

К е н ж е к е (күлүп). Сөздү каяктан табасың, баардыгына жообуң даяр.

Ө м ү р б е к. Мен сен үчүн ардайым даярмын да.

К е н ж е к е. Өмүрбек сен байкайсыңбы?

Ө м ү р б е к. Эмнени!

К е н ж е к е. Экөөбүз тамашалашып ойноп калсак, Таалайбек менен Бактыгүл бири-бирин карап, уялып калышат.

Ө м ү р б е к. Алар ушул убакка чейин бири-биринен уялат бекен?

К е н ж е к е. Ооба жадаганда Бактыгүлдүн колун кармап койсо, уялып, тартып алгыча шашат.

Ө м ү р б е к. Сүйүү бул аркандай болот тура, кээ бирөөлөр көпкө чейин бири-биринен тартынып жүрүшөт.

А кээ бирөөлөр бат эле бири-бирин сагынып калышат тура, мисалы биз... (Күлүшөт).

К е н ж е к е. Чын эле карыз жазган блокнотуңду карасам, менин да атым жүрөт, алган жыйырма сомумду берем кайра (күлөт).

Ө м ү р б е к (уялып). Жөн эле жазып койгом, акча каякка кеткенин билейин да.

К е н ж е к е. Аябай зыкым экенсиң, ыя!

Ө м ү р б е к. Болду эми, кечке күлбөй. (Таалайбек, Бактыгүл кирет).

Т а а л а й б е к. Кандайсыңар?

Ө м ү р б е к. Жакшы силерге эмне болду, бирөө бирдеме дедиби?

Т а а л а й б е к. Эч нерсе деле болгон жок досум,бирок силерге айтпаганда кимге айтам, Төлгөчүгө барып көйнөк кийгизсем, баласы жок эме, мени көрүп эрээркеп балам деп кучактап, кечке коё бербей ыйлады. Өх, муунум калчылдап чыкты. Бактыгүлдүн жүрөгү түшүп калды окшойт.

Б а к т ы г ү л. Жок, жүрөгүм түшкөн деле жок, сени кучактап ыйлап жиберсе чочуп кеттим, байкуш эне да, өз баласын көргөндөй ыйлады.

Ө м ү р б е к. Ой, тоюңар качан болот?

Т а а л а й б е к. Кудай буюрса, Бактыгүл экөөбүз жакында үйлөнөбүз. Үйлөнүү тойдун кийимин кийгизип алып, айылга алып кетсем. Өмүрбек, Кенжеке экөөңөр тойубуз бүткүчө жаныбызда болосуңар.

Ө м ү р б е к. Оо, жакшы кабар бар экен, келгиле анда мындай кылабыз, тойдун үстүндө той улансын, силерден кийин биз үйлөнүү тойду өткөрөлү. Силер дагы той бүткүчө жаныбыздан чыкпашыңар керек. Закон ушундай.

Т а а л а й б е к. Жакшы ой, тойго киришели, токтогулачы биздин ата-энебиз бул жакка келет, а силердикичи?

Ө м ү р б е к. Мен айылга алып кетем өзүм эле.

Т а а л а й б е к. Коркпо досум, силердин тоюңарга машинаны мен таап берем (Кетишет).

*Пауза*

(Үйлөнүү тойдун кийимин кийип, Таалайбек, Бактыгүл чыгат).

Т а а л а й б е к. Мына Бактыгүл, биз көптөн бери күтүп, эңсеген бактылуу күнүбүз да келди. Мен сени сүйөм (өбөрдө, Бактыгүл качып).

Б а к т ы г ү л. Кое туруңуз, эл көрөт, айланаңызды байкабай калдыңыз го. Өмүрбек, Атамдар келе жатышат.

Т а а л а й б е к. Бороондуу күндө... кичине кое турушпайбы (Өмүрбек, Кенжеке, Жумалы, Табылды киришет).

Т а б ы л д ы. Куда! Менин кулдугум бар, сизге күнөөлүмүн, эки бала табышып калыптыр, баланы үйлөнтүү атанын парзы экен, кыз алган жер күнөөлү, кулдук урам сизге...

Ж у м а л ы. Кыз киши бирөөнүн бүлөөсү турбайбы,- барган жеринен бак айтып бактылуу болсун кызым, баланы деле мурун көргөм, жаман бала эмес, жылдыздуу, жагымдуу жигит тура иши кылса, эки бала бактылуу болсун. Бактыгүл менин тун кызым.

Т а б ы л д ы. Таалайбек дагы менин тун балам!

Ж у м а л ы. Жакшы, жакшы экен анда. Айылга качан жыласыңар?

Т а б ы л д ы. Азыр жылабыз куда, Таалайбекке келчү кишилер бар экен, ошолорду күтүп турабыз.

К е н ж е к е (Өмүрбекке). Бактыгүлдү карачы, бүгүн кандай сулуу, кандай бактылуу, ак куу түгөйүнөн ажырабайт деп бекер айтпайт тура, биринин жанынан бири чыккысы келбейт. Мына сулуулук деп ушуну айт. Аттарына жараша, бактылуу, таалайлуу болушсун. Экөөнү кудай

окшоштуруп койгонун да карасаң, чынын айтсам мындай окшош адамдардын үйлөнгөнүн биринчи жолу көрүшүм.

Ө м ү р б е к. Этиятта көз тийет!

К е н ж е к е. Кой чын эле, көз тийбесин. (Бүбүкан, Карыя кирет).

Т а б ы л д ы (Таалайбекке), Бул кайсы адамдар.

Т а а л а й б е к. Жанагы мен күттүргөн адамдар ушулар.

Т а б ы л д ы. Сен ушулар үчүн күттүрдүңбү?

Т а а л а й б е к. Ооба. Ата, бул да киши. (Басып кетет).

Ж у м а л ы. Салом Алейкум!

К а р ы я. Алейку Атсалам!

Т а а л а й б е к. Келиңиздер (Табылды карыяны тиктеп Жумалы төлгөчү Бүбүканды тиктепкалат).

Ж у м а л ы (өзүнчө). Бул жерде Бүбүкан эмне кылып жүрөт.

Б ү б ү к а н. Кандай Жумалы?

Ж у м а л ы. Ии жакшы, келипсиң.

Б ү б ү к а н. Мени көрүп таң калып жаткандырсың, чачыңа ак кирген, бетте кабат-кабат бырыш баскан каяктагы кемпир...

Ж у м а л ы. Жок, Бүбүкан сени тааныдым, издеген балаңды таптыңбы?

Б ү б ү к а н. Тапканда эмне, энелик касиеттен ажыраган кишиде бала болчу беле баланын көңүлүн кыйбай келип отурбаймынбы.

Ж у м а л ы. Уккан кулагыма ишенсем кудай урсун! Балаң ушул жердеби?

Б ү б ү к а н. Эй, Жумалы, сенде баш дегенден жок экен, бакпаган балаңды баккам дегиң барбы, кой антип бирөөнүн баласын талашпа, бөөдө баланын тамырын байлайсың, чын эле балам десең, баланын жүрөгүн оорутуп, жолун бууба! Жабылуу аяк жабылуу бойдон калсын. Эркек

сен эмес, аял мен, жүрөгүмдүн башы зыркыраса да, алыстан тиктеп, уулумду тааныбасам да, таанымаксан болуп турам! Баламды көргөнүмө ыраазымын! Өх, мойнумдагы жүктү бирөө жерге таштап салгансып жеңилдей түштүм.

Т а б ы л д ы (Карыяны жанына чакырып алат). Сиз врач белеңиз?

К а р ы я. Ооба, сен айткан врачмын.

Т а б ы л д ы. Бул жакта эмне кылып жүрөсүз?

К а р ы я. Я, балам, сага ыраазымын, уулуң ыймандуу, адептүү жигит болуп өсүптүр. Мындай тарбияны өз энеатасы да бере алмак эмес.

Т а б ы л д ы. Сиз антип сүйлөбөңүз, менин туягым, өзүмдүн балам! Анын атасы менмин! Каяктагы жок нерсени айтып бүлүндүргөнү турасызбы, андай болсо жолуңузга түшүп кетиңиз!

К а р ы я. Токто балам! Ачуу душман, акыл дос дейт, бир ачууңду мага бер, сөздүн аягына чыгайын, бул биздин элде жээнин алмай бар, бирок карындашын алмай жок, андай жолго биз барсак, кудайдын кусуру уруп кетпейби, жаш кезимде күнөө кетирсем да пайгамбар жашымда күнөө кетирбей калайын! Тетиги дубана аял Таалайбектин өз энеси, ал эми жанындагы сенин кудаң Жумалы... Таалайбектин атасы.

Т а б ы л д ы. Куураган куу чал десе, сен акыры бирдин ичинен чыгармаксың. Дагы бир жолу айтам, Таалайбектин атасы менмин!

Ө м ү р б е к (чуркап келет). Төлгөчү аял эсинен танып жатып калды.

К а р ы я. Күч келсе, таштын да үнү чыгат, көрөр күнүң, ичер сууң ушундай тура.

Т а б ы л д ы. Көп сүйлөбөй, дубанаңа бар!

Баары жабалакташып төлгөчүгө келишет.

Т ө л г ө ч ү. Таалайбек, башыма келчи

Т а б ы л д ы. Эмнеге башыңа бармак эле.

Т а а л а й б е к. Ата, ал эмнеңиз, деми кысылып жатат, башын көтөрүп турайын. (Таалайбектөлгөчүнүн башын көтөрүп турат).

Т ө л г ө ч ү. Балам, бактылуу бол, сени көргөндө...

Т а б ы л д ы. Бас, Таалайбек кеттик.

Т а а л а й б е к. Кое туруңуз, андан көрө жалдырабай тез жардам чакырсаңар боло! (Эч кимчакырбайт, Өмүбек кана чуркап кетет).

Т ө л г ө ч ү. Жумалы! Кызың менен баланды...

Т а а л а й б е к. Эс ооп баратат, тезирээк чакыргыла.

Т ө л г ө ч ү (эсине келе калып). Таалайбегим сенин колуңдан... (Башы шылк этет).

Т а л а й б е к (ыйлап). Эмне мени жалдырап тиктейсиңер, бул кемпирдин туугандарын, балдарын чакырткыла, көмөр кишиси бар бекен, бул жерде киши өлүп жатпайбы.

Т а б ы л д ы. Туугандарын чакырттык, жүрү балам кеттик.

Т а а л а й б е к. Бактыгүлчү!

Ж у м а л ы. Биз артыңыздан барабыз. Жүрү кызым, биз да кеттик. (Таалайбекти Табылды алыпкетет).

Б а к т ы г ү л. Каякка?

Ж у м а л ы. Жолдон айтам.

К а р ы я. Жумалы сөөктү кантебиз?

Ж у м а л ы. Туугандары келээр да (кетишет).

К а р ы я. Мына төлгөчүм, дагы экөөбүз калдык, баары туш тарапка басып кетишти, багып өстүрбөсөң, өз балаң да бирөөнүкү тура, уулум деп айтканың менен, уулуң энесин тааныган жок.

Мууңдуу музыкалуу пауза

Свет караңгылап, кайра жанат. Өмүрбек, Кенжеке кирет.

К е н ж е к е. Байкуш Таалайбек, бактылуу күн качан келет деп жүрүп...

Ө м ү р б е к. Мен досумдан айрылдым, окуусуна келбей койду.

К е н ж е к е. Эмне окубайт бекен?

Ө м ү р б е к. Окубаганы ошол да, мага жолукпай, документтерин алып кетиптир, чамасында ыза болуп калган окшойт.

К е н ж е к е. А, Бактыгүл байкуш азыр эч ким менен сүйлөшпөйт, бирок Таалайбекке жолуксам жакшы болот эле деп калат. Чынын айтсам эмне болуп үйлөнбөй калышканын жакшы түшүнгөн жокмун. Бактыгүл да оңой менен чечилип сүйлөбөйт.

Ө м ү р б е к. Бул дүйнөнү «жалган дүйнө» деп бекер айтпайт тура, анча болбогондо, эки бир тууган үйлөнүп калмак.

К е н ж е к е (чочуп). Ой чын эле экөө, бир тууган болуп чыктыбы?

Ө м ү р б е к. Ооба. Экөө бир тууган экен Бактыгүлдүн атасы, Таалайбектин да атасы...

К е н ж е к е. Кандайча?

Ө м ү р б е к. Билбейм, аны атасы, анан бир кудай гана билбесе башка эч ким...

К е н ж е к е. Карачы, бул турмушта эмнелер гана болбойт, эмнегедир эле сезгем, же экөөнүн окшоштугунанбы... байкуш төлгөчү эмне болду.

Ө м ү р б е к. Жанагыдай ызы-чуу болуп жатса, аны карабай, ар ким өзү менен өзү болуп кетишкен тура. Мен тез жардамды чакырып келсем, төлгөчү каза болуп небак муздап калыптыр, жанында баягы карыя кудайга жалынып ыйлап отуруптур.

К е н ж е к е. Байкуш төлгөчү жалгыз бекен?

Ө м ү р б е к. Жалгыздыгы ошол да, көмөргө киши табылбай, сөөктү эч ким алып кетпей врачтар айласы кеткендиктен, моргко жөнөтүшүптүр.

К е н ж е к е. Өх, жүрөгүмдүн башы ооруп чыкты.

Ө м ү р б е к. Көпкө сүйлөштүк окшойт. Мен Бактыгүлгө жолугуп келейинби?

К е н ж е к е. Кой жөн эле гой, башкы күнү жолугасың.

Ө м ү р б е к. Мейли, анда, эртең келем (кетет) Бегимбү кирет.

Б е г и м б ү. Ой кызым кандайсың?

К е н ж е к е. Келиңиз апа, көчөгүнү түшүмө киргенсиз, ойлоп койдум эле, келет болсо керек деп, кел апа отуруңуз.

Б е г и м б ү. Күндүн ысыктыгын айтпа, мындай ысык болсо, кишини куйкалап кетет го. Жай ысык болсо, кыш суук болот деп калчу эле атаң. Сен сүйлө кызым, эч жериң ооруган жокпу?

К е н ж е к е. Жок, апа.

Б е г и м б ү. Атаң түшүмө кирчү болду, тоодон мал алдырып, айылапаны чакырып куран окуттук, байкушум мынча түшүмө кирчү эмес эле...

К е н ж е к е. Коюңузчу апа, түштөн да адам чочуйбу.

Б е г и м б ү. Түштү кармаган киши жаман тура, сенден да чочуп, кызымды көрүп келейинчи деп келдим сага.

К е н ж е к е. Ой апа...

Б е г и м б ү. А, балам, балалуу болгондо түшүнөсүң, эненин көөнү балада, баланын көөнү таалада. Эне байкуш баласын ойлойт тура. Сен кыйналсаң сол эмчегим, агаң кыйналса оң эмчегим зыркырайт.

К е н ж е к е (өзүнчө) Байкуш апам, жаштайынан жесир калып, балдарында өгөйлөтүп күйөөгө тиймек белем деп, күйөөнү деле ойлобоптур.

Б е г и м б ү. Кенжеке, эмнени ойлоп кеттиң, деле жаштайыңдан ойлуусуңда, мени тартпай, атаңарды тартып калыпсыңар, атаңар да аябай ойлуу киши болчу, кээде өзүнчө отуруп, күлүп жиберчи, көрсө күлкүлүү окуяларды

эстеп күлө берчи экен. Бирөөдөн жаман сөз укса, жарыктык таң аткыча капаланып чыкчу.

К е н ж е к е. Атамды мен билбей калдым, Нарынбек билет болуш керек.

Б е г и м б ү. Билмек турсун, атамдын бычагы деп, жанына салып жүрөт. Эмне деген бала болот билбейм, эч ким менен сүйлөшпөйт, өзү менен өзү ымыркай кезинде, канкорлор, баламдын жүрөгүнө так салды!

К е н ж е к е. Апа, сиз атамды өлтүргөн кишини тааныйсызбы?

Б е г и м б ү. Таанybаганда эмне! Тааныйм, атаңды өлтүргөн киши да өлгөн. Көрө албастык, ичи тарлык бул жаман нерсе тура. Кимдин ким болоорун, душман алыстан билет. Азыр ойлосом, колдо бар алтын баркы жок болуп, атаңарды баамдабаптырмын. Жаш болсо да элге таанымал, эл сыйлаган, кадыр барктуу жигит болуптур. Эх чиркин, атаңар тирүү болсо башкача болбойт беле.

К е н ж е к е. Нарынбек эмне кылып жүрөт.

Б е г и м б ү. Жумушка барат, кайра келет, мени менен оңураак сүйлөшпөйт, тамак ичкенден кийин, комнатасына кирет да, болду ошол боюнча жумуштан келгенден кийин көрөсүң. Аял алып берейин десем, кызың күйөөгө кете берсин деп коет.

К е н ж е к е (күлүп). Ал эмнеси?

Б е г и м б ү. Агаң ошондой бир сүйлөйт. Жакында атаңардын агасы ооруп Нарынбекке телеграмма келиптир. Жиберейин деп, кайра корктум, кокустан бычагын алып, өч алам деп чыкса. Ач кулактан тынч кулак жакшы, баралганыбыз жок. (Бактыгүлгөкирет).

К е н ж е к е. Кел Бактыгүл.

Б а к т ы г ү л. Жакшысыңар.

Б е г и м б ү. Жакшы.

К е н ж е к е.Апа, менин курдаш кызым, аты Бактыгүл.

Б е г и м б ү. Ии жакшы ат коюптур, кел келегой адам өзүнүн бактысы үчүн күрөшүш керек. Ата-энең жакшы ой тилек менен, бакты тилеп Бактыгүл койгон турбайбы.

К е н ж е к е. Апа, эмне үчүн менин атымды Кенжеке койгонсуздар?

Б е г и м б ү. Сенин атыңды атаң койгон, эмнеге Кенжеке деп койгонун көп элес алган эмесмин. Азыр ойлосом, түшүнөн чочуп жүргөн окшойт. Ансыз деле кичүүбүз сен болбодуңбу, байкушум өлөр алдында, мал союп аталарына куран окутуп, элден бата алганы эсимде. Ал кезде жаш кезим, көп нерсени байкачы эмес экемин. Адам өлөрүн сезип калат тура. Балдарды кор кылбай, жакшы бак десе, бул эмне бир жакка кетип баратты беле да, ичимден жаман көрүп койчумун. Сен атаңдын кенжесисиң.

К е н ж е к е. Атам мени жакшы көрчү беле?

Б е г и м б ү. Ооба, баланы аябай жакшы көрчү, деле бала сабачу эмес, ага караганда мен кичине какыс-кукус кылып жиберчүмүн. Жаштайынан баласаак деп чоң атаң, атаңды жаман көрчү, ага деле болбой мойнуна мингизип алып, эркелетип, силер менен кошо бала болуп кетчү. Нарыбекти каякка барса да дайыма жанына алып жүрчү. Менин туягым деп эркелетип калчу (жашыйт).

К е н ж е к е. Болду, апа, ыйлабаңызчы?

Б е г и м б ү. Кызым, кантип ыйлабай коём, сен атаңды билбей калдың. Нарынбегимден корком, бир күнү өч алам деп чыгабы, комнатасынан эле чыкпайт, бул эмне кылат деп, акырын шыкаалап карасам, өзүнчө отуруп алып, атасынын сүрөтүн карап, ыйлап атыптыр, кой баламды чочутпайын деп акырын басып кеттим. Атасыз жетим. Армандуу жетим! Досторунун аталарын көрүп деле, ыза болот окшойт, баламдын арманы көп (ыйлайт).

К е н ж е к е (эмне кылаарын билбей, апасын кучактап, шолоктоп ыйлайт).

*Пауза*

Свет караңгылап, кайра жанат (Арадан бир топ күн өтөт). Бегимбүнүн үйү. Столдун үстү жасалгаланган. Нарынбек, Кенжеке кирет.

Б е г и м б ү. Келгиле балдарым отургула, бүгүн жума күн турбайбы атаңарга куран окуп коелу, баш кийим кийгиле, (баары баш кийим кийип отурушат, Нарынбек атасына куран окуйт, батакылышат).

Н а р ы б е к. Кел апа тамактан алыңыз.

Б е г и м б ү. Келгиле тамактан алгыла, бүгүн Кенжекемда каникулга келип, үйүбүз кичине бапырап толгонсуп калбадыбы.

К е н ж е к е (музыка чыгат). Бул музыка каяктан чыгып жатат?

Н а р ы б е к. Кошунаныкынан.

Б е г и м б ү. Ии, келип алып кетет деп жатат эле, баласы үйлөнгөн го.

Н а р ы б е к. Ооба.

Б е г и м б ү. Анда келип көрүп барыш керек турбайбы, кошуналар өзүнчө ынтымагыбыз бар эле. Айтам да, эмне мынча музыка чыгып калган дейм да.

К е н ж е к е. Биздин үйдөн качан музыка чыгат десең (Нарынбек бата кылып туруп кетет).

Б е г и м б ү. Сенин сөзүң жакпай калды окшойт, үйлөн десең эле так секирген ушул баланы көрдүм.

К е н ж е к е (өзүнчө). Байкуш апам, мурункудай мени менен жай отурам деп жатат. Күйөөгө кетерим менен иши жок. Эмнеге кыз кишини ушинтип жаратты десең. Саат канча болуптур. Ии десе Өмүрбектин келер убактысы болуп калган турбайбы.

Б е г и м б ү. Кызым эмне эле саатты карап жатасың? Бир жакка шашып жатасыңбы,шашпай тамактан жечи.

К е н ж е к е. Жок, апа, шашкан деле жокмун. Сабактан

кечикпейин деп улам карап жатып, саатка көнүп калыптырмын.

Б е г и м б ү. Я, кызым айтчы сүйлөшкөн жигитиң барбы?

К е н ж е к е (күлүп). Ай, апа кызыктай суроо бересиң да, кийинчерээк айтам, азыр эмес.

Б е г и м б ү. Жанагы жаныңдагы кыздын көңүлү аябай суз экен.

К е н ж е к е. Ачык айрым жакшы эле кыз, ошол күнү капа болсо керек.

Б е г и м б ү. Нарынбегимди үйлөнтүп алсам, бир чоң жумуштан кутулат элем.

К е н ж е к е. Апа үйдөгү жууркандар, эмне жууркан.

Б е г и м б ү. Эмне жууркан дегениң кандай, сага даярдагам, же сен биринчи кетесиңби, же агаң үйлөнөбү, даярдана берейин. Жылдан жылга көзүм дагы жакшы көрбөй баратат. Нарынбек жумушка кеткичекти ийнемди саптатып алгычакты шашам. А балдарым силерден башка эмнем бар, кабагыңар ачык, жайдары, бактылуу болсоңор болду мага. Мен барганда бир чөөгүн чай берсеңер энеңер ошого да ыраазы. Бул турмуштан менин жүрөгүм сыздап бүткөн, мен көргөндү кудай, силерге көрсөтпөсүн. (Нарынбек кирет).

Н а р ы н б е к. Апа, атамдын кочкордун мүйүзүнөн жасалган бычагын көрдүгүңүзбү?

Б е г и м б ү. Жок, ботом сен эле колдоносуң го.

Н а р ы н б е к. Таппай койдум.

Б е г и м б . Койгон жериңди кара.

Н а р ы н б е к. Карадым жок.

Б е г и м б ү. Бирөөгө берген жок белең.

Н а р ы н б е к. Кимге бермек элем. Ал бычакты эч кимге карматчы эмесмин. (Нарынбек чыгыпкетет)

К е н ж е к е. Бычакты эмне кылат.

Б е г и м б ү. Билбейм. Атадан жалгыз калды байкуш.

К е н ж е к е. Туугандарыбызга ошол боюнча эле барбай калабызбы?

Б е г и м б ү. Силер чоңойдуңар эми, тууган-уругуңарды бир көрсөтүп келсем болот эле. Атадан алтоо болсо да, сыйлашпасаң туугандан кетесиң, бирок, бирок Нарынбегимден корком.

К е н ж е к е. Апа, эмнеге өч алмак эле, ал киши өлгөн турбайбы.

Б е г и м б ү. Эркек бала жаман тура, мүмкүн атасынын өлгөнүн өз көзү менен көрбөсө да... Мынчалык коркпойт элем. Азыр да өзүнчө кычып сүйлөнүп калат. Баарынан жүрөктөгү так жаман. Аял алып берип койсом дагы кичине токтолуп калат беле.

К е н ж е к е. Аял алып берип койбойсузбу.

Б е г и м б ү. Менин ойум менен болсо кана, ойуна келгенин бербейт да. (Эшиктен машинанынүнүчыгат).

К ен ж е к е. Апа, мен азыр келем (чыгып кетет).

Б е г и м б ү (өзүнчө). Ушу балдарымды бирөөгө кор кылбай, үйлөнтүп, жайлантып өлсөм, кудайга арманым жок эле, байкуштарым ымыркай кезинен атасыз жетим калышты, уулумдун чачын көргөн сайын зээним кейит, бир да жеринде кара чачы жок, өз жашынан аябагандай улуу көрүнөт. Атасы жанында болсо, жадыраган ачык-айрым ак көңүл бала болмок, эмне кылам, айла жок. Балдарымды атасы арбагы менен жөлөп-таяп жүрсүн.

(Кенжеке шашып кирет).

К е н ж е к е. Апа, (бетинен өбөт) менин кастьюмумдун чөнтөгүндө кат бар ошону жай отуруп окусаңыз.

Б е г и м б ү. Эмне кат?

К е н ж е к е. Жакшы калыңыз апа, мен кеттим.

Б е г и м б ү. Каякка (Кенжеке чыгары менен машина жүрүп кетет) катыгүн, тиги кыз каякка кетти Нарынбек! Я, Нарынбек?

(Нарынбек кирет)

Н а р ы н б е к. Сизге эмне болду?

Б е г и м б ү. Жанагы карындашың каякка кетти.

Н а р ы н б е к. Кайдан билем, сиздин жаныңызда эмес беле?

Б е г и м б ү. Ботом, бир паста эле машина жүрүп кетти.

Н а р ы н б е к. Машина деген эмнеси?

Б е г и м б ү. Машинага түшүп кетти, мунусу да такып сурайт! Билчи кошуналардан, мүмкүн көргөндөр бар чыгар, кандай машина болду экен, чунак жаным карап да койбоптурмун. (Нарынбек кетет) ботом ал кызга жин тийгенби, мени менен жакшы кал деп бетимден өөп, коштошподубу. А катыгүн аны күйөө алып кеткен турбайбы. (Нарынбек тиштенип кирет) эмне болду уулум сага.

Н а р ы н б е к. Кызыңызды ала качып кетиптир.

Б е г и м б ү. Каякка

Н а р ы н б е к. Бир кара светтеги машина менен алып кетиптир.

Б е г и м б ү. Ошол айттым да, кирип келип эле мени менен коштошуп, и чын эле кастьюмумдун чөнтөгүндө кат бар дейт алып келчи. (Нарынбек барып көңүлү суз болуп келет).

Н а р ы н б е к. Эч кандай кат жок.

Б е г и м б ү. Бар дебеди беле, чунак кыз жок дегенде каякка кеткенин айтып койбойбу.

Н а р ы н б е к. Мен табам аны. Жерден чукусам да табам. Келме кезек, терме тезек мени күткүлө, келди мага кезек!

Б е г и м б ү. Уулум сага эмне болду?

Н а р ы н б е к. Апа, мен Кенженин барган жерин барып билем.

Б е г и м б ү. Каякка кеткенин кантип билесиң?

Н а р ы н б е к. Мына кызыңыздын адреси. (Катты берет). Мен кеттим. (Кетет).

Б е г и м б ү. Ай балам, токточу, азыркы балдар тил да

алышпайт. Жакын эле кеткен го катты окуйунчу. Катта!: Апа, Нарынбек байке, мага таарынбаңыздар. Кыздын бара жери, жолу башка бирөөнүн бүлөсү турбайбы. Мен алыска кеттим. Күйөө балаңыздар жаман бала эмес, экөөбүз көпкө сүйлөшүп жүрдүк. Тагдыр өз теңин таптырып коет тура. Анын да атасы жок. Мага капа болбоңуздар, ал бала менен бактылуу боло алам деп өзүмө өзүм ишенем. Куугунчу жиберсеңиз биздин дарек, Нарын шаары, Кеңеш көчөсү 88, Качкын уулу өмүрбектин үйү. Я кокуй, эмне дейт бул адрес канкор Качкындын үйү турбайбы. Катыгүн мен жетпей калдым окшойт, Нарынбек бирдин ичинен чыгарбасын. Кармагыла Нарынбекти!

*Пауза*

## IV сүрөт

Свет өчүп, кайра жаннат. Өмүрбектин үйү, дасторкон жайылуу. Өмүрбек, Кенжеке кирет.

Ө м ү р б е к. Мына биздин бактылуу күнүбүз.

К е н ж е к е. Мен бактылуумун (Өмүрбекти кучактайт).

Ө м ү р б е к. Бүгүнкү күндү карасаң, өткүн десең жаанга айланып кетти.

К е н ж е к е. Эмнеси болсо дагы эсте каларлык күн билесиңби ошол күнү күндүн жааганын деп, эстетип турам да.

Ө м ү р б е к. Карасаң көк ала булут каптап, мөндүргө айланды.

К е н ж е к е. Таң калыштуу, бүгүн да күндүн өзгөчө болуп жатканын байкуш Бактыгүлдү ээрчитип алайын деп, кайра ойлондум бизди көргөндө ээни кейийби деп.

Ө м ү р б е к. Эмнеге.

К е н ж е к е. Таалайбекти ойлоп...

Ө м ү р б е к. Бирок Таалайбек, Бактыгүл карындашы экенин билген жок, ага атасы айтпайт. Атасы ушунчалык

Таалайбекти коруган киши экен...

К е н ж е к е. Сен биринчи уул болсун дейсиңби же кызбы.

Ө м ү р б е к. Албетте уул!

К е н ж е к е. Көпчүлүк эркектер биринчиси уул болгонду жакшы көрүшөт, а мен болсо кыз болсо дейм, кыз бала жакшы да, уул балага караганда, кыз бала ата-энесине кайрымдуу болот.

Ө м ү р б е к. Мейли баары сен айткандай болот. (күлүшөт).

К е н ж е к е. Апам байкуш таң калган боюнча калды.

Ө м ү р б е к. Сен адрести бердиң беле?

К е н ж е к е. Ооба, кат жазып таштап кеткем. Жакын жер болсо бир жөн.

Ө м ү р б е к. Анда куугунчулар келер убактысы болуп калган турбайбы, кой даярданалы.

К е н ж е к е. Ким келет болду экен?

Ө м ү р б е к. Барып малды сойдура берейин.

К е н ж е к е. Тетиги сүрөт сага окшош экен. Кимдин сүрөтү?

Ө м ү р б е к. Ал, атамдын мындан бир нече жыл мурун түшкөн сүрөтү, анда мен кичинекей болчумун. Жанындагы көтөрүп түшкөн, эжем!

К е н ж е к е. Эжең бир жакка кетти беле?

Ө м ү р б е к. Анын деле келер убактысы болуп калды.

К е н ж е к е. Атаң аябай сүрдүү киши окшойт. Кийин сен дагы сүрдүү болосуңбу?

Ө м ү р б е к. Ооба. Атам сүрдүү. Андан сен эмес баласы мен коркчумун. Каардуу, алдына эч кимди салгысы келбеген төрөпейил киши болчу деп, кошуналарым айтып калат. Чынын айтсам атам жөнүндө жакшы билбейм, элден да сурагым келбейт.

К е н ж е к е. Эмнеге жакшы билбейсиң, атаң менен

чогуу жашадың да.

Ө м ү р б е к. Эс тарткан убакта эсептесем, эки жыл жашадым.

К е н ж е к е. Сени эмне чоң атаң багып алды беле?

Ө м ү р б е к. Жок, андай эмес сенден жашыраак белем, азыр куугунчуларды тосуп алалы, анан жай отуруп айтып берем. Кой мен көп сүйлөбөй коноктун камын ойлойун. (кетет).

К е н ж е к е (өзүнчө). Ойлонбой, Өмүрбекке туура эмес суроо берип койдум окшой. Атасы жөнүндө сурасам өңү кубара түштү. Ойлобогон нерселердин баары турмушта боло берет тура. Көп жылдан бери ата-энелери ажырашып, элдешкенден кийин атасы каза болуп калса керек, бирок эмнегедир атасын жактырбагансып сүйлөдү. Ой!, мен эмнени ойлоп жатам, анын кереги эмне мага, мен Өмүрбек менен жашайм да. Адамдын ойуна эмнелер гана келбейт! Адам баласы кызык эле жанбыз, биринчи жаман ой кетет. Кээ турчу! Башында келбеген ой, эми келип жатат! Нарынга келгенимди билип туруп, апамдан канкор кишинин атын сурап алсам болбойт беле, мүмкүн Өмүрбек ошонун урук-тукумунан болуп жүрбөсүн. Өх, бүткөн боюм муздап, жүрөгүм локулдап чыкты. (Өмүрбек кирет).

Ө м ү р б е к. Кенжеке сага эмне болду?

К е н ж е к е. Жок, эч нерсе болгон жок.

Ө м ү р б е к. Бир жериң ооруп жатабы?

К е н ж е к е. Жок, ооруган деле жок, аба алмашканга, кичине демим кысылып кетти окшойт.

Ө м ү р б е к. Суу алып келип берейинби?

К е н ж е к е. Мейлиң. (Өмүрбек кетери менен, Нарынбек кирет).

Н а р ы н б е к. Ии Кенжеке кандай?

К е н ж е к е. Ой, кишинин жүрөгүн түшүрөсүз да, сизди эч ким байкаган жокпу?

Н а р ы н б е к. Мени ким байкамак эле, бул сүрөттөгү ким? (Сүрөттү карап).

(Нарынбектин өңүн көрүп, Кенжеке бир нерсени сезгендей болот).

К е н ж е к е. Ал ким экенин билбейм.

Нарынбектин кулагына, атасынын үнү угулат. Кач балам, жок дегенде сен аман кал, кач! Качкын дейм.

Н а р ы н б е к. Жок, ата! Бул жолу мен качпайм, жетишет! Түп орду менен жоготом буларды баласынан баштап, өзүнө чейин өлтүрөм. Сизди кандай кыйнап өлтүрсө, мен эки эсе кылам. Өч ала турган мезгил келди. (Сүрөттү алып ыргытат).

К е н ж е к е. Байке жүрүңүз кеттик (Өмүрбек кирет).

Н а р ы н б е к. Ии, биринчиси өзү келди.

Ө м ү р б е к (сүрөттү карап). Атамдын сүрөтүн тыткандай сиз кимсиз! Чыгып кетиңиз. (Экөөнүн ортосуна Кенжеке түшөт).

К е н ж е к е. Өмүрбек! Тилимди алып кетип калчы!

Н а р ы н б е к. Кел балапан, эки атанын балдары кармашалы, бул жолкусунда мөөрөй меники. (Өмүрбекти жерге басып алып, муунтат).

К е н ж е к е. Байке кое бериңиз, анда эмне күнөө?

Н а р ы н б е к. Сенин атаңды мындан жаман кылып өлтүрүшкөн, атасынын кунун баласы алсын. (Өмүбек тыбырчылайт). Ии, жан таттуу бекен, менин атамдын жаны да ошондой таттуу болчу. Атамдын жаны, энемдин муң-заары, биздин жетимдигибиз үчүн өч алам!

К е н ж е к е. (бакырып ыйлайт).Жардамга келе турган жан барбы? Байке кое бериңиз! Көгөрүп чыкты! Өмүрбек бутун катуу серпет да, кайрылып келбес жайга көзүн сүзгөн боюнча кете берет! Кенжеке эшике чуркап чыгып Нарын дарыясын бойлоп басат.

К е н ж е к е. Оо, кудуретиңден айланайын дарыям! Менин айтып бүткүс арманымды, ичимдеги бугумду ук!

Уул-кыз деп убай жеген ата-эне,
Бактылуу болсун экен деп, келечекте,
Улуулар басып өткөн узак жолду
Улашсын деп өстүрөт эркелете.
Тагдыры жан тартаарын, жазалаарын,
Көңүлчөөк жашоосуна миң мертебе.
Ак сүйүү көп армандуу болооруна,
Армансыз жашоо чиркин болбосуна.
Ишенип, көзүм жетип турса дагы,
Берилип көңүлүмдүн кумарына.
Кааломду, ак сүйүүмдү айыптаган,
Тагдырым, таарынычым сага гана
Кыз көрүп, жүрөк сезип сүйгөн жигит,
Сен мени сүйгөн элең көпкө жүрүп.
Гүлүбүз жаңы өсүп жетилгенде,
Ач тагдыр, куураттты го жара тилип.
Саргарды куурап калды сүйүү гүлү,
Жанбады, жаңы күйгөн, алсыз билик.
Кубанып бүгүн тойго келдим эле,
Жетем деп көптөн күткөн тилегиме.
Тагдырым тартуулаптыр катуу багыт,
Жеткирбей сенин берээр белегиңе.
Кош болгун ак сүйүүнүн армандуу ээси,
Ишенбейм, сүйүү кайра келерине.
Атамдын басып өткөн жолу күйүт,
Күйүттү калтырыптыр мага үйүп.
Жүрөгүм жарылабы бул тартуудан,
Баарысын угуп-укпай катып жүрүп.
Кош сүйүүм, кош сүйгөнүм мен арманда,
Таарынам тагдырыма мен түбөлүк.

Түгөйсүз калган Ак куу дарыяны сүзүп, дайынсыз көздөн кайып болот.

(К ө ш ө г ө)

# Мазмуну

**Кыбыла** (*роман*) ........ 3

I. Арбактар........ 3

II. ...Көр... ........ 55

III. Түйүлдүк ........ 103

IV. ...Кан... ........ 157

V. Кара дама ........ 192

VI. Психика ........ 254

**Сүйүү жана ый** (*драма*) ........ 301

Редактор: Ж.Сыдыкова
Дизайнерлер: Р.Лазарев, Е.Мутешева
Терген: З.Ахунова

Басууга 10.07.2017-ж. кол коюлду.
Офсеттик кагаз
Форматы: 60x84, 1/16
Көлөмү: 22,5 басма табак
Нускасы: 3000 даана

ЖКЧ "HEADWAY-PRINT" басмакана
Бишкек шаары,
Ю. Абдрахманов көчөсү, 208



Күндөгүң күндө болбой, күндө күрөш, жалган менен чын алпурушуп өмүр менен өлүм күндө кармашып келет. Бүгүн көргөнүң эртең жок, эртең эмне болот? Өңүндө көр кыз, түшүндө көрөт, Пенде жаралып пендечилик кылат. Жолуң кенен болгону менен жолдуу болсоң, жолдуусуң, төрт тарабың кыбыла деп айтканы менен кыбыла бир тарапта…

9 789967 472808